Г. Ш. АБДРАЗАКОВА

# КЫРГЫЗ ЭТНОМАДАНИЯТЫНДАГЫ ТИЛДИК ДҮЙНӨ ТААНЫМДЫК КОНЦЕПТТЕР

1925 2025 ЖЖЫЛ
ЖҮСҮП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ ФИЛОЛОГИЯСЫ ФАКУЛЬТЕТИ**

**КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИ КАФЕДРАСЫ**

**Г. Ш. АБДРАЗАКОВА**

# КЫРГЫЗ ЭТНОМАДАНИЯТЫНДАГЫ ТИЛДИК ДҮЙНӨ ТААНЫМДЫК КОНЦЕПТТЕР

**БИШКЕК – 2025**

**УДК 80/81**
**ББК 81**
**А 13**

Басмага Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Илимий-техникалык кеңешинин жана КУУнун 100 жылдык мааракесине карата китеп чыгаруу боюнча комиссиянын чечими менен сунушталды.

**Жооптуу редактор**: КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы КУУнун кыргыз тил илими кафедрасынын профессору **Т. С. Маразыков**

**Рецензенттер**: Филология илимдеринин доктору, «Ала-Тоо» Эл аралык университетинин лингвистика, котормо жана котормо таануу кафедрасынын профессору **Д. О. Кенжебаев**

Филология илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы КУУнун Кыргыз-кытай институтунун кытай тили жана адабияты билим берүү программасынын профессору **Б. Б. Нарынбаева**

**Абдразакова, Г. Ш.**

А13 Кыргыз этномаданиятындагы тилдик дүйнө таанымдык концепттер. – Б.: 2025. – 256 б.

ISBN 978-9967-32-573-9

Монографияда дүйнөнүн тилдик сүрөтүн изилдөөнүн теориялык жана методологиялык маселелери, концептологиянын изилдениш булактары жана концепт дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн бирдиги катары факты-материалдардын негизинде иликтөөгө алынды. Концептти талдоонун ык-амалдарына таянуу менен, кыргыз этномаданиятындагы негизги концепттер тилдик дүйнө таанымдык өңүттө талдоодон өттү.

Эмгек илимий кызматкерлерге, жогорку окуу жайларынын окутуучуларына, докторанттарга, аспиранттарга, магистранттарга, студенттерге жана тил илимине кызыккан жалпы эле окурмандарга арналат.

**УДК 80/81**
**ББК 81**
**ISBN 978-9967-32-573-9**

© Г. Ш. Абдразакова, 2025

# КИРИШҮҮ

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили – кыргыз тилинин улуттун материалдык жана руханий баалуулуктарын мурас катары сактап келген жана кийинки муундарга өткөрүүчү бай казына катары ордун, мамлекетти ар тараптан өнүктүрүү программаларында өзгөчө мааниге ээ маданияттын «уюткусу» экендигин аныктоо урунттуу маселелердин бири катары каралууда. Бул жагдай жалпы жана жеке тил илимдеринде адам таануунун негизги механизмдерин иликтөө жана маданиятты таануу, сактоо, өнүктүрүү ишмердигинде учурда тилдин өзгөчө кызматын аныктоо процесси уланып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Ушундай шартта тил статикалык мүнөзгө ээ система-структуралык бүтүндүк жана динамикалык мүнөзгө ээ маалымат алмашуунун каражаты гана эмес, дүйнө таанымдын, маданият таануунун негизги куралы, белгилүү бир улуттун маданий коду катары түшүндүрүлүшүн изилдөөгө басым жасала баштады.

Тил илиминдеги мындай ишмердикте салттуу система-структуралык парадигманын негизине таянып, аны менен өз ара карым-катыш түзүп турган антропоборбордук парадигма өзгөчө орун ээледи. «Тилдеги адам жана адамдын тили» концепциясына ылайык тилди изилдөөнүн борборунда адам туруп, анын дүйнө таанымын, дүйнөгө болгон көз карашын, билимдерин чагылдырууда тилдик бирдиктердин негизги курал катары аткарган кызматын системалуу изилдөө көңүл чордонунда болууга тийиш. Ушул жагдайларга ылайык, дүйнөнүн тилдик сүрөтү, анын статусу жана табиятына тиешелүү проблемалардын, концепт, концептуалдык талдоо жүргүзүү сыяктуу маселелердин илимий-теориялык, практикалык жактан изилдөөгө алынышы учурда актуалдуу маселе катары каралат.

«Дүйнө сүрөтү» түшүнүгү когнитивдик лингвистика жана лингвокультурология илимдеринин теориялык, базалык түшүнүк-категориясы болуп эсептелип, дүйнө таанымдын өзөгүн түзөт. Дүйнө сүрөтүнөн сыртқары адам дүйнө түзүлүшүндөгү өз ордун аңдап билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албайт. Ал эми реалдуу көрүнүштөрдү тилдин түрдүү каражаттарынын жардамы менен системалуу жана бир бүтүндүктө чагылдыруу тартиби дүйнөнүн тилдик сүрөтү аркылуу ишке ашырылат. Ошондуктан бул багыттагы маселелер топтолуп, такталып жазылган илимий эмгектер терең жана ар тараптуу талдоодон өтүшү зарыл. Натыйжада, дүйнөнүн тилдик сүрөтүн терең түшүнүүгө, ал туюндурган негизги концепттерди

кенен изилдөөгө жана алардын семантикалык маңызын ачып берүүгө теориялык жана методологиялык жактан чоң мүмкүнчүлүк жаралат. Ушул жагдайдан улам алгач кыргыз этномаданиятындагы тилдик дүйнө таанымдык концепттерди изилдөөнүн негизги теориялык маселелери катары дүйнөнүн тилдик сүрөтү жана концепт түшүнүктөрүнө кеңири токтолдук. Анткени аларды өздөштүрүү тилдик дүйнө таанымдык концепттерди изилдөө үчүн негизги шарт болуп саналат. Аталган маселелерди иликтебей туруп, кыргыз этномаданиятындагы концепттерди изилдөө жана анализге алуу мүмкүн эмес.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү жана концепттерди изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин жетекчиликке алуу менен, негизги концепттерди лексема, синтаксемалар, фразеологиялык, паремиологиялык бирдиктер аркылуу талдоо кыргыздардын улуттук мүнөзүн, дүйнөнү көрүү өзгөчөлүктөрүн, материалдык жана рухий маданиятынын баалуулуктарын көрсөтөрүн ачык баамдоого болот. Натыйжада, кыргыздардын тарыхый-этникалык маданияты, жашоо тажрыйбаларынын өзгөчөлүктөрү, салт-санаа, үрп-адаттарынын тил аркылуу чагылдырылышын аныктап чыгуу үчүн негизги концепттерди изилдеп, талдоо кыргыз тил илиминдеги актуалдуу маселе болуп эсептелет.

Эмгекте объективдүү реалдуулуктагы негизги категориялар (суу, тоо, жер) жана социалдык, маданий баалуулуктарга тиешелүү негизги предметтик түшүнүктөр (үй, тамак-аш, кийим) алгачкы жолу дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө негизги концепт, маданий код катары кыргыз тилиндеги лексемалык, синтаксемалык, фразеологиялык, паремиялык бирдиктер, көркөм тексттен алынган материалдар аркылуу лексика-семантикалык, лингвокогнитивдик, лингвокультурологиялык аспектилерде илимий талдоодон өттү.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү **«Суу» концептин** туруктуу тилдик каражаттар аркылуу талдоо кыргыздардын дүйнө таанымын, дүйнөгө болгон көз карашынын бөтөнчөлүктөрүн, менталдык белгилерин, дүйнөнү кабылдоо өзгөчөлүктөрүн жана билимдерин көрсөтүп турат.

**Тоо** – дүйнө таанымда, ойломдо, дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө кеңири орун алган терең маани-мазмунга ээ **концепт.** Ошондуктан тоо жана анын бөлүктөрү тилдик туруктуу бирдиктерде, ошондой эле көркөм тексттерде тилдик символ жана тилдик метафора катары кеңири колдонулат.

**«Жер» концептинде** материалдуу дүйнөнүн түрдүү көрүнүштөрү чагылдырылат. Жер – мекенди, туулган жерди, эмгекти кубанычты, кайгыны, бакытты, сүйүүнү, бийликти, баалоонун, кен байлыкты, суунну, өмүрдү, өлүмдү мазмундаштыруунун тилдик символу. «Жер» концепти катышкан мазмундуу маалыматтарды уюштурган туруктуу тилдик каражаттарды концептуалдуу талдоо учурдун актуалдуу маселеси болуп эсептелет.

Боз үйдүн түзүлүш принциби кыргыз элинин дүйнөгө болгон тилдик сүрөтүн кенен камтыйт. **«Боз үй» концепти** түздөн-түз аткарган функциясынан сырткары тилдик туруктуу каражаттар аркылуу кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашын, менталдык белгилерин, жашоо образын, салт-санаасын, үрп-адатын кошо чагылдыруу милдетин алып жүрөт жана кыргыздардын бүгүнкү күндөгү таалим-тарбия, адеп-ахлак сыяктуу руханий баалуулуктарын сактап, жайылтууда белгилүү деңгээлде салым кошот.

**«Тамак-аш» концептин** туюндурган номинативдик жана коннотативдик мааниге ээ тилдик каражаттар улуттук, маданий салт-санааны, жөрөлгөлөрдү, ырым-жырымдарды, этика-эстетикалык баалуулуктарды чагылдырган негизги ойлорго бай жана алардын терең маанисинде улуттук аң-сезимде калыптанган жүрүм-турум эрежелери, руханий баалуулуктар, адеп-ахлактын ар түрдүү формалары камтылган.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө **«Кийим» концепти** дүйнө кабылдоонун өзгөчө моделин, географиялык, климаттык, тарыхый, диний шарттарга байланыштуу жүрүм-турум мамилелерин чагылдырган тилдик маалыматтардын концептуалдуу мазмунунан турат.

Эмгекте кыргыз этномаданиятындагы негизги концепттерди изилдөөнүн теориялык, методологиялык маселелерин дагы тереңдетип кароо зарылдыгы бар. Ошондуктан аларга сереп жүргүзүү, тыянык жасоо жана таянуу менен, негизги концепттердин ар бирин өз алдынча кеңири масштабда изилдөө, талдоо келечектин иши деп эсептейбиз.

# 1-БАП.
# ДҮЙНӨНҮН ТИЛДИК СҮРӨТҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1.1. Дүйнөнүн тилдик сүрөтү

Тил – коомдук кубулуш катары адамдардын баарлашуусун, маалымат алмашуусун, ой-жүгүртүүсүн камсыз кылган эң маанилүү каражат, белгилердин системасы. Ал аркылуу социомаданий маалыматтар сакталып, муундан-муунга өткөрүлүп берилет, адамдардын жүрүм-туруму жөнгө салынат. Тил – ошол тилде сүйлөөчүлөрдүн аң-сезимининин, маданиятынын, үрп-адаттарынын, каада-салттарынын мазмунун объективдештирүүчү негизги фактор. Ошондуктан «тил – предметтерди, белгилерди, иш аракеттерди ошондой эле субъектилердин ортосундагы өз ара мамилелерди, карым-катнаштарды аныктаган коддордун татаал системасы» [190, 30-б.].

Швейцариялык тилчи, окумуштуу Фердинанд де Соссюр тил реалдуулугун карама-каршы жактардын, башкача айтканда, белги менен маанинин, тил менен кептин, социалдуулук менен жекеликтин бирдиги, жалпылыгы катары мүнөздөгөн [178, 329-б.]. Тилдин табиятындагы аталган эки жактын биримдиги же анын структурасынын эки катмарлуулугу анын предметтүүлүгүн көрсөтөт. Сөздүк белгилер предметти аныктайт жана аны ой менен жабдыйт.

«Дүйнөнүн тилдик сүрөтү» түшүнүгү адамдын өзгөчөлүгүн жана анын болмушун, дүйнө менен болгон мамилесин, дүйнөдө жашоосунун негизги шарттарын туюндурган фундаменталдык түшүнүк болуп саналат. Е.С.Кубрякованын пикирине ылайык, дүйнөнүн тилдик сүрөтү – бул «дүйнөнү таанып билүүгө дайыма катышкан жана кабыл алынган нерселердин түшүндүрүү үлгүлөрүн бере турган өзгөчө түзүлүш. Ал биздин дүйнө кабылдообузга, ага берген баабызга ар кандай эле кырдаалдар менен окуяларды тилдик жана тажрыйбалык каражат аркылуу көрө турган, тажрыйбаны бөлүштүрүүгө катышкан, ошондой эле номинациялардын көптөгөн бөлүгүн эле камтыбастан, тилди өздөштүрүүгө ээ болуу менен биргеликте, белгилүү деңгээлде алардын түзүлүү жана кызмат аткаруу эрежелерин да өз ичине камтыган, өзгөчө типтеги сүрөт болуп саналат» [145, 47-б.].

Белгилүү болгондой, дүйнө образы адамдын бүтүндөй эле турмуш ишмердигине байланыштуу калыптанат жана бул процесске анын пси-

хикалык ишмердигинин бардык жактары катышат. В.И.Постовалова белгилегендей, «адам дүйнөнү туят, аңдайт, таанып билет, түшүнөт, ойломдон өткөрөт, интерпретациялайт, аны чагылдырат, ага аралашат, өзү үчүн «мүмкүн болгон дүйнөнү» элестетет» [239, 20-б.]. Мына ушунун өзү, дүйнө образы дүйнө туюм, дүйнө сезим, дүйнө кабылдоо, дүйнө көрүү, дүйнө түшүнүү, дүйнө элес, дүйнөгө баа берүү сыяктуу дүйнөнү түшүндүрүүнүн ар кандай актыларында жараларын жана дүйнөнү бүтүн, дайыма кыймылдагы нерсе катары кароо актысында дүйнө образы түзүлөрүн билгизет.

Жогоруда белгиленгендей, «дүйнөнүн тилдик сүрөтү» үчүн физика, философия, методология өңдүү илимдердин мейкиндигине таандык болгон «дүйнө сүрөтү» түшүнүгү фундаменталдык мааниге ээ. Мында бүтүндөй эле дүйнө жана анын айрым бөлүктөрү тууралуу түрдүү маалыматтар топтолгон. Дүйнө сүрөтү – объективдүү чындыктын адам тарабынан түзүлгөн субъективдүү образы.

Дүйнө сүрөтү илимдерге таандык ар түркүн каражаттар аркылуу туюнтулушу мүмкүн, алардын ичинен тил өзгөчө орунду ээлейт. Тилдин жардамы менен адам дүйнөнү, коомду жана өзүн өзү түшүнөт, моделдештирет. Тил – маалымат алуу, топтоо жана жалпылоонун үнөмдүү каражаты. Сөздө “коллективдүү эс-тутумду” сактоо жана өткөрүп берүү механизми камтылган. Сөздүн семантикалык түзүлүшүндө гана тигил же бул элдин турмуштук баалуулуктары, ой калчоо ыкмалары, дүйнө түшүнүү өзгөчөлүктөрү тууралуу өтө терең маалыматтар камтылат. Ушул багытта изилдөө ишин жүргүзгөн З.К.Дербишеванын көз карашына ылайык, дүйнөнүн тилдик сүрөтү - бул лингвистикалык каражаттар аркылуу түзүлгөн дүйнөнүн образы [83, 28-б.].

Дүйнөнүн жалпы сүрөтүн тилдин жардамы менен элестетүүнү вербалдык же дүйнөнүн тилдик сүрөтү деп аташат. Мында курчап турган чөйрө тууралуу маалымат бере ала турган, ар кандай тилдик каражаттардын жардамы менен туюнтулган, белгилүү бир тартиптеги белгилердин социалдык маанидеги модели түшүндүрүлөт.

А.И.Геляеванын пикирине ылайык, түшүнүктүк жана лингвистикалык планда дүйнөнүн тилдик сүрөтү универсалдуу мааниге ээ. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн универсалдуулугу анын субъектиси адам болгондугу менен шартталган. Адам чыныгы көрүнүштөрдү кабыл алууда предметтерди, кубулуштарды, түшүнүктөрдү тил аркылуу белгилөөнү гана эмес, ошондой эле ага болгон өзүнүн мамилесин билгизүүнү да

өзүнүн милдети катары кабыл алат. Ал эми дүйнөнүн тилдик сүрөтү өзгөчөлөнгөн касиеттер менен мүнөздөлөт. Автор акыйкат белгилегендей, бул факты анын субъектиси адам болгондугу менен жана ошол адам өзгөчө дүйнө таанымга ээ болгон белгилүү бир этномаданий жалпылыктын өкүлү экендиги менен аныкталат [72, 47-б.].

Көпчүлүк окумуштуулар дүйнөнүн концептуалдык моделин жана дүйнөнүн тилдик моделин бөлүп карашат.

Ар бир элдин дүйнө таанымы өзгөчө жана кайталангыс дүйнө сүрөтүнүн негизинде калыптанат. Ар бир цивилизация, социалдык система өзүнүн өзгөчө дүйнө кабылдоо ыкмасы менен мүнөздөлөт. Бул болсо ар кандай эле цивилизациялуу коомдун менталдуулугу кандайдыр бир деңгээлде ошол коомдун мүчөлөрүнүн дүйнө көрүү жана дүйнө түшүнүү элестери берилген дүйнө сүрөтү менен шартталарын билгизет.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү тилди алып жүрүүчүлөрдүн демейки аң-сезими тарабынан чагылган жана тилдик категориялар аркылуу кыйыр түрдө берилген, тактап айтканда, тил аркылуу дүйнөнү көргөн дүйнөнүн өзгөчө образын билгизет.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн компоненттери болуп чагылдыруу субъектиси, чагылдыруу объектиси жана чагылдыруунун жыйынтыгы эсептелет. Дүйнө сүрөтүн кароонун чечүүчү критерийи – бул адам фактору. Ушундан улам чагылдыруу субъектиси катары адам (жекелик дүйнө сүрөтү), адамдардын тобу (социалдык жана территориялык чектелген дүйнө сүрөтү) жана бүтүндөй бир коом (улуттук дүйнө сүрөтү) эсептелет. Чагылдыруу объектиси – түрдүү образдарды алып жүргөн реалдуу дүйнө. Ал эми чагылдыруу жыйынтыгы – бул чагылдыруу объектиси жөнүндө билимдерди сунуштаган белгилүү бир дүйнө сүрөтү. Аталган билимдер субъектинин дүйнөнү таанып-билүү ишмердигинин процессинде жаралат. Алар адамдын аң-сезимине түшүнүк, образ жана билдирүү актысы түрүндө берилет. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн калыптанышында кабыл алуу, сезүүдөн баштап, ойлоо жана өзүн өзү таанууга чейинки адамдын психологиялык ишмердигинин бүткүл жактары катышат. Бул болсо адам өзүнүн аң-сезиминде дүйнө образын калыптандырууда, курчап турган көрүнүштөрдү түшүнүп кабыл алууда, ириде, өзүнүн сезимине басым жасаш керектигин кабарлайт. Анткени адамдын аң-сезими объект жөнүндө билимди гана эмес, ошондой эле анын эмоционалдык абалын да таанып билет.

Дүйнөнүн физикалык, химиялык ж.б. түрдүү сүрөттөрү бар. Бирок дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө дүйнө толугураак туюндурулат. Анткени дүйнөнүн тилдик сүрөтү адам ишмердигинин бардык чөйрөсүн жана маданий, тарыхый өнүгүүгө ээ болгон коомдун бүткүл көрүнүштөрүн өзүнө камтый алат.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү динамикалуу түзүмдүк мүнөзгө ээ. Ошондуктан бардык муундардын ишмердигинин жыйынтыгы катары саналат жана алар үчүн дүйнө таанымдын тажрыйбасын өткөрүп берүү кызматын аткарат. Адам аркылуу ишке ашкан дүйнө тааным маселелери, бири-бири менен тыгыз байланыштагы реалдуу көрүнүштөрдүн ачык жана түз чагылышы тилдин лексикасында айкын көрүнөт. Бул процесс элдин рухий жана физикалык жашоосунун вербалдашкан тажрыйбасын топтогон жана сактаган тилдин кумулятивдүү функциясына негизделген. Ал тилдин дүйнө тааным функциясы менен бирдикте ишке ашат.

Окумуштуу Р.Ф.Замалетдинов дүйнөнүн тилдик сүрөтүнө кайрылуу менен мындайча жыйынтыкка келет: «Дүйнөнүн тилдик сүрөтү» - объективдүү чындык жөнүндөгү билимдерди ыраттуулукка салуунун бир жолу. Адамдын өмүр бою чогулткан дүйнө жөнүндөгү билими анын аң-сезиминде дүйнө сүрөтү катары жашайт. Дүйнө сүрөтү адамдын реалдуулукка болгон мамилесин аныктайт жана жүрүм-турум эрежелерине, баалуулуктардын системасынын келип чыгышына, жашоо ишмердигинин стратегиясына, адамдык субъективдүүлүктү сезе билүү жөндөмдүүлүгүнө таасир берет» [95, 15-б.].

Б.А.Серебренниковдун пикирине ылайык, дүйнө сүрөтү – бул адамдардын интеграциясынын өзөгү, жашоо ишмердигинин түрдүү чөйрөлөрүнүн гармонизацияланышы, алардын өз ара карым-катышы. Дүйнө сүрөтү чындыктын толук образы катары адамдын дүйнө кабылдоосунун жана дүйнө элестөөсүнүн бардык актыларын кыйыр түрдө чагылдырат. Ал дүйнөдөгү объективдүү локалдык кырдаалдарды түшүнүүгө, анын субъективдүү образдарын түзүүнү ишке ашырууга жардам берүү менен, дүйнө түшүнүүнүн бардык эле актыларынын негизинде жаралат [261, 25-б.]. Ошону менен катар эле автор дүйнөнүн тилдик сүрөтү эки функцияны аткарарын белгилейт: 1) дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнүн негизги элементтерин белгилөө; 2) дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүн тилдик каражаттардын негизинде кайрадан көрсөтүү (экспликациялоо). Ал оюн мындайча улайт: «Көптөгөн лингвисттер менен философтордун тил чындыкты түздөн-түз чагылдырат

деген ырастоолору негизсиз, тил чындыкты чагылдырбайт, аны белгилердин ыкмалары аркылуу элестетет» [261, 6-б.].

Академик Л.В.Щербанын чындыкты ар кандай тилдер аркылуу интерпретациялоонун бири-бирине шайкеш келбөөчүлүк мүнөзү тууралуу ою азыркы лингвистикадагы дүйнөнүн тилдик сүрөтүн окуп-үйрөнүүдө негизги жобо болуп калды. Окумуштуу адамга түздөн-түз тажрыйба аркылуу берилген дүйнө «бардык жерде өзгөрүлбөстөн, түрдүү тилдерде ар кандай кабыл алынат, ал гана эмес белгилүү бир маданий жалпылыкка ээ элдердин тилдеринде да түрдүүчө түшүндүрүлөт. Ошондой эле бир эле предметти туюнткан эң жөнөкөй сөздөр да ар кандай тилге таандык болгону үчүн, ар түрдүү болот» [309, 269-б.]. Ошол себептүү, анын пикири боюнча, ар кандай эле тилдеги сөз – түшүнүктөрдү башка тилдеги сөз – түшүнүктөр менен өлчөөгө болбойт [309]. Тилдик каражаттар аркылуу туюнтулган түшүнүктөрдүн мындай шайкеш келбестиги жөнүндөгү ой ар түрдүү тилдик системалар үчүн бирдей өлчөмдө тиешелүү.

Бул жерде дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн маңызы тууралуу көптөгөн чачкын ойлордун ичинен, дүйнөнү тилдик жактан бөлүштүрүү ар кандай элдерде бири-биринен айырмаланып турары жөнүндө ойду белгилеп көрсөтүүгө туура келет. Адам курчап турган чөйрөнү кандай өздөштүрсө, тилди да ошондой эле өздөштүрөт: мында дүйнөнүн логикалык (түшүнүктүк) сүрөтү менен катар эле, ага окшошпогон, бирок ага карама – каршы да келбеген дүйнөнүн тилдик сүрөтү жаралат.

«Дүйнө сүрөтү» жана «дүйнөнүн тилдик сүрөтү» деген түшүнүктөрдүн чегин ажыратууга Э. Сепир жана Б. Уорф зор салым кошушкан. Бул тууралуу Э. Сепир мындай дейт: «Азыркы лингвистке өзүнүн салттуу предмети менен чектелүүгө кыйын болуп баратат... ал лингвистиканы антропология жана маданияттын тарыхы менен, социология, психология, философия менен жана келечекте физиология, физика менен байланыштырган өз ара аракеттеги кызыкчылыктарды бөлүшпөй коё албайт» [260, 260 – 261-б.].

Окумуштуулар тарабынан «дүйнөнүн тилдик сүрөтү» деп курчап турган чөйрө тууралуу маалыматтарды өзүнө камтыган, ар кандай эле тилдик каражаттардын негизинде туюндурулган, белгилердин ыраат-туулукка ээ болгон социалдык маанидеги модели түшүндүрүлөт. Тилди дүйнө сүрөтүнүн элесин берүүчү катары көрсөтүүдө, анын калыптануусунда экстралингвистикалык факторлор, эң башкы болбосо да, негизги ролду ойнойт [299, 10-б.].

Е.М.Верещагиндин пикири боюнча, «дүйнөнүн тилдик сүрөтү» бул – «бизди курчап турган дүйнө жөнүндө кошумча маалыматтарды камтыган реалдуу предметтердин жана мамилелердин тилдик образдары, вербалдык көз караштардын четки бөлүкчөлөрү. Анткени алар маалыматтардын образдуулугунун күчтүүлүгүнө байланыштуу таанып билүүчү субъектинин аң-сезимине терең из калтырат» [63, 168-б.].

Дүйнө сүрөтүнүн ар түрдүүлүгү тууралуу идея салыштырмалуу түрдө жакынкы арадан бери айтыла баштаса, ал эми өзгөчө тилдик дүйнө кабыл алуу тууралуу ой илимий-философиялык проблема катары В. Гумбольдт тарабынан XIX кылымдын башында түптөлгөн. В. Гумбольдт бул тууралуу мындайча жазат: «Тил – ойду түзүүчү орган, ошондуктан тил адамдын инсан катары калыптанышында анын билиминдеги түшүнүктөрдүн пайда болушунда, ага өзүнө чейинки муундардын тажрыйбаларынын мурасталышында чечүүчү роль ойнойт» [73, 78-б.].

В. Гумбольдттун концепциясынын негизги жоболору төмөнкүлөргө шайкеш келет: 1) тилде материалдык жана рухий маданият чагылат; 2) тилде белгилүү бир маданияттын улуттук мүнөзү дүйнөнү көрүүнүн өзгөчө каражаттары аркылуу туюнтулат; 3) тилге ар бир элге таандык өзгөчөлөнгөн ички форма тиешелүү, ал элдин маданиятынын туюнтулушу болуп саналат; 4) тил адам менен аны курчап турган дүйнөнүн ортосундагы байланыштыруучу көпүрө болуп эсептелет [74, 74-84-б.].

В. Гумбольдттун идеяларын улантуучулар болуп неогумбольдтчулар – Л.Вайсгербер, америкалык этнолингвисттер (Сепир–Уорфтун лингвистикалык салыштырмалуулук гипотезасы), А.А.Потебня ж.б. саналышат.

«Дүйнө сүрөтү» терминин Л. Вейсгербер өзүнүн «Эне тили жана рухтун калыптанышы» деп аталган программалык монографиясында колдонгон. Эмгекте ал адамдагы бирдиктүү дүйнө сүрөтүнүн калыптануусуна карата болгон тилдин жандандыруучу ролун көрсөтөт. Л. Вайсгербер мындайча жазат: «Тил адамга бардык тажрыйбаны бирдиктүү дүйнөгө айландырууга жол ачат жана аны буга чейин тилди кантип билгенин, курчап турган дүйнөнү кантип кабыл алганын унутууга аргасыз кылат» [61, 51-б.].

Окумуштуу андан ары конкреттүү жамааттын тилинде конкреттүү тилдин дүйнө сүрөтү деп атоого боло турган руханий мазмундагы билимдердин бермети жатарын белгилейт. Ошондой эле анын пикирине ылайык конкреттүү дүйнөнүн тилдик сүрөтү үчүн жаратылыш эң маанилүү негиз болуп саналат: жер кыртышы, географиялык шарттар, так-

тап айтканда, климат, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө карата ар бир тилде, аны жараткан элдердин дүйнөгө болгон өзгөчө көз карашы берилет [61].

Е.Кассирер илимий аң-сезимге карата болгон тилдин үстөмдүгүн моюнга алат. Автордун пикири боюнча, ар бир теориялык таанып билүүнүн башаты болуп тил аркылуу түзүлгөн дүйнө эсептелет: табият таануучу, тарыхчы, ал эле эмес философ да предметтерди алгач тил кандай тартууласа, так ошондой кабыл алат [126].

Лингвистикалык салыштырмалуулук гипотезасында каралып жаткан проблеманын төмөнкүдөй аспектилери бөлүнүп көрсөтүлөт: 1) тил ошол тилде сүйлөгөн элдин ой жүгүртүү ыкмасын шарттайт; 2) реалдуу дүйнөнү таанып билүү ыкмасы таанып билүүчү субъект кайсыл тилде ой жүгүрткөнүнө жараша болот. Мына ушуга байланыштуу Уорф адам табиятты эне тилине таянуу менен ажыратат дейт. Дүйнө кубулуштары бизге белгилүү болгону үчүн эмес, тескерисинче, дүйнө элестөөлөрдүн клейдоскоптук агымы катары биздин аң-сезимибизге кабыл алуу үчүн аларды тигил же бул категорияларга же типтерге бөлүштүрөбүз. Бул, негизинен, биздин аң-сезимибизде сакталган тилдик система аркылуу ишке ашат [290, 174-б.].

Белгилүү болгондой, дүйнөлүк лингвистикада объективдүү дүйнөгө көз каранды болгон, тилдик жактан ойлонулган дүйнөнүн экинчилик мүнөзүнө байланыштуу эки мамиле бар. Тил гана ошол тилде сүйлөгөндөрдүн дүйнө таанымын толук түрдө аныктайт жана дүйнө тааным тилге көз каранды эмес деген эки карама-каршы көз караш жашайт. Мындай карама-каршылык бир топ жалпыланган мүнөзгө ээ жана ал иш жүзүндө дүйнөнүн тилдик сүрөтү деген түшүнүктүн онтологиялык статусун аныктайт. «Объективдүү» мамиленин жактоочулары (маселен, Г.В.Колшанский) тил дүйнөнү тааныбайт, ошол себептүү эч кандай дүйнө сүрөтүн түзбөйт деп бекемдешет. «Субъективдүү» мамиленин өкүлдөрүнүн көз карашына ылайык, дүйнө сүрөтү – объективдүү чындыктын адам тарабынан түзүлгөн субъективдүү образы. Объективдүүлүккө умтулуучу субъективдүү мамиле илимий аң-сезим чагылдырган дүйнөнүн илимий сүрөтүндө болот. Азыркы лингвистикада В.Гумбольдт, Бенвенист, Боас, Сепир, Уорф тарабынан түзүлгөн субъективдүү жана антропоцентристтик салттын улантуучулары болуп, А.Вежбицкая, Ю.С.Степанов, С.Е.Никитина, В.А.Маслова ж. б. эсептелет.

Тилдин субъективдүүлүгүн адамзат табиятынан чыгуу менен иликтөө керек. Тил адамдын ой калчоочулук маңызынын атрибуту болуп саналат. Адамзат – глобалдуу, ошол себептүү, өз системасында жана структурасында адамдык дүйнө өздөштүрүүнүн, анын практикалык ишкердигинин, социалдык жана табигый шарттардын бардык өзгөчөлүктөрүн өз ичине камтыйт. Ошол эле убакта адамзат уруулардын, элдердин, улуттардын жашоо өзгөчөлүктөрүн, кетирген каталыктарын, адашууларын, фантазиясын, улуттук өз алдынчалыгын, таанып билүүлөрүнүн чектелүүлүгүн ж.б. туюнтат. Тил объективдүү жана субъективдүү, ал өз маңызы боюнча дүйнөгө жана адамга багытталган эки жактуу субстанция болуп саналат (тил – субъект, тил – объект).

Тил адамдын аң-сезиминен бөлүнүп турган дүйнөнү түзө албайт, анткени ал өзү объективдүү дүйнөнү чагылдыруучу форма катары адамдын дүйнөсүн туюнтат. Мына ушунун өзүндө, тилдин субъективдүүлүгү жатат.

Ал гана эмес, тилдин бардык эле категориялары кандайдыр бир деңгээлде объективдүү мыйзам ченемдүүлүккө ээ. Бирок бул категориялардын өзгөчөлүктөрү, ар бир конкретүү тилде байкалат. Ошол себептүү тилди категориялардын системасы же түрмөгү катары эмес, жашоонун бардык эле чөйрөсүндө пикир алмашуу каражаты катары кароо керек.

Жыйынтыгында, тил адамга байланыштуу кубулуш болгондуктан, адамдан бөлүнүп турган дүйнөнү түзө албайт. Анткени адам гана өзүн жана курчап турган чөйрөнүн реалдуу жашоосун чагылдыра алат.

XX кылымдагы тилдик дүйнө таануу жана дүйнөнүн тилдик сүрөтү боюнча иликтөөлөрдүн чегин аныктаган лингвистикалык салыштырмалуулук гипотезасынындагы прогресске карабастан, учурдагы филология жаатындагы изилдөөлөрдө бул гипотеза ар кандайча түшүндүрүлүп, кээде толук түрдө кабыл алынса, айрым учурда жарым-жартылай кабыл алынып, кээде таптакыр эле четке кагылып келет. Б.Уорфтун тил аң-сезимге кысым көрсөтөт жана адамга өз тили тарабынан таңууланган дүйнө сүрөтүнүн чегинен чыгууга мүмкүндүк бербейт деген тезиси изилдөөчүлөр каршы чыккан негизги нерсе болуп эсептелет. Б.А.Серебренников Сепир-Уорфтун гипотезасын сынга алуу менен, дүйнөнүн тилдик сүрөтүн түзүүдө, тил кысым көрсөтүүчү күчкө ээ эмес деп өз оюн бекемдейт [261].

Дүйнө ойлом менен бирдикте түрдүү тилдер чагылдыруучу жападан жалгыз объект болуп саналат. Ушундан улам анын кубулуштары бардык эле элдерде, негизинен, бирдей кабыл алынат жана бирдей түшүнүлөт. Бул жагдай ар кандай эле тилдер, ошол тилде сүйлөгөндөрдүн аң-сезиминде ар түрдүү дүйнө сүрөтүн түзөт деп жыйынтык чыгарууга болбостугун билдирет. Алар болгону элдин улуттук маданияты жана жашоо образы, белгилүү бир ишкердиги аныктаган, предметтердин, кубулуштардын жана процесстердин маанилүүлүгү менен шартталган өзгөчөлөнгөн "боёкту" берет. Чынында эле, ар бир эл дүйнө түркүмүн «өзүнүкү» боюнча бөлүштүрөт жана дүйнөнүн мындай фрагменттерин «өзүлөрүнчө» атайт. «Конструкцияланган» дүйнө сүрөтү анда жеке, тайпалык, улуттук, вербалдык жана вербалдык эмес буга чейинки такталган тажрыйбалар камтылгандыгы менен айырмаланат. Неогумбольдтчулар тарабынан дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн улуттук өзгөчөлүгү узакка созулган тарыхый өнүгүүнүн натыйжасы эмес, башынан эле берилген тилдик касиет катары каралат. Алардын пикирине ылайык, адамдар тилдин жардамы менен курчап турган дүйнөдөн айырмаланып турган, өздөрүнүн өзгөчө дүйнөсүн түзөт. Сүйлөп жаткан адамдын дүйнө сүрөтү предметтер менен кубулуштардын объективдүү касиеттеринен кескин айырмаланып турат. Анткени ал объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы болуп саналат. Бирок дүйнөнүн бул субъективдүү сүрөтүн тил өзү түзбөйт, аны адам түзөт.

Маселени чечүүдө айрым бир так эместиктерге карабастан, Сепир – Уорфтун гипотезасы алгачкы жолу дүйнөгө болгон көз карштын тилден болгон көз карандылыгынын мүнөзүн жана деңгээлин аныктап, тил, ой жүгүртүү жана маданияттын өз ара карым-катыш жана байланыш маселесин илимий маселе катары көтөрүп, бул ыкманын рационалдык башаты илимий жактан негиздүү жана түшүнүктүү болуусу үчүн алардын ар бирин терең жана конкретүү иликтөөгө багытталган.

Дүйнө сүрөтү маселесине арналган көп сандагы илимий эмгектердин жазылышы бизди бул түшүнүктү ийне-жибине чейин талдоо милдетинен куткарат. Бирок мында негизги бир теориялык жобону бөлүп көрсөтүүгө туура келет: дүйнө сүрөтү адамдын дүйнө көрүүсүнүн, дүйнө таануусунун фундаменталдуу бөлүгү болуп саналат.

Тилдин өзгөчө күчүнө ылайык, ал тилде сүйлөгөндөрдүн аң-сезиминде, белгилүү бир дүйнөнүн тилдик сүрөтү жаралат. Ю. Д. Апресян дүйнөнүн тилдик сүрөтүн «карапайым» сүрөт деп атоо менен,

анын эмпирикалык мүнөзүн белгилейт. Айрым учурда бурмаланып калганына карабастан, дүйнөнүн тилдик сүрөтү реалдуулук тууралуу объективдүү билимди толуктайт. «Дүйнөнүн тилдик сүрөтү» - бул тилдеги бардык биргелешкен, концептуалдашкан маңыздардын берилиши» [28, 246-б.]. Ю.Д.Апресян дүйнөнүн тилдик (карапайым) сүрөтүн изилдөө эки багытта жүргүзүлүп жаткандыгын белгилейт: 1) тилге мүнөздүү болгон айрым бир концепттер б.а., лингвомаданий бирдиктер жана бирдиктердин тутуму изилденүүдө; 2) карапайымдыгына, илимге чейинкилигине карабастан, тилге таандык дүйнөгө болгон жалпы көз карашты иликтөө жана реконструкциялоо жүрүүдө. Экинчи мамилеге кызыккан окумуштуулардын тезис түрүндөгү негизги жоболору төмөнкүдөй жыйынтыкка алып келет: «Ар бир эле тил дүйнө кабылдоонун жана уюштуруунун (концептуалдаштыруунун) белгилүү бир ыкмасын чагылдырат. Тилде туюнтулган негизги маанилер белгилүү бир бирдиктүү көз караштардын системасына, ошол тилде сүйлөгөн адамдар үчүн милдеттүү түрдө аткаруусу зарыл болгон өзгөчөлөнгөн коллективдүү философияга байланыштуу жаралат» [28, 246-б.].

Тилге тиешелүү чындыкты концептуалдаштыруу ыкмасы (дүйнөгө болгон көз караш), бир жагынан, универсалдуу болсо, экинчи жагынан, улуттук өзгөчөлүктөргө ээ. Ошол себептүү ар кандай тилде сүйлөгөн адамдар өздөрүнүн тили аркылуу дүйнөнү ар түрдүүчө түшүнүүсү мүмкүн. Окумуштуу У.Ж.Камбаралиеванын көз карашына ылайык, «ар бир эл, ар бир социалдык система дүйнөнү кабыл алуунун өз алдынча жолуна ээ жана алардын менталитети жогорку бир даражада ошол коомдун мүчөлөрүнүн объективдүү барлыкты кабыл алуусу жана түшүнүүсү чагылдырылган дүйнө сүрөтү менен шартталган» [111, 53-б.].

Экинчи жагынан алганда, көп жагынан дүйнөнүн илимий сүрөтүнөн айырмаланып турган дүйнөнүн тилдик сүрөтү «карапайым» болуп саналат. Ошол эле учурда мындай «карапайым» кабыл алуулар примитивдүү деле эмес. Көпчүлүк учурда дүйнөнүн тилдик сүрөтү дүйнөнүн илимий сүрөтүнө салыштырмалуу кызыктуу да жана татаал да болот. Маселен, адамдын ички дүйнөсү тууралуу мажес түшүнүктөр эчен кылымдар бою, ондогон муундардын турмуштук тажрыйбасын чагылдырып турат. Алар аркылуу биздин азыркы жашообузда негизги таяныч болуп берүүгө жөндөмдүү карапайым дүйнө сүрөтүндөгү карапайым геометрияны, карапайым физиканы, мезгил жана мейкиндикти, карапа-

йым этиканы, карапайым психологияны ж.б. бөлүп көрсөтүүгө болот» [28, 38 – 39-б.].

А.М.Кузнецов тилде чагылдырылган дүйнөнүн “карапайым” сүрөтү жөнүндөгү тезисти комментариялоо аркылуу эки учурду белгилейт. Биринчиден, дүйнөнүн карапайым сүрөтү коомдун жана тилдин белгилүү бир өнүгүү этабында адамдардын курчап турган чыныгы көрүнүштөр жөнүндө көз караштарына төп келет. Бул жобо сөздөрдүн атайын колдонуу чөйрөсүнөн жалпы адабий тилге дайыма өтүп турушу менен тастыкталат. Экинчиден, биринчи жободон улам ал мындай тыянак чыгарат: азыркы мезгилдеги илимий билим дагы өзүнүн өнүгүүсүндө салыштырмалуулукка (карапайымдыкка) ээ. Билимдин бул түрү лексикада жана сөздүктө бекемделүү аркылуу тилге таандык болуп калат [147, 161-б.].

Тилдин ролу маалымат берүү менен эле чектелбестен, билдирүүгө тиешелүү нерселердин ички уюштурулушунан да байкалат. Учурда «маанилердин мейкини» (А.А. Леонтьевдин терминологиясы боюнча) деген түшүнүк, тактап айтканда, конкреттүү тилдик жалпылыктын улуттук–маданий тажрыйбасы, сөзсүз түрдө, камтылган дүйнө тууралуу билимдердин тил аркылуу туюнтулушу деген түшүнүк жаралууда. Бир тилде сүйлөгөн адамдардын дүйнөсү аркылуу, тактап айтканда, лексикада, фразеологияда, грамматикада камтылган дүйнө тууралуу билимдердин жыйындысы катары дүйнөнүн тилдик сүрөтү калыптанат [176].

О.А.Корниловдун оюна ылайык, дүйнө сүрөтү өзү менен бирге тилдик мазмундун такталган, системалаштырылган планын алып жүрүүсү керек. Ар бир эле улуттук тил: пикир алмашуучулук, (коммуникативдик), билдирүүчүлүк (информативдик), таасир этүүчүлүк (эмотивдик) жана бизге өтө маанилүү болуп эсептелген, билимдердин жыйындысын, дүйнө жөнүндө тил аркылуу жаралган көз караштарды өзүнө камтуучулук жана сактоочулук өңдүү бир канча функцияларды аткарат. Ушундан улам, универсалдуу, глобалдуу билим – тилде, эң алды, анын лексикалык жана фразеологиялык курамында берилген коллективдүү аң-сезимдин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп саналат [137, 64-б.].

Белгилүү бир маданияттын өкүлү болгон адамдардын дүйнө кабылдоосу чыгармачыл мүнөзгө ээ. В.И.Карасик белгилеп көрсөткөндөй, «дүйнө сүрөтү коллективдүү аң-сезимге чындыкты чагылдырган образдардын татаал системасын билдирет. Дүйнө сүрөтү жекелик мүнөзгө ээ болушу ыктымал. Маселен, Аристотелдин же Шекспирдин

дүйнө модели. Бирок дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө коллективдүү көз караш анын фундаменталдуу бөлүгү болуп калат» [122, 88-б.].

Б.А.Серебренниковдун жолун жолдогон В.А.Маслова мындайча акыйкат белгилейт: «Дүйнөнүн тилдик сүрөтү» термини – бул метафорадан ашып түшпөйт, анткени белгилүү улуттук топко кирген адамдардын уникалдуу коомдук-тарыхый тажрыйбасын өз ичине камтыган улуттук тилдин башкалардан ажыратып көрсөткөн өзгөчөлүктөрү, ошол тилде сүйлөгөндөр үчүн башка, кайталангыс, объективдүү жашаган дүйнөдөн айырмаланган дүйнө сүрөтүн түзбөйт. Болгону ага, улуттук мааниге ээ болгон нерселер, көрүнүштөр, процесстер менен шартталган өзгөчө боёк берет» [202, 50-б.].

Тил билимдерди топтоонун узак жолунун гана эмес, ошондой эле дүйнөнүн объективдүү мыйзам-ченемдерин таанып билүүдөгү чындыкты издөөнүн бардык эле ийгиликтүү жана ийгиликсиз аракеттеринин негизги күбөсү да болуп саналат. Тилде адамдын бүткүл тарыхында дүйнөнү өздөштүрүүсүнүн бардык жолдору камтылат. Тилде адам тарабынан курчап турган чөйрө тууралуу жеткиликтүү билимдер, эл жашаган аймактын табигый өзгөчөлүктөрү, анын коомдук уклады, турмуш тажрыйбасы, тарыхы ж. б. у. с. туюнтулат.

Жаңы предметтерди жана кубулуштарды атоо – бул конкреттүү материалдык турмуш шартына көз каранды болгон белгилүү бир предметтер тууралуу билимге ээ болуу максатында аларды тилдик тизмеге алуу. Ал табият кубулуштарынын, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын, аңчылык буюмдардын, адамдык мамилелердин ж.б. аталышы. Мунун өзү тигил же бул мезгилде, тигил же бул аймакта адам тарабынан өздөштүрүлгөн көп түрдүү чексиз кубулуштардын касиеттеринин толук сүрөтүн берүү, сүрөтүн түзүү болуп саналат.

Дүйнөнүн реалдуу сүрөтү – бул адамдан сырткары турган объективдүү реалдуулук, адамды курчап турган дүйнө. Дүйнөнүн маданий сүрөтү – бул сезүү органдарынын жардамы менен кабыл алынып, коллективдүү же жеке аң-сезим аркылуу адамдардын элестөөлөрүнүн негизинде калыптанган реалдуу дүйнөнүн түшүнүктөр түрүндө чагылуусу. Мына ушундан улам, дүйнөнүн тилдик сүрөтү реалдуулукту дүйнөнүн маданий сүрөтү аркылуу чагылдырат. Ушул жагдайдан алганда, дүйнөнүн тилдик сүрөтү менен дүйнөнүн маданий сүрөтү алар бири-бирине төп келишет деген тыянак чыгарсак болот.

Ошентип, дүйнөнүн маданий жана тилдик сүрөтү бири-бири менен тыгыз байланыштуу болот жана алар дүйнөнүн реалдуу сүрөтүнүн негизинде калыптанат. Дүйнөнүн тилдик сүрөтү дүйнөнүн маданий сүрөтү сыяктуу атайын сүрөттөрдөн мурда жаралып, алардын калыптануусуна негиз түзөт. Ушундан улам жалпы адамзаттык жана улуттук, коомдук–тарыхый тажрыйбаны өзү менен бирге алып жүргөн тил феномени аркылуу адам дүйнөнү жана өзүн өзү таанууга жөндөмдүү болот.

Эгерде «дүйнөнүн тилдик сүрөтүн» методологиялык жагдайдан алып карасак, дүйнө туюнтуунун чектик шарттуулугу байкалат. Дүйнө сүрөтү өзүнүн бир бөлүгү катары адамды камтыган объективдүү дүйнөнүн тилдик жактан туюнтулушу болуп саналат.

Россиялык философтор (Г.А.Брутян, Р.И.Павиленис) жана лингвисттер (Ю.Н.Караулов, Г.В.Колшанский, В.И.Постовалова, Н.Д.Арутюнова, Б.А.Серебренников, В.Н.Телия, Е. С. Кубрякова, В.А.Маслова ж.б.) дүйнөнүн тилдик сүрөтүн аны менен байланыштагы дүйнөнүн өз алдынча концептуалдык сүрөтүнө каршы коюшат. Дүйнөнүн тилдик жана концептуалдык сүрөтү ой жүгүртүүгө жана тилге ылайык келген ишмердүүлүктүн натыйжасын билгизет. Дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүн түзүүгө ойломдун ар кандай эле типтери (анын ичинде вербалдык эмес тиби да) катышат. Алар дүйнөнүн тилдик сүрөтүнө карата болгон үстөмдүк абалды камсыз кылат. Бул тууралуу Г.А.Брутян мындайча жазат: «Биздин аң-сезимибизде объективдүү реалдуулукту моделдештирүүнүн татаал процессинде концептуалдык (логикалык) жана сөздүк (тилдик) эки дүйнө сүрөтү аралашып кетет. Логикалык модель бардык адамдар үчүн өз алдынчалыкка ээ жана ал адамдар ойлонгон, пикир алмашкан тилден көз карандысыз болот. Тилдик модель тилден тилге оошуп турат» [57, 235-б.].

Концептуалдык система – бул адамдын аң-сезиминде маалыматтардын топтолушу жана алардын кайра иштелип чыгуусу. Ал тилдик бирдиктеги маанилик системага салыштырмалуу татаал болуп эсептелет. Дүйнөнүн концептуалдык жана тилдик сүрөтүнүн ортосунда бири-бирине дал келүүчүлүк жокко эсе. Бирок алар ич ара өтө терең жана тыгыз байланышта болушат.

А.А.Уфимцеванын пикирине ылайык, аң-сезимдин мазмундук негизин «концептуалдык системага» же «дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнө» топтолгон элестөө, образ, форма, түшүнүк жана концепттер түзөт [292].

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү өзү менен бирге тилдик каражаттар аркылуу бекемделген сырткы жана ички дүйнө тууралуу маалыматты

алып жүрөт. Алардын ичинен эң негизгиси болуп, сөздөрдө жана сөз айкаштарында белгиленген билимдер эсептелет. Ошол эле учурда, дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнүн өзөгүн түшүнүктөр аркылуу туюнтулган маалыматтар түзөт. Бул тууралуу Г.А.Брутян мындай дейт: “Бардык эле учурда дүйнөнүн сөздүк жана түшүнүктүк моделдери жөнүндө сөз кылуу жана аларды өз ара мамиледе кароо мыйзамдуу көрүнүш болуп саналат” [56, 56-б.].

Дүйнөнүн концептуалдык сүрөтү дүйнөнүн тилдик сүрөтүнө салыштырмалуу алда канча бай, кеңири жана көп түрдүү болот. Е.С.Кубрякованын оюна ылайык, дүйнө сүрөтү – бул адам дүйнөнү өзүнүн көз алдына кандай келтирсе, так ошондой. Ал дүйнөнүн тилдик сүрөтүнө салыштырмалуу татаал феномен [145].

Дүйнөнүн концептуалдык сүрөтү ар кандай элдерде, маселен, ар кандай доордун, социалдык, этникалык, куректык группалардын, илимий билимдердин ар кандай тармактарынын өкүлдөрүндө ар түрдүүчө болуусу мүмкүн. Ар кандай тилде сүйлөгөн адамдар, белгилүү бир шарттарда бири-бирине жакын дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнө, ал эми бир эле тилде сүйлөгөн адамдар дүйнөнүн ар түрдүү концептуалдык сүрөтүнө ээ болуусу ыктымал. Ошол себептүү дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүндө жалпы адамзаттык, улуттук жана инсандык белгилер бири-бири менен карым-катышта болот.

Реалдуу дүйнөнү чагылдырган дүйнө сүрөтү менен ошол чагылуунун тутуму (фиксациясы) катары көрүнгөн дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн ортосунда өтө татаал мамиле болот. Алардын ортосундагы чек диффузиялуу, ачык эместей көрүнөт. Адамдын дүйнөнү таанып билүүсү катачылыктан, адашуудан сырткары болбогондуктан, дүйнөнүн концептуалдык сүрөтү дайыма алмашып, кайра-кайра жаңыланып турат. Ушундан улам дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө мындай каталыктардын, адашуулардын изи көпкө дейре сакталат.

Дүйнөнүн концептуалдык жана тилдик сүрөтүнүн өз ара карым-катыш маселесин чечүү менен, лингвисттер тигил же бул концепттин кандайча калыптанарын тактоого аракет жасашат. Алар универсалдуу, чагылдырууда бардык эле когнитивдик процесстер үчүн бирдей болуп саналган, бир катар фундаменталдык, когнитивдик категорияларды (концептерди) өзгөчө белгилеп көрсөтүшөт. Мындай универсалдык категорияларга мейкиндик, мезгил, сан, достук ж. б. кошууга болот.

Конкреттүү адамдын жашоо процессинде дүйнөнүн тилдик сүрөтү дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнөн мурда пайда болот жана аны калыптандырат. Анткени адам дүйнөнү жана өзүн-өзү тил аркылуу түшүнүүгө жөндөмдүү. Тилде гана жалпы адамзаттык жана улуттук коомдук-тарыхый тажрыйба бекемделет. Бир жагынан, адамдардын жашоо шарттары, аларды курчап турган материалдык дүйнө алардын аң-сезимин жана жүрүм-турумун аныктайт жана булар тилде, баарынан мурда, семантикада жана грамматикалык формаларда чагылат. Экинчи жагынан, көпчүлүк учурда адам дүйнөнү ойломдун жана жүрүм-турумдун ыраттуулугун шарттаган эне тилдин формалары аркылуу кабыл алат.

М.В.Пименова белгилеп көрсөткөндөй, азыркы учурдагы лингвистикада дүйнөнүн тилдик сүрөтү деп салттуу түрдө тил аркылуу чагылган дүйнө тууралуу билимдердин жыйындысы, о.э., жаңы билимдерге ээ болуу жана аны интерпретациялоо ыкмалары түшүндүрүлөт. Мындай ыкмада тил белгилүү бир концептуалдык система жана дүйнө тууралуу билимдердин концептуалдык системасын түзүү каражаты катары каралат. Автордун тыянагына ылайык, «дүйнөнүн тилдик сүрөтү узак убакыт мурун калыптанган жана кийинки билимдер менен толукталган, элдин дүйнө таануусун, дүйнө кабылдоосун чагылдырган, тилдик формада берилген жана ошол элдин консервативдүү маданияты менен чектелгенине карабастан, азыркы күнгө чейин сакталып келген улуттук дүйнө сүрөтү эсептелет» [233, 6-7-б.].

Ошентип, жогоруда айтылгандардын негизинде дүйнөнүн тилдик сүрөтү концептуалдык система менен, ошондой эле тил менен өтө тыгыз байланышта болору көрсөтүлдү. Калыптанган жана адамдын аңсезиминде чагылган дүйнө сүрөтү – бул өзгөчө материалдык форма болгон тил аркылуу бекемделип жана ишке ашкан дүйнөнүн экинчи жашоосу, экинчи өмүрү. Бир эле тил, бир эле коомдук-тарыхый тажрыйба белгилүү бир коом мүчөлөрүндөгү дүйнөнүн окшош тилдик сүрөтүн жаратат. Бул жагдай дүйнөнүн жалпыланган улуттук тилдик сүрөтү тууралуу ой айтууга мүмкүндүк берет.

Ар кандай тилдер дүйнө сүрөттөрүнө айрым бир өзгөчөлүктөрдү, улуттук колоритти тартуулап турат. Бул көрүнүш элдердин маданиятындагы жана салттарындагы айырмачылыктар менен түшүндүрүлөт. Аталган маселеге байланыштуу көптөгөн илимий эмгектер жаралды (Б.Х.Бгажноков (1978), З.Х.Бижева (2000), Н.У.Ворокова (2018), А.И.Геляева (2002), С.К.Башиева (2010), Р.С.Аликаев (1999),

Р.Р.Замалетдинов (2004), кыргыз окумуштуулары Т.К.Акматов (1986), С.Өмүралиева (2002), С.Ж.Мусаев (2020, 2021), З.К.Дербишева (2012, 2012, 2020), Г.А.Абыканова (2012), К.З.Зулпукаров (2015), У.К.Камбаралиева (2013, 2019), Б.Ш.Усубалиев (1994), Т.С.Маразыков (2014, 2020), Б.Сагынбаева (2018), Б.Б.Нарынбаева (2017), Г.А.Мадмарова (2018), А.Н.Сыдыков (2019, 2022), М.Э.Дарбанов (2021), А.Э.Абдыкеримова (2008, 2021), Э.Т.Төлөкова (2012), Г.К.Рысбаева (2017), М.К.Алишова (2022), Н.Э. Арсланбекова (2022) ж.б. эмгектери буга мисал боло алат).

Метафоралар, салыштыруулар жана символдор түрүндө туюндурулган, экинчи туюмдук механизмдер аркылуу чагылдырылган дүйнө – бул ар кандай эле дүйнөнүн тилдик сүрөтүн, андагы өзгөчөлүктөрдү жана универсалдуулукту аныктап турган негизги фактор. Ошону менен катар, дүйнөнүн ар кандай тилдик сүрөтүндөгү улуттук өзгөчөлүк менен универсалдуу адамдык фактордун чегин ажыратуу өтө маанилүү фактор болуп саналат. Дене туюмдарын баалоонун генетикалык механизми универсалдуу болгондуктан, ал бир эле маалда универсалдуулукка жана улуттук өзгөчөлүккө ээ болгон адамдын ишмердүүлүгү менен жуурулушуп турат. Ал ушундай карым-катыштын натыйжасында типологиялык жактан жалпы, индивидуалдык жактан өзгөчөлөнүп турган тилдик дүйнө сүрөтүн түзүүгө негиз болот. Дүйнөнүн тилдик сүрөтү универсалдуу жана улуттук белгилердин карым-катышы менен мүнөздөлөт.

Дүйнөнүн жалпы тилдик сүрөтүн түзүү мүмкүн эместигин көпчүлүк изилдөөчүлөр белгилеп келишүүдө. Алардын ичинен Ю.Н.Караулов адистер тарабынан бардык эле тилдер үчүн бирдей болгон дүйнөнүн универсалдуу сүрөтүн түзүүгө бир канча жолу аракеттер жасалгандыгын белгилейт. Лексикология жана лексикография үчүн мындай аракеттер пайдалуу болсо да, аларда дайыма бир нерсе жетпей турат. Бул – улуттук-маданий салттар [124, 36-б.]. Мындай улуттук-маданий өзгөчөлүктү локалдаштыруу жагдайы же В.Н.Телиянын аныктамасы боюнча, фондук билимдердин (фоновых знаний) орду аталыштардын ички формасы болуп эсептелет [280].

Ар кандай маданияттын негизин жаратууда тилдер түзгөн коддор колдонулат. Баарына белгилүү болгондой, тил элдин тарыхын жана маданиятын өзүнө камтыйт жана ушуга байланыштуу тил улуттук өзгөчөлүккө ээ болот. Ар бир жаңы муун, конкреттүү этностун ар бир өкүлү тилди өздөштүрүү менен, ал аркылуу коллективдүү тажрыйбага,

курчап турган чөйрө тууралуу коллективдүү билимге, кабыл алынган же четке кагылган элдик баалоого, социалдык баалуулуктарга таянган жүрүм-турумдун жалпыга бирдей нормаларын кошо өздөштүрөт.

Ар бир маданият – жекелик мүнөзгө ээ. Тигил же бул улуттук маданиятка тиешелүү дүйнө сүрөтүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу тагыраак көз карашка ээ болуу үчүн тилдин жардамы менен белгиленген адамдын аң-сезимин билүү зарыл. Бардык эле мезгилдерде тил этностун мүнөздөмөсүнүн өтө ачык идентификациясы болуп келген [67, 4-б.].

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү принципиалдуу түрдө дүйнөнүн илимий сүрөтүнө төп келбейт. Биринчиден, ал дайыма субъективдүү жана конкреттүү этнос тарабынан дүйнө тууралуу ойду азыркы этабынан эмес (дүйнөнүн илимий сүрөтүндөгүдөй), тилдин калыптануу этабынан, б.а., дүйнөнү таанып билүүнүн баштапкы, карапайым, эмпирикалык этабынан туруп белгилейт. Албетте, тил дайыма өзгөрүп турат. Бирок дүйнөнүн тилдик сүрөтүндөгү мындай өзгөрүү – бул дүйнөнүн илимий сүрөтүнө окшошууга карата болгон аракет эмес, жаңы реалдуулуктардын пайда болуусу, өзгөрүлүп жаткан дүйнөнүн чагылуусу болуп саналат.

Окумуштуу У.Ж. Камбаралиева орустун когнитолог-окумуштуусу О.А.Корниловдун дүйнө сүрөтүн классификациялаган (илимий дүйнө сүрөтү (ИДС), илимий улуттук дүйнө сүрөтү (ИУДС), дүйнөнүн тилдик сүрөтү (ДТС), дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтү (ДУТС), индивидуалдык улуттук дүйнө сүрөтү (ИУДС) [137, 112-113-б.]) илимий көз карашына таянып келип, «...дүйнө сүрөтүнүн универсалдуу жана ошол эле убакта спецификалык улуттук дүйнө сүрөтү жөнүндө сөз кылуу зарыл, анткени алардын мазмунунда жалпы адамзаттык универсалдуу концепттер менен бирге жеке бир гана элге тиешелүү болгон спецификалык концепттер да орун алган», - деген көз карашын билдирет [111, 54-б.]. Дүйнөнүн илимий сүрөтүнөн айырмаланып турган дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтүнө карата окумуштуунун аталган пикирин толук колдоого туура келет.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү тилдин лексикалык-семантикалык системасы менен же лексика, морфология, синтаксисти өзүнө камтыган тилдин жалпы тутуму менен окшош келет. Тилдик каражаттардын мазмундук жагында гана бардык эле маданий стериотиптердин таянычы катары кызмат аткарып келген этностун дүйнө сүрөтү жатат. Аны талдоо улуттук маданияттар эмнеси менен айырмаланарын, дүйнөлүк маданияттын деңгээлинде алар бири-бирин кандайча толуктарын түшүнүүгө жардам берет. Эгер бардык эле сөздөрдүн мааниси маданий жак-

тан окшош болсо, анда маданий айырмачылыктарды изилдөөгө таптакыр эле мүмкүндүк болмок эмес. Ошол себептүү тилдин маданий – улуттук аспектисин иликтөөдө, биз тилдик бирдиктердин универсалдуу мүнөзүн эске алуубуз зарыл.

Албетте, дүйнөнүн тилдик сүрөтү менен, тилдин лексикалык-семантикалык конкреттүү топ түзүмдөрүнүн ортосунда байланыш болот. Бул байланыш дүйнө сүрөтүнүн антропоморфтуулугу менен жана жалпы адамзаттык дүйнө моделинин калыптануусу үчүн негиз болгон адамдардын биологиялык жана социалдык маңыздарынын биримдигинин натыйжасында жаралган болмушту чагылдыруу ыкмасынын универсалдуулугу менен шартталат.

Дүйнөнүн тигил же бул тилдик сүрөтүн реконструкциялоо диахрондук негизде ишке ашат. Анткени ар бир мезгилде тилдик баяндоонун бардык мазмундук жактарын камтыйт. Бирок мында ар бир тил көп деңгээлдүү түзүлүш экендигин эске алуу зарыл. Белгилүү болгондой тил өзүнө гана таандык дүйнө сүрөтүн камтыган көптөгөн системалардан турат. Алардын ичинен тилдин лексикалык системасы алда канча жогорку «дүйнө таанымдык» мүмкүнчүлүккө ээ болот.

Морфологиялык, синтаксисттик ж. б. тилдик каражаттардын дүйнө сүрөтүнө салыштырмалуу, дүйнөнүн лексикалык сүрөтүнүн артыкчылыгы тилдеги лексикалык бирдиктердин санынын аябай эле көптүгү менен түшүндүрүлөт. Ошол себептүү ал тилдин башка сүрөттөрүнө салыштырмалуу бир топ жогору артыкчылык мааниге ээ. Маселен, дүйнөнү бир топ абстрактуу түрдө чагылдырган дүйнөнүн морфологиялык сүрөтүнөн айырмаланып, тилдин лексикалык системасы дүйнөнү алда канча толук түрдө моделдештирүүгө мүмкүндүк түзөт. Тилдик башка системаларга салыштырмалуу, лексикалык системадан дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн «дүйнө таануучулук» табиятын жеңил аныктоого болот.

Адам коомдо жашап жатып өзүнүн тилдик системасын өзүнө тиешелүү тажрыйба менен гана байытпастан, ошондой эле жалпы адамзаттык жана улуттук, коомдук-тарыхый тажрыйбаны өз ичине камтыган тил аркылуу да байытат. Улуттук тажрыйба тилдин бардык деңгээлдеги өзгөчөлүгүн аныктайт. Учурунда бул жагдай, биз жогоруда учкай белгилеп кеткендей, түрдүү элдердин тилинде айырмачылыкка ээ болгон дүйнө сүрөтүнүн келип чыгышын шарттайт.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү ошо тилде сүйлөгөн элдин дүйнө таанымындагы улуттук-маданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырат. «Тил өзүнүн

маанилик системасы жана алардын ассоциациялары аркылуу концептуалдык дүйнө моделин улуттук-маданий түскө боёйт» [250, 177-б.].

Ар бир улуттук тил коммуникативдик, информативдик, эмотивдик функцияларды, ошондой эле, билимдердин баардык комплексин жана дүйнө жөнүндөгү көз караштарды сактоочу өзгөчө маанидеги функцияны аткарат. Улуттук тилде дүйнө тууралуу билимдердин сакталышы тил илиминде эки деңгээлде изилденет: биринчиден, тилдин өзүндө, сөздүктүн семантикалык системасында; экинчиден, тилдин жардамы аркылуу сүйлөшүүдө, жазуу жана оозеки түрүндөгү маалымат алмашууларда изилденет.

Р.Х.Хайруллинанын пикири боюнча, улуттук тилдик дүйнө сүрөтү – бул адамдардын жашоолору тилдин жарым-жартылай функционалдуулугу менен, ошондой эле ар түрдүү ишмердүүлүктө маалымат алмашуулардын жана жалпы эле жашоонун максаттары менен шартталган көптөгөн тилдик микродүйнөлөрдү бириктирген феномен [299, 40-41-б.].

Дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтү – бул дүйнө тууралуу билимдердин жаралышына, анын лингвокогнитивдик деңгээлине жооп берген тилдин менталитеттик деңгээли, компоненти [245, 172-б.].

Дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтү боюнча О.А.Корнилов мындайча жазат: «Өзүнүн тарыхый өнүгүү процессинде дүйнө таанууну өз ичине камтыган этностун аң-сезиминде сырткы дүйнөнүн чагылдырылышынын жыйынтыгы дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтү болуп саналат. Сырткы дүйнө жана аң-сезим, мына ушул эки фактор ар бир улуттук тилдеги тилдик дүйнө сүрөтүн жаратат» [137, 144-б.].

Г.Д.Гачевдин көз карашы боюнча, дүйнөнүн улуттук образы үч деңгээлди бириктирип турат: улуттук мейкиндик, турмуш, тил; улуттук мүнөз, улуттук дем; улуттук аң-сезим, дүйнөнү элестөө жолу, болмушка карата көз караш, баалуулуктардын иерархиясы. Ар бир доор өзүнүн образын жаратат [71, 7-81-б.]. Албетте, бул идеялар улуттук тилдин дүйнө сүрөтүнүн табиятын, өзгөчөлүктөрүн чагылдырган идеялар экени анык.

Ар бир тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгү, эң алды, этномаданий лексикада чагылдырылат. Этномаданий лексика өз мезгилинде дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтүнүн фрагменттерин кайра куруу аркылуу элдин материалдык маданиятын чагылдырат. Бир эле мезгилде маданияттын жетишкен жыйынтыгы жана куралы болуп эсептелген улуттук тил адамды калыптандырат жана анын жүрүм-турумун, жашоо образын, дүйнө таанымын, менталилетин, улуттук мүнөзүн, идеологиясын аныктайт.

Чындыгында эле, курчап турган дүйнө жана аң-сезим улуттук тилде дүйнөнүн тилдик сүрөтүн жаратат. Объективдүү дүйнөнү ар бир этнос, улут ар башкача кабыл алат. Дүйнө түрдүү элдердин тилинде ар кандай берилгендиктен уникалдуулукка ээ. Дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтүн өз ичине камтыган улуттук менталитеттин калыптанышына, эң алды, жаратылыш шарттары өзүнүн чоң таасирин тийгизет.

Окумуштуу В.А.Маслова адилет белгилегендей, тилдеги көнүмүштөр (стереотипы) предметтер, социалдык көрүнүштөр жана жаратылыш чөйрөсү тууралуу психологиялык жалпыланган көнүмүштөргө тең келе албайт. Мындай көнүмүштөрдүн болушу дүйнөнүн улуттук сүрөтүнүн калыптанышы үчүн негизги шарттардын бири болуп эсептелет [204, 64-б.].

Тилди өздөштүрүү дүйнөнүн тилдик сүрөтүн жана ошо тилде сүйлөгөндөрдүн тилдик аң-сезимин өздөштүрүүнү да талап кылат. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн улуттук өзгөчөлүгү тилде берилген атоо ыкмаларынан эле ачык байкалат. Анткени сөз тилден сырткары реалдуулуктун белгиси жана образы катары эсептелет. Мында тигил же бул эл аталган предметтен эмнени көрө алды, ага кайсы белгилер аркылуу ат койду, лексиканын кайсы образдуу-символикалык жетишкендиктерин пайдаланды деген маселелер абдан маанилүү.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү, эң алды, улуттук лексика аркылуу ишке ашат. Улуттук лексика дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтү сапатына ээ болот. Мындай жагдайда тилдеги бардык лексикалык каражаттарды чоң-чоң топторго (областка, зонага, секторго) бөлүүгө туура келет. Анда курчап турган дүйнөнүн реалдуу объектилеринин аталышы биринчи чоң топту (областты түзөт; коллективдүү аң-сезимдин артефактылары болуп саналган концепттердин аттары экинчи чоң топту түзөрү адилет белгиленип жүрөт [137, 186-б.].

Тилдин улуттук семантикасы – бул «бир беткей системага, салыштырмалуу мүнөзгө ээ болбогон жана ошол тилде сүйлөгөн элдин экономикасынын өзгөчөлүгүн, географиясын, коомдук курулушун, фольклорун, адабиятын, искусствосунун бардык түрлөрүн, илимин, жашоотиричилигинин майда-чүйдөсүн, үрп-адатын тигил же бул деңгээлде билдирген маңыз болуп эсептелет» [63, 89-б.].

Улуттук тил – бул этнос болмушунун жалгыз гана вариантын чагылдырган жана ал болмуш вариантындагы улуттук өзгөчөлүктөрдүн конкреттүү белгилерин аныктаган «айнектин» өзү [137, 326-б.]. Улуттук-маданий компоненттик маанige ээ болгон лексика дүйнөнүн улут-

тук тилдик сүрөтүнүн ишке ашышына активдүү катышат. Эң башкысы, мында конкреттүү маданиятка тиешелүү реалдуулуктарды билдирүүчү эквивалентсиз лексика жана ошондой эле дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн өзгөчөлүгүн чагылдырган сөздөрдүн-түшүнүктөрдүн төп келбөөчүлүгү изилдөөдөгү негизги маселе болуп эсептелет.

Ошентип, эквивалентсиз лексиканы билбей туруп, башка элдердин сөздөрүндөгү-түшүнүктөрүндөгү реалдуулуктарды түшүнүүгө жана алардын өзгөчөлүктөрүн билүүгө эч мүмкүн эмес. Элдердин маданияттарын, адаттарын жана салттарын эквивалентсиз лексика аркылуу гана түшүнүүгө, өздөштүрүүгө болот.

Улуттук тилдердин грамматикалык категорияларында бүткүл адамзаттык логикалык категориялардын баары бирдей деңгээлде берилбейт. Мисалы, түрк тилдеринде род категориясы, япон тилинде жаксыз предметтердин көптүк сан категориясы кездешпей. Дүйнө элинин тилдеринде бардык эле грамматикалык категориялар боло бербейт. Бирок ушул тилдерде сүйлөгөндөр объективдүү жашаган көрүнүштөрдү, нерселерди белгилөө үчүн тиешелүү бардык каражаттарды таба алышкан.

Тигил же бул элдин сөзүндө орун алган семантикалык өзгөчөлүктөр маданий маңыздар менен шартталган образдуу ойломдун кайталангыс ассоциацияларында жашайт. Алар тилде бекемделет жана анын улуттук өзгөчөлүгүн түзөт.

Эреже катары коннотациялар сөздүн негизги жана баштапкы маанисин мүнөздөйт. Алар метафораларда жана салыштырууларда, туунду сөздөрдө, фразеологиялык бирдиктерде, синтаксистик түзүмдөрдүн белгилүү бир типтеринде, тилдик бирдиктердин өз ара аракеттеринин семантикалык областтарында өтмө мааниде гана материалдашат.

Белгилүү болгондой, менталдуу формада жана тигил же бул концепттер аркылуу тилдик формада берилген адамдын дүйнө жөнүндөгү көз карашы универсалдуу жана өзгөчө мүнөзгө ээ. Башкача айтканда, этномаданий белгилерге ээ. Анткени дүйнө тууралуу көз караш жалпы адамзаттын бөлүнгүс бир бөлүгү катары улуттук маданияттын өзгөчөлүктөрү менен коштолот. Ал эми улуттук маданияттагы жалпы адамзаттык концепттер тигил же бул этностун жашоо образы, чарба жүргүзүүсүнүн түрү, дүйнө таануусу менен шартталган өзгөчө түстү өзүнө кабыл ала алат. Ушундан улам ар бир дүйнөнүн улуттук сүрөтүнөн жалпы адамзаттык универсалдуу концепттерди жана ошондой эле улуттук өзгөчөлүктөргө ээ болгон концепттерди жолуктурууга болот.

Ар бир маданиятта жалпы адамзаттык баалуулуктар камтылган болот. Ошого карабастан улуттук маданияттагы универсалдуу, жалпы адамзаттык баалуулуктар ылайыкташуу жана трансформациялашуу аркылуу өзгөчө образга ээ.

Тилде дүйнөнү кабыл алуунун этникалык өзгөчөлүгү байкалат. Тилди билүү, ошол тилде чагылдырылган дүйнөнүн концептуалдашуусун өздөштүрүүнү талап кылат. Дүйнө сүрөтүн калыптандыруучу көз караштарды ар бир сөздүн маанисинен жолуктурууга болот.

Башка тилдер сыяктуу эле кыргыз тили дүйнө түзүлүшүн кабыл алуунун белгилүү бир ыкмасын чагылдырат. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү маданий концепттерди талдоо рухий маданияттын аспектилеринин бири болуп эсептелген жана ойломдун образын билдирген кыргыздардын менталитетинин этникалык өзгөчөлүгүн ачып берүүгө көмөктөшөт. Элдин менталитети түйүндүү маданий концепттер аркылуу чагылдырылат. Анткени маданий концепттер ошол лингвомаданиятка ээ адамдардын курчап турган дүйнө тууралуу көз караштарын, ой-толгоолорун, ой-корутундуларын түзүүгө негиз болот.

Кыргыздардын менталитети тууралуу сөз болгондо, тилдик каражаттар аркылуу берилген ойломдун образы жөнүндө сөз кылууга туура келет.

Улуттук аң-сезим – бул улуттардын жана элдердин рухий өнүгүүсүнүн маңызын, деңгээлин жана өзгөчөлүгүн мүнөздөгөн социалдык, саясий, экономикалык, нравалык, эстетикалык, диний жана башка көз караштардын тутуму. Улуттук аң-сезим материалдык жана рухий факторлордун чагылышы болуп саналгандыктан, элдин менталитети да төмөндөгүдөй негизги эки формада берилет: 1) материалдык формада – каада-салттарда, үрп-адаттарда, материалдык маданияттын түрлөрүндө (үй, буюмдары, кийимдер, эмеректер, жасалгалоолор, искусство чыгармалары ж.б.); 2) рухий формада адамдардын аң-сезиминде, ойломунда белгилүү коомдук мамилелердин чагылуусунда [14, 52-б.].

Кыргыз элинин менталитети, негизинен, көчмөн турмуш менен шартталган. Элдин менталитетинин калыптанышында жана өнүгүшүндө дүйнөнүн алгачкы сүрөтүн билдирген салттуу ойлом негизги жана аныктоочу ролду аткарган. Убакыттын өтүшү менен аталган салттуу дүйнө сүрөтү ойломдун образдуулугунун татаалданышы аркылуу өзгөрүүгө дуушар болгон. Менталитет бул учурда дүйнө таанымдын айрым төп келишпестиктерин ачуу менен өзүнүн курамындагы мурунку жана

кийинки баалуулуктарды бириктирет, ошондой эле улуттук аң-сезимди ачыкка чыгарат.

Кыргыздардын менталитетинин негизги формалары катары сезимталдык, ой жүгүртүүчүлүк, көрөгөчтүк, жаратылышка аяр мамиле жасоочулук, сыпайкерчилик, меймандостук, берешендик сыяктуу ж.б. жагдайларды эсептөөгө болот. Көчмөн турмуш кыргыздардын жаратылыш шарттарына тезирээк көнүүсүнө жана ыкчам ыңгайлашуусуна түрткү берген. Өз учурунда бул көрүнүш жаратылыш предметтерин жана көрүнүштөрүн тез түшүнүүгө, аларды туура кабыл алууга жана маданий баалуулуктарында пайдалана билүүгө, пайдалуу жыйынтык чыгарууга жол ачкан. Ушундан улам кыргыздардын менталитетинде тез ыңгайлашуу, тез өздөштүрүү процесстери өтө күчтүү өнүккөнү байкалат.

Кыргыздардын менталитетинде рухийлик материалдуулуктан, коллективдүүлүк жекеликтен жогору турат. Анткени көчмөн турмуш шартында адамдар биримдикте гана толук кандуу жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болору белгилүү. Элдин менталитетинде жогорку бийлик мураска калтырылган эмес. Аялдарды басынтуу, алардын кадыр-баркын төмөндөтүү салттан сырткары болгон. Өзүлөрүн жаратылыштын ажырагыс бир бөлүгү катары эсептешкен кыргыздардын көчмөн турмушу жаратылыш менен бирдикте жана ага эриш-аркак өткөн.

Кыргыздардын улуттук аң-сезиминин, менталитетинин өзгөчө белгилеринин бири катары билимге, акылдуулукка, сөз чеберчилигине, тилге аяр мамиле жасоо эсептелет. Эл арасында материалдык байлыкка эмес, рухий байлыкка ээ болгон адамдар ар дайым бааланган, барктал-ган, даңкталган. Алардын ой-пикирлери эске алынып, белгилеген багыттары аркылуу иш чаралар жүргүзүлгөн.

Кыргыздардын менталитетинин дагы бир маанилүү жагы болуп көчмөн турмуштун таасиринен жаралган эрдик, баатырдык, өзүн элжери үчүн курмандыкка чалуу сыяктуу өзгөчө мүнөздөр эсептелет. Аларсыз көчмөн турмушту аркалаган кыргыз элинин эл катары сакталып калышын, жашоосунун уланышын элестетүүгө мүмкүн эмес.

Ошентип, кыргыздардын менталитети ойлоо, чагылдыруу процесстери менен камыр-жумур коштолуп турганы ачык байкалат. Ал коомдук жашоону түшүнүү, маданияттын байлыгына, баалуулугуна жана маанисине байланыштуу жүргүзүлгөн ой толгоолор дүйнөнүн улуттук концептуалдык сүрөтүн түзсө, аларды ишке ашыруунун бирден-бир натыйжалуу жолунда дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтү негизги ролду ойнойт.

## 1.2. Концепт – дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн негизги бирдиги

Когнитивдик лингвистиканын жана лингвокультурологиянын изилдөө объектиси болгон концепт түшүнүгү жөнүндөгү талаш-тартыштар, байкоолор көптөн бери уланып келген. Ал байкоолор илимий булактарга жана салттарга ээ. Когнитивдик лингвистиканын илимий бир булагы катары болмуштун ар түрдүү аспектилери боюнча антика доорундагы грек философторунун көз караштарын кезиктирүүгө болот. Булар тууралуу татар тилчи-окумуштуусу, профессор Р.Р. Замалетдинов өзүнүн эмгегинде адилет белгилеген [95, 64-б.].

Грек философторунун эмгектеринде тил маселелери таанып билүү (познание) окуусу менен тыгыз байланышта каралган. Бул боюнча кыргыз тилчи-окумуштуусу профессор С.Ж.Мусаев өзүнүн эмгегинде төмөндөгүдөй белгилеп кетет: «Тилдин табиятын, жан-жаратылышын гносеологиялык жактан аныктоо атоонун табияты жөнүндөгү жана нерсе менен анын аталышынын ортосундагы карым-катыш, байланыш жөнүндөгү узак талаш-тартыш аркылуу шартталган. Башкача айтканда, нерсе менен ошол нерсени атаган сөздүн ортосунда кандай байланыш бар деген маселени чечмелөө аркылуу тилдин гносеологиялык табиятын аныктоо философиялык негизги маселе катары көтөрүлөт. Ошондон ушул бүгүнкү күнгө чейин тил (атоо), нерсе, ой-жүгүртүү же түшүнүк үчөөнүн бири-бири менен карым-катышы, байланышы жөнүндөгү маселе философиянын да, тил илиминин да методологиялык аспектидеги негизги проблемаларынын бири катары каралып келе жатат» [213, 22-б.].

Тилдин философиясын өнүктүргөн алгачкы багыттардын бири семантика маселеси болуп эсептелген. Атоолордун жана сөздөрдүн табияты жөнүндө «сөз менен буюмдардын» өз ара байланышы, алардын мааниси тууралуу ой-толгоо көптөгөн философиялык багыттардын негизин түзгөн. Ошондуктан, «Атоо философиясы – бул «таза семантиканы» изилдөөнүн туу чокусу», – деп окумуштуу Ю.С.Степанов тегин белгилеген эмес [268, 9-б.].

Когнитологиянын, концептологиянын жаралыш булагы, башаты катары, бир жагынан, белгилүү бир түшүнүктүү мазмунга – концепттерге бөлүнгөн жалпы аттардын (атоолордун) колдонулушуна жана маанисине байкоо жүргүзүү эсептелет. Ошол эле учурда чындыктын (денотация) өз алдынча предметтерин көрсөтүүгө, белгилөөгө категориялаштырууга, концептуалдаштырууга жөндөмдүү жана алардан адам аң-сезимине, ойломуна жараша метафораланган түшүнүктөрдү (сөздөрдү, азыркы ата-

лышта концепттерди) иштеп чыгуу милдети алдыга коюлат. Предметтерди, нерселерди гана белгилебестен, өздөштүрбөстөн, алар жөнүндө бир нече маалыматтарды, аларга таянуу менен жалпы, метафоралanган билимдерди, ар бир адам, ар бир топ, ар бир улут өзүлөрүнүн дүйнө таанымына жараша иштеп чыгат жана алардан өзүнчө дүйнө түзбөйт, тескерисинче дүйнөгө, объективдүү чындыкка өзгөчө түс, боёк берет.

Дүйнөнүн сүрөтү адам менен курчап турган дүйнөнүн ортосундагы карым-катнаштын натыйжасында аң-сезимде чагылат. Ал, бир жагынан, тилдик эмес (элестер, образдар, сөлөкөттөр сыяктуу ж.б.) формада болот да, экинчи жагынан, ой жүгүртүүдө тилдик каражаттардын катышында белгилүү болот. Ал эми тил адамдын дүйнө тууралуу билимдеринин жана алардын калыптанышынын эң универсалдуу каражаты болуп эсептелет. Натыйжада, адамдын дүйнө жөнүндө, кандайдыр бир объект жөнүндө билимдеринин, түшүнүктөрүнүн, ой-пикирлеринин, тажрыйбаларынын жыйындысы концептуалдык системаны түзөт. Концептуалдык системанын бирдиктери болуп эсептелген концепттерден ар түрдүү билимдерди иликтеп чыгуу, алардын ар түрдүү түзүлүшүн таануу, жаратуу концептуалдаштырууну билдирет. Концептуалдаштыруу логикалык жактан концептти, бир концепттен экинчи бир концептке өтүү мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Концепттин мазмуну объектилер жана алардын касиет-белгилери (т.а. адамдын дүйнөдөгү объект же объектилер жөнүндө билгендери, ойлогондору, болжолдоолору) жөнүндө маалыматтарды өз кучагына алат [229, 101-102-б.].

Адамдын аң-сезиминдеги объект же объектилер жөнүндөгү концептуалдык системаны дүйнөнүн концептуалдык сүрөтү деп да атоого болот.

Концептуалдык дүйнө сүрөтүнүн бирдиги – концепт, биринчиден, адамдын элестөөлөрү, көрүүлөрү менен байланышкан кубулуш болсо, экинчиден, тилдик каражаттар аркылуу түшүндүрүлгөн дүйнө таанымдык бирдик болуп эсептелет да, тилдик дүйнө сүрөтүнүн изилдөө объектиси катары каралат.

Тил илиминде бул жаңы түшүнүккө кайрылуу «маани», «маанилүүлүк» түшүнүктөрүнө ылайык, бир аз башкача түшүнүүнү (мурунку түшүнүктү өзгөртүп түшүнүүнү) жаратты. Азыркы учурда «маани» (“значение”) түшүнүгүнөн бир аз четтөө байкалат. Бул терминге байланыштуу башкачараак жобонун (Л.Витгенштейндин теориясына жана А.А.Потебнянын бир нече идеяларына жараша «маани – бул колдонуу», «канча колдонуу болсо, ошончо маани») актуалдашына карата тенденция

да өкүм сүрүүдө [282, 28-б.]. Тактап айтканда, «маани», «түшүнүк» терминдеринин ордуна «концепт» термини колдонулуп калды. Адатта, «концепт» термини «маңыз» («смысл») термини менен синоним болуп каралат да, түшүнүктүн мазмуну дегенди билдирет. Башкача айтканда, сөздүн мааниси – бул белгилүү бир тилдин нормаларына ылайык туура деп эсептелген, байланыштар системасын түзгөн лексикалык бирдик, ал эми концепт – сөздүн маңызы [280,75-б.].

Кыргыз тил илиминде тексттин семантика-структурасын изилдеген окумуштуу, проф. С.Өмүралиева «смысл» түшүнүгүн «маңыз» деп атайт. Ал өзүнүн эмгегинде «концептуалдуулук коюлган маселенин маңызы, ага коюлуучу талаптар, чечилүү үчүн каралган маселелер илимде өзүнөн өзү тактыкты, аныктыкты талап кылып турган болсо, көркөм тексттерде ойлоо процессине байланыштуу ишке ашат» деген пикирин билдирет [228, 35-б.].

Ал эми ушул эле түшүнүктү, т.а. кандайдыр бир түшүнүктүн терең маанисин тексттин лингвистикасы боюнча негиз салуучулардын бири, проф. Т.С.Маразыков «сөз төркүнү (концептуалдуу маалымат)» деп карайт. Анын ою боюнча, «ар бир сөздүн (маалыматтын) түпкү маңызы, концепциясы, белгилүү бир кызыкчылыгы бар. Кыргыз эли дал ошол кызыкчылыкты, максат-мүдөөнү, тээ алыстан кыйытылган мотивдерди, бир сөз менен айтканда, айтылган сөздүн төркүнүн аңдап билүүгө дайыма аракет кылышкан, сөз төркүнүн, андагы ар кандай жагдайларды (нюанстарды) аныктоого дилгир болушкан» [196, 24-б.].

Тилдик каражаттардын (сөздүн) көркөм чыгармада колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, эстетикалык функциясын, образдуулугун изилдеген окумуштуу, проф. Б.Усубалиев сөздү «сөздүн образдуулугу, ички мазмуну» деп карайт да, ар бир сөз – жандырмаксыз табышмак, түгөнгүс казына, канчалык казган сайын ошончолук тереңдей берет, тактап айтканда, ар бир сөздө толук ачып берүүгө кудуретибиз жетпеген чексиз мүмкүнчүлүктөр жашырынып жатат» деген оюн билдирет [291, 134-б.].

Көркөм текстке семантикалык талдоо жүргүзгөн окумуштуу А.Абдыкеримова «Кыш жолдо» аттуу ырдын мазмунуна семантикалык талдоо жүргүзүү менен, акырында «ак» сөзүн концепт катары түз, өтмө, коннотациялык маанилерде чечмелөөгө жетишкен [10, 163-б.].

Жогорудагы кыргыз тилчи-окумуштууларынын изилдөөлөрүнөн концептти (таанып билүүчү жана көркөм концепттерди) аныктоого карата таяныч боло турган түрдүү көз караштарды байкоого болот. Биз өзү-

бүздүн көз карашыбызда аталган көз караштарга жана концептти изилдөө багытындагы бир нече окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянуу менен, концептти (сөздүн маңызын, сөздүн төркүнүн) өзүнүн структурасына, колдонулуш өзгөчөлүгүнө ылайык түшүнүктүн мазмуну, маңыз менен синоним термин катары карайбыз.

«Концепт» термини алгач англис тилдүү авторлордун эмгектеринен орус тилине которулуу менен төмөндөгүдөй маанилерди: «conceptual representation» – «семантикалык түшүнүк» («семантическое представление»), «conceptually based» – «семантикалык багыт алган» («семантически ориентированный»), «conceptual dependencies» - «маңыздык байланыштар» («смысловые связи»), ал эми «conceptus» – «маңыздык элементтерди» («смысловые элементы») өз ичине камтый тургандыгы белгиленген [282, 27-б.].

Концепттин мазмунун тилдик каражаттар менен туюндуруу, эң алгач, сөздөр жана сөз айкаштары аркылуу ишке ашат. Биздин пикирибиз боюнча, сөздүн лексикалык маанисине таянып туруп, аны концепт деп атоого болбойт. Орустун тилчи-окумуштуусу Д.С.Лихачёвдун пикирине таянсак, «концепт деп сөздүн өзүн гана атоого болбойт, ар бир сөздүн сөздүктөгү маанисинен улам аныкталат да, ал жөнүндө көптөгөн билимдер изилдөөгө алынат». Окумуштуунун пикири боюнча, концепт – өзүнүн келип чыгышында тикеден-тике сөздүн маанисинен гана эмес, ал сөздүн сөздүктөгү мааниси менен, элдин же жеке адамдын тажрыйбалары менен айкалышынан улам келип чыккан «маанинин алгебралык туюнтмасы». Д.С.Лихачёвдун ою боюнча, концепттерде сөздөрдүн кошумча маанилери иликтенет. Эң негизгиси, адамдар маанилерди түшүнүүдө сөздүн эмоционалдык аурасын тааныйт. Аларды ойлонуштуруу, иштеп чыгуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, сөздүн маанисиндеги айырмачылыктарды, ар кандай карама-каршылыктарды туура нукка салат [182]. Окумуштуунун пикиринен улам, демек, көп маанилүү (денотативдик жана коннотативдик мааниге ээ) сөздөр бир же бир нече концептти түшүндүрүү кызматын аткарышы мүмкүн экендиги айкын болот.

Биздин көз карашыбыз боюнча, белгилүү бир концепт өзүндө кандайдыр бир объектиге тиешелүү нерселик жана символикалык образдуулукту айкалыштырышы, нарктап-баалоочулук мазмун билдириши зарыл. Ал өзгөчө мазмундуу маалымат менен толукталышы шарт. Анткени концепт белгилүү бир адамдын дүйнө менен болгон карым-катыш тажрыйбаларынан улам топтолгон жалпы билимдерин жана алардын психо-

логиялык, коммуникативдик жана маданий факторлорго көз карандылыгын түшүндүрүүдө кызмат аткарат. Натыйжада, концепт сөз же сөз айкашы менен гана түшүндүрүлбөстөн, сүйлөмдөр, ар кандай фразалар, паремия түрүндөгү, ж.б. көркөм тексттер, ошондой эле, функционалдык стилдин бардык түрүнө кирген тексттер менен да түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ошентип, ой жүгүртүүдө белгилүү бир концепттин, бир концепттен экинчи бир концептке өтүүнүн, аларга концептуалдык талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында концептуалдык система келип чыгат. Бир концептке же бир нече концептке концептуалдык талдоо жүргүзүүгө болот. Жеке адамдын дүйнө таанымына же белгилүү бир элдин дүйнө таанымына ылайык концепттердин жыйындысын концептосфера деп атайбыз.

«Коцептосфера» терминин тил илимине алгач Д.С.Лихачёв киргизет да, аны экиге: «жеке адамдын концептосферасы» жана «улуттук тилдин концептосферасы» деп бөлүп карайт. Белгилүү бир адамдын жеке тажрыйбасынан улам жаралган жана жеке адамдын сөздүк запасын ачып көрсөткөн концепттердин жыйындысы ошол белгилүү бир адамдын концептосферасын түзөт. Маселен, Ч.Айтматовдун жалпы чыгармалары аркылуу же Т.Касымбековдун белгилүү бир чыгармасы аркылуу ар бир автордун жеке концептосферасын аныктоого, байкоого болот. Ал эми бүтүндөй бир тилдин сөздүк курамынан уюшулган туруктуу концепттердин жыйындысы улуттук тилдин концептосферасын түзөт. Жеке адамдын концептосферасынын байлыгы ошол адамдын маданий тажрыйбасына, ошол улуттук тилдин байлыгына көз каранды болот. Ошондой эле улуттук тилдин концептосферасы түздөн-түз ошол улуттун маданиятына: адабиятына, элдик оозеки чыгармаларына, илимине, сүрөт ж.б. искусствосуна тыгыз байланыштуу. Д.С.Лихачёвдун байкоосу боюнча, концепттердин катмары белгилүү бир тилде сүйлөөчүлөргө ылайык белгилүү бир деңгээлде өзгөрүлмөлүү касиетке ээ. Маданий тажрыйбалардын өнүгүүсү менен жана бай адабияттардын катарында концептосфера да тынымсыз баюунун үстүндө болот [181, 286-б.].

Концепт бир нече факторлор: улуттук каада-салттар, элдик оозеки чыгармачылык, дин, идеология, турмуштук тажрыйба, искусствонун, сезүүнүн жана баалуулуктар системасынын образдары ж.б. факторлор менен өз ара байланышуулардын натыйжасы болуп эсептелет. Концепт адам менен дүйнөнүн ортомчусу болот. Ал маданий катмарды түзөт. Ошондой эле тил илиминде акыркы жылдары тил жөн гана маалымат алмашуунун, таанымдын куралы катары каралбастан, улуттун менталдык-

маданий белгисин (кодун) түшүндүрүүчү кубулуш катары активдүү өнүгө баштады. Тил чындыкты чагылдырып гана тим болбостон, ал адам жашап жаткан өзгөчө чындыкты түзөт, түшүндүрөт, иштеп чыгат. Мындай тил аркылуу түзүлгөн чындык адамдын аны курчап турган дүйнөнү кантип кабыл аларына таасирин тийгизет. Бирок элдердин тигил же бул улуттук жалпылыктардын тажрыйбаларын чагылдырган улуттук тилдин өзгөчөлүгү ушул улуттук тилде сүйлөөчүлөр үчүн дүйнөнү түзбөйт, тескерисинче, дүйнөгө нерселердин, кубулуштардын, процесстердин улуттук өзгөчөлүгү, улуттук маанилүүлүгү менен шартташкан өзгөчө боёкту, түстү берет.

«Концепт» терминине түшүнүк берүүдө изилдөөчүлөрдүн арасында биримдик жок. Тил менен ойломдун өз ара байланыш, карым-катыш маселелерин тилчилер, психологдор, философтор ж.б. өз алдыларынча чечүүгө аракеттенишет. Бул көз караштан алганда, «концепт» терминин аныктоону төрт багытка бөлүүгө болот: философиялык, маданий, когнитивдик, лингвистикалык. Мындай бөлүштүрүү бардык көз караштар бири-бирине карама-каршы эмес, тескерисинче, бири-бири менен өз ара байланышкан жана ошол эле учурда биздин чындыкты көрүүбүздү байыткан шарттуу мүнөздү алып жүрөт деп белгилөөгө болот.

Азыркы тил илиминде когнитивдик лингвистика, лингвокультурология багытындагы концептти атайын изилдөөгө арналган илимий эмгектерде концепттин өтө кызыктуу, актуалдуу жана татаал кубулуш экендиги өзгөчө иликтөөгө алынууда. Биздин максатыбызга ылайык тил илимин полипарадигмалык багытта өсүп өнүгүшүнүн натыйжасында келип чыккан тилдик дүйнө таанымдык жана тилдик маданият таануучулук багыттарда жазылган илимий адабияттардан концептке аныктама берүүдө окумуштуулар көптөгөн аракеттерди жасап, ар кыл көз караштарды айтып келгенин кезиктирүүгө болот.

«Концепт» термини чет элдик окумуштуулардан айырмаланып, орус тил илиминде алгач С.А.Аскольдов тарабынан 1928-жылы жарыяланган «Концепт жана сөз» деген макаласында колдонулган. С.А.Аскольдов-Алексеев концептти изилдөөдө жана аны тил илимине термин катары киргизүүдөгү биринчи окумуштуу болуп эсептелет. Бирок өткөн кылымдын акыркы жылдарына чейин «концепт» илимий адабияттарда термин катары кабыл алынган эмес. С.А.Аскольдовдун ушул жана башка билдирүүлөрүнө карабай, көтөрүлгөн бул маселе ошол жылдардан (1928-ж) кийин изилденбей келген. С.А. Аскольдов өзүнүн макаласында концепттин

табияты жөнүндө же жалпы түшүнүктөр, эскиче атаганда универсалийлер жөнүндө маселени көтөрүп чыккан. Ал концепттин орун ээлөөчү функциясын белгилөө менен аны төмөндөгүдөй деп аныктайт: «Концепт – бул бир түрдүү көптөгөн предметтерди ой-жүгүртүү процессинде биздин оюбуз менен айкалыштырган ойдо сакталган түзүлүш» [37, 268-б.].

Аталган окумуштуу концепттин жаралышында психологиялык мыйзамдар болорун айткан. Ал таанып-билүүчү концепттер жана көркөм концепттер деп концепти экиге бөлгөн. Таанып-билүүчү концепттер деп таанып билүүдөгү объектилердин белгилери жана сапаттары, кыймыл жана абалдары, реалдык жана идеалдык жактан аралашкан нерселерди түшүндүргөн. Көркөм концепттерге аң-сезимде бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ кошумча ассоциацияны чакырган түшүнүктөрдүн, элестөөлөрдүн, сезимдердин, эмоциялардын айкашында жаралган концепттер кирет деп белгилейт.

Ошентип, Аскольдов-Алексеев тарабынан алгачкы жолу колдонулган “концепт” термини колдоого алынып, изилденбей калган. XX кылымдын 80-жылдарында гана англис тилдүү авторлордон орус тилине которууга байланыштуу концепт термини кайрадан колдонула баштаган. Концепт – биздин аң-сезимибизде менталдык жана психикалык каражаттарды жана алар менен бирге адамдын тажрыйбасын, билимин чагылдырган маалыматтык түзүлүштүн бирдигин түшүндүрүүчү термин, семантикалык түшүнүк катары колдонула баштаган.

М.В.Пименованын түшүндүрүүсү боюнча, концепт – бул тилдик түшүндүрүүлөргө ылайык концептуалдык системанын бирдиги. Анда дүйнө жөнүндө маалыматтар камтылат. Бул маалымат актуалдуу жана виртуалдуу дүйнөгө тиешелүү. Индивид ички жана сырткы дүйнөлөр жөнүндө эмнени билет, ойлонот, элестетет, мына ошол концепт деп аталат. Концепт – бул дүйнөнүн фрагменти жөнүндө элестөөлөр. Мындай элестөөлөр (образ, идея, символ) жеке элестөөлөр жана индивидуалдуу тажрыйбалардын белгилери менен толукталган жалпы улуттук белгилер менен калыптанат. Концепт – бул индивидуалдуу элестөөлөрдүн, түшүндүрүүлөрдүн белгилери менен татаалданган улуттук образ, идея, символ [233, 9-б.].

Дж.Лайонздун аныктамасы боюнча, «концепт деп акылдын жардамы менен курчап турган дүйнөнү таанып билген же түшүнгөн ойлом, элестөө же менталдык түзүлүштү түшүнүүгө болот» [324].

Концепт дүйнө жөнүндө билимдердин ишке ашкан көлөмү жана көз караштар катары да каралат. Маселен, В.Н.Телия: «концепт – бул фреймде түзүлгөн билимдер, бул болсо объектидеги жөнөкөй белгилерди гана чагылдырбастан, ошол нерсе жөнүндө белгилүү бир коллективдеги билимдер менен толукталып турат [300, 96-б.]. Ошондой эле «концепт – бул “бул жөнүндө эмне белгилүү?» деген суроого жооп берген жана бардык байланыштарды жана мамилелерди билдирген билимдер” [300, 100-б.].

Америкалык окумуштуу Р.Джекендофф лексикалык концептти белгилүү бир аталган объектинин белги-касиеттери жөнүндө жана алдыда когнитивдик системага кирген башка объектилердин менталдык түшүндүрүүлөрү менен салыштырылган маалыматтарды өзүндө сактаган менталдык схема катары түшүндүрөт [321, 9-б.].

В.Зусмандын билдирүүсү боюнча, «концепт – бир эле учурда жеке элестөөлөр жана жалпылык. Түшүнүктүк жана сезимдик аралыктарда маңыздык жылышуулар концептти ар кандай түрдөгү дискурстарда ишке ашууга жөндөмдүү, ийкемдүү, универсалдуу түзүлүш кылат. Концепттин ордун аткаруучу функция символикалуу. Жыйынтыгында концепт символиканын чөйрөсүнө аралашууга потенциалдуу жана динамикалуу багытталган символикалык проекция, символ, белги, аныкталган мүмкүндүк катары ачылып көрсөтүлөт. Динамикалуулук жана символизм концепттин потенциалдык табиятын ар тараптан түшүндүрөт [101, 38-б.].

Дж.Лакоффтун пикири боюнча, концепт түшүнүгүн философиялык категория гештальт менен салыштырууга болот. Бул категория гештальт психологиядагы борбордук абалды ээлейт жана кабыл алынган нерселердин туруктуу топтолгон табигый формасын билдирет. Өтмө маанисинде гештальт түшүнүгү элементтердин ойлоо жөндөмдүүлүгүнө жана маданий түзүлүшкө, баалуулуктарга байланышкан жана аныкталган бүтүндөй структурасы катары кабылданат. Бул парадигмада концептти элементтери бири-бирине таасир эткен жана бири-бири менен байланышкан түшүнүк менен байланышкан бүтүндөй түзүлүш катары аныктоого болот [172, 350-б.].

Кыргыз тил илиминде тилдик маданият таануу багытында концептти изилдөөгө карата басым жасаган алгачкы окумуштуулардын бири – профессор З.Дербишева. Тилдик дүйнө таанымдык жана тилдик маданият таануучулук багыттагы концепттердин бири-бири менен болгон карым-катышын, байланышын аныктаган окумуштуу В.И.Карасиктин пикирин айтып келип, өгөчө тилдик маданият таануу багытындагы концепттерди

изилдөөгө басым жасайт жана концептти түшүнүүгө карата өзүнүн көз карашын сунуштайт: «Концепт – бул адамдын когнитивдик тажрыйбасы эсте сакталган жалпыланган ойломдук бирдик. Концепт – реализациялоонун ар түрдүү ыкмаларын, анын ичинде тилде вербалдаштырууну өзүнө камтыган татаал конструкт. Лексикалык атоолор түрүндөгү, вербалдаштырылган формага ээ концепттер ошол тилде сүйлөөчүлөр үчүн актуалдуулуктун жана маанилүүлүктүн ар түрдүү баскычтарына ээ. Тигил же бул концепттер үчүн өзгөчө «ярлыктар» болгон сөздөр изилдөөчүгө тигил же бул маданий социум үчүн өтө маанилүү концепттерди тандоого мүмкүнчүлүк түзөт. Бул сөздөр баалуу концепттерге өзгөчө улуттук концептосферага кандайдыр бир “негиз” («ключ») болуп эсептелишет» [82, 29-б.].

Концептти тилдик дүйнө сүрөтүнүн бирдиги жана концептуалдаштыруунун натыйжасы катары караган окумуштуу – профессор У.Дж.Камбаралиева. Ал аталган терминдин колдонулушунун ар түрдүүлүгүн белгилеп келип, ал жөнүндө төмөндөгүдөй аныктама берет: «Концепт – бул ойлоо кодунун базалык бирдиги катары адамдын аңсезиминде катышкан, бардык эле учурда вербалдаштырылбаган мазмунга жана салыштырмалуу системалаштырылган структурага ээ, жеке адамдын жана коомдун когнитивдик-таанымдык ишмердигинин жыйынтыгы болуп эсептелген, өзүндө чындыктагы нерселер жана кубулуштар жөнүндө адамдын маданий жактан шартташкан түшүндүрүүлөрүн жана маалыматтардын жыйындысын алып жүргөн, дискреттүү, менталдык бирдик» [110, 58-б].

Казак тилдик дүйнө сүрөтүндөгү баалуу концепттерди изилдөөгө алуу менен Галия Далабаева концептке карата өзүнүн төмөндөгүдөй пикирин билдирет: «Концепт – дүйнө жөнүндөгү билимдин кептик-тилдик формада имплициттик-эксплициттик түрдө түшүндүрүлгөн этномаданий белгиге ээ бөлүгү. Бир жагынан, ал тилдик каражаттар менен ишке ашат. Экинчи жагынан, маңыз формасында өзүндө коннотацияны, ассоциацияны, тарыхый маалыматты камтуу менен сезүү тажрыйбасынан улам адамдын предметтик ишмердик процессинде актуалдашып имплициттүү түрдө ишке ашат [78, 20-б.].

Бир нече авторлордон алынган, ар кандай көз караштагы өтө кызыктуу деп эсептелген аныктамалардын катарын улам келтире берүүгө болот. Маселен, концепт – «тил менен ойду» биримдикте көрсөткөн, идеалдуу нерсе [263, 6-б]; концепт – өзүндө билимдердин структуралаштырылган

квантын көрсөткөн ойдогу глобалдык бирдик» [237, 4-б.]; концепт – сөздө жалпыланган, улуттук дүйнө сүрөтүнүн фрагментин чагылдырган айрыкча маанилүү образ” [219, 81-б.]; концепт “адамдык субъективдүүлүктүн бардык түрлөрү жөнүндө маалыматка ээ, ошондой эле сөздүн ишке ашыш ыкмаларын жана чөйрөсүн көрсөткөн антропоборбордук мамиле менен адамдаштырылган тил илиминдеги түшүнүк [243, 15-16-б.]; концепт - тилдик белгиде ички форма аркылуу, грамматикалык категориялар, лексика-семантикалык айкаштар жана метафориялаштыруу аркылуу кандайдыр бир структура түрүндө ишке ашкан рухий же материалдык маданияттын кандайдыр бир кубулушу, нерсеси жөнүндө белгилүү бир социумдун инварианттуу-варианттуу билими [293, 93-б.]; концепт – бул белгилүү объектини баяндоочу, атап көрсөтүүчү лексикалык, паремиялык, фразеологиялык бирдиктердин бардык жыйындысы мазмундун планы болуп эсептелген менталдык, улуттук- спецификалык түзүлүш» [231, 5-б.]; “татаал менталдык структура жана көп катмарлуу кубулуш катары концепттин мазмуну белгилүү деңгээлде адамдын тиричилик аракетинин ар тараптуу жактарына таандык болушу мүмкүн» [127, 20-б.]; «ар бир сөздүн мазмундук төркүнүндө концепттер жатат...сөздүн лексикалык маанисин коштогон, даана көрүнбөгөн, аныктап берүүгө кыйын боёктор, «маңыздар» бар» [314, 24-б.].

Ошентип, тилчи-окумуштуулардын жогоруда концептти түшүнүүдөгү берген аныктамаларына токтолгонубузда алар, биринчиден, тил менен маданиятка, этникалык дүйнө таанымга тиешелүү маанилерди өз ичине камтыса, экинчиден, тил менен ойломго, тил менен аң-сезимге, аң-сезимдеги менталдык түшүндүрүүлөргө байланыштуу маанилерди камтып турат. Бул өзгөчөлүктөрдөн алып караганда, жогорудагы окумуштуулардын концептти изилдөөгө карата көз караштарын талдап келип, аларды шарттуу түрдө эки (тилдик дүйнө таанымдык жана тилдик маданият таануучулук) багытка бөлүп кароого болот деген жыйынтыкка келебиз. Концептти изилдөөдөгү окумуштуулардын ар түрдүү илимий көз караштарынан чыкканда, тилдик маданият таануу багытын жактоочулар (Н.Д.Арутюнова, А.Вежбицкая, С.Г.Воркачёв, З.Дербишева, А.Ислам, В.И.Карасик, В.В.Колесов, Н.А.Красавский, С.Х.Ляпин, В.П.Нерознак, С.Е.Никитина, М.В.Пименова, С.В.Сергеева, Ю.С.Степанов, Г.Рыбаева, Э.Төлөкова, Б.Б.Нарынбаева, Ф.Ф.Фархутдинова ж.б.) тил – маданият – этнос парадигмаларын карманышат. Ал эми тил – ойлом – маданият үчилтигине таянган окумуштууларды когнитивдик мамилени б.а. тилдик

дүйнө таанымдык мамилени жактоочулар деп атоого болот (С.А.Аскольдов-Алексеев, А.П.Бабушкин, Г.И.Берестнев, Р.Джэкендофф, К.Зулпукаров, В.Зусман, У.Камбаралиева, Е.С.Кубрякова, Дж.Лайонез, Дж.Лакофф, Д.С.Лихачёв, Р.Павилёнис, З.Д.Попова, И.А.Стернин, Г.Г.Слышкин, В.Н.Телия, Н.Тихонова, М.Тагаев, М.А.Холодная, Б.Эргешова ж.б. лар).

Корутундулап айтканда, концепт түшүнүгүн аныктоого карата жүргүзгөн кыскача иликтөөбүздүн жыйынтыгында концепттин негизги белгилерин атоого жана жогоруда айтылгандардан кийин, өзүбүздүн көз караш боюнча мындан аркы изилдөөлөрүбүзгө таяныч боло турган концепттин иштелме аныктамасын берүүгө аракет кылабыз. Ошентип, концепт бул: 1) концептуалдык дүйнө сүрөтүнүн (концептуалдык системанын) жана тилдик дүйнө сүрөтүнүн бирдиги болуп эсептелет; 2) чындыктын белгилүү бир фрагменти жөнүндө адамдын билимдерин иштеп чыккан менталдык түзүлүш; 3) концепт – бул бир түрдүү эмес, өзгөчө мүнөздөрү бар «маңыздардын топтому»; 4) концепт – бул адамдын дүйнөнү көрүү системасы менен байланышкан элестөөлөр; 5) субъектилердин (жеке жана жамааттык) баалуу багыт алуулары концепт аркылуу чагылдырылат; 6) концепт – бул дүйнө сүрөтүнүн борбордук жана перифериялык фрагменти боло алат; 7) концепт – маңыздык баскычтардын уникалдуулугун көрсөтө алган улуттук мүнөзгө ээ бирдик; 8) тигил же бул концепттердин мазмуну ар түрдүү элдердин турмуштук тажрыйбасына, дүйнө түшүнүүсүнө ылайык ар башка мүнөзгө ээ; 9) концепт дайым эле тилдик каражаттар менен байланышпай адамдын аң-сезиминде (образ, элес, сүрөт ж.б) жашайт, дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө түшүндүрүү керек болсо, концепт тилдик каражаттар (сөз, сөз айкашы, сүйлөм, текст) аркылуу түшүндүрүлөт; 10) концепт – белгилүү бир субъектинин түшүндүрүүсү аркылуу келип чыккан «объективдүү маңыз»; 11) ар бир концепт белгилүү бир маданияттын чегинде калыптанат жана ал өзүндө ошол маданияттын кандайдыр бир белгисин алып жүрөт; 12) концепт – белгилүү бир улуттун дүйнө таанымын чагылдырган түшүнүктөрдүн жыйындысынан турат жана концептосфераны түзөт; 13) концепт – бул улуттук идея, улуттук символ, улуттук образ.

Жыйынтыктап айтканда, **биздин пикирибиз боюнча, концепт – бул аң-сезимдеги элестөөлөрдүн, образдардын негизинде билимдер жана таанымдар катары калыптанган, улуттук жана менталдык мүнөзгө**

**ээ, белгилүү бир маданияттын белгилерин дүйнөнүн тилдик сүрөтү аркылуу туюндурган когнитивдик-тилдик татаал түшүнүк.**

## 1.3. Концепттерди изилдөөнүн ыкмалары жана багыттары

Кыргыз тили – дүйнөнү кабылдоону өзгөчө ыкма менен чагылдырган тарыхый мүнөзгө ээ улуттук символ. Кыргыз тилинин улуттук маданий өзгөчөлүгү, эң алды, этномаданий мүнөзгө ээ лексикада чагылдырылат. Лексикалык бирдик – бул сөз. Сөздүн ички мазмунунда чындык же анын фрагменти тууралуу ар кандай көлөмгө ээ маалыматтар камтылган. Сөздүн лексикалык маанисин, мазмун жаратуучу функциясын, өзгөчө дүйнө таанымдык белги-касиеттерин комплекстүү изилдөөгө алуу жана аларды терең талдоо концепттерди изилдөө менен тыгыз байланыштуу. Сөздүн лексика-семантикалык структурасында элдин бир нечелеген кылымдык тарыхындагы белги-касиеттер тууралуу мазмундуу маалыматтар камтылган. Сөздөр улуттук аң-сезимдин, дүйнө таанымдын негизинде көптөгөн билимдердин “уюткусу” кызматын аткаруу менен «түйүндүү сөздөр» же «маданий концепттер» катары каралат. Мындай негизги сөздөрдө ошол элдин маданияты, жашоо-тажрыйбаларынын өзгөчөлүктөрү көрсөтүлөт.

Концепт түшүнүгүнө тиешелүү буга чейин изилдөөгө алынган илимий-теориялык, методологиялык маселелерди жана изилдөөчү А.Д.Шмелёвдун төмөндөгү пикирин көңүл борборуна алуу менен, концепт маселесине төмөнкүчө ой айтууга болот: “... Эгер сөздөр маданиятта болгон кандайдыр бир өзгөчөлүктөрдү түшүндүрүү үчүн “негиз” болуп берсе, башкача айтканда, семантикалык талдоо жана аларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү маданияттын өзү, анын дүйнө көрүүсү үчүн мүнөздүү болгон баалуу көрсөтмөлөрү ж.б. жөнүндө кандайдыр бир нерсени айтып жатса, тилдеги андай сөздөр белгилүү бир маданиятты тейлөө үчүн “негизги” (“түйүндүү”) болуп эсептелишет [94, 17-б., 307]. Демек, окумуштуунун көз карашына таянсак, ар бир маданияттын менталдык өзгөчөлүгү, дүйнө көрүүдөгү каада-салт, үрп-адаттары ж.б. баалуулуктары анын тили, сөздөрү - концепттери (сөз, сөз айкашы, сүйлөм, тексттери) аркылуу чагылдырылат деген бүтүм чыгарууга болот. Концепт белгилүү бир элдин, белгилүү бир учурдун бөтөнчөлүктөрүнө таянылып аныкталат. Ошондуктан концептуалдаштыруу процессин тил аркылуу чагылдыруу жана концепттин мазмунун ачып берүү белгилүү бир тилде сүйлөгөн,

ошол тилде ой жүгүртө алган, ошол тилде дүйнөнү таанып, туюп, кабылдай алган адамга, ошол тилди толук өздөштүргөн тилчи-окумуштууга гана толук түшүнүктүү. Натыйжада, биринчи планга менталдуулук же концепттин менталдык мааниси чыгат. Концептти изилдөөдө ал кандай түрдө экендигинен (материалдык баалуулуктарды, руханий баалуулуктарды билдиргендигинен) көп нерсе көз каранды. Белгилүү болгондой, концепттер ар кандай түрдөгү, жөнөкөйдөн татаал, жогорку деңгээлдеги жалпыланган татаал концептуалдык структурага чейинки маалыматтарды билимдер аркылуу берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Изилдөө ишинин методологиялык негиздерин тилдик дүйнө тааным, тилдик маданият таануу, дүйнө сүрөтү, дүйнөнүн тилдик сүрөтү, тилдик семантика, этимология, тил илиминин тарыхы, ошондой эле тил илиминин, лингвофилософиянын жалпы маселелери боюнча ата мекендик жана чет элдик окумуштуулар В. фон Гумбольдт, А.А.Потебня, Э.Сепир, Б.Уорф, Ю.Д.Апресян, Н.Д.Арутюнова, Г.А.Брутян, А.Вежбицкая, С.Г.Воркачев, Е.М.Верещагин, В.В.Воробьев, Ю.Н.Караулов, О.А.Корнилов, В.Г.Костомаров, Е.С.Кубрякова, Н.А.Красавский, Ю.С.Степанов, С.Е.Никитина, В.Н.Телия, В.А.Маслова, В.И.Карасик, М.В.Пименова, З.Д.Попова, И.А.Стернин ж.б. ошондой эле улуттук маданий салттарда Р.Р.Замалетдинов, Б.Х.Бгажноков, З.Х.Бижева, Н.У.Ворокова, А.И.Геляева, С.К.Башиева, Р.С.Аликаев, А.Г.Гюльмагомедов, кыргыз окумуштуулары Б.М.Юнусалиев, Б.Ө.Орузбаева, Т.К.Акматов, С.Өмүралиева, С.Ж.Мусаев, Б.Ш.Усубалиев, Т.С.Маразыков, З.К.Дербишева, К.З.Зулпукаров, У.К.Камбаралиева, Б.Сагынбаева, Б.Б.Нарынбаева, А.Э.Абдыкеримова ж.б. казак окумуштуулары А.Коңыратбаев, Ә.Кайдар, Р.Сыздық, М.Копыленко, Е.Жанпейисов, Т.Жанузақов, Н.Уали, Б.Калиев, А.Аманжолов, А.Махмутов, С.А.Каскабасов, С.Н.Акатаев, О.Сүлейменов, Ә.К.Ахметов, А.Ислам, Г.К.Рысбаева, Г.М.Далабаева, Ф.М.Ержанова жана башкалардын изилдөөлөрү түзүп, окумуштуулардын эмгектери, алардагы илимий көзкараштар, ой-корутундулар, теориялык-методологиялык негиз катары иште жетекчиликке алынды.

Изилдөө жүргүзүүдө төмөндөгү энциклопедиялар, сөздүктөр ж.б. материалдар булактар катары пайдаланылды. «Древнетюркский словарь» (1969), «Кыргыз Совет Энциклопедиясы» (баш.ред. Б.Орузбаева, 1977), «Өздөштүрүлгөн сөздөр» (К.Карасаев, 1986), «Накыл сөздөр» (Карасаев, 1982) «Камуз наама» (К.Карасаев, 1996), «Кыргыз тилинин кыскача эти-

мологиялык сөздүгү» (К.Сейдакматов, 1988), «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (баш.ред. Ж.Шүкүров, 1969, баш.ред. Э.Абдуллаев, Д.Исаев, 1984) «Кыргыз тилинин сөздүгү» (2010), «Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү» (Ш.Жапаров ж.б., 2015), «Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү» (Ж.Осмонова ж.б., 2015), «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү (К.Карасаев, 2009), «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» (Ж.Осмонова, К.Конкобаев, Ш.Жапаров, 2001, 2015), «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү», (Ж.Мукамбаев, 2009), «Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы» (баш.ред. С.Ж.Мусаев, 2015), «Орусча-кыргызча сөздүк» (К.Юдахин, 2000), «Кыргызча-орусча сөздүк» (К.Юдахин, 1965), «Большой энциклопедический словарь» (гл.ред. В.Д.Стариченок, 2008), «Мифологический словарь» (под ред. Е.М.Мелетинского. М, 1990), «Кыргыз элинин макал-ылакаптары» (А.А.Джапанов, 2011), «Кыргыз макал-лакаптары» (М.Ибрагимов, 2005), “Табышмактар» (Баш сөзүн жазган К.Ибраимов, 2002.),. «Макал-лакаптар жыйнагы» (Ж.Койчуманов, 2011) , «Макал-лакаптар» (А.Садыкулова, 2010) ж.б.

Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык-методикалык негиз катарында дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн теориялык жоболору, эрежелери жетекчиликке алынды. Ошондой эле дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү түйүндүү концепттерди жана алардын аткарган кызматын изилдөөдө тилдик дүйнө тааным жана тилдик маданият таануу багыттарында иликтөө жүргүзүү методдору кеңири пайдаланылды. Белгилей кетүүчү жагдай, концептти изилдөөнүн методдорунда көрсөтүлгөндөй, адатта, борбор (ядро) жана жака-бел (периферия) (жакынкы жака-бел, алыскы, четки жака-бел) түшүнүктөрү аркылуу концепттер талдоого алынат. Негизги концепттерди иликтөөдө улуттук, менталдык өзгөчөлүктөрдү чагылдырган билимдерди жана таанымдарды аныктап чыгуу үчүн, З.Д. Попова, И.А.Стерниндин изилдөөлөрүндө көрсөтүлгөндөй [238, 270], концепттин структуралык компоненттеринин перифериялык бөлүгүнө, түшүндүрүүчү семантикалык талаага (интерпретационное поле) көбүрөөк басым жасалып, концепттин мазмундук бирдик экендигин аныктоо максатында семантика-функционалдык аспектиден талдоолор жүргүзүлдү. Концепттерге анализ жүргүзүүдө лексика-семантикалык талаадагы коннотативдик, метафоралык талаага ылайык көбүнчө фразеологиялык, паремиялогиялык жана көркөм тексттик материалдар изилдөөгө алынды. Ошону менен бирге каралган теориялык жана методологиялык маселелердин имманенттүү мазмунун ачуу максатында түйүндүү концепттер диахрондук ас-

пектиде тарыхый-этимологиялык жактан түшүндүрүү, этнолингвистикалык талдоо, салыштырмалуу сыпаттоо, системалаштыруу, топтоо жана концептуалдык талдоо, анализ, синтез ж.б. методдор аркылуу ар тараптуу иликтөөгө басым жасалат. Негизги концепттерге тиешелүү кыргыз тилиндеги тилдик маалыматтар аркылуу улуттук аң-сезимдеги тарыхый, маданий, диний, ж.б. менталдык мүнөзгө ээ билимдер жана таанымдар иликтөөгө алынды.

Концептти изилдөөнүн конкреттүү ыкмаларына токтолсок, концептти изилдөөнүн ыкмаларын когнитолог-окумуштуулар ар түрдүү, көп маанилерде карап жүрүшөт. Алардын ичинен изилдөөнүн жөнөкөй ыкмасын сунуштоо менен, концепттин маанисин, көлөмүн чечмелеп изилдөө ыкмасында төмөндөгү ыкмалар эске алынышы керек:

1) Лингвистикалык, энциклопедиялык сөздүктөргө кайрылуу аркылуу белгилүү бир тилдик аң-сезимдеги концепттин ордун аныктоо. Мында сөздүк түшүндүрмөлөрдү концепттин борбору (ядро) деп эсептөөгө болот.

2) Белгилүү бир концептке тийиштүү болгон референттик кырдаалдарды (синоним, сөз айкаштары аркылуу) түзүү. Андай референттик кырдаалдардын катарында, аларга таянуу менен, алардын негизинде көркөм тексттерде өзгөчө мааниле, образдар, ассоциациялар түзүлөт.

3) Этимологиянын өзгөчөлүктөрүн эске алуу, түшүндүрмө сөздүктөргө таянуу менен сөздүн мааниси жөнүндө жалпы маалымат берүү. Ал эми энциклопедиялык сөздүктөргө таянуу менен түшүнүк жөнүндө жалпы маанилерди берүү.

4) Концептти көркөм, идиоматикалык, илимий, публицистикалык, философиялык ж.б. ар түрдүү контекстте анализге алуу.

5) Негизги концепттин аткарган кызматына карай, анын башка концепттер менен болгон ассоциативдик байланышын көрсөтүү.

6) Эгерде маданий концепт анализге алынып жаткан болсо, ал ошол маданияттын бардык чөйрөлөрүндө кандай, кайсы жерде колдонулуп жаткандыгына карай бир нече жолу кайталанып, түшүндүрүлүүсү зарыл.

7) Концепттин белгилүү бир тилдик дүйнө сүрөтүндөгү менталдык өзгөчөлүктөрүн аныктоо керек.

Аталган ыкмалар изилдөө предметине тикеден-тике көз каранды болгон ар түрдүү формада ишке ашуучу “концептуалдык талдоо” деген жалпы аталышка биригишет. Белгилей кетүүчү жагдай, концептти изилдөөнүн негизги белгиси аң-сезимдеги менталдык билимдерди, тааным-

дарды тилдик каражаттар аркылуу изилдөө менен өзгөчөлөнөт. Концептти талдоонун бул ыкмасы концептуалдык талдоо жүргүзүү ыкмаларынын бирөө гана болуп эсептелет. Жыйынтыгында концептти изилдөөнүн ыкамалдарын экөө, үчөө менен чектеп коюуга болбойт. Анткени концептти изилдөөгө карата ар түрдүү көз караштардын, изилдөөлөрдүн көптүгүнөн улам изилдөөнүн ар түрдүү ыкмаларын колдонсо болот.

Илимий изилдөөнүн багыты же концептке карата эки илимий мамилени өзгөчө белгилөөгө туура келет.

- биринчиси – концепти изилдөөнүн тилдик дүйнө таанымдык (лингвокогнитивдик) багыты (С.А.Аскольдов-Алексеев, А.П.Бабушкин, Г.И.Берестнев, Р.Джэкендофф, В.Зусман, Е.С.Кубрякова, Дж.Лайонез, Дж.Лакофф, Д.С.Лихачёв, Р.Павилёнис, З.Д.Попова, И.А.Стернин, Г.Г.Слышкин, В.Н.Телия, Н.Тихонова, М.А.Холодная, К.Зулпукаров, М.Тагаев, У.Ж.Камбаралиева, Б.Эргешова, А.Абдулатов, М.Амиралиев ж.б. илимий изилдөөлөрү кирет).

- экинчиси – концептти изилдөөнүн тилдик маданият таануучулук (лингвокультурологиялык) багыты (Н.Д.Арутюнова, А.Вежбицкая, С.Г.Воркачёв, В.И.Карасик, В.В.Колесов, Н.А.Красавский, С.Х.Ляпин, В.П.Нерознак, С.Е.Никитина, М.В.Пименова, С.В.Сергеева, Ю.С.Степанов, З.Дербишева, А.Ислам, Г.К.Рысбаева, Э.Төлөкова, Б.Б.Нарынбаева, Ф.Ф.Фархутдинова ж.б. илимий изилдөөлөрү кирет).

Концептти изилдөөнүн тилдик дүйнө таанымдык (лингвокогнитивдик) жана тилдик маданият таануучулук (лингвокультурологиялык) мамилелери бири-бирин толуктап, шарттап турат. Башкача айтканда, бул багыттар же мамилелер жеке адамга карата болгон мамиле боюнча айырмаланышат. Концепт жеке адамдын аң-сезиминдеги менталдык түзүлүш катары коомдук концептосферага таандык болот, тактап айтканда, концепт – маданиятка таандык маселе. Концепт – жеке адамдын тажрыйбаларынан, билимдеринен туруп, коллективдик тажрыйбага айланган маданияттын бирдиги [122, 117-б.]. Ушундай мамиледен улам, лингвокогнитивдик концепт жеке аң-сезимден жалпы маданиятка карай багытталат. Ал эми лингвомаданий концепт жалпы маданияттан жеке аң-сезимге карай багытталат. Натыйжада, сыртка (объективдүүлүккө) болгон кыймылдар менен ичке (субъективдүүлүккө) болгон кыймылдарды ажыратып тааный билүү изилдөө ыкмасынын бирине кирет.

Концепт – тилдик дүйнө таанымдык кубулуш катары биздин аң-сезимибиздеги менталдык жана психикалык каражат болуп эсептелет. Ал –

адамдын билимдерин жана тажрыйбаларын чагылдырган маалыматтардын структурасынын бирдиги. Эс тутумдун, менталдык лексикондун, концептуалдык системанын жана тилдик аң-сезимдин, адамдын психикасына чагылдырылган бүтүндөй дүйнө сүрөтүнүн мазмундук бирдиги деп аталат. Концепттин бир бөлүгү тилдик байланыштарга ээ. Ал эми башка бөлүктөрү өзгөчө менталдык түшүндүрүүлөргө - образдарга, сүрөттөөлөргө, схемаларга, символдорго ж.б. ээ.

Когнитивдик лингвистиканын көз карашында концепт тилдеги даяр материалдар: лексемалар, фразеологиялык айкаштар, эркин сөз айкаштары, паремиялар, сүйлөмдөрдүн структуралык түзүлүштөрү, тексттер, тексттердин жыйындысы менен түшүндүрүлөт. Лингвокогнитивдик мамиле ошондой эле маани менен маңызды жана концепт түшүнүктөрүн айырмалай билүүдө да маанилүү роль ойнойт. Маани – бул коомдун тарыхый өнүгүшүндө байланыштардын системасын түзгөн объективдүү кубулуш катары сөздүн артында турат. Бул же тигил маалыматты түшүндүрүүдө маани ар түрдүү тилде сүйлөөчүлөрдү бириктире алат. Ал эми маңыз сөздүн жеке (индивидуалдуу) мүнөзгө ээ болушун туюндурат. Башкача айтканда, белгилүү бир кырдаал, шарт менен байланышкан маалымат алмашуунун жана айтуучунун же жазуучунун жеке субъективдүү көз карашы менен байланышкан индивидуалдуу маанини түшүндүрөт.

Когнитивдик мамиле концепттердин катарына улуттук тилдик аңсезимдин мазмунун түзгөн жана белгилүү бир тилде сүйлөөчүлөрдүн жөнөкөй, жупуну дүйнө сүрөтүн түзгөн лексемаларды жана маанилерди камтыйт. Улуттун бардык маданиятынын негизине таянган жана иштелип чыккан концепттердин жыйындысы белгилүү бир тилдин концептосферасын түзөт. Ал эми концептке болгон тилдик маданият таануучулук мамилеге белгилүү бир этномаданияттын концептосферасын түзгөн концепттер кирет.

Концептти маданияттык кубулуш катары түшүнүү, белгилүү бир элдин тили менен маданиятын изилдөөдөгү анын маанисинин өсүшү тилчилер, маданият таануучу, тилдик маданият таануучу, философтордун көңүлүн өзүнө бурууда. Ошондой эле тил илиминде акыркы жылдары тилди жөн гана маалымат алмашуунун, таанымдын куралы катары карабастан, улуттун менталдык-маданий белгисин (кодун) түшүндүрүүчү кубулуш катары кароочу багыт болуу менен активдүү өнүгө баштады. Тил чындыкты чагылдырып гана тим болбостон, ал өзү адам жашоосунда чындыктын өзгөчө бир түрүн түзөт, аны түшүндүрөт, иштеп чыгат. Мын-

дай тил аркылуу түзүлгөн чындык адамдын аны курчап турган дүйнөнү кантип кабыл аларына чоң таасирин тийгизет. Бирок элдердин, тигил же бул улуттун жалпы тажрыйбаларын чагылдырган улуттук тилдин өзгөчөлүгү ошол улуттук тилде сүйлөөчүлөр үчүн дүйнөнү түзбөйт, а тескерисинче, дүйнөдөгү нерселердин, кубулуштардын, процесстердин улуттук өзгөчөлүгү, улуттук маанилүүлүгү менен шартташкан өзгөчө боёкту, түстү жаратат.

Экинчи главадагы маселелерди жыйынтыктап айтканда, тил – дүйнөнү концепттер катары туюндуруунун универсалдуу формасы. Дүйнө жөнүндө ой жүгүртүүнүн калыптанышы сезимдик кабылдоо, элестөө жана сүйлөө ишмердигинин негизинде ишке ашат. Бул ишмердиктер маалыматтарды жыйноо аркылуу мазмундуу түшүнүктөрдү же концепттерди пайда кылат. Концепт белгилүү бир маданияттын ажырагыс элементи болуп эсептелет.

Концепт – дүйнөнүн тилдик таанымдык кубулушу катары биздин аң-сезимибизде менталдык-психикалык каражат. Ал дүйнөнүн кубулуштары жөнүндөгү элестөөлөрдөн, ой-толгоолордон жаралат. Концепттин борборунда баалуулуктар турат. Концепт маданиятты, дүйнө таанымды, менталитетти изилдөөгө кызмат кылат.

Концепт чындыктын когнитивдик көчүрмөсү катары түшүнүк жана сөздүн мааниси менен байланышта болот. Концепт сөздөн айырмаланып, өзүнө маңызды, терең ойду камтыйт. Ал сөздөн, түшүнүктөн да кеңири мааниге ээ. Концепт ушул компоненттердин биримдиги жана маңыздын ээси. Ал – билимдерди иштеп чыгуунун, сактоонун жана жеткирүүнүн негизги бирдиги. Ар бир концепт дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн фрагменти болуп эсептелет. Дүйнөнүн концептуалдык сүрөтү жалпы, адамзаттык, улуттук мүнөздөргө ээ.

Тил илиминде “концепт”, “маданий концепт” деген сыяктуу жаңы түшүнүктөргө кайрылуу тилдин категорияларын структуралык жагынан түшүндүрүүлөр менен байланышкан *маани, маанилүүлүк* түшүнүктөрүнө ылайык бир канча көз караштарды өзгөртүүгө багыт берет.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө концептти эки багытка бөлүп карооо болот: биринчиси – лингвокогнитивдик (тилдик дүйнө таанымдык) багыт (мында концепт алгач аң-сезимдин когнитивдик структурасы, дүйнө жөнүндөгү билимдердин өзгөчөлөнгөн формасы катары түшүндүрүлөт), экинчиси – лингвомаданий (тилдик маданият таануучулук) багыт (мында

концепт белгилүү бир маданияттын өзгөчө белгисин, изин өзүндө алып жүргөн менталдык негиз (түйүн) катары түшүндүрүлөт).

Негизги маданий концепттерге маданий жактан өзгөчө орду бар, семантикалык жана семиотикалык жактан өзгөчөлүккө ээ болгон, адамдын өздүк таанымы аркылуу иштелип чыккан жана белгилүү бир маданиятта дайыма колдонулган нерсе менен байланышкан концепттерди киргизүүгө болот. Элдин тилдик дүйнө сүрөтүндөгү маданий концепттерди аныктоодо ошол элдин тилинин дүйнө сүрөтү жана ошол тилдин концептосферасы көңүл борборунда болууга тийиш.

Концепттин өзүн түшүнүк катары түшүндүрүүнүн негиздери, концептуалдык талдоонун техникасы жана анын жыйынтыктарын түшүндүрүүнүн акыркы формасы азыркы тил илиминин методологиясында бир түрдүү, бир мүнөздүү түшүндүрүүгө ээ боло элек.

# 2-БАП. ТАБИЯТ КОНЦЕПТТЕРИНИН КОГНИТИВДИК-ТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## 2.1. «Суу» концепти

Суу, эң алды, бардык элдердин көз караштарынын системасында жер жүзүндөгү тирүүчүлүктү, түбөлүктүү жашоону камсыз кылып турган жаратылыштагы негизги күч катары кабылданат. Бирок суунун кыймылы, касиети, мааниси ар түрдүү элдердин дүйнө таанымына, маданиятына жараша ар кандай маани-мазмунга ээ. Маселен, суусу аз, кургакчылык өкүм сүргөн жерлерде жашаган элдердин жашоо-тажрыйбаларында суу жөнүндө өздөштүрүлгөн, мазмундаштырылган маалыматтар, билимдер азыраак болушу мүмкүн. Ал эми, тескерисинче, сууга бай жерлерде жашаган элдердин маданиятында суу менен байланышкан когнитивдик-тилдик маалыматтар өтө көп кездешери маалым. Суу жөнүндөгү мындай маалыматтарды когнитивдик-тилдик аспектиден талдоого алуу ар бир тилдеги лексемалар, фразеологиялык, паремиологиялык бирдиктерди талдап чыгуу менен түздөн-түз байланыштуу болот. Бул көз карашыбызды бекемдөө үчүн, биздин ишибизге чейинки сууну концепт катары атайын изилдөөгө алган илимий изилдөөлөргө токтолуп кеткенибиз оң. Мисалы, Г.А.Абыканованын «Концепт «вода/суу» в русском и кыргызском языках» аттуу илимий изилдөө иши – «Суу» концепти тууралуу жазылган алгачкы эмгек. Аталган эмгекте автор орус тили менен кыргыз тилиндеги вода/суу концептинин өзгөчөлүктөрүн салыштыруу, айырмачылыктарын жана окшоштуктарын белгилөө жана системалуу баяндап берүү максатын көздөгөн. Бул максаттын иш жүзүнө ашырылышында концепт жөнүндөгү теориялык-методологиялык изилдөөлөргө сереп жүргүзүлүп, иштин экинчи бөлүмүнүн биринчи параграфында «дүйнөнүн тилдик сүрөтү» базалык түшүнүгү жөнүндө изилдөөлөр кыскача каралып кеткен. Ал эми эмгектин үчүнчү бөлүмүндө вода/суу негизги сөзүнө карата энциклопедиялык, деривациялык, лексика-фразеологиялык, паремиологиялык, ассоциативдик талаалар түзүлүп, орус жана кыргыз тилинин материалдарынын негизинде концепттин структурасындагы борбор (ядро) жана жакабелдерине (периферия) тиешелүү лексемаларга ассоциативдик эксперименттин жыйынтыгы чыгарылып, статистикалык анализ жүргүзүлгөн. Маселен, *аккан суу* түшүнүгү жөнүндө орус тилдик дүйнө таанымында реакция 0 сандык көрсөткүчүн берсе, кыргыз тилдик дүйнө таанымында реакция 31 сандык көрсөткүчүн, *деңиз* сөзү жөнүндө орус тилдик дүйнө

таанымында реакция 45 сандык көрсөткүчүн түзсө, кыргыз тилдик дүйнө таанымында реакция 1 сандык көрсөткүчүн түзгөн. Ошону менен катар суу сөзү катышкан жер-суу аталыштарынын статистикасы аныкталган. Контрастивдик метод аркылуу иштелген бул эмгекти эки тилге тиешелүү фразеологизмдер, макал-ылакаптар, метафоралар каралган, маанилерине ылайык салыштырма ыкмада анализ жүргүзүлгөн баалуу эмгек деп эсептөөгө болот [12].

Ал эми У.Н.Камардинованын «“Суу” концептинин когнитивдик-тилдик мазмуну» аттуу илимий изилдөөсүндө когнитивдик лингвистикалык изилдөөлөргө сереп жүргүзүлүп, когнитивдик лингвистиканын түшүнүк, категориялары тууралуу изилдөөлөрдүн материалдары кеңири колдонулган. Бул иштин биринчи бабынын 5-параграфында «дүйнө сүрөтү, дүйнөнүн тилдик сүрөтү» түшүнүгү жөнүндө илимий-теориялык изилдөөлөр азын-оолак каралган. Бул эмгекте «Суу» концепти жөнүндө кыргыз тилиндеги илимий дүйнө сүрөтүнө тиешелүү бардык илимдерде колдонулуучу сууга тиешелүү терминдердин статистикасы жүргүзүлгөн. Ошондой эле кыргыз тилиндеги факты-материалдардын негизинде фразеологимдер, паремиологиялык бирдиктер топтолуп, когнитемаларга бөлүштүрүлгөн. Акындардын көркөм чыгармаларындагы «аккан суу» түшүнүгүнүн колдонулушу когнитемаларга бөлүнүп, колдонулуу санынын статистикалык жыйынтыгы чыгарылган. Бул эмгекте да 138 студентке сурамжылоо жүргүзүү менен кыргыз тилдүү студенттер аркылуу «Суу» концептинин ордун, мазмунун аныктоо үчүн ассоциативдик эксперимент жүргүзүлгөн. Маселен, Суу өмүрдүн, жашоонун булагы – 37; Суу – H2O – 19; Суу – тазалык – 11 ж.б. сандык көрсөткүчтөр эксперименттин жыйынтыгын билдирип турат [109].

Биздин изилдөөбүздүн негизги максаты жогорудагы илимий эмгектердеги изилдөө максатынан кескин айырмаланат. Анткени анда тилдик дүйнө тааным жана тилдик маданият таануу багыттарынын өзгөчө теориялык категориясы деп каралган «дүйнөнүн тилдик сүрөтү» базалык түшүнүгү изилдөөнүн теориялык негизин түзүп, анын негизги илимий-теориялык жоболору, принциптери, эрежелери, метод, методологиясы жетекчиликке алынат. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүн изилдөөнүн объектиси болуп эсептелген концепттин структурасынын четки перифериялык бөлүгүнө өзгөчө басым жасалат. «Концепт – бул сөздүн маңызы, смысл термини менен бирдей» - деген А.А.Потебнянын негизги идеясына ылайык, «сөздүн маңызы, смыслы» (С.Өмүралиева, С.Ж.Мусаев, У.Ж.Камба-

ралиева), «сөздүн төркүнү» (Т.С.Маразыков), сөздүн коннотациялык мааниси (А.Абдыкеримова), «сөздүн образдуулугу, ички мааниси» (Б.Ш.Усубалиев) ж.б. идеяларына таянып, сөз-концепттин мазмунун, маңызын, кыргызга тиешелүү менталдык өзгөчөлүгүн, кыргыздын дүйнө көрүү, дүйнө таануу, дүйнөнү образдуу, элестүү кабылдоо, дүйнө түшүнүү өзгөчөлүгүн, дүйнөнүн кыргыздык бейнесин, сүрөтүн, каада-салттык түшүнүктөрүн негизги концепттин коннотациялык, метафоралык маанилери аркылуу чечмелеп, талдоо максаты көздөлөт. «Суу» концепти катышкан фразеологизмдер, паремиялар, туруктуу тилдик каражаттар, символдор, архетип, стереотиптер аркылуу кыргыздардын өзгөчө билимдерин, өзгөчө дүйнө таанымдарын коннотациялык, подтексттик маалыматтар аркылуу чечмелеп көрсөтүү жагдайлары колго алынат. Аталган концептке байланыштуу туруктуу тилдик каражаттардын, фразеологизмдердин, паремиялардын келип чыгуу, жаралуу, колдонулуу өзгөчөлүктөрү диахрондук, тарыхый-этимологиялык негизде каралып, эмпирикалык, этнографиялык, философиялык, прагматикалык ж.б. аспектилерди эске алуу менен талданат.

Когнитивдик лингвистика, лингвокультурология, дүйнөнүн тилдик сүрөтү, концепт маселелеринин улам-улам кайталанып изилденип жатышы анын талаш-тартыш маселелери менен коштолгон, тактоолорду жана толуктоолорду талап кылган, ар биринин изилдөө багыттарынын өзгөчөлүктөрү, алардын изилдене элек жактары көп, жаңы, жаш илимий багыт экендинен кабар берип турат. Ошондуктан биз караган дүйнөнүн тилдик сүрөтү жана анын негизги концепттери башка изилдөөлөрдөн мазмуну жагынан айырмаланып турат.

Кыргыздардын дүйнө таанымында сууга түбөлүктүүлүктүн символу катары терең маани берүү, өздөштүрүү, баалоо, жашоо образдарында (каада-салт, үрп-адат, жүрүм-турум, жөрөлгөлөрүндө) максатка ылайык кеңири пайдалануу, руханий баалуулуктарында суунун катышы менен жаралган мазмундуу маалыматтар тил казынасы аркылуу узак тарыхый мезгилди өз ичине камтып, муундан-муунга, кылымдан-кылымга өтүп колдонулуп келет. Арийне, суу бардык элдерде адамзаттын жашоосунун негизин түзгөн баалуулук катары кабыл алынгандай эле, кыргыздардын да жашоо ишмердигинин негизин түзгөн табигый жана материалдык баалуулук катары өзгөчө баага ээ. Кыргыз эли дүйнө жүзүндөгү көптөгөн элдерден айырмаланып, тоолуу жерлерди мекендешкендиктен, сууга бай эл. Ошондуктан алардын жашоо-тажрыйбаларын, менталитетин, каада-

салтын, үрп-адатын чагылдырган тилдик маалыматтарды, билимдерди суусуз элестетүүгө мүмкүн эмес. Этникалык маданияттагы жашоонун маанисин, активдүүлүгүн аныктоодо суу өмүрдүн, жакшылыктын, сулуулуктун, жүрүм-турумдун, чындыктын, адам тукумунун түбөлүктүүлүгүнүн ж.б символу экендиги тилдик жана тилдик эмес маалыматтар аркылуу кеңири чагылдырылат.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө суу концепти тууралуу, суу сөзү катышкан мазмундуу маалыматтарды иликтеп чыгуу башка илимий дүйнө сүрөттөрүнө салыштырмалуу өзгөчө мааниге ээ. Химиялык, физикалык, географиялык ж.б. илимий дүйнө сүрөтүнө дүйнөнүн тилдик сүрөтү катарлаш келбейт, тескерисинче, илимий дүйнө сүрөтүнүн келип чыгышына жана калыптанышына негиз болуп, жол ачат. Маселен, илимий дүйнө сүрөтүнө ылайык жөнөкөй эле мектеп окуучусу суунун химиялык тутумун, формуласын билет. Ал эми врач-курортолог суунун тутумунда канчалык өлчөмдө йод бар экендигин жана йоддун аздыгынан зоб оорусу келип чыгарын аңдап биле алат. Электрик суунун ток өткөрүү жөндөмдүүлүгүн терең билүүсү керек. Атом энергиясын алуу ыкмасы менен алек болгон илимпоздор анын кадимки суу менен болгон айырмасын аныкташат. Ошентип, *суу* тууралуу адамдардын ар кандай илимий түшүнүктөрүнө карабастан, кандай болбосун, *суу* сөзү өтө жалпы мааниге ээ. Ошентип, *суу* сөзүнүн эң башкы функциясы болгон мааниси жана маңызы алдыңкы орунга чыгат. Суу тууралуу жалпы түшүнүктү билдирген сөз башкалардан айырмаланган, бөтөнчөлөнгөн сезимди козгоочу, таасир кылуучу кызмат аткарат. Бул түшүнүктү колдонуу башка факторлордун таасирине ылайык ишке ашат. Бул жерде суу сөзүнө байланыштуу оозеки же жазуу түрүндөгү контекст, аны колдонуу чөйрөсү, белгилүү шарт ж.б. башкы ролду ойнойт [250, 78-б.]. Анткени суу түшүнүгү жөнүндө кеңири маалымат алыш үчүн тил илимине тиешелүү маалыматтар менен бирге башка гуманитардык илимдердин тилге тиешелүү маалыматтарына, дүйнөнүн көркөм сүрөтүнө кайрылууга, илимге чейинки «карапайым» түшүнүктөрдү пайдаланууга туура келет. Бүткүл адамзаттык жана улуттук коомдук-тарыхый тажрыйбаны өз кучагына алган тил аркылуу гана адам дүйнөнү жана өзүн түшүнүүгө жөндөмдүү. Суунун илимий дүйнө сүрөтүндөгү физикалык, химиялык, географиялык, философиялык ж.б. сүрөттөрдүн ар биринин изилдөө объектиси катары калыптанышына алгач дүйнөнүн тилдик сүрөтү негиз болуп берген.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө сууну концепт катары анализдөөнүн башаты катары, ириде, суу лексемасына кандай түшүндүрмө берилгендигин аныктап алуу үчүн сөздүктөргө кайрылабыз. Маселен, *суу* сөзүн этимологиялык сөздүктө К.Сейдакматов төмөндөгүдөй чечмелеп берет: «Байыркы түрк тилинде жана эстеликтеринде бул сөз *суг* жана *сув* түрүндө болгон. Ошону менен бирге «Огуз намеде» усуг түрүндө да айтылат. *Суу түзсүз, жытсыз суюктук. Суу агат, суусунду кандырат, кирди кетирет, жуун тазалайт*. «Огуз намедеги» усуг сөзү ус+уг морфемаларынан куралган. Байыркы түрк тилинде ус этиши «*сууса*» маанисин билдирет. Ага этиштин зат, сын атооч жасоочу - г, (-ыг, - иг, - уг, -үг, -аг, - ег) мүчөсү жалганып, *усуг* сөзү жасалган. Ал «суусунду кандыруучу» деген маанини туюндурган. Түрк тилдеринде башкы үндүү тыбышы түшүп калышынан келип чыккан *суг* сөзү кеңири колдонула баштап, *усуг* түрү унутулган. Ал эми *суг* түрү өзгөрүүсүз сакталып айтылганы хакас, тува тилдеринде колдонулат. Кыргыз тилиндеги сугар, сугат (суг+ар, суг+ат) сөздөрүндө байыркы түрү өзгөрүүсүз кала берген. Өзбек, кара калпак, кыргыз тилинин дифтонгулуу говорлорунда сөздүн аягындагы г тыбышы *в* болуп өзгөрүп *сув – суw* түрүнө келген варианты айтылат. *Суг жана сув* сөзү азыркы суу деген зат атооч сөзүнүн байыркы түрү» [258, 206-207-б.]. Түштүк диалектинин айрым говорлорунда бүгүнкү күндө да суунун алгачкы *суw* варианты сакталган.

Ал эми кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө сууга төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет: Суу.1. Булак, өзөн, дарыя, көл, деңиздерди пайда кылуучу, химиялык жагынан алганда водород менен кислороддун кошулушунан келип чыккан түзсүз суюктук. Мисалы, *Суу – жерге, байлык – элге* (макал). 2. Өзөн, дарыя. Мисалы, *Куюп жатат Чычканга Жети-Суудан эки суу* (Токтогул). 3.Кургак эмес, ным. Мисалы, *Суу болгон кийимдериңерди кургаткыла* (К.Жантөшев) [161, 212-б].

Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгүндө суу сөзүнүн төмөндөгүдөй маанилери көрсөтүлгөн: Суу I. – зат. (вода; река) булак, өзөн, көлдөрдү пайда кылуучу түзсүз суюктук; өзөн, дарыя. *Жутсаң көңүл ачылган, жайлоонун суусу көк кашка* (А.Осмонов). *Көк деңиздей толкутуп, эгиндин көркүн суу берет* (А.Токомбаев). *Туура суунун баарысын коштоп алган аккан суу* (Тоголок Молдо). Суу II. – этиш (охлаждаться, остывать); становиться под – жарым, подтянутым (о коне которого тренируют к скачкам) – илеби кайтуу, муздоо, салкын тартуу; тери алышып, тапталып, мыкты чуркай турган абалга келүү (жылкыга карата). *Кечки оттун чогу*

*өчүп, табы кайтып, үй сууп калыптыр* (Т.Касымбеков). *Ошондон бери эл көнүлү Садыктан ого бетер сууп калды* (Н.Байтемиров). *Аттар сууп калганда, Таңга супа салганда* («Эр Төштүк») [159, 292-293-б].

Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгүндө суу тууралуу мындайча айтылат: *Сууса, чаңка, аңка, чөлдө.* Суу же сууну ичкиси келүү. Чөлдө сөзү сейрек колдонулат. *Суусаганда жагымдуу, балдан таттуу аккан суу* (Тоголок Молдо). *Кычандын тили оозуна батпай кургап, чаңкап чыкты* (Ш.Бейшеналиев). *Ал гана эмес аңкаган, жердин баарын баккан суу* (Тоголок Молдо). *Олда, айланайындар ай, чөлдөп калышкан тура дешип, туш-туштан жалына кетишти* (Ж.Таштемиров) [160, 266-б.].

Ал эми Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүндө сууга байланыштуу төмөндөгүлөр саналып берилет: *Суу болуу* – абдан убара тартуу. *Сууга салуу* 1. – жок кылуу, жоготуу, түгөтүү, аягына чыгуу; 2. – унутуп, ойдон чыгарып коюу. *Сууга түшкөн чычкандай* – өтмө катарынан өтүп, аябай чыланып, эч кургак жери калбай суу болгон абалга карата. *Суудай билүү* – башка тилди мыкты билүү, шар сүйлөө. *Суудан кечкиче* – бирөө аркылуу зарыл ишин бүтүрүп алгыча, кырсыктан кутулуп, оңолуп алгыча. *Суудан кургак чыгуу* – кандай күнөө кылса да, эч билинбей, өтө эпчилдик, амалкөйлүк менен кутулуп кетүү. *Суу жугузбоо* – терс жактарына эч көңүл бөлбөй, жалаң гана оң жактарын айтып, мактай берүү. *Суу жукпас* – өзүнө сөз тийгизбей, ар кандай кыйын кырдаалдан аман-эсен кутулуп кеткен, өтө эпчил, куу. *Суу жүрөк* – коркок, кайратсыз, жүрөгү жок. *Суу ичкендей болуу* – абдан арыктоо, өнүнөн азуу. *Суу карек* – көзү ачык туруп эле көрбөй калган, көрүү жөндөмдүүлүгүн жоготкон, сокур. *Суу кечирүү* – бактылуу ыраазы кылуу, алдап жолго салуу, иттен чыгаруу. *Суу кечпеген сөз* – жараксыз, орду жок, келжирек, эч нерсеге арзыбай турган, эч ким тоготпогон сөз. *Суу кошпоо* – так өзүндөй, кандай болсо, ошондой, эч кошумчасыз. *Суу куйса төгүлгүс* – бөжүрөгөн, мыкты жүрүшү бар жоргого (жылкыга) карата айтылат. *Суу сийдик* – уругунан бала болбогон, бала төрөлбөгөн (эркекке карата айтылат). *Суусун ичүү* – абдан үйрөнүп калуу, көнүп калуу. *Тамекинин суусун ичет*. (оозеки кеп). *Суусу түгөнүү* – жашай турган күнү бүтүү, өлүү [169, 424-б].

**Суунун этимологиялык, түшүндүрмө, синонимдик, омонимдик, фразеологиялык сөздүктөрдөгү маániси концепттин структурасынын «борбор» (ядро) деп аталган бөлүгүнө кирип,** концепттин мазмунун чечмелөөдөгү ири мүмкүнчүлүктөргө негиз болуучу, тилдик формадагы өзгөчөлүктү көрсөткөн функцияга ээ.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *суу* – концепттин түзүмүнө кирген атоо маанисине ээ лексикалык бирдик – сөз. Концепттин борбордук бөлүгүндөгү *суу* сөзү жана ага тиешелүү тилдик каражаттар салттуу грамматикалык изилдөөлөрдө илимий-теориялык, практикалык жактан каралып, универсалдык, жалпы жана улуттук дүйнө таанымга тиешелүү билимдерге ээ болуп келет. Лексема (сөз) мааниси боюнча тарыхый жактан калыптанышы, тактап айтканда, бир тилде сүйлөгөн адамдардын ар бир мүчөсү үчүн бирдей даражадагы түшүнүккө ээ болушу, лексика-грамматикалык жактан белгилүү сөз түркүмүнө тиешелүүлүгү, ошол өзгөчөлүгүнө байланыштуу морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы менен айырмаланып турат [13, 98-102-б.]. Мына ушул белгилердин жыйындысы, бир жагынан, суу сөзүнүн табиятын аныктоого, экинчи жактан, аны тилдик башка бирдиктерден айырмалоого мүмкүнчүлүк түзөт. Маселен, *суу* – бул семантикалык талаанын чордонунда туруп, номинативдик маанисинде жер үстүндө, аба катмарында, жер кыртышында, тирүү жандыктарда болгон түзсүз, тунук, суюк зат катары түшүндүрүлөт. Ал агуу, токтоо, буулануу касиетине ээ кубулуш катары семантикалык талааны түзгөн төмөндөгүдөй туунду атоолорду жаратып, алардын бардыгы грамматикалык мааниси жагынан заттын атын туюндурат: *булак, өзөн, дарыя, көл, деңиз, көлмө, көлчүк, аккан суу, буу, жаан, мөндүр, тамчы, шүүдүрүм, кар, муз ж.б.* Бирок буларды семантикалык деңгээлге ылайык карасак, ар бири ар башка түшүнүктү билдирүү менен, маанилери боюнча бири-биринен айырмаланып турат [13, 109-113-б.]. Булардын жалпылоочу мааниси (семантикалык талаасы) – түзсүз, даамсыз, тунук, суюк же катуу зат. Суунун маанисин терең ачуу үчүн аны ар кандай карым-катышта карап, синоним, антоним, омоним, полисемия сыяктуу тилдик кубулуштарга байланыштуу иликтөө зарыл. Ал кеңири изилдөөнү талап кылган семасиологиянын маселеси. Ал эми суунун белги-касиетин, көлөмүн, өлчөмүн, санын, кыймылын, абалын, дабышын, образын, элесин туюндурган тилдик каражаттарды аныктоо үчүн анын лексика-грамматикалык өгөчөлүктөрүнө токтолуу зарыл. Маселен, суунун өзүн же белги-касиетин туюндурган тилдик каражаттар суу сөзү аныкталуучу зат катары эсептелип, анын ар кандай белгилерин билдирген сын атооч-тор көп колдонулат: *кара суу, кызыл суу, ак суу, көк суу, кашка суу, тунук суу, таза суу, чоң суу, оор суу, жеңил суу, жандуу суу, тирүү суу, өлүк суу, ысык суу, муздак суу, жылуу суу, туздуу суу, тузсуз суу, ылай суу, ыйык суу, жинди суу, тентек суу* ж.б. Суунун өлчөмүн, санын, эсебин

билдирген тилдик каражаттар сан атоочтор катары кездешет: *бир тамчы суу, бир ууртам суу, жети суу, үч булак, кырк кашык суу, бир чака суу, бир татым суу* ж.б. Суунун ар түрдүү кыймылын туюндурган тилдик каражаттар грамматикалык маанисине ылайык басымдуу түрдө тубаса жана туунду этиштер катары көп колдонулат: *ак, буулан, көбүктөн, ташкында, тоңу, толкунда, шаркыра, шарпылда, ысы, музда, тун, көбүр, ылайлан, сууса, чаңка, чөлдө* ж.б. [77]. Суунун кыймылынын ар түрдүү белгилерин туюндурган тилдик каражаттар заттын кыймыл-аракеттик белгисин билдирип, же кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтүп, грамматикалык жактан кыймыл-аракеттик-заттык, же кыймыл-аракеттик-белгилик касиетке ээ этиштин жаксыз функционалдык туунду формасы атоочтуктар катары колдонулат: *мелжиген суу, чалкып жаткан суу, ташкындаган суу, нөшөрлөгөн жамгыр, толкундаган деңиз, шарпылдаган суу* ж.б. [300, 20-б.]. Жакты жана чакты көрсөтпөй туруп, негизги этиштин кошумча кыймыл аракетин билгизүүчү туунду форма чакчылдар менен уюшулат: *жайылып агуу, сызылып агуу, жылжып агуу,* ж.б., кыймыл-аракеттин атын же анын жүрүшүн билдирүүчү этиштин туунду формасы кыймыл атоочтор катары: *агуу, токтоо, буулануу, көбүктөнүү, ташкындоо, тоңуу, толкундоо, шаркыроо, шарпылдоо, тоңумагы, муздамагы* ж.б. көп кездешет [77]. Ал эми суунун кыймылынын ар түрдүү кырдаалын туюндурган тилдик каражаттар грамматикалык жактан кыймыл аракеттин ар кандай кырдаалын билдирген тактоочтор катары колдонулат: *шар агуу, жай агуу, катуу агуу, тынымсыз агуу* ж.б. Ошондой эле кандайдыр бир жандуу же жансыз заттардан чыккан үндү, дабышты туурап, алардын кыймыл аракетин, ал-абалын сырткы көрүнүшүн элестетип көрсөткөн тууранды сөздөрдө да суунун дабышын, сырткы көрүнүшүн билдирген тууранды сөздөр кезигет: *шылдыр-шылдыр, шарп-шурп, дыбыр-дыбыр, жалт-жулт, күр-күр, тып-тып* ж.б. [77]. Жогорудагы салттуу грамматикалык изилдөөлөргө таянып каралган суу сөзүнө тиешелүү тилдик каражаттар «суу» концептин аныктоодогу алгачкы белгилерден болуп эсептелип, андагы татаал жана көп катмарлуу маалыматтардын уюшулушуна негиз болот. Аталган лексика-грамматикалык билимдер концептуалдык белгилер катары *суу* лексемасы катышкан перифериялык структуранын өнүгүшүнө материал катары кызмат аткарат. Ушундан улам, концепттин перифериялык түзүлүшүндө суу менен байланышкан заттык жана заттык эмес чөйрөдөгү бардык кубулуштарды адам аң-сезиминин ар түрдүү жагынан рационалдык, иррационалдык, эмоционалдык, интеллектуалдык,

руханий жана коомдук жашоосун таанымдык ойломдон өткөрүү аркылуу билимдерди талдап чыгууга шарт түзүлөт.

«Суу» концептинин перифериялык бөлүгү дүйнөнүн тилдик сүрөтүндөгү когнитивдик жана маданий талдоонун ыкмаларына ылайык, аталган концепттин табиятына карата кыргыздын объективдүү, тарыхый, мифологиялык, диний, илимге чейинки баёо көз караштарын сөз, сөз айкаштары, макал-ылакаптар, афоризмдер, фразеологизмдер аркылуу талдоого алат. Макал-ылакаптар, афоризмдер, фразеологизмдерди окуп, изилдөөгө карата когнитивдик мамиле улуттук маданияттагы белгилерди, стереотиптерди, мифологемаларды анализдеп чыгууга мүмкүндүк берет [242, 11-б.]. Суу жөнүндөгү улуттук дүйнө таанымдык билимдер кыргыз тилиндеги тилдик каражаттар аркылуу туюндурулуп, контексттик маанилерине жараша терең, коннотациялык маанилерди жаратууга негиз болот. Бул боюнча З.Д. Попова, И.А.Стерниндин изилдөөлөрүндө төмөндөгүдөй айтылат: «Интерпретационное поле концепта составляет его периферию и содержит «оценки и трактовки содержания ядра концепта национальным, групповым и индивидуальным сознанием» [238, 97-б.]. Ал эми концепттин структурасы боюнча В.А.Маслова өзүнүн изилдөөсүндө төмөндөгүлөрдү белгилейт: «Ядро и приядерная зона преимущественно репрезентируют универсальные и общенациональные знания, а периферия – индивидуальные» [203, 35-б.].

Суу – бул фреймдин негизин түзөт. Фрейм– (англ. frame – «скелет», «каркас», «рамка») кандайдыр бир шарт, жагдайга байланыштуу аңсезимде, ойдо сакталган, элестетилген түшүнүк жөнүндөгү бардык билимдердин ассоциациялык жыйындысы. В.А.Маслова: «Фрейм – адамдын тажрыйбасынын белгилүү бир фрагменти (мисалы, туулган күндү белгилөө) жөнүндөгү маалымат, билимдердин структурасы, эс тутумда сакталган элестөөлөрдүн уюшулушу. Мындай билимдер төмөндөгүлөрдү камтыйт: а) лексикалык маани, б) нерсенин энциклопедиялык мааниси, в) экстралингвистикалык билим. Фрейм бир нече ядронун тегерегинде уюшулган жана ассоциацияланган маалыматты билдирет», - деп түшүндүрөт [203, 46-47-б.]. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө суунун белгилүү бир фрагменти ***(никенин суусу)*** жөнүндө жалпы билимдерди аныктап чыгууга болот.

Суу фрейми суу жөнүндөгү бардык билимдерди жана түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт. Демек, сөздү изилдөөгө карата антропоборбордук мамилеге басым жасап, сууну фрейм катары кароонун өзгөчө белгилерине

токтолсок, «суу» концепти дүйнө таанымдык мааниге ээ табият-адам-коом үчилтигиндеги төмөндөгүдөй ири маанилик топторду бириктирип турат:

- суу – эң алгач табияттын негизги бөлүгүн түзгөн өзгөчө күч катары кабылданат: *аккан суу, өзөн, дарыя, көл, деңиз, кар, муз, жаан* ж.б.

- суу – бул бардык жандуу жана жансыз нерселерде болгон, өзүнүн түзүлүшү боюнча бир калыпта эмес өзгөрүүдө, кыймылда болгон, агуу касиетине ээ, кайсы жерде болсо ошол тамырлардын формасын сактап турган суюктук: *суу – жер, суу – тоо, суу – атмосфера, суу – гүл, суу – бак-дарак, суу – арча, суу – кан, суу – адам, суу – көздүн жашы, суу – мурундун суусу, суу – коом* ж.б.

- суу – бул бүтүндөй табият, жандуу жана жансыз нерселер менен бирге эле адамзат жашоосуна эң зарыл жана керекүү нерсе, ошондой эле адамзаты үчүн эң коркунучтуу кубулуш: *«Суу бар жерде тиричилик бар»*, «*Суу – өмүрдүн булагы»,* «*Суу бар жерде – эл бар»*, «*Суу – адамдын жаны, өмүрдүн каны»,* «*Суу – тилсиз жоо»,* «*Бирөөнүн ажалы уудан, бирөөнүн ажалы суудан»,*«*Чегинген суудан кайтпас, кезенген жоодон кайтпас»,* «*Суу менен ойнобо чөгөсүң, от менен ойнобо күйөсүң»* ж.б.

Суу жөнүндөгү жалпы билимдер ар кандай көлөмгө жана ар түрдүү тематикага ээ. Сууга байланыштуу лексика-семантикалык, грамматикалык маанилерге таянуу менен, аң-сезимдеги дүйнө таанымдык процесстерге ылайык менталдык, тарыхый жана туруктуу мүнөзгө ээ, келечекте өз баасын жоготпогон, улуттун улут, эл экендигин сактап турган көптөгөн билимдерди анализге алуу өзгөчө мааниге ээ экендигин аныктоо негизги милдет болушу керек. Андыктан аларды иштеп чыгуу үчүн, ириде, суунун түзүлүшү, кыймылы, абалы, суу менен байланышкан кыймылдар боюнча кыргыз улуттук аң-сезиминин менталдык дүйнө таанымын, жашоо образын чагылдырган когнитивдик жана тилдик билимдерди талдап чыгууга болот. Ушул шартка ылайык дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү суу тууралуу улуттук-менталдык билимдерди талдоого басым жасоо зарыл деп эсептейбиз.

*Суунун кыймылдуу мүнөздөгү абалы* ***когнитема катары*** *жана алар жөнүндөгү когнитивдик-тилдик билимдер: аккан суу, булак, агым, тамчы, жаан, мөндүр, кар* ж.б.

Дүйнө таанымдагы жалпы билимдерден сырткары улуттук таанымдын чегиндеги билимдерди интерпретациялоодо суу кыргыздын аң-сезиминде сүрөт, элес катары эң алгач тартылганда эле *дүйнөнүн реалдуу*

*сүрөтүнүн фрагменти, жаратылыштагы табигый, кыймылдуу күч, өзгөчө аккан суу* катарында кабылданат. Маселен, суу агат (булак, сай, өзөн, шаркыратма, дарыя ж.б). Ошондуктан кыргыз тилиндеги лексемаларда, фразеологизмдерде, паремияларда, көркөм чыгармаларда поэтикалык образдарды жаратууда алардын негизги компоненти катары суу алгач *аккан суу* аталышындагы лексема катары абдан жыш колдонулат. Маселен, «*Суу ылдый агат, баатыр өр талашат», «Аккан сууда арам жок», «Аккан арыктан суу агат»* (макалдар). *Жети кабат жер астын, жарып чыккан аккан суу // Ала-Тоонун боорунан жарып чыккан аккан суу. Кара жердин астынан жылып чыккан аккан суу // Ак кыянын боорунан агып чыккан аккан суу. Жер жүзүнө чайпалып, толкуп чыккан аккан суу // Кара тоонун боорунан, жарып чыккан аккан суу* (Жеңижок). *Тоо ылдый узактан ташка урунуп, жанчылып аккан суу*. Түштүк диалектиде бул сууларды *«пышкан суw»* деп аташкан. *Пышкан суwга бир канып алалы* [157, 819-820-б.]. *«Узун-узун уз келет, узун бойлуу кыз келет, Өйдөгө өтпөйт, ылдыйга ыргыштайт», «Жылт-жылт этет, жылгадан келет», «Күнү-түнү тынбаган, бөлө чапса сынбаган»* (табышмактар) ж.б. Бул келтирилген мисалдардан улам кыргыздардын жашоо шартына, кабылдоо, элестөө өзгөчөлүктөрүнө ылайык, суунун образы тилдик туюнтмаларда метафора, салыштыруу, символ катары өтө арбын колдонуларына ынанабыз.

Аккан суунун ой туюмдагы элесин берүүдө жана улуттук аңсезимдеги менталдык өзгөчөлүктү чагылдырууда *«аккан суу»* түшүнүгүнүн *«тоо»* түшүнүгү менен семантикалык байланышта түшүндүрүлүшү, *тоо* сөзүнө тиешелүү тилдик каражаттардын (лексемалардын) жыш колдонулушу кыргыздардын «көчмөн турмушту» башынан өткөргөндүгүнөн, жашоосу тоо менен тыгыз байланышта болгондугунан кабар берип турат. Мисалы, аларга төмөндөгү сөздөр кирет: *«аска», «зоо», «чоку», «кокту-колот», «кыя», «өзөн», «булуң», «жылга», «сай», «капчыгай», «өтөк», «жака»* ж.б. *Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар // Элибиздин жаны менен барабар* (Ж.Садыков, Ш.Кулуев). *«Суу жүргөн өзөн кургабайт»* (макал), *Ийри-буйру локулдап, имерилген булуңдан // Капчыгайды жаңыртып, Күркүрөгөн үнүндөн. Желе тартып, чоо салып // Айлампалуу жылгадан* (Тоголок Молдо). *Тескейи бийик терең сай // коодо болот аккан суу. Ак асаба мелжиген // Зоодо болот аккан суу* (Жеңижок). *Балыгы сүзүп көлүндө суунун кени Ала-Тоо* (Тоголок Молдо) *Ай аккан суу, аккан суу, Жалпы ааламды баккан суу // Ошентсе да баркы жок, Ар кай жерде*

*жаткан суу. Күркүрөп аккан өзөн, сай...// Өзөндө аккан суусу бар* (А.Осмонов). *Жалгыз ал каптал жол менен бирде көтөрүлүп, бирде эңиштеп, боюнда талы жыш тоо суусун жээктейт. Ашуусунун түндүк ыптасынан башталган сууну бойлоп, оңго бурулган Ормон ушул жолдо келатты. Өзү булак көзүнө кол жууду. Төмөнкү өрөөнгө созулган сууга, уюлгуган токойго, нык тоолорго көз чаптырып отуруп, карыя каңырыгы түтөгөндөй* (К.Осмоналиев).

Тоонун бийиктиги, бийиктикте кылымдар бою адам баласынын буту баспаган мөңгү, муздар сакталары, алар жаратылыштын таасири астында күндүн нуру менен ченелүү өлчөмдө эрий тургандыгы, ар бир тамчыдан тамчы куралып, сууга айланары, башатында ал абдан таза, тунук экендиги кыргыз аң-сезимине өзгөчө таасир берген жана менталдык билимди жаратууга өбөлгө түзгөн. Ал билимге мисал катары туруктуу образга өтүп, макалга айланган *«Аккан сууда арам жок»* мазмундуу маалыматын алсак болот. Аталган макал тарыхый мүнөзгө ээ улуттун дүйнө таанымын билдирген концептуалдуу маалыматты ички формасында камтып турат. Макалдагы «*арам»* сөзү араб тилинен кабыл алынган, диний түшүнүккө кирет да *«тыюу салынган, уруксат кылынбаган»* деген маанилерди билдирет. Өтмө маанисинде *тескери, бузук, жаман, ыплас* деген маанилерди туюндурат [117, 40-б.]. Макалда *арам* сөзү өтмө маанидеги метафора катары колдонулуп, «*таза эмес», «кир», «ыплас»* деген маанилерди билдирет. Кыргыздар илгертеден эле тоонун башындагы кардан, мөңгүлөрдөн аккан суу таза, кир эмес экендигин интуитивдүү билимдери менен аңдап-туюшкан. Ошол суулардан ичишкен. Кызыл суу, туздуу суу, токтолгон (көлчүк, көлмө, көл) суулардан ичишкен эмес. Ал эми бүгүнкү күндө коомдун өсүп-өнүгүшү менен кыргыздардын дээрлик басымдуусу түздүк жерлерди мекендешет. Географиялык-климаттык шарттарга, физикалык, химиялык ж.б. маалыматтарга байланыштуу аккан суулардын курамы илимий негизде аныкталып, мөңгүнүн суусу, булактын суусу өтө жогорку деңгээлдеги баалуулукка айланды. Кээ бир окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянганда, аккан суулардын ичинен мөңгү суулар, тоо дарыясы, булак, жер астындагы суулар «*тирүү суу»,* ал эми суу түтүктөрүнөн аккан сууларга хлор жана башка нерселер кошулгандыктан, алар «*өлүк суу»* деп аталып калгандыгы белгилүү болду [328]. Ушундай шартта аккан суунун баарын эле иче берүүгө мүмкүн болбой калды. Натыйжада бүгүнкү күндө илимге чейинки дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө аталган «*Аккан суу-*

*да арам жок»* макалын колдонуунун актуалдуулугу чектелүү экендигин белгилөөгө болот.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө аккан суунун тазалыгы, тунуктугу, аруулугу, таза эместиги, кири, ылайы ой сүрөт аркылуу символ катары адамдык жүрүм-турумдарга, мамилелерге, кейип-кешпирге ж.б. чагылдырылып, атропоморфтук белгилер катары мисал боло алат. Ой сүрөт – аң-сезимде сүрөттөө ыкмасы. Башкача айтканда, ал бейне, символ, метафоранын көмөгү менен таанылат. Ой сүрөт сүрөткердин кыялдануу, сүрөттөө, окшоштуруу чеберчилигинен улам жаралат [289, 38-б.].

«*Аккан суу»* фреймдик компонентин тарыхый өзгөчөлүктөн алып караганда, кыргыз дүйнө таанымында эң алды, «*таза», «тунук»* түшүнүктөрү менен ассоциацияланат. Аккан суу тазалыктын, тунуктуктуктун символу катары кыргыз дүйнө таанымында бир нече билимдердин жаралышына негиз болгон. Кыргыз тилинде *аккан суу* лексемасын интерпретациялоодо *«таза», «тунук»* лексемалары метафоралык айтымдарда, макал-ылакаптарда, көркөм тексттерде көп колдонулат: *«Суудай тунук, суудай таза» ж.б. «Аккан сууда арам жок», «Мөңгү – мөлтүр суу», «Суу башынан тунат»* (макалдар), *Тоодон аккан жеринен, Жаралганда тегинен // Тунук болгон аккан суу. Тазалыгы жагынан, Карап турсаң баарынан // Улук болгон аккан суу* (Жеңижок). *Мен тоолук кечки шамал, таңкы серүүн // Тунук суу жүрөгүмө дары болду* (А.Осмонов). Маселен, кыргыз тилдик дүйнө таанымда суунун тазалыгы, тунуктугу адамга тиешелүү ар кандай белгилерди туюндурган төмөндөгүдөй тилдик туюнтмаларда, баталарда, каалоо-тилектерде туруктуу образга айланып, символ, метафора боло алат:

- Суунун тазалыгы сулуулуктун, келбеттүүлүктүн белгиси катары колдонулат: *Жүзүң <u>суудай тунук болсун!</u>* Аталган каалоо-тилек маанисиндеги фразада суунун тунуктугу адамдын жүзүнө карата символ катары колдонулган. Өтмө мааниде адамдын жүзүнүн суудай тунук болушунун коннотациялык маанисинде «*сулуу», «татынакай»* деген метафораны байкоого болот. Экинчи бир коннотациялык маанисинен *жүздүн тунук, таза болушу* фразасынан *жаман жолго барбоо, эл алдында таза жүрүү, адамдык улуу сапаттарга ээ болуу* подтексттик маалыматын да кабылдай алабыз. Орустун тилчи окумуштуусу В.Н.Телиянын пикирине таянсак, метафора менен символдун ортосундагы чекти аныктоо жеңил эмес. Кандайдыр бир нерсени атоого карата метафора да, символ да чындыктагы башка аталган нерсенин белгисин колдонуп туюндуруу кызматын атка-

рат. Бирок символдун (анын ичинде тилдик каражаттар менен берилген символдун) кызматы экинчи бир нерсенин ордун ээлөө, ал эми метафоранын кызматы атоонун жаңы мазмунга ээ маанисин түзүү (смысловое содержание имени) экени белгилүү [207, 9-б.].

- Суунун тазалыгы адамдык оң сапаттардын белгиси катары колдонулат: *Ниетиң суудай таза болсун! Жан дүйнөң дайыма суудай таза, аруу болсун! Таза болсоң суудай бол, баарын жуып кетирген* (макал). Аталган мисалдарда суунун тазалыгы ниеттин, жан дүйнөнүн тазалыгына символ болгону белгилүү. Ал эми *ниеттин, жан дүйнөнүн тазалыгы – «жакшылыкты каалаган», «жакшы мамиле жасаган», «жамандыкты ойлобогон», «кечиримдүү», «позитивдүү көз караштагы»* ж.б. деген мазмунга ээ метафораны туюндурат.

- Суунун тазалыгы узак өмүр сүрүүнүн, көп жашоонун белгиси катары колдонулат: *Өмүрүң суудай узун болсун! Өмүрүбүз суудай узун, пейлибиз көлдөй кенен, акылыбыз деңиздей терең болсун!* Аталган каалоо-тилек маанисиндеги сүйлөмдөрдө суунун агымы, кыймылдуу процесси, тазалыгы узак өмүрдүн символу катары колдонулган.

Суунун түгөнбөстүгү, түбөлүктүүлүгү, тоодон аккан суу, өзөн, дарыялардын узак жол жүрүп, көлдөргө, деңиздерге куюлары, бууланып атмосферага, андан кайра мөңгү, муз, кар, сууга айлануу процессинде таптакыр жок болуп кетүүчү кубулуш эмес экендиги, жашоону, тирүүлүктү түзүп турган эң негизги күч, түбөлүктүү кубулуш экендиги кыргыздардын илимге чейинки карапайым түшүнүктөрүндө туруктуу образга өтүп, туруктуу тилдик туюнтмаларында кеңири колдонулган.

- Суунун тазалыгы адамдын ой-сезимине тиешелүү нерселердин белгиси катары да колдонулат: *Суудай таза, тунук, аруу сүйүү, махабат экөөнүн ортосунда түбөлүк жашаса экен деп тилейм. Өзүңө болгон суудай таза, тунук сезимим өчпөй жашап келет* ж.б.. Бул мисалдарда адамдын ички сезими таза сууга симолдоштурулган. Ал эми терс коннотациялык мааниге ээ туюнтмаларда да суу символ катары колдонулат: *көңүлдүн кири, таза эмес жүрүм-турум, таза эмес мамиле* ж.б. *Суу бойдун кирин кетирет, көңүлдүн кирин кетирбейт* (макал) ж.б. Макалдын биринчи фразасында суу кадыресе маанисинде колдонулуп, бардык материалдык нерселерди, анын ичинде адамдын сырткы формасы – бойдун кирин кетире турган нерсе экендиги жөнүндө денотативдик маалымат берилди. Ал эми экинчи фразасында терең коннотациялык маани бар. Биринчи фразадагы суунун аткарган кызматы экинчи фразадагы *көңүлдүн*

*кири* метафорасын баалоодо салыштыруу катарында колдонулган. Терс мамиледен, жагымсыз жагдайдан, терс маалымат алуудан улам адамдын ички дүйнөсүнүн жабыркашы, көнүлү калышы, жийиркеничтүү абалга кабылышы, жактырбоо сезиминин пайда болушу – *көңүлдүн кири* метафорасы аркылуу туюндурулду. Мындан суу менен жууп кетирүүгө эч мүмкүн болбогон (салыштыруу) *көнүл – өтө назик, таза, тунук, кымбат баалуу, бийик* ж.б. баага ээ экендиги, ага өтө аяр мамиле керектиги, ошондуктан көңүлдү кирдетпөө, оорутпоо (метафора), керектиги жөнүндө подтексттик маалыматты кабылдоого болот.

Аккан суу кыргыз тилиндеги топонимдердин, гидронимдердин – жер-суу аттарынын жаралышына да негиз болгон. Ал илимге чейинки элдик билимдерде ар түрдүү атоолорго (лексемаларга) ээ экендигин баамдоого болот. Маселен, аккан суунун таза, тунук же киргилт экендигине карап мөңгүлөрдөн эрип, тоо башынан, эң бийиктен агып келген суулар *«көк суу»,* ал эми мөңгүнүн, көбүнчө тоонун тескей бетиндеги кардын эриген сууларынан куралган суу *«кашка суу»,* мөңгүдөн жана тоонун күңгөй бетиндеги кардын эриген сууларынан куралган, *«көк суу»* жана *«кашка суудан»* кийинки суу *«ак суу»,* мөңгү, кар жана жер астындагы суулардан куралган дарыялар *«ала суу»,* жер алдынан чыккан булак сууларынан жана аз өлчөмдө мөңгүнүн, кардын сууларынан кошулуп аккан суулар *«кара суу»,* кызыл чополуу тоо, адырлардын беттерин жууп түшүп кызыл түстө ылайланып аккан суулар *«кызыл суу»,* айрым бир суулардын кыймылына, өзгөчө мүнөзүнө ылайык, бирде оң тараптан акса, бирде сол тараптан агып, нугун өзгөртүп турган суулар *«тентек суу»,* дайыма бир нукта акпаган, кирген мезгилде ташкындап, жайылмаларды каптап, айылдарга, мал-жанга кооптуу аккандыктан *«жинди суу»* деп аталгандыгы ата-бабаларыбыз тарабынан аныкталган элдик билимдер экендиги гуманитардык илимдерде атайын изилдөөгө алынып жүрөт [113, 114]. Аталган *көк, кашка, кара, кызыл, жинди, тентек* деген сын атооч сөздөрдүн айрымдары суунун касиетин, белгисин билдирсе, айрымдары өтмө маанини билдирет. Маселен, *көк* деген сөз түстү көрсөтүүчү маанини туюндурбастан, *бийик (асмандаган, асман тиреген)* маанилеринде жалпы эле бийиктикти белгилөө үчүн колдонулган. Ал эми *айран суу* деген аталыштагы *айран* сөзү анын номинативдик маанисине эч кандай байланышы жок. *Айран* сөзүнүн бир мааниси тажик тилинде *вайрон* «кыйратылып», «бузулган», «ойрондолгон» деген маанини туюндурат. Кыргызча *ойрон* деген сөздүн теги ушундан экендигин билүүгө болот. Демек, аккан

суунун белги касиеттерине, кыймылына жараша аталган элдик билимдер төмөндөгүдөй: *Көк-Суу, Кызыл-Суу, Кара-Суу, Ак-Суу, Кашка-Суу, Ала-Арча, Ала-Бука, Кара-Буура, Туура-Суу, Тентек-Суу, Жинди-Суу, Айран-Суу ж.*б. топонимдердин, гидронимдердин аталышына негиз болгондугун көрөбүз [104, 80-90-б.].

Суу аттарын билдирген айрым татаал сөздөрдүн экинчи компонентинин *бука, буура* деп аталышынын себеби ошол суулардын агымынын кыймылын жаныбарларга салыштыруу менен аталган элдик билимдер экендигин баамдоого болот. Ошондой эле *ак суу, кара суу, сары суу* деген сөз айкаштары өтмө мааниде, метафораланып, төмөндөгүдөй маанилерде колдонулат: *ак суу, жинди суу* өтмө мааниде какшык, тергөө иретиндеги сөздөр катары ичимдикке, аракка карата колдонулат. *Кара суу* өтмө мааниде ачка болуу түшүнүгүн да туюндурат – *оозуман кара суу келип турат, оозунан кара суу келгенде* ж.б.

*«Кара суу»* туюнтмасы фразеологизмдерде дагы колдонулат. Маселен, *Кара суудан каймак алат* – машыккан, эптүү, өтүмдүү, айлакер, куу, ичи койнуна кирген деген маанилерди туюндурган фразеологизм. *Ичкени кара суу же ичкени сары суу* деген туюнтма – суудан, чайдан башка тамак ичпеген деген маанини туюндурат. *Жүрөгүнүн сары суусун алды* – абдан коркутту деген маанидеги фразеологизм. *«Кайгысы жок кара сууга семирет»* макалында кара суу же карандай чай ичсе да, жан дүйнөсү тынч, кайгы-капасы жок, жыргал жашоодо жашаган адамга карата айтылат. *«Санаасы жок сары сууга семирет»* деген макал да ушул эле маанига синонимдеш колдонулат. Бул мисалдарда *сары* жана *кара* сөзү лексикалык жактан өңдү, түстү билдирбестен, ал күчөтүү, бөлүп көрсөтүү маанисинде колдонулган. Маселен, булар *жалаң суу (суудан башка эч нерсе жок)* же *бир гана суу* маанисин туюндурат. Мындай учурларда *сары, кара* сөзүн көбүнчө экспрессивдүүлүктү билдирүү, күчөтүү маанисинде колдонууга болот [104, 81-б.].

Суунун агымынын агызып кетүүчү, жок кылуучу касиети, кырсык жаратуучу белгилери өтмө маанини туюндуруп, адамдык жүрүм-турумду, адамдык сапатты баалоодо кыргыз тилиндеги оң жана терс мааниге ээ туруктуу образдардын, фразеологизмдердин келип чыгышына негиз болгон. Маселен, фразеологиялык жалпы маани фразеологизмдин тутумунда турган компоненттеринин мааниси менен аздыр-көптүр байланышы бар же жалпы маани ошолор аркылуу келип чыккандай сезилген туюнтмалар – фразеологизмдик биримдиктер суунун агымы менен бай-

ланыштуу экендигин байкоого болот. Маселен, *сууга салуу* – жок кылуу, жоготуу, түгөтүү, аягына чыгуу. *Малдын башын урдум. Дүнүйөнү сууга салдым.* Агын сууга салган нерсе, агып жок болот. Демек, аталган фразеологизм компоненттеринин тике маанилеринин суммаларынан келип чыккандыгын баамдайбыз. *Суудан кечкиче* деген фразеологизм «бирөө аркылуу зарыл ишин бүтүрүп алгыча, кырсыктан кутулуп, оңолуп алгыча» деген маанини туюндурат. *Суудан кечкиче тим эле жаныңды сууруп алгыдай болгону болгон, акидей эле асылат* («Ала-Тоо») [168, 422-б.]. Агып жаткан суудан өтүш, өтө кыйын, агызып кетүү коркунучу бар. Мына ушул кырдаал-шарт аталган фразеологизмдин жаралышына символ болгонун көрөбүз. Аталган фразеологизм адамды руханий жактан баалоодо колдонулат. Маселен, *зарыл ишин бүтүрүп алгыча, кырсыктан кутулуп, оңолуп алгыча* фразаларынын терең маанисинде оң жана терс жагдайлардын бардыгына даяр, макул экендикти билдирип, басымдуу түрдө адамдагы *амалкөйлүк, куулук, өзүмчүлдүк, текеберлик* ж.б. сапаттарды баалоодо колдонулат.

Улуттук тилдик дүйнө таанымда аккан суунун кыймылы жүрүмтурумду, адамдык сапаттарды баалоонун символу катары макалылакаптарда да кеңири колдонулат. Кыргыз тилинде *аккан суу* лексемасы катышкан макалдардын колдонулушу басымдуу. Алардын бири: *«Суу ылдый агат, баатыр өр талашат».* Чындыгында эле суу – физикалык атайын күч талап кылынмайынча өйдө карай агышы мүмкүн эмес. Зат – суу жер астынан өйдө карай атырылып чыгышы мүмкүн, бирок акканда, ал өйдөдөн ылдый, төмөн карай агат. Бул – жаратылыштын мыйзам ченеми. Бул мисалда суунун кыймылы тууралуу түз гана маани берилип жатат. Ал эми суунун агымына салыштыруу менен ага каршы антонимдик катышты түзүп, түз маанисин эмес өзгөчө образдык өтмө маанини туюндуруп турган фраза – *«баатыр өр талашат»*. Ылдыйга карай багытталган кыймыл жеңил-желпи, оңой ишке ашат. Мындай кыймыл суунун агымына салыштырылган. Ал эми өйдөгө багытталган кыймыл өтө көп күчтү, кыйынчылыкты, ар кандай тоскоолдуктарды (маселен, бет алды урган шамалды, жаанды, карды ж.б.) жеңүүнү талап кылат. *Өр* сөзүнүн мааниси *өйдө* деген сөзгө синоним болуп келип, кыргыз тилинде *«ылдый»* сөзүнө антонимдик катыш түзүп турат да, *«бийиктик», «өйдө жак», «алды жак»* деген маанилерди билдирет. *Дөңсө, дөң, тоо* маанилерин коштоп жүрөт. Ошондуктан *дөңгө чыгуу, тоого чыгуу* – синонимдик катыштагы *өргө чыгуу* маанисин да билдирет. Мындай кыймыл баа-

тырдын образы менен ассоциацияланып, анын күчтүүлүгү, кыйынчылыктарды, карама-каршылыктарды, тоскоолдуктарды жеңе билген өжөрлүгү, беттегенин бербей, максатына, жеңишке кыйынчылыктар менен жетери, жеңиш ага ийгилик алып келери *«бийиктик», «өр»* лексемалары менен ассоциацияланып, кыйыр, образдуу туюндурулган. Бул туюнтманын мааниси *«*баатыр*»* концептинин коннотациялык маанисин да туюндура алат. «Аккан суу» лексемасы «өр» лексемасы менен антонимдик катыш түзүп, ылдыйга карай багытталган кыймыл жеңил, өйдөгө багытталган кыймыл оор экендигинин шарттуу белгиси болуп, «баатыр» концептинин мазмунун жаратууда символ катары колдонулган.

*«Аккан арыктан суу агат»* деген макал жөн гана суунун агымы жөнүндө маалымат берип тургандай сезилгени менен, анын маңызында кыргыздардын терең, баалуу ойлору камтылган. Аталган макалда концептуалдуу маалымат когнитивдик татаал түзүлүшкө ээ. Макалдын жаралышындагы негизги тема, максат, себеп, ой тизмектери анын статикалык мүнөзгө эмес, динамикалык мүнөзгө ээ экендигин билдирет. Бул макал кыргыздардын көп мезгилдик жашоо тажрыйбасындагы билимдердин негизинде жаралгандыгы менен түшүндүрүлөт. Макалдын өтмө, кыйыр мааниде туюндурулган терең мазмунунда кыргыз элинин дүйнө таанымына ылайык, улуу муун менен кичүү муунду салыштыруу, адамдарды баалоо, барктоо, биринен-бирин айырмалоо сыяктуу сценарийлик кырдаалдардын негизинде сүрөттөлгөн маалыматтар камтылган. Маселен, бул макалда *жакшы, бийик сапаттуу ата-энеден тарбиялуу уул-кыз, билимдүү атадан билимдүү бала, таланттуу атадан таланттуу бала, өнөрпоз атадан өнөрпоз бала, акылдуу атадан акылдуу бала* ж.б. жаралат деген оң коннотациялык мааниге ээ маалыматтар бар. Мында улуу муунда болгон кичүү муунда да болот деген маани «мурда суу аккан арыктан, кийин да суу агат» деген мааниде кыйыр туюндурулат. Арыктан суу гана агат. Суу болбосо, арык да болбойт. Арык менен суу – бирин-бири шарттап, бирисиз бири келип чыкпаган мүнөзгө ээ объективдүү реалдуулук. Бул – жаратылыштын мыйзамченеми. Ал эми таланттуу атадан таланттуу баланын төрөлүшү да кандайдыр бир табигый мыйзамченемдүүлүккө байланыштуу. Кыргыздар ушул сыяктуу маселелерди интуитивдүү түрдө аңдап билип, илимий дүйнө таанымга чейин эле карапайым тилдик дүйнө таанымында *«канында бар», «атасынын каны да», «атасын тарткан», «таза кандуу», «тукумунда бар», «тукумун тарткан», «тектүү жердин баласы», «тектүү жердин кызы», «атанын баласы»* деген ж.б. туюнтма-

ларды кеңири колдонуп келишкен. Кыргыздарда уул-кыздарын баш коштарууда тегине, тукумуна карап баа берүү, алдын ала куда түшүү салты кеңири орун алган. Жети ата өтмөйүн кыз алуу, кыз берүү болгон эмес. Анткени элдик билимде мындай жагдай тукумдун бузулушуна алып келерин жакшы аңдап билишкен. Кийинки күндө медицина илиминде бул жагдайдын генге байланыштуу экендиги атайын далилденди. Ошентип, кыргыздар мына ушул багытта баалуу ойлорун, билимдерин чагылдырууда арыктагы сууга салыштырып, кыйыр түрдө образдуу, ассоциацияланган терең маани-мазмунга ээ ой бүтүмүн макалга айландырышкан. Бүгүнкү күндө да адамдарды баалоо үчүн аталган макалды байма-бай колдонуу өтө актуалдуу.

Кыргыз дүйнө таанымында илимге чейинки баёо жана диний көз караштарда аккан сууга таазим кылуу, аны абдан кастарлоо кеңири орун алган. Кыргыздардын сууга карата дүйнө таанымы боюнча, суу – мифологиялык образ катары табигый, сыйкырдуу, жандуу күч. Байыркы мезгилде суу дал ушундай мифологиялык түшүнүккө ээ болгон. Ошондой эле кыргыздар башка тектеш жана тектеш эмес элдер сыяктуу эле суунун өзүнчө кудайы бар, суунун ээси болот деп ишенишкен. Сууга таазим кылышкан. Суу ээси – Сулайман деп кадыр туткан. Маселен, *Суу ээси Сулайман, Суу ээси Пайгамбар, Суу Сулайманы* деген сөз айкаштары суунун касиетине байланыштуу айтылган. Суу ээсин, суу культун же суу кудайын урматтоо байыркы түрк уруу-тайпалары менен бирге жашап, уланып келе жаткандыгы, ошол ишеним кыргыз элинин арасында бүгүнкү күнгө чейин сакталып келгендиги тууралуу атайын изилдөөлөр бар [252, 110-113-б.]. Ушундан улам байыртадан эле кыргыздарда сууга аяр мамиле кылуу, аны жандуу ыйык нерсе катары баалоо, барктоо өкүм сүргөн. Ошондуктан сууга карата тыюулар, ишенимдер, жазылбаган эрежелер колдонулуп келген. Бул жөрөлгөлөр бүгүнкү күнгө чейин сакталгандыгын жана колдонулуп келе жаткандыгын байкоого болот.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө сууга байланыштуу төмөндөгүдөй ар кандай тыюулар, туруктуу образга ээ тилдик билимдер, эрежелер жана атоолор берилип келет. Маселен, *«Нур суу»* деген аталышты диний түшүнүктөр менен байланышта кароого болот. Ислам дининен тараган түшүнүк боюнча, нур суу – «адалдык» менен «чындык» деген түшүнүктү билдирет. Ошондой эле *«Аккан сууга түкүрбө»* деген туруктуу фраза бар. Мында *«аккан сууга түкүрүү аш куйган аякка, алдыдагы тамакка түкүрүү менен барабар. Себеби көрөр күн, ичер суу, ырыскы суудан башта-*

*лат. Суу болбосо жашоо жүрбөйт. Суу – ыйык»* деген коннотациялык маанилер камтылган. Ошону менен катар *агын сууну сабаба, ылайлаба, даарат ушатпа, агын сууну чачпа, аккан сууга кир жууба* деген ж.б. тыюулар кыргыздардын сууну ыйык тутуусунан улам жаралган элдик билимдери болуп саналат [281, 44-б.].

Ошондой эле кыргыздарда агын сууга байланыштуу ырым-жырымдар көп кездешет. Алардын бири – *«Жер-Суу таюу»* түшүнүгү. Мындай түшүнүккө байланыштуу ырым-жырым жер бетинде кургакчылык болуп, жаан, суу жок болгон учурда жасалат. Кыргыздар жердин үстүн, жердеги бардык табиятты Жер-Суу кудайы катары эсептешкен. Кыргыздар жаз мезгилинде суунун жээгине барып кудайдан жердин түшүмдүүлүгүн, жаандын, суунун молдугун сурашып, кишинин үстүнөн сууну жаба куюп же сууга чумкутуп, нымдуулук менен камсыз болууну тиленишткен. Суу ээсин, суу культун же суу кудайын урматтоо байыркы түрк уруу-тайпалары менен бирге уланып келе жаткандыгын, ошол ишеним кыргыз элинин арасында бүгүн да сакталып тургандыгын С.М.Абрамзон атайын изилдеген. Ал: «Мындай курмандык чалуу менен кудайга сыйынууну качан жаан-чачын жаабай, кургакчылык болгондо уюштурушкан. Ар бир үйдөн бирден кой же жети нан алып, казан аяктары менен суунун башына эркек, аялдар, балдар сыйынууга барышкан. Курмандыкка чала турган малды мууздоонун алдында *«Кудай жалгай көр, Кудай бере көр, айланайын, жамгырымды бер!»* - деп жалынышкан. Койду мууздагандан кийин канын сууга агызышып этин бышырып, жалпы тамак ичишкен», – деп билдирет [11, 294-бет]. Мындай элдик билимдер сууну ыйык, теңир, кудай катары көрүүдөн улам келип чыккан. Ата-бабалардын айтуусу боюнча, ошондон кийин көбүнчө жамгыр жааган. Бул салт азыр да сакталган.

Суунун агымы *«Түш жорутуу»* жөрөлгөсүндө да оң коннотациялык мааниге ээ символдор катары колдонулуп жүрөт. Бул жөрөлгөнүн негизин суунун каситети күчтүү деген ишеним түзөт. Кыргыздардын түшүнүгү боюнча, суу бардык жамандыктын алдын алат, жаман нерселерди өзү менен кошо агызып кетет деген түшүнүк өкүм сүргөн. Маселен, адам жаман түш көргөндө ойгонор замат аны адамга жорутпастан, агып жаткан сууга айткан. Алардын ишениминде жамандыктын алдын алуу үчүн, өзүн ар кандай кооптонуудан арылтып, жеңилденүү, терс эмоциядан арылуу үчүн, эч бир адамга айтпастан суу өзү менен кошо жамандыкты агызып кетсин деген түшүнүк менен алгач аккан сууга барып түшүн айтуу ише-

ними сакталган. Ошондон улам, кыргыз тилдик дүйнө таанымда *«Жаман түш көрсөң, агын сууга айт»* деген туруктуу фраза сакталып келет [281, 44-б.].

Кыргыз эли илгертеден эле булактуу, аккан суусу бар жерлерге же көлдөрдүн жээгине отурукташкан, мекендешкен жана ошол жерлериндеги жашоонун негизи болгон булактарга, сууларга өзгөчө маани беришкен. *«Суунун ээси булак...», «Суу атасы булак...», же «Суунун башы булак», «Элдин даңкын коногу чыгарар, жердин баркын булагы чыгарар», «Саралалуу көп жылкы булактан келип суу ичсе, булактын чери жазылат»* деген ж.б. макалдар, ошондой эле кыргыз тилиндеги топонимдер булакка карата дүйнө таанымдын негизинде аталып, жыш колдонулушу да ушуга байланыштуу: *Миң-Булак, Жол-Булак, Ак-Булак, Сары-Булак, Тогуз-Булак, Ой-Булак, Талды-Булак, Жылуу-Булак, Үч-Булак, Бар-Булак, Шор-Булак* ж.б.

Кыргыздардын дүйнө таанымында аккан суунун башаты, эң тазасы, тунугу – булак. «Булак» сөзү элдик билимдерде «башат», «кайнар» деп да аталат. Кыргыз эли булакты ыйык тутуп, ага дайыма аяр мамиле кылышкан. Ошондон улам элибизде «*булак көрсөң, көзүн ач»* деп айтылган ой бар. Айтылган ойдун артында концептуалдуу маалымат камтылган. Ар бир жолоочу жол жүрүп баратканда кезиккен булагына токтоп, чеке, белин тазалап кетүү соопкерчилик же моюндагы парз деп эсептелинген. Кайсы элдин аймагында булакка ыпластык менен мамиле жасалса, ал билимсиздиктин, акылсыздыктын, шалаакылыктын, кесирликтин белгиси деп жыйынтык чыгарылган. Демек, *«көзүн ач»* деген өтмө маанинин артында *«суу ичкен булагыңды булгаба», «суу ичкен кудугуңа түкүрбө, ага аяр мамиле кыл», «сакта, тазалап тур, тегерек четин булгаба», «табигый байлык – сага берилген байлык», «бул табияттын гана булагы эмес, биздин жашоонун, өмүрдүн булагы», «жаратылыш менен таттуу мамиледе бол»* деген сыяктуу коннотациялык мааниге ээ болгон бир нече маанилер камтылган. Экинчи бир өтмө маанисинде булак жаңыдан белгилүү боло баштаган билимдүү же таланттуу адамга карата символ катары колдонулат. Ошондуктан «билимдин булагын ачуу» деген туюнтмада *тааный билүү, устаттык кылуу, жол көрсөтүү, шыгына шык, демине дем кошуу, элге таанытуу, элге эмгегин арноого багыттоо* деген ж.б. коннотациялык маанилер бар.

Ар бир агып жаткан өзөндүн, көлдүн өзү булактан башталары, бардык суунун башталышы – булак экендиги адам баласына өмүр тартуула-

ган ата, энеге салыштырылып, суу атасы, энеси деген дүйнө таанымдык семантика ээ болгон жана *«Суу атасы – булак»* деген макал жаралган деп ойлойбуз. Булактардын пайда болушу диний аң-сезим калыптана баштаган учурда пайгамбардын аты менен байланыштырылган. Ушуга байланыштуу ошол булакка *пайгамбарлар токтоптур, суу ичиптир, суусундук же эм керек болгондуктан, жер астынан шыпалуу суу чыгарыптыр* деген уламыштар көп кездешет.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө байыртадан эле жети катар жердин, тоо-таштардын арасынан чыккан өзгөчө булактар өтө тунуктугуна, өтө тазалыгына карап бааланып келген. Илимге чейинки, карапайым түшүнүк боюнча *«мүрөктүн суусу», «замзамдын суусу»* деген аталыштар болгон. Алар бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келет. *«Мүрөк»* деген сөз иран тилинен кабыл алынып, «дүйнөдөн кайтуу», «өлүм» дегенди түшүндүрсө, өтмө мааниде *өлбөстүн суусу, өлбөстүн кудугу* деген маанини билдирет. Ал эми *«*замзам*»* деген сөз араб тилинен кабыл алынган. Меке шаарында ыйык деп аталган кудук, булакты ушундайча аташкан. *Супка салып оротуп, Замзам суу менен жуудуруп // Баш-аягын ырымдап, Сарпайы менен буудуруп* (*«*Манас*»*) [117, 40-б.]. Бул аталыштар кыргыздардын булактарга, анын жаратылыш кубулушу катары ар кандай касиетине, өзгөчөлүгүнө карата өзгөчө дүйнө таанымында колдонулуп келген. Кыргыздардын дүйнө таанымы аркылуу булактарга карата өзгөчө түс, өзгөчө боек берилип, алар жогору бааланган. Ошондуктан элде *мүрөктүн суусу, замзамдын суусу ыйык, аны ичкен адам картайбас болуп көп, узак жашайт экен* деген маалыматтар менен мазмундаштырылган уламыштар, жомоктор, аталыштар көп кездешет. Буга *«*Мүрөктүн суусу*»*, *«*Кыз-Булак*»*, *«*Ачуу-Булак*»*, «Кара-Булак», «Сасык-Булак», «Агача-Булак», «Канжар-Булак», «Бар-Булак», «Шор-Булак», «Сары-Булак» деген ж.б. аталыштар күбө боло алат. Маселен, *«*Мүрөк суусу*»* деген уламышта жүз отуз жашка чыккан кемпир: *«*...Ары-бери карап жүрүп, акыры тоонун боорунан мөлтүрөгөн кичинекей булактын сызылып агып жатканын көрдүм. Өмүрү андай таттуу сууну көргөн эмесмин. Эртеси да ошол булактан суу ичейин деп барсам, ал булактан дайын жок. Кийин ойлоп көрсөм, ошол суу мүрөктүн суусу экен, балдарым*»*, – деп сырын айтып берет [89, 308-б.). Ал эми Шор-Булак деген булактын төмөндөгүдөй тарыхы эл оозунда бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет: илгери-илгери сүйүшкөн эки кыз-жигит болуптур. Бирок алардын турмуш куруусуна ата-энелери каршы болушуптур. Ошондуктан алар бирге болуу үчүн айылдан качып

кетишет экен. Качып отуруп, бийик тоого чыгып кетишет. Аларды кууп келген кыздын туугандары жигитти жаа менен атканда, жигит зоодон учуп өлөт. Ошондо айласы кеткен кыздын көз жашы токтобой, олтуруп алып ыйлай берет экен. Кыздын көз жашынан булак пайда болгон имиш. Ошол булакты «Шор-Булак» деп атап коюшуптур [259]. Аталган уламыштар элдик божомолдоолор, кыргыз элинин тарыхый мүнөзгө ээ илимге чейинки баёо же карапайым дүйнө таанымын чагылдырып тураган элдик билимдер болуп эсептелет.

Илимий изилдөөлөргө таянсак, Сары-Булак топониминдеги «сары» сөзү өң-түстү билдирбестен, иран-тажик тилдерине таандык болгон «сар» деген сөзгө жана «сер» формантына байланышкан. Бул экөө тең ар түрдүү кошумча маани киргизе алат. Мисалы, «сар» компоненти бар топонимдер ар түрдүү маанидеги жер-суу аттарынын келип чыгышына өбөлгө болуу менен бирге, өз ара негизги эки топко (1. голова; глава; главный; великий; вершина; начало; верхний; 2. большой, просторный, много, полный, широкий) бөлүнүп калышы мүмкүн. Бул эки компонент тең Кыргызстандагы жер-суу аттарында фонетикалык жагынан өзгөрүүгө учурап, «сары» формасына өтүп кеткендиктен, түстү билдирүүчү сары деген сөз менен катар колдонулуп, мааниси жагынан көп чаташууларга алып келген [104, 85-б.].

Ошентип, улуттук дүйнө таанымда булактар суулардын башталышы экендигин, суу таптакыр жок болуп кетүүчү кубулуш эмес, түбөлүктүү кубулуш экендиги, жаратылыш мезгилдерине жараша өзгөрүп турары, анын мөңгүгө, карга, жаанга айланары, кар эрип, жаан жаап жерге сиңери, жерден кайра суу, булак, буу болуп чыгары илимге чейинки элдик интуитивдик көз караштар аркылуу ар кыл түшүнүктөргө ээ болуп, туруктуу образга айлангандыгын төмөндөгү макал-ылакаптар жана каалоо-тилектер айкын билдирип турат: «*Мөңгүдөн – тамчы, тамчыдан – булак, булактан – суу, суудан – дайра, дайрадан – көл, деңиз»,* «*Кар эрисе, суу болот, кан белгиси туу болот», «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт», «Жети күндүк жамгырдан желип өткөн суу артык», "Жамгыр өзүн сел ойлойт, кудук өзүн көл ойлойт», «Калкыган булут да кайра суу болот», «Суудан – буу, куудан – чуу». Тамчыбыз булак, булагыбыз деңиз, телегейибиз тегиз болсун!* ж.б.

Суу фрейминин бир бөлүгүн түзгөн *аккан суу, булак, жаан, кар ж.б.* жөнүндө маалыматтар дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү ар кандай атоолордо, фразеологизмдерде, паремияларда, көркөм тексттерде символ

катары функция аткарып, аккан суу катышкан улуттук билимдерди маалыматташтыруунун туруктуу образына, стереотибине айланган жана алар символ катары кеңири колдонулган. Учурдагы кырдаал-шарттарга ылайык аталган суу лексемасына байланыштуу маалыматтар өз баалуулугун жоготпой, керегине жараша ыктуу колдонулуп, улуттук, тилдик аң-сезимди бекемдеп турган символдор катары кызмат аткарып келет.

*Суунун кыймылдуу мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү* ***когнитема катары*** *жана аларга байланыштуу когнитивдик-тилдик билимдер: шар агуу, шаркырап агуу, толкундап агуу, сызылып агуу, шылдырап агуу, шатырап жаааган жамгыр, дабырттап түшкөн мөндүр* ж.б.

Когнитивдик мүнөзгө ээ суунун кыймылынын ар түрдүүлүгү, алардын аң-сезимде образдуу чагылышы төмөндөгүдөй тилдик каражаттар менен, басымдуусу этиштик, табыш тууранды, элес тууранды сөздөрдөн уюшулган татаал этиштик, чакчылдык, атоочтук, кыймыл атоочтук туюнтмалар, салыштыруулар менен түшүндүрүлөт. Мисалы, *«жарып чыгуу», «күрпүлдөө», «күркүрөө», «күрүлдөө», «шарпылдоо», «шылдыроо», «ташкындоо», «толкундоо», «чайпалуу», «таштан-ташка урунуп агуу», «шар агуу», «жай агуу», «жайылып агуу», «сызылып агуу», «жылжып агуу», «мелмилдеп агуу», «бууракандап агуу», «буркан-шаркан түшүп агуу»,«көбүрүп-жабырып агуу», «бууланып агуу», «ээ-жаа бербей агуу», «атырылып агуу», «бузуу», «кирген суу», «чалкыган суу», «ташты, кумду агызып агуу», «кирбегенде нур суу».* Аталган туюнтмалардагы маалымат аккан суунун кыймылдуу мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн билдирет. «Толкуу», «толкундоо», «толкунануу», «ташкындоо», «бууракандоо», «буркан-шаркан түшүү», «суунун шары» деген ж.б. маанидеги элестүү образдар адамдын психикасы менен байланыш түзүп, ички сезимдеги *тынчсыздануу, кубануу, сүйүнүү, өкүнүү, кайгыруу, уйгу-туйгу болуу, элеп-желеп болуу, шаңдануу, шаттануу* ж.б. өңдүү эмоцияны жаратуучу абалдарды жана кыймыл-аракетти, жүрүм-турумду символдоштура алат. Мындай метафоризацияланган ой-бүтүм аркылуу суу кыймылы катышкан мазмундуу маалымат туюндурулат. Мисалы, *Буркан-шаркан түшүп, кайра дароо жазылып кеткен жаш баладай мүнөзү байкалып турар эле* (Г.А.). Аталган маалыматта адамдын мүнөзүнүн кандайдыр бир нерсеге карата ачууланып, албууттанып, эмоциясын ачык-айкын билдирип турган абалына карата буркан-шаркан болуп аккан суунун образы символдоштурулган.

Ал эми *Толгонуп толкундаба сезимдерим, Тагдырга башымды ийген кезим менин...,* деген ыр саптарында сезимдин бир калыпта, жай, тынч ак-

кан суудай эмес, жүрөктүн уйгу-туйгу, элеп-желеп согушунун бирде өйдө секирип, бирде ылдый куланып, жээкке урунуп, кайра артка тартылган толкундун образындай абалда болушу өтмө маанидеги метафора катары туюндурулган. Мында «толгонуу» деген сөзгө өзгөчө басым жасалган. Анда шарпылдап урган толкундун элеси, образы бар.

*Төрт жыл орус жолдоштордун ичинде жүрүп, тилди суудай билдим* (Аалы*)*. Мында *суудай билүү* фразеологизминин жаралышына шар аккан суу символ болуп, «башка тилди мыкты билүү», «шар сүйлөө» маанисине суунун шар агышы символдоштурулган. Натыйжада, аталган фразеологизм ары образдуу, ары элестүү, ары туюмдуу касиетке ээ болду.

Суу фрейминин катарына кирген суунун кыймылынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык улуттук дүйнө таанымда *жай аккан суу, шар аккан суу, кирген суу, ташкындаган суулар* да өзгөчө билимдик системага ээ. Кыргыз тилинин диалектилик өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу түштүк диалектиде жай, тынч аккан сууну *«ыргаачы суw»* ал эми шар, ташкындап аккан сууну «*эркек суw»* деп аташкан [157, 819-820-б.]. Биздин оюбузча, түштүк диалектиде суунун кыймылын «эркек» жана «ургаачы» деп бөлүп кароо жана атоо кыргыздардын дүйнө таанымында эркек жана аял адамдын кулк-мүнөзүнө, кыймыл-аракетине, коомдогу аткарган кызматына, ээлеген ордуна аккан суунун кыймылдык өзгөчөлүгүн символдоштуруп кароодон улам келип чыкса керек деген ойго келебиз. Дагы бир мисалга кайрылалы: Мисалы, *Түндүк жээги жылжып аккан терең суу* (К.О.). *Шылдыр, шылдыр, шылдыр аккан суулары, Тар капчыгай, өтөктөрдөн куралды* деген туюнтмаларда табыш тууранды сөздөр аркылуу суунун агымынын сапаты образдуу, элестүү баяндалган. Суу агымы жай кыймылда болуп жаткандыгы көз алдыга элестелген. Сууга байланыштуу *«тар капчыгай»* - тоолордун ортосундагы ичке узун ойдуңдар, өзөн, *өтөк* – тоонун этек жагындагы жайык жер же тоодогу мал кыштатууга ылайык, бороон чапкындан сактай турган, малды токтотуп, жайлантууга ылайык жайык жер деген маанидеги сөздөр эриш-аркак колдонулуп, *суу* концептинин семантикасын ар тараптан толуктап турат. Суунун агымынын кыймылына карай колдонулган *шылдыр-шылдыр* табыш тууранды сөзү жай аккан суунун образын көз алдыга келтирет. Ошентип, кыргыз тилинде суунун тилдик сүрөтү түзүлдү, жаралды деп эсептөөгө болот. Жай аккан суу – *мелмилдеп агуу, сызылып агуу, жылжып агуу, шылдырап агуу* деген ж.б. туюнтмалар аркылуу, ал эми шар аккан суу – *шарпылдоо, толкундоо, күрпүлдөө, чайпалуу, ташган-ташка урунуп агуу*

ж.б., өңдүү сөздөр менен, кирген суу – *бууракандап агуу, буркан-шаркан түшүп агуу, көбүрүп-жабырып агуу, ээ-жаа бербей агуу, атырылып агуу, чачырап агуу, аңтарылып агуу* сыяктуу ж.б. туюнтмалар менен ассоциацияланып, логикалык жана маанилик жактан жиктелип, чечмеленип туюндурулат.

Бийиктиктен тез жана күч менен аккан, үн чыгарып аккан суу *шар аккан суу* деп аталат [161, 783-б.]. Тоолордогу мөңгүлөрдүн, жазгы кардын эришинен, жаан-чачындын көптүгүнөн суунун деңгээли көтөрүлүп, нугунан ашып-ташып, жайылмасын каптап агат. Мындай суу кыргыз тилдик дүйнө таанымында *кирген суу* деп аталат [161, 264-б.]. Мында сууга карата «көбөйүү», «ташкындоо», «күкүктөнүү» мааниси үстөмдүк абалга ээ [161, 853-б.]. Мисалы, *Эришти карап жүргөн суу, Эрки менен кирген суу* (Т.Сатылганов.). Суу киргенде суунун өтө мол болушу суу ташкынына алып келет. Суунун деңгээли көтөрүлүп, нугунан, жээгинен ашып-ташып аккан суу *«ташкын суу» же «суу ташкыны»* деп аталат [161, 518-б.]. Мына ушул сыяктуу *суу* концептине тиешелүү билимдердин, дүйнө тааным, түшүнүктөрдүн негизинде «*Ташкын суу кечүүсүз болбойт»,* «*Суу ташыса жээгине, эр ташыса элине»* деген кыргыз макалдары жаралган деп айтууга толук жүйөө бар.

Кыргыз тилдик дүйнө таанымында жогоруда белгиленип кеткен суунун кыймылынын өзгөчөлүктөрү убакыттын, мезгилдин символу катары колдонулат. Аталган маселеге карата мисалдар арбын. Маселен, *...адам аң-сезимине баш ийбеген убакыт сызылып аккан суу сымал кайра артка кайрылбай, тирүүлөрдүн өмүрүн өзү менен кошо ала жүрүп*...(С.Мусев), «*Өткөн өмүр – аккан суу»* (макал) деген сыяктуу туюнтмаларда «турмуш-тиричиликтин, өмүрдүн убакытка көз каранды экендиги белгиленип, убакыттын өтүшүнө аккан суу образ, символ катары колдонулган. Ал эми *Күндөр өтөт, күндөр өтөт зуулдап..., Тоодон түшкөн дарыядай шаркырап* (А.Осмонов) деген ыр сабында убакыттын өтө тез өтүп жаткандыгына шаркырап аккан дарыянын образы символдоштурулуп туюндурулган.

Кыргыз дүйнө таанымында суунун кыймылынын өзгөчөлүгү – адамдардын курактык жаш өзгөчөлүгүн баалоонун да символу – *Унутпа жибек боолуу куштарыңды // Кирген суу, жаагаң күндөй курч чагыңды* (А.Осмонов). *Учкан куштай, суу шарындай жаштыкты // Самолёт минип кууган менен жете албайм* (А.Осмонов). Мында суунун күчү, шары, ташкыны, энергиясы, шатырап жааган жамгырдын күчү – адамдын

жаш, алдуу, күчтүү, кайраттуу, чечкиндүү, жалындуу кезине символдоштурулган. Мисалда айтылган «кирген суу» - адамга тиешелүү жаш өзгөчөлүктүк, жаштык куракты баалоонун символу.

Суунун кыймылынын өзгөчөлүгү адамдык сапаттарды баалоонун символу катары да макалдарда туюндурулган. Маселен, «*Терең суу тынч агат, тайыз жигит тайраңдайт»* макалынын биринчи компонентиндеги терең суунун тынч агышы адамдык бийик, улуу сапаттарга кыйыр түрдө символдоштурулган. Билими терең, ой чабыты кенен, акылман адамдар эл арасында тынч гана жүрүшөт. Андай адамдардын билими, кылган иш-аракети, жүрүм-туруму башкаларга үлгү болот. Алар атак-даңкка, бийликке умтулбайт. Адал эмгегинин үзүрүн көрүп, жөнөкөй жүргөн мындай адамдарды эл өзү баалайт, барктайт, көтөрмөлөйт, бийик тутат деген ж.б. концептуалдуу маалыматтар мисалга алынган макалдын биринчи сүйлөмүндө бар. Ал эми экинчи сүйлөмүндө *тайыз жигит* деген туюнтма акылы, адамдык сапаттары чектелүү деген маанидеги метафора катары колдонулган. Андай адамдар кичине эле иш кылса, өзүн даңазалап, ар кайсы жакка таанытат, мактанат. Мында башка бирөөлөрдүн эмгегинин эсебинен жашоо, жалкоолук, эссиздик, жеңил ойлуулук деген ж.б концептуалдык маалыматтар камтылган.

Көркөм тексттерде суунун кыймылынын өзгөчөлүктөрү бейтарап тилдик каражаттардын көркөм алкакка түшкөндөгү өтмө, образдуу, экспрессивдүү метафоралык маанилери аркылуу ар түрдүүчө туюндурулат. Мисалы: *«Мына суу. Өзүнөн өзү айгай салып, эч кимге сөз бергиси келбеген бейжай немече, ачуусуна чыдабай ажыналап, буркан-шаркан түшүп ак уруп, агып жаткан долу суу»* (Ө.Даникеев). Мында 1916-жылкы Үркүндө кордукка чыдай, албай эки баласын бооруна кысып качып келе жаткан арык, алсыз келинге суу кыймылы контраст катары сүрөттөлгөн. Суунун таштан-ташка урунуп, кокту-колотту жаңыртып, күркүрөп, шаркыраган, тез кыймылда агып жаткан абалы, андан чыккан добуш, үн жандуу элес берип, жаныбарлардан чыккан тажаал, долу чаңырыкка, тажаал, долу адамга салыштырылган. «*Чаңырык», «айгай салуу»* лексемалары – өзүн-өзү таанытуу, өз ордун билдирүү, күчтү көрсөтүү, терс эмоция, карама-каршы жооп кылуу, адамдардын жана айбанаттардын үшүн алуу сыяктуу коннотациялык маанилерге жык толгон концептуалдуу маалыматтарды туюндурат. Демек, аталган лексемалар аккан суунун конкреттүү көркөм образын туюндуруу үчүн атайын колдонулган. Ал эми «*чаңырып», айгай салып», «ажыналап», «буркан-шаркан түшүп», «жинди-*

*ленген», «жутам»* сөздөрү суунун кыймылын экспрессивдүү, эмоционалдуу мааниде туюндуруу үчүн колдонулган символ сөздөр болуп саналат. Ошондой эле бул сөздөр көркөм тексте метафораланган стилдик боёкчолорду түзгөн каражат катары да колдонулган. Натыйжада, автор тарабынан суунун кыймылына тилдик каражаттар аркылуу өзгөчө түс, боек берилген.

Аккан суунун кыймылы өтө күчтүү. Ошондуктан анда агызып кетүү мааниси образдуу, терс эмоцияны туюндурган тилдик каражаттар аркылуу туюндурулуп, ырааттуу логикалык байланыш түзүлдү. Ошентип, баяндама ар кандай сезимдер, кабылдоолор менен коштолуп жыйынтыкталган. Подтексттик маани «*коркунуч, кырсык, өлүм»* лексемалары аркылуу тексте ассоциациялык байланыш түзө алат. Демек, өтө күчтүү аккан бул суу качкын келинге өлүм, кырсык, коркунуч алып келери тууралуу подтексттик маалымат кыйыр туюндурулган. Ассоциация – дүйнөнү таанууда адам сезиминде алгач пайда болгон тилдик сигналдар, билим алуунун бир ыкмасы. Ассоциация аркылуу дүйнө таануу мурунку тажрыйбалар менен жаңыдан кабыл алынган түшүнүктөр арасындагы байланыш аркылуу ишке ашат. Сөздөрдүн өз ара жакын, же алыс болушу, бирин-бири ачып түшүндүрө алышы, бири-бирин толуктап турушу алардын тулкусундагы түшүнүктүк маанилер менен тыгыз байланыштуу. Сөздүн ассоциативдик талаасы турмуш чындыгындагы объектини кабыл алуунун стереотиби сөздүн экинчи бир тилдик бирдик менен байланышы түрүндө берилет.

Ырас, шар аккан суунун касиетин, ыйыктыгын бийик тутуу сыяктуу элдик билимдер, ишенимдер улуттук аң-сезимде өз баасын жоготпой бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Элдик дарыгерликти колдонууда шар аккан сууну бойлоп таң эрте жана кечке маал басуу өпкө, жүрөк ооруларын айыктырары тууралуу ден соолукка абдан пайдалуу экендиги, чарчап-чаалыгуудан арылтары боюнча элдик ишеним бүгүнкү күндө да бар.

*Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө суунун токтогон, чогулган же топтолгон жери* ***когнитема катары*** *жана аларга байланыштуу когнитивдик-тилдик билимдер: көл, көлмө, көлчүк, саз ж.б.*

Улуттук дүйнө таанымда аккан суунун кургактыктагы табигый чуңкурчаларга толушу *көл* деген аталышка ээ: Ысык-Көл, Сон-Көл [161, 60-б.]. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө суунун топтолгон, токтолгон жеринин ой сүрөттө аталган образы «*Суу өз тереңин табат»* деген туруктуу образга ээ макалдын жаралышына негиз болгон. Аталган туюнтма-

нын денотативдик маанисине кайрылсак, аккан суулар кошулуп, биригип, чуңкурга, терең жерге куюлары, алардын көлөмүнө жараша көлөмдүү жана терең чуңкурга куюлганы *көл,* көлөмү көлгө караганда кичireги *көлмө – суу топтолгон жер, суу толтурулган чуңкур,* андан да тайыз чуңкурчаларга топтолгон, көлөмү кичинелери *көлчүк* деп аталаары, ал эми *токтоп калган суулуу, шалбалуу, чым көңдүү жер саз* деп аталары белгилүү [161, 61-б.].

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө көл сөзүнө байланыштуу бир катар атоолор гидрографиялык өзгөчөлүктөргө байланыштуу төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ: Мисалы, Ысык-Көл, Чатыр-Көл, Соң-Көл, Айдың-Көл, Ара-Көл, Ача-Көл, Кара-Көл, Көлмө, Көл-Сай, Көл-Булак, Көл-Төр ж.б.

Булар ичинен бир нече топко бөлүнөрү тууралуу көркөм, образдуу баяндап берүү ыкмасы автордук модалдуулук менен тыгыз байланыштуу. Маселен, *Эң чоңу Ысык-Көл. Тоолор менен курчалган. Түбүнөн кандайдыр кетип аткан күндө да, калыбын азайтпоого туш тараптан нечендеген суулар куюлат. Экинчиси – Чатыр-Көл. Бу дагы чокулары көз жеткис тоолор ортосунда. Жылга-жылгадан суулар куюлат. Аяк-башы атка күндүк жол, үч миңден ашык бийиктиктеги тоо үстүнө бүткөн Соң-Көлгө акыл айран. Үстү толгон каз, өрдөк, аккуу, аңыр. Аймагы көз жеткис мейкин. Чачыла тигилген боз үйлөр* (Т.Сыдыкбеков). Бул мисалда көлдүн тилдик сүрөтүнө байланыштуу географиялык маалыматтар көркөмдөлүп сунушталган.

Ал эми «*Чөлдүн көркү – суу, көлдүн көркү – куу», «Суудан – жайык менен, көлдөн - кайык менен» (өтөсүң). «Суу жээгинен кудук казбайт».«Суусу бүткүчө суу тамыз»* деген макалдар суу концептинин ар түрдүү табиятын чагылдырып турат.

«*Көп түкүрсө, көл болот, көл толкуса, сел болот»* макалынын коннотативдик мааниде колдонулушуна көптөгөн суулардын кошулушунан көлдүн пайда болушу, ал эми көл ар кандай табигый процесстерден улам катуу толкушу, жээгине ашып-ташып, кургактыкты сел капташы символдоштурулган. *Көп түкүрсө, көл болот* фразасынын коннотативдик маанисинде «чоң иштин аткарылышы үчүн биргелешүү, ынтымакташуу, биримдикте болуу керек» деген сыяктуу оң маанилер камтылган. Анда кошулуу, биригүү маанилери символдоштурулган. Мындай жагдайда көлдөй терең, көлдөй көлөмдүү иш аткарылары кыйытылган. Иштин аткарылышы көлгө салыштырылган. Ал эми *көл толкуса, сел болот* фразасы

биргелешип аткарылган көлдөй терең, көлдөй кенен көпчүлүк иштердин андан ары уланышы алдында көптөгөн ийгиликтерди, ашып-ташыган жетишкендиктерди ж.б. алып келери оң коннотациялык мааниде «ашып-ташуу», «ташкындоо» маанисин туюндурган «сел» деген сөзгө салыштырылган.

*Суу менен байланыштуу кыймылдардын мүнөздөрү* ***когнитемасы*** *жана алар жөнүндөгү* ***когнитивдик-тилдик*** *билимдер: себүү, суу болуу, суу кылуу, суу куюу, суу төгүү, суу чачуу суу ичүү, сууга жууну,* ж.б.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө аталган лексемалардын маанилерине байланыштуу тилдик билимдерди туюндурган лексемалар, фразеологизмдер, паремиялар, элдик ишенимдер арбын. Андай ишенимге байланыштуу ар кандай адамдык мамилелердин, кыймыл-аракеттердин, сүйлөшүүлөрдүн тез токтотулушун туюндурууда, ишке ашырууда өтмө маанидеги «*суу сепкендей»* деген метафораланган лексема колдонулат. Албетте, отко суу сепсе дароо токтоору тууралуу аң-сезимде мурда калыптанган образ өтмө маанидеги колдонулган бул метафоранын жаралышына символ болгон жана негиз болгон деп ойлойбуз. Метафоранын түпкү мааниси *дароо басылды, дароо токтоду, тып басылды* деген түшүнүктөрдү билдирет. Мисалы, *Күбүр-шыбыр суу сепкендей токтоду* [159, 66-б.]. Экинчи бир маанисинде *Суу сепкендей болуу* фразеологизм катары кимдир-бирөөнүн жаман кылык-жоруктарын, кыянатчылыгын ж.б. сезип көңүлү калуу, ичи муздай түшүү, ага карата жек көрүү сезими пайда болуу маанисин туюнтат. *Баягыдан кийин суу сепкендей болдум* (оозеки кеп) [168, 424-б.].

Ошондой эле элдик диний ишеним боюнча, «*отко суу сээп өчүрбөйт»* деген тыюу маанисин билдирген туруктуу фраза бар. Анткени кыргыздар отту ыйык деп сыйлоо менен бирге «отко суу сээп өчүрүү оттун кудайына кастык көрсөтүү менен барабар» деп түшүнүшкөн. Оттон пайда болгон күлдү да ыйык тутушкан, кадырлашкан. Ошондуктан «*отко суу сээп өчүрбөйт»* деген тыюу сөздөр туруктуу образга айланып, биздин дүйнө таанымыбызда, тилдик дүйнө сүрөтүбүздө да бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп, жашап келет.

*Сиркеси суу көтөрбөө* фразеологизми адамда эч нерсени жактырбай, сүйбөй, сөз көтөрө албай, чыртылдап турган абалды туюндурат [168, 416-б.]. Бул мисалда «сирке» деген сөз итиркейи келүү – жагымсыз сезим, дүүлүгүү деген маанилерди билдирет. Аталган сөз өтмө мааниде колдонулган. Денеси сууланып, адаптация болбогон жылаңач кишиге суу ча-

чыраса итиркейи келгендей, мындай шартта адамдын денеси сууну көтөрө албай, сууну ким чачса, ага кыжыры кайнап, аны жактырбаган сыяктуу маани ушул учурга туура келет. *Сиркеси суу көтөрбөө* фразеологизминин жаралышына ушул сыяктуу маанилер себеп болгону анык. Аталган фразеологизмдин этимологиясына байланышкан өзгөчөлүктөр да бар. Маселен, «итирке» сөзүнүн тыбыштары өзгөрүүгө учурап ч тыбышына алмашып «ичирке» андан кийин с тыбышына алмашып «исирке» түрүнө келген. Мындай алмашуудан ичирке – н, жийиркен (итирке –н, ийиркен) деген сөздөр келип чыккан. «Исирке» сөзүнүн башкы и тыбышы түшүп, натыйжада «сирке» деген сөздүн «итиркей», «ичиркей», «жийиркен» деген сөздөр менен болгон байланышы унутулуп, сырткы формасы боюнча окшош болгон «сирке» сөзү сыяктуу кабыл алынып кеткен деген божомолдоолор да бар [258, 110-б.].

Суу илгертеден эле, кыргыздын ишеними боюнча даарылоо касиетине ээ. Ал табигый күч катары кеңири пайдаланылган. Маселен, «*Суу менен учуктоо»* жөрөлгөсү кыргыздардын дүйнө таанымында ооруган адамдарды, балдарды айыктыруу максатында келип чыккан. Денеси ысып, кан басымы жогорулап ооруп жаткан адамды же кирене кирген балдарды «сезгендирүү», дене ысыганын ордуна келтирүү, айыктыруу максатында күүгүм кирип, күн батып баратканда кычкачты очокко, күйүп жаткан отко кыпкызыл болгуча ысытып, андан кийин орулуу адамды босогого отургузуп учукташкан. Учуктай турган адам идиштеги суудан оозуна толтуруп, кызарган кычкачты ооруп жаткан адамдын бет маңдайына алып келип, ага ооздогу сууну бүркүү, себүү менен:

*«Учук болсоң учуп чык,*
*Каган болсоң качып чык,*
*Түн учук болсоң, түн менен чык,*
*Таң учук болсоң, таң менен чык.*
*Учкун десең уларга бар,*
*Уңшуйган мында эмнең бар?*
*Кызыл десең, табылгынын учуна бар,*
*Кыйшайган мында эмнең бар?*
*Сулуу десең, кытайдын кызына бар,*
*Сумсайган мында эмнең бар?» – деп же*

*«Учук, учук учуп кет, кара сууну кечип кет, менин баламда эмнең бар, өгүздөй өкүргөнгө бар, менин баламда эмнең бар, музоодой мөөрөгөнгө бар»* - деген туруктуу фразаларды айтып, денесиндеги ооруну жок

кылуу максатында сууну үч жолу бүрккөн, сепкен жана идиштеги сууну башынан тегеретип, күн батышты карай серпип жиберген. Андан кийин оорулууну ошол бойдон төшөккө жаткырып, чүмкөп, башынан аягына чейин балта менен бастырып ырымдап, аягына таштап койгон. Эки-үч саат өткөндөн кийин оорулуу тердеп, тер менен баш оорусу, илешкендери чыгып кеткен.

Денотативдик маанисинде *суу болуу* деген туюнтма кийими, денеси суу болуу маанисин билдирет. Мисалы, *Жаанга калып аябай суу болдум.* Мында аталган туюнтма түз мааниде колдонулду. Ошондой эле өтмө мааниде *«суу болуу»* фразеологизм катары да колдонулат. Анда ал *«убара тартуу», «кыйналуу»* маанисин билдирет. Ошондой эле *«Колу менен берип, аягы менен суу болот»* макалы бирөөгө жакшылык кылуу үчүн бир нерсени берип коюп, кайра кайрый албай убара болуп, анын аркасынан чуркаган адамга карата айтылат. Мында берешендиктин да оң жана терс жагы болору, ишенимди баалай билүүнүн чеги аң-сезимге байланыштуу экендиги подтекст аркылуу туюнтулган. Ишенимди актай алган адам менен байланыш түзүү керектиги кыйытылып, кыйыр айтылат.

Ошондой эле өтмө мааниде колдонулган *суу кылуу* лексемасы *абдан убара тарттыруу, кыйноо* маанисин туюндурууда колдонулган фразеологизм болуп эсептелет: *Акчамды бербей мени абдан суу кылды.*

*Атын токуп, отунун алып, суусун куят* деген өтмө маанидеги туруктуу фраза кыргыз дүйнө таанымында бийлерге, бай-манаптарга *кызмат кылуу, жалданып иштөө, кулчулук кылуу* маанисинде колдонулган. Мисалы, *Ал байдын атын токуп, отунун алып, суусун куят*. Ал эми жылкынын жорголугун баалоодо *суу куйса төгүлгүс* фразеологизми *бөжүгөн, мыкты жүрүшү бар жоргого* карата айтылат. Мисалы, *Соорусуна суу куйса төгүлгүс жорго эле* («Ала-Тоо»). Ошондой эле, орду жок, туруксуз, шайкелең, тентек балдарды же өспүрүмдөрдү баалоодо да *суу куйду* фразеологизми колдонулат. Мисалы, *Баласы суу куйду тентек, суу куйду жинди.*

*«Сууну сиңген жерге куй, кепти укkан жерге айт»* деген макалда угуу – бул билим, акыл, өзүн-өзү өнүктүрүү, өстүрүү, чоң маданият, кадыр-барк, сый-урмат, руханий жактан баюу деген ж.б. маанилик оттенокторду өзүнө камтып турат. Макалдын түпкү маңызында укканды баалабоо, уга билбөө бул акылсыздыктын, билимсиздиктин белгиси экендиги кыйытылган. Угууга карама-каршы маанини туюндуруп, антонимдик катышты түзүп турган фразеологизм – *«акма кулак»* деген фразеологизм.

Жогоруда саналып өткөндөй, ушул сыяктуу жагдайда суу символ катары колдонулат. Макалда сууну сиңген жерге куйса ал жердеги өсүмдүк, гүл, бак ж.б. жашылданып, өсөт, өнөт, жемиштүү болот деген образдуу маани камтылган. Ал маани кыйыр түрдө уга билүүгө карата символдоштурулган. Аталган макалдын *«Угар жерге кеп айт, сиңер жерге суу төк»* деген варианты да ушул маанини туюндурат.

*«Колго суу куюу»* түшүнүгү кыргыздардын салтына айланып, атайын жөрөлгө катары колдонулуп келет. Бул түшүнүк төмөндөгүдөй когнитивдик структуралардан турат: 1) Бардык учурларда конок тозгондо атайын сый тамак катары аларга арналып мал союлат жана эт тартылат. 2) Эт тартылардын алдында жана тамак желип бүткөндөн кийин колго суу куюлат. 3). Колго суу куюуну үй-бүлөнүн же конок тосуп жаткан тараптын суу куйганга жараган эң кичүүсү аткарат. Колго суу куюу өтө *«*соопчулук*»* жумуш катары каралат. Анын сообу *«*бата*»* аркылуу тиет деген түшүнүк калыптанган. 4) Адатта, эркек конокторго эркек балдар, аял конокторго кыздар суу куят. Маселен, эркек жигитке берилген батада төмөндөгүдөй тилдик жана тилдик эмес маалыматтар берилет.

Тилдик маалымат катары: *«Жортконго жолуң болсун, Калтаңа дилде толсун // Өмүр жашың узак болсун // Катардан озгон эрен бол, Көл түбүндөй терең бол // Сынай калса кулак сал, Мактай калса, керең бол // Оомийин!»* деген сөздөр, сүйлөмдөр катышат.

Ал эми тилдик эмес маалымат катары: *«Оомийин»* деген сөздү айтардын алдында эки колдун алаканы бириктирилип, жайылып, айтылгандан кийин адамдын жүзүнө (бетине) жабылып, сүртүлөт. Мындай тилдик эмес маалыматтын, символдун артында батада айтылган каалоотилектердин бардыгы ошол адамга тийсин, *кудай жеткирсин, кудай кааласын, кудай тилегенин берсин* деген диний дүйнө таанымга негизделген тилдик туюнтмалар менен коштолгон мазмундуу маалымат камтылган болот.

Кызга берилген батада да төмөнкүдөй тилдик маалымат бар: *Колума суу куйган кызым // Жүзүң суудай тунук болсун, Нээтиң суудай таза болсун, Өмүрүң суудай узун болсун // Олоңдой кара чачыңа, Оролсун дөөлөт башыңа // Максатыңа жетип, бактылуу бол, айланайын* [105]. Мында *«айланайын»* сөзү көбүнчө алкыш, жакшы көрүү маанисинде колдонулат. Чоң кишинин өзүнөн кичүү адамды жакшы көргөндө ызааттоо, колдоо, көтөрмөлөө, эркелетүү ж.б. сыяктуу оң мааниде колдонуп айткан сөзү. Бул сөздү жашы кичүү адам өзүнөн улуу адамга карата айтпайт.

Денотативдик маанисинде *суу ичүү* деген туюнтма суусунду кандыруу, чаңкаганды басуу маанилерин билдирет. Ал эми коннотативдик маанисинде аталган туюнтма тамакка карата колдонулуп, *«даамдуу эмес, даамы жок»* деген терс маанилерди да туюндурат. Маселен, *Тамак ичкендей эмес эле суу ичкендей болдум, Тамак эмес эле шылдыр суу болуп калыптыр* (оозеки кеп). Мында тамактын даамын баалоодо суу даамсыздык, сапатсыздык мааниде колдонулду.

Кыргыз дүйнө таанымда суу тирүүлүктүн, өмүрдүн, өлүмдүн символу катары да колдонулат. Маселен: *Ичер суусу бар* деген туюнтма – тирүүлүктүн, жашоонун символу. *Ичер суусу түгөнүптүр. Ичер суусу куруптур* – өлүмдү кыйытып туюндуруунун симолу. *«Ичер суусу түгөнгөн киши өлөт»* макалы жашоосу бүткөн, өмүрүнүн аягына жеткен адам өлөт деген мааниде айтылган.

Ошондой эле улуттук дүйнө таанымда байыркы убактарда эле *суу ичүү* элдик дарылоонун бир ыкмасы катары да кеңири пайдаланылган. Мисалы, *бир ай суу ичип жатты. Ооруп, суу ичип айыкты.* Мында «суу ичүү» дарттан арылтуучу жол, билим катары таанылды. Ал эми *суусун ичүү* – абдан үйрөнүп калуу, көнүп, кыныгын таап алуу маанилерин билдирген фразеологизм. Маселен, *Тамекинин суусун ичет. Темирдин суусун ичкен уста.*

*Суу ичкендей болуу* – абдан арыктоо, өңүнөн азуу маанилерин туюндурган фразеологизм. Маселен, *Баягы кыпкызыл Асанбек жок, алты ай суу ичкендей болуп, кулагынан күн көрүнүп калыптыр* (Чалкан). Бул фразеологизмдин экинчи мааниси «абдан сарсанаа болуу», «бир нерсе жөнүндө ойлонуп, кайгы тартуу» деген маанилерди туюндурат. Мисалы: *Өзүңдү күтүп отуруп, суу ичкендей болдум.*

*«Бир киши арык казса, миң киши суу ичет»* деген макалда суунун бир адамга гана эмес, бардык адамдарга жашоо, өмүр берген түгөнгүс байлык экендиги тууралуу маалымат кыйытылып туюндурулган. *«Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет»* макалы башка оор, мүшкүл иш түшсө бир айласын таап, каалаган максатка жетүү керек деген маалымат кыйытылып берилди.

Менталдык түшүнүк боюнча, бай адамдардарга көбүнчө *ач көздүк, карасанатайлык, ичи тардык, өзүмчүлдүк, кызганычтык* сыяктуу ж.б. сапаттар мүнөздүү деп эсептелет. Ар бир кылган жакшылыгын битиреп санайт, эсебин алат ж.б. деген ой-пикирлер арбын. Ошондой эле болгон оокатка топук кылып, ак эмгеги менен жашаган, дүнүйөнү алдыңкы

орунга койбогон, жан дүйнөсү бай, таза, пейили кенен, кимге болбосун жан дили менен мамиле кылган адамдар да бар. Ошондой адамды даңазалаган, алар менен байланыш түзүү керек деген маанини билдирген *«Байдан чай ичкиче, жоктон суу ич»* деген макал бар. Мында бай менен карапайым адамды контраст коюу мааниси да кездешет.

*«Никенин суусун ичүү»* деген түшүнүк диний дүйнө таанымга негизделген. Ошондой эле бул түшүнүк улуттук өзгөчөлүктү да чагылдырат. Бул түшүнүк төмөндөгүдөй когнитивдик структуралардан турат: 1) уул келиндин атасынын үйүнө молдо келет; 2) молдонун алдына чыныга суу куюлуп коюлат; 3) чыныдагы сууга шекер менен туз салынат; а) шекер– *таттуу, бактылуу жашоонун символу;* б) туз – *эгерде кимиси үй-бүлөлүк жашоону бузса, «туз урат» деген түшүнүктү камтыйт, жубайлар жашоонун ачуу-таттуусун (өтмө мааниде) бирдей көтөрүп, ынтымакта жашашсын деген түшүнүктү камтыйт ж.б.*; 4) уул менен келиндин жакын туугандары чогулушат; 5) уул менен келин молдонун маңдай жагына отурат; 6) молдо алдындагы сууга нике дуба окуйт; 7) уул менен келинден баш кошуу боюнча макулдугун бергендиги тууралуу сурайт; 8) жыйынтыктоо дубасын окуйт да, сууну экөөнө ичирет. Бул *«Нике кыюу»* фрейминин сценарийи – жүрүм-турум эрежелерин, этникалык, этикалык нормаларды, шариат боюнча баш кошуп жатканда нике кыюуда жасалган иш-аракеттердин баарын кучагына алган жалпы билимдердин топтому. Менталдуулук – кыргыз этносунун баш кошуу учурунда зарыл болгон нерселер жөнүндө элестөөлөрү, өзгөчөлөнгөн дүйнө таанымдары. Ал шариат боюнча – нике кыйдырууда айкын көрүнөт. Мында тилдик эмес каражаттар (суу, шекер, туз) символдук каражаттар болуп эсептелет: *Суу – жаштардын бири-бирине болгон таза, тунук мамилелерин билдирет*. Ал эми *туз болсо эгерде баш кошкон үйбүлөгө ким кыянатчылык кылса же экөөнүн бирөө күнөө кылса, туз урат, ачуу, татуу сууга кандай аралашып кетсе, дал ошондой үй бүлөлүк жашоодо бири-бирине сиңишип жашоо керек, жакшы, жаманды жеңе билиш керек* деген ж.б. элдин жупуну, өзгөчөлөнгөн түшүнүгүн билдирет. Ал эми *кумшекер – таттуу, ынтымактуу, тынчтыкта жашоонун символу.* Тилдик деңгээл: концепттин ядросу (борбордук синонимдер): *нике кыюу, никеге туруу, никеге отуруу, үй-бүлө болуу, жаш жубайлар, нике кайып ж.б.*; негизги сөзгө жакын сөз айкаштары (жакынкы алкак же периферия): *уул-келин, кайната-кайнене, куда, кудагый, туугандар-урук, молдо* ж.б. Негизги түшүнүккө ылайык кыймыл аракетти туюндурган түз жана өтмө маанидеги (жакын-

кы жана алыскы алкактардагы, перифериялардагы), сөз айкаштары, сүйлөмдөр, фразеологизмдер, тексттер бар. Маселен: *никеге отурду, никелеп алды, никенин суусун ичти, келиндин аягынан, койчунун таягынан, жакшы келин, ала жипти аттабоо, катын албай кайын ал, эне сүтү оозунан кетпеген, «катынды башынан, баланы жашынан»*, *суудай бириңе-бириң сиңишип жашагыла, таттуу мамиледе болгула, «көшөгөң көгөрсүн»* сыяктуу ж.б. көптөгөн маанидеги өтмө, образдуу ассоциацияланган сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр, фразеологизмдер, тексттер улуттун дүйнө таанымына жараша талдоого алынып, «нике кыюу» концептине тиешелүү жалпы билимдерди түшүндүрүүдө кызмат аткарат.

Прагматикалык деңгээл: Нике кыюуда аткарган кызматтын – ишке ашышы (кыргыз тилдик дүйнө сүрөтүндө) рационалдуу жана диний түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт. Молдонун кептик жүрүм-туруму: дуба окуусундагы колдонгон фразалар, үйлөнгөн жаштардын бири-бирине ант берүүлөрү ж.б. да кирет. Тилдик эмес жүрүм-турумга чыныдан суу ичүү, сууга шекер жана туз салуу ж.б. кирет. Жыйытыктап айтканда, «нике кыюу» концепти өзүнө тиешелүү бардык билимдерди: тилдик эмес жана тилдик билимдердин бардыгын, карапайым, жупуну түшүнүктөрдү да камтыйт. Анда *суу, нике суу* түшүнүктөрү негизги түшүнүктөрдүн бирине кирет.

Кыргыздардын дүйнө таанымында *«Ыйман суу ичирүү»* жөрөлгөсү – адамдын акыркы деминде, жан берер алдында суу ичирүү салтына кирет. Каза болгону жаткан адам уккудай кылып, молдо ыйман айтып, дем салып, акыркы сапар алдында *ыйман сууну* ууртатат, же оозуна тамызат. Андан соң, дуба окуп, тилин сөзгө келтирет. Башында отурган молдо, аксакалдар ыйман тилеп, көзүн жумдуруп, жаагын таңып, эки колу менен аягын жазып, байлап, ак менен бетин жабат. Бул *«ыйман суу ичирүү»* чоң сооп деп таанылып, каза болгон адамды жууп, башын оң жакка кыбылага каратат. Бул жөрөлгөдө да суу түшүнүгү орчундуу роль ойнойт.

*Сууга жууну* түшүнүгү турмуш-тиричиликте сүйлөшүү стилинде *сууга түшүү* тилдик туюнтмасы менен түшүндүрүлөт. *Сууга түшүү, сууга салуу* деген тилдик каражаттар сууга жуунуп, тазалануу дегенди туюндурат. Мисалы, *сууга түшпөй, кийим алмаштырбай жүрө берди.*

*Сууга салуу* тилдик туюнтмасы кичинекей баланы жуунтууга карата колдонулат. Мисалы, *баланы сууга сала калайын деп даярдана баштады* (оозеки кеп). Улуттук дүйнө таанымда жаңы төрөлгөн баланы сууга салууда *кырк кашык сууга* жуунтуу сценарийи бар. Ал наристенин *«кыркын*

*чыгаруу»* деген жөрөлгө менен байланыштуу. Бул жөрөлгө кыргыз дүйнө таанымындагы салттардын бирине кирет. Жаңы төрөлгөн баланы 40 күн болгончо бир күн самындуу суу менен, бир күн туз аралыштырылган суу менен, бир күн жыпар жыттуу чөп аралаш суу менен жуундурган. Кырк күндөн кийин наристе торолуп, көз токтотуп, ар кандай кубулуш, дабышты сезе баштайт. Бул жөрөлгө наристенин жарык дүйнөгө (диний түшүнүк боюнча «бул дүйнөгө») ылайыкташып, калыптанып, жашоого ыңгайлашып кетүүсүнүн алдын алуу үчүн жасалган. Кырк күн болгондо баланы, кыргыздын ырымы боюнча, *«кырк кашык сууга»* жуунтушкан. Бул иш-аракетте колдонулган тилдик туюнтмалар: каалоо-тилектер да бар: *«Менин колум эмес, Умай-эненин колу. Умай-эне колдосун, кудайым колдосун, жаратканым суудай узун өмүр берсин, ден соолук берсин, дени сак болуп өссүн* ж.б.

*Умай* деген – байыркы түрк элдеринин түшүнүгү боюнча, аялды жана баланы колдоочу пир, кудай. Умай эне культу Сибирдеги түрк элдеринде али күнгө чейин сакталып келген», - деп окумуштуулар түшүндүрүп жүрүшөт [252, 43-б.]. Кыргыз дүйнө таанымында да Умай эненин культуна сыйынуу боюнча диний ишенимдер бар. Умай эне үй-бүлөнү, укум-тукумду колдоп, сактап турган аял кудайы. Умай эне балдардын төрөлүшүндө жана алардын тагдырында эң негизги ролду ойнойт деген ишеним азыр да сакталган [211, 115-бет.). Демек, Умай эне деген түшүнүк кыргыз тилинде бөбөктөр менен энелердин колдоочусу, камкорчусу деген түшүнүктү билдирет.

Ошондой эле улуттук салт боюнча каза болгон адамды жуунтуу, сөөгүн жуу, тазалоо жөрөлөсү *сууга алуу, майрам сууга алуу* деген диний түшүнүктөр менен аталат. Маселен, *Сөөк жуу* жөрөлгөсү диний шариат менен байланыштуу. Өлүм кабарын уккан туугандары, жаназага чакырылгандар келген соң, *сөөк жуу* маселеси жөнүндө сөз болот. Кээ бир адамдар каза болор алдындагы осуятында сөөгүн кимдерге карматуу керектигин да айта кетишет. Мындай болбогон жагдайда өлүк ээлери акылдашып, жети атанын урпагынан бир-бир адамдан, башкача айтканда, 7 адамдан сөөк жуушун суранат. Маркумдун денесин жуу – өтө жооптуу маселе катары каралат. Тиричилигинде бири-бири менен сый мамиледе болгон беделдүү адамдар, көбүнчө катар өсүп, таттуу болгон абысын-ажын арасында кайсынысы мурун каза болсо, тирүү калганы анын сөөгүн кармары тууралуу келишип да коёт. Сөөк жуучулар белгиленген соң, молдонун башчылыгы менен алар даарат алып, намазга дайынданат. Сөөк

жуучулардын бирөө башчылык кылат, калгандары анын айтканын жасайт. Мисалы, бирөө суу алып келип турса, экинчиси суу куят, үчүнчүсү маркумду оодарууга көмөктөшөт, төртүнчүсү өлүк үстүнөн кепинди кармап турат, эки-үч адам колуна ак матадан атайын тигилген кол кап менен өлүктү жууйт. Кепин акыретке арналып, ак матадан жасалат. Анын бир учун өлүктүн мойнуна илип, экинчи жагын аяк жагына карай керип турат. Сөөк жуучулардын бири кээде өлүктүн үстүнө куюлган суунун астына жыттуу самын кармап эзип турат. Кээде аны жуучулардын өздөрү жасайт.

*«Баштан суу тегеретүү»* түшүнүгү да кыргыздын дүйнө таанымында адамды ар кандай кырсыктардан, оору-сыркоолордон, коркунучтардан сактоо, амандыгын тилөө максатында салт катары жаралган. Маселен, жаңы төрөп келген аялзатын, же алыска жол тартып барып келген адамды, ооруп сакайган адамды, кырсыктан аман-соо калган адамды эң жакын аялзаты, энеси, чоң энеси ж.б. үйгө кирердин алдында башынан чыныга куюлган сууну айлантып, тегеретип, ичинен дуба келтирип, *ооруу-сыркоолордон алыс бол, келечегиң кең болсун, ден соолукта бол, өмүрүң узун болсун, бөөдө кырсыктан алыс бол, көп жаша* деген ж.б. каалоо-тилек, алкыш сөздөрүн айтып, андан кийин идишке куюлган сууга үч жолу түкүртүп, идиштеги сууну киши баспаган жерге төгүп, идишти сыртка көмкөрүп коюу жөрөлгөсү бар. Анткени аталган жөрөлгөгө байланыштуу суунун касиети күчтүү, сууну баштан айлантып, тегеретип жатканда ал оору-сыркоону, ар кандай жаман, терс нерселерди өзү менен кошо ала кетет, жууп-тазалайт, адамга күч берет деген ишеним болгон. Мындай жөрөлгө бүгүнкү күндө да өз күчүн жоготпой колдонулуп келет.

Аталган жөрөлгөнүн экинчи варианты *суу чачуу* деп аталат. Маселен, бир киши ыраакы жерге барып келсе, же аттан жыгылса, же балбан жыгып, эр сайса, идишке суу куюп ал сууну ошол кишинин башына үч айландырып, түкүртүп туруп сууну чачып салат [38].

*Суунун катышы, анын көлөмү, таасири же катышпагандыгы менен байланышкан нерселерге, кыймыл процесстерине байланыштуу* ***когнитема*** *жана когнитивдик-тилдик билимдер: жашоо, жашылдануу, бар болуу, соолуу, кургап калуу, чирип кетүү, өлүү, жок болуу* ж.б.

Кыргыз тилинде суу сөзүнүн катышы менен уюшулган денотативдик мааниге ээ тилдик атоолор өтө арбын. Мисалы, *суу жолук* – жүздү аарчый турган сүлгү, *суу өтүк* – суу өткөрбөгөн, суу кечкенде кийе турган өтүк, *суу май* – өсүмдүктөрдөн алынып, тамак катары пайдаланылган май, *суу*

*жылан* – сууда жашаган жылан, *суу чечек* – денеге чыккан жара, *суу кудук* – монгол, калмак тилдеринде ыйык кудукту ушундайча аташкан ж.б.; Нерселерде суунун катыштыгы бар экендигинин белгисин туюндурган когнитивдик сөз айкаштарына төмөндөгүлөр кирет: *суу жыгач, суу чыбык, суу кийим* ж.б.

Ал эми турмуш-тиричиликте сүйлөшүү стилинде, публицистикалык стилде, көркөм стилде колдонулуучу, компонентинде суу сөзүнүн катышы менен уюшулган когнитивдик-тилдик билимдерге байланыштуу фразеологизмдерге төмөндөгүлөр кирет: *суу сийдик* – уругунан бала болбогон, бала төрөлбөгөн (эркекке карата айтылат); *суу мурун* – 1. чимкириги куюлган, мурдунун суусу токтобогон, мурдун кайра-кайра тарткан, 2. *суу мурун сөлөк* – жүдөгөн, начар, шалаакы аялзатына карата айтылат; *суу карек* – көзү ачык туруп эле көрбөгөн, көрүү жөндөмдүүлүгүн жоготкон, сокур деген маанини билдирет; *суу жүрөк* – коркок, кайратсыз, жүрөгү курч эмес, жүрөгү жок маанилерин билдирет; *суу тумшук* – элге-жерге батпаган, жек көрүндү, кадыры жок; *суу жукпас* – өзүнө сөз тийгизбеген, амалкөй, эпчил, куу, ар кандай кырдаалдарда жол таап кеткен; *суу жугузбоо* – терс жактарына эч көңүл бөлбөй, жалаң гана оң жактарын айтып мактай берүү, өткөрө мактоо; *суу кошпоо* – так өзүндөй, кандай болсо ошондой, эч кошумчасыз сүйлөө маанилериндеги фразеологизмдер [168, 421-424-б.].

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө суу – «*өмүр», «жашоо»* лексемалары менен ассоциацияланып, кыргыздардын дүйнө таанымында жашоонун символу катары репрезентацияланат. Улуттун ой туюмунда суу терең маани-маңызга ээ, өмүр сүрүүнүн символу экендиги, суусуз жашоо болбостугу, адамдын өзү да суудан турары, суусуз адам өмүр сүрө албастыгы, дегеле тирүү жандыктардын жашоосу суу менен тыгыз байланыштуу экендиги тууралуу концептуалдык маалыматтар, тилдик туюнтмалар кийинчерээк макал-ылакаптарга айланган. Маселен, «*Суу – адамдын жаны, Өмүрдүн каны», «Суу бар жерде жашоо бар», «Суусуз жашоо жок»*ж.б.

Ал эми «*Суу мол болсо, нан да мол», «Суу жерге, байлык элге», «Билим элге, суу жерге керек», «Суу кетсе, таш калат, сурма кетсе таш калат», «Суу боюна тал жарашат, Кыз маңдайына кал жарашат», «Кайрымы жок байдан, суусу жок сай жакшы», «Жалгыз да болсо, тоом бар, Тайыз да болсо, суум бар», «Жардыны кыйнаган менен, жар түбүнөн суу чыкпайт», «Адам кааласа, таштан суу, какырдан гүл чыгарат», «Суу*

*чайпалып төгүлөт, эл чайпалып түгөнөт», «Тамчы суудан тал көгөрөт», «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт», «Суулуу жер – бейиштин төрү, суусуз жер – тозок көрү», «Суу түгөнсө сай калат», «Суу тартылат, сел токтойт», «Суу болбосо түшүм жок», «Суу жетпеген даректын суру качат»* (С.Закиров) деген макалылакаптар кыргыздардын кылымдардан берки жашоо-тажрыйбасынын далили болуп, бүгүн да күндөлүк турмушубузда кеңири колдонулат.

*Сууга мүнөздүү кыймылдуу абалдар* ***когнитема катары*** *жана алар тууралуу когнитивдик-тилдик билимдер:сүзүү, кечүү, чабак уруу, ылайлоо, чөгүү, калкуу, агуу* ж.б.

Кыргыздардын дүйнө таанымында суу адамдардын активдүүлүгүн, күчүн, мүнөздөгөн негизги белги болуп саналат. Төмөндөгү макалылакаптарда *аккан суу* түшүнүгү адамдын күчүн сыноо, адамды баалоо менен ассоциацияланган: *«сууга түшсө, акпаган, отко салса, күйбөгөн»* образдуу туюнтма (Т.Сыдыкбеков), *«Адам даңк үчүн от менен сууга кирет», «Эр башына иш түшсө өтүгү менен суу кечет», «Сууну жер бөгөйт, жоону эр бөгөйт», «Суудан тонун аябаган, жоодон жанын аябас», «Ит жандаган сууга кетет, эр жандаган элге жетет»* ж.б. Бул макалдарда суу адамдын күчүн баалоодо символ катары колдонулган.

Сууда болгон кыймылдар *сууну кечүү* деген түз мааниге ээ маалыматты эле билдирбестен, өмүрдүн, тирүүлүктүн, жаштык мезгилдин, убакыттын тез өтүшүн белгилөөнүн да символу боло алат. Мисалы, *Кетти, кетти, жибек боосун чече албайм // Кечкен сууну, кайра экинчи кече албайм. Кеткен кетти, өткөн өттү бирдеймин // Кечтим дайра агымынын миңдейин.* (А.Осмонов.). Мезгил, убакыт – «кечкен суу» менен синоним катары каралды. Агып кеткен суу *кайрылбоо, кайталанбоо, бир гана жолку* деген маанини билдирсе, убакыт, мезгилдин да дал ушундай мүнөзгө ээ экендиги синонимдеш когнитивдик маани катары салыштырылды. Кыргыз тилинде «мезгил агымы», «айлар акты», «жылдар акты» деген туюнтмаларда да «суунун агымы» убакыттын, мезгилдин өтүшүнүн символу болуп колдонулат. Кыргыздын тилдик дүйнө таанымында мезгилди, убакытты туюндурган ай, жыл, кылым түшүнүктөрү өтмө, образдуу мааниде суу менен символдоштурулат. Мисалы, *Бул комуз көп сууларды кечип келген* (А.Осмонов.). *«Жыл дегениң жылгадан аккан суу»* (макал).

*«*Аккан суу*»* фреймдик компоненти – адамды баалоонун критерийи, чоң сыноо, максатка жетүүдөгү олуттуу тоскоолдук. Кыргыздардын тил-

дик дүйнө таанымында коомдук иш-аракеттердеги ар кандай кырдаал-шарттарда оң жана терс мамилелер, тажрыйбалар, жүрүм-турумдар аккан суу лексемасы катышкан өтмө маанилердин, фразеологизмдердин жаралуусуна шарт түзгөн. Мисалы, *«суудан өткөнчө, же сууну кечкиче»* деген туюнтмалар *«бирөө аркылуу зарыл ишин бүтүрүп алгыча», «кырсыктан кутулуп кеткиче»* деген маанини билдирет. «*Суу кечирүү»* – убактылуу ыраазы кылуу, алдап жолго салуу, алдоо*; «суу кечпеген сөз»* – жараксыз, орду жок, келжирек, эч нерсеге арзыбаган сөз; *«суудан кургак чыгуу»* – кандай күнөө кылса да эч билинбей өтө амалкөйлүк менен четке чыга берүү*; «суу ашырбоо»* – таратпоо, жайылтпоо, жашырып жаап коюу*; «чарыгы менен суу кечирүү»* - тилинен бал тамуу*; «сууга салуу»* – 1. жок кылуу, жоготуу, түгөтүү, аягына чыгуу. 2. Унутуу, ойдон чыгарып коюу*; «сууга кетирүү»* - жок кылуу, аягына чыгуу, *«аты суу кечпөө»* - иштен жеңилүү же ал ишке алы жетпөө; *«суу кечип алгыча жарашуу»* – кыйынчылыктан өткүчө достошуу ж.б.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө аккан сууда болгон адам кыймылдарынын мүнөзүн адамдык сапаттарга символдоштуруу менен жаралган макалдар арбын. Мисалы, *«Суудан өткөнчө, энемди берейин, Суудан өткөн соң эмнемди берейин»,«Суу кечпес сөздү айтпагын, айтсаң, кечкидей кылып баштагын», «Суу кечпес сөздү айтпаган жакшы», «Сууну чым токтотот, сөздү чын токтотот», «Сууну көп кечсе, чалчык болот, сөздү көп сүйлөсө тантык болот», «Суу кечпей, кепичиңди чечпе», «Өз туганын кор көргөн ашуу таппай белде өлөт, кечүү таппай сууда өлөт», «Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдынан тал карма» ж.б.*

*«Суудан өткөнчө энемди берейин, Суудан өткөн соң эмнемди берейин»* макалынын терең маанисинде *өтө татаал, зарыл иши* бүтүп кеткиче, *кырсыктан, кыйынчылыктан* кутулуп чыккыча бардыгына, керек болсо, эч нерсеге алмаштыргыс энени да берүүгө даяр экендик, *«абийирсиздик», «ыймансыздык», «адепсиздик»* маанилерин камтыйт. Ал эми экинчи компонентинде зарыл иш бүткөндөн кийин *жакшылыкты унутуп коюу, билсе да билмексен болуу, көрмөксөн болуу* деген ж.б. маанидеги туюнтмалар аркылуу *«карөзгөйлүк», «алдамчылык», «өзүмчүлдүк»* ж.б. маанилер камтылган. Мында адамдык терс сапаттарды баалоонун бирден бир критерийи катары суу түшүнүгү алынган. Суу жогорудагыдай маанини, ойду мазмундаштыруунун символу болуп саналат.

Кыргыздардын дүйнө таанымында чоң сууну кечкенде колдонулган ырымдар да бар. Алар ырым ыры түрүндө кездешет. «Суу кечерде суу

ээсине жалбарып, ага атап ырым кылып койсо, суудан аман-эсен өтөт» деген ишеним болгон. Суу эсине айтылган ырым ыр түрүндө мындайча айтылган:

Агыны катуу дайрадан,
Жараткан өзүң колдорсуң,
Суу кечкенде жетелеп,
Илияс пирим жолдошум.
Шашылбай солгун кечиргин,
Шайтанга наалат жоголсун,
Жаа, пирлерим шар суудан
Чымын жанды колдогун [105].

Ошондой эле турмуш-тиричиликте сүйлөшүү стилинде прагматикалык шарттарга ылайык, *«суу кечип келүү»* туюнтмасы колдонулат да, алыс тараптан айыл аралап келүү маанисин билдирет. Бул маани *конок* түшүнүгү менен ассоциацияланат. Мисалы, *Сөздү алгач суу кечип келгендерге берели* (оозеки кеп). Алыстан айыл аралап келген адамдарды сыйлоо, урматтоо, кадырлоо, барктоо менен сый-урмат көрсөтүш керек деген түшүнүк кыргыздын менталдык түшүнүктөрүнүн бирине кирет.

*Бөтөн жердин, бөтөн суунун эли, Суу-суудан элдер чогулуп* деген туюнтмалардан кыргыздар байыркы мезгилдерде эле сууну, өзөндү жээктеп, айыл-айыл болуп отурукташкандыгын, суу айыл түшүнүгүн да билдирерин байкоого болот.

*Суунун өзүнө байланышкан абалдар жана аларга байланыштуу когнитивдик-тилдик билимдер:кайноо, муздоо, ысуу, суу, тунуу, тоңуу, муз болуу* ж.б.

Жаратылыштагы ар кандай процесстерге байланыштуу суу муздайт, тоңот, эрийт, жылыйт, ысыйт, кайнайт, буулanat, жаанга айланат. Суунун мына ушул ар кандай абалы кыргыздардын когнитивдик ой туюмдарына таасир этип, баалуу ойлорду жаратууга символ болгону анык. Маселен, *«Муздан суу тамар»* деген макал да акылман кыргыз элинин философиялык терең мааниге ээ ой жыйынтыгы чагылдырылып турат. Кыска жана нуска бул сөз түйүнүнө опол тоодой ой батырылып, жараткандыгы маалым болуп турат. Аталган макалдын түз маанисинде, чындыгында, муз эрийт, суу болот, тамат, аккан сууга айланат. Ал эми муз – өтө катуу сууктан улам буудан же суудан жаралган катуу, муздак, оңой менен сынбаган зат. Кыргыздын дүйнө таанымында адам сапаты, мүнөзүнүн катуулугу, таш боордугу, сараңдыгы кээде музга өтмө мааниде символдош-

турулат, окшоштурулат. Мерез, сараң адамдар да ташка, музга салыштырылат. Кайсы бир өңүттөн карагада, *«Муздан суу тамар»* деген макалдын түпкү мааниси адамдын ички дүйнөсүн, руханий байлыгын чечмелөөгө арналган. «Катуу адамдын да кыябын тапса болот, анын ичин жылытууга, жүрөгүн эритүүгө болот» деген ой бул макалда туюндурулган. Ушундан улам *«жүрөгү муз», «таш боор», «муз жүрөгү бир аз эриди», «таш жүрөгү бир аз жылыды»* деген туюнтмалар дал ушул жагдайларда колдонулат. Демек, *«муздан суу тамар»* деген макалда катуу, таш боор адамдын да сезими ойгонор деген коннотативдик маани кыйытылган.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө тилдик каражаттар аркылуу суунун касиетин, маанисин таанып билүү тажрыйбасы мүнөздөлөт. Суунун образы тилде элдин маданий-тарыхый жактан өсүп өнүгүүсүнөн улам жаралган. Өзгөчө, суу образы өзгөчө жашоонун географиялык жана климаттык шарттар таасиринде жана сууга байланышкан диний көз караштардын шыкагында жана турмуш-тиричиликтеги прагматикалык шарттарга байланыштуу.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «аккан суу» фреймдик компонети *душман* же *жоо, өлүм, кырсык, кайгы* лексемалары менен репрезентацияланат. Суунун терс касиеттери тууралуу когнитивдик билимдер аталган лексемалар менен түшүндүрүлөт.

Элдин дүйнө таанымында суу адамдын аң-сезимине баш ийбеген, агымы күчтүү, агызып кете турган, өлүмгө алып келе турган реалдуулуктагы коркунучтуу зат катары кабылданат да, төмөндөгүдөй лексемалар жана макалдар аркылуу интерпретацияланат: *«агызып кетүү», «чөгүп кетүү», «сууга тумчугуу» ж.б.; «Суу – тилсиз жоо», «Бирөөнүн ажалы уудан, бирөөнүн ажалы суудан», «Чегинген суудан кайтпас, кезенген жоодон кайтпас», «Суу менен ойнобо, чөгөсүң, от менен ойнобо күйөсүң», «Эки кеменин башын кармаган сууга кетет», «Тоону ташты суу бузат, эл арасын чуу бузат», «Суу менен ойнобо, жай күнүнө ишенбе»* (макалдар).

Жыйынтыктап айтканда, суунун номинативдик маанисине караганда анын метафоралык, коннотативдик маанилерине талдоо жүргүзүү олуттуу мааниге ээ. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө жогоруда аталган сууга байланыштуу семантикалык талааны түзгөн коннотативдик маанилер бар. Алар метафораланган талааны түзүп, ошонун негизинде белгилүү бир концептуалдык модель жаратарына жогорку талдоолор күбө боло алат. Суу тууралуу семантикалык талаанын концептуалдык маанилүү

белгилери метафоралаштыруунун, концептуалдык моделдештирүүнүн когнитивдик-тилдик негизин түзө алат.

## 2.2. «Тоо» концепти

Кандай гана объктивдүү чындыкты албайлы, ал коомдук тажрыйбалардан улам аң-сезимге кабылданат жана моделдештирилет. Ар бир адам жеке дүйнө сүрөтүнө ээ болот [82, 22-б.]. Ал эми жеке адамдагы дүйнө сүрөтү өзүнүн жашаган чөйрөсүнө, жашоо өзгөчөлүгүнө ылайык иштелип, калыптанып, жамааттык, уруулук, улуттук мүнөзгө айланат. Демек, улуттун дүйнө сүрөтүн чагылдырган тили аркылуу ал улуттун руханий байлыгын, материалдык баалуулуктарын таанып билүүгө болот.

Ириде, тил дүйнөнүн, дүйнө фрагментинин көрүнүшүн, сүрөтүн баяндайт, мазмундаштырат жана маалыматташтырат. Кандай гана эл, этнос болбосун, алардын когнитивдик билимдери тилинде сакталат. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүнө байланыштуу кайсы бир элдин тилин изилдегенде, аны ошол элдин аң-сезими, дүйнө таанымы, маданияты менен байланыштырып иликтөө максаты алдыңкы орунга чыгат. Андыктан, эң алды менен, «тоо» сөзү тууралуу тилдик дүйнө таанымдык маалыматтарга кайрылуу негизги милдет болушу шарт.

Тоо – жер үстүндөгү маанилүү объектини түшүндүргөн сөз. Тоо – жерден, түздүктөн айырмаланган бийиктикке ээ болгон бүктөмдү түшүндүргөн географиялык кенен түшүнүк гана эмес, дүйнө таанымда, ойломдо, дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө байыртадан бери ар бир элдин ойтолгоосунда кеңири орун алып, терең маани-мазмунга ээ концепт. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө тоону концепт катары баяндоодо эки деңгээлге таянышыбыз керек. Биринчи – концепттин же тилдик белгилердин жалпы адамзаттык жана универсалдык маанисин аныктоо, экинчи – концепттин улуттук тилде белгилүү бир этномаданий дүйнө таанымдык тажрыйбаны бекемдеген каражат катары өзгөчө мүнөзүн аныктоо [95, 23-б.]. Ошентип, улуттук тилдик дүйнө сүрөтүндө «тоо» концепти кыргыздардын мейкиндик дүйнө сүрөтүн түзгөн сегменттердин эң негизгиси болуп эсептелет. Андыктан аталган концептке концептуалдык анализ жүргүзүү биздин изилдөөбүздүн бир предметин түзөт.

Филология жаатындагы изилдөөлөрдө баса белгиленгендей, улуттук дүйнө сүрөтүн, билимдердин бүткүл системасын түптөгөн, чагылдырган негизги категориялардын ичинен «мейкиндик» категориясы олуттуу маа-

ниге ээ. «Дүйнө таануудагы эң фундаменталдуу тармактардын бири – мейкиндикти категориялаштыруу» [146, 84-б.].

«Мейкиндик» карачай, балгар тилдериндеги дүйнө сүрөтүндө бир нече негизги мейкиндик сегменттери (тоо, түздүк, суу ж.б.) аркылуу түшүндүрүлгөн «макроконцепт», ал эми аталган сегменттер «микроконцепттер» деп белгиленет [39, 3-б.]. Ю.М.Лотмандын пикири боюнча, «…мейкиндиктин семантикасы тигил же бул маданияттагы дүйнө сүрөтүнүн жаралышында үстөмдүк кылуучу мааниге ээ болбосо да, өзгөчө мааниге ээ» [188, 205-б.]. Мейкиндик маданияттын түрдүүлүгүнө байланыштуу түрдүүчө кабыл алынат. Ю.С.Степановдун пикирине ылайык «мейкиндикке кайрылуу – адам журүм-турумунун нормаланган аспектисине, образына кайрылуу. Ушундан улам ар кандай улуттук маданиятта тарбияланган адамдардын мейкиндикке болгон мамилеси ар кайсы өлкөлөрдөгү кабыл алынган моделдерге төп келээрин байкайбыз» [268, 8-б.].

Аталган көз караштар боюнча, мейкиндик өзгөчөлүктөргө байланыштуу адамдардын жашоодогу өзгөчөлүгү жаралат. Маселен, кыргыздардын жашоо образы тоо койнунда өткөндүгүнө, кыргыз өлкөсү мекендеген мейкиндиктин 94% ын түздүк эмес тоолор, дөңдөр, ойдуңдар түзгөндүгүнө байланыштуу элдин кулк-мүнөзү, адамдык сапаттары, ойтыянактары ошол жаратылышка, курчап турган тоолорго ылайык калыптанган. Натыйжада, кыргыздардын ой-жүгүртүүсү горизонталдуу эмес, вертикалдуу мүнөзгө ээ экендиги ачык байкалат. Элдин ой бүтүмдөрүн туюндурган тилдик маалыматтар, ар бир туруктуу сөз айкаштары, макалылакап, афоризмдери, көркөм тексттери түзүлүшү жагынан жөнөкөй жана кыска туюндурулуп, ар биринде вертикалдуу түрдө ой жүгүрткөн подтексттик маалыматтар камтылган. Паремияларда бийик акылмандык менен жаралган маалыматтар, элдик тажрыйбаны, элдик кеменгерликти, элдик эмоционалдуулукту жана бааны жандандырып турган философиялык терең ойлор берилген. Кыргыз үчүн тоо эркиндикти, акылды, адамдык сапаттарды ж.б. баалоонун символу катары калыптанган. Алар тилдик бирдиктер, макал-ылакаптар, фразеологизмдеринде ж.б. кеңири чагылдырылган. Мисалы, *«Тоонун чокусу бийик, адамдын акылы бийик», «Тоо чоңдугу менен бааланат, адам акылы менен бааланат», «Бийик тоону жанынан көр, башына чыкпа, жакшы кишини алыстан ук, жанына барба»* (макалдар)*, «Таянган тоосу бийик»* (фразеологизм) ж.б. Бул мисалдарда тоо менен адам акылы, адамдык сапаттар салыштырылган.

Аталып кеткен макалдарда, фразеологизмде дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө тоонун бийиктиги аналогиялык кырдаалга жараша образ катары тилдик каражаттар менен туруктуу түрдө ассоциацияланган. Мисалы, тоонун бийиктигинин образы – акыл сөзүнүн мааниси менен ассоциацияланган символ, бийик тоонун образы – жакшы адам, тоонун бийиктигинин образы – колдоочу адам сөз айкаштарынын мааниси менен ассоциацияланган символдор [207, 78-б.].

Тилдеги символдор жөнүндө сөз кылганда, функционалдык жактан бири-бирине жакын болсо да, көркөм чыгармалардагы же тарыхый мүнөзгө ээ символиканы айтпайбыз. Тилдик символдор – тилдик эволюциялык процесстен жаралган, жеке өзгөчөлүккө ээ, белгилүү бир маанини туюндурган символдор. Тилдик символдун өзгөчөлүгү сөздүн кенен маанисинде прагматиканы, фондук билимдерди көрсөткөн дүйнөнүн сүрөтү менен байланышкан тилдик каражаттарды мотивациялоодон байкалат [207, 85-91-б.].

Адам алгач геомейкиндикте ойлоноору – талаш туудурбаган факт. Мында улуттук дүйнө таанымдын келип чыгышында маанилүү роль ойногон түрдүү объектилер бөлүнүп, өз алдынча ажыратылып каралат. Дүйнөнү таанып билүү, өздөштүрүү процесси мейкиндиктин негизги объектилерине кошумча функцияларды жана символдук маанилерди ыйгаруу менен коштолот. Аларды жашоо образында, жүрүм-турумунда эл кеңири колдонот. Маселен, кыргыздын аң-сезиминде тоо, чоку эң алгач душмандардан коргонуучу объект болгон. Тоо дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө тилдик атоого ээ *«чеп»* сөзү менен белгиленип, тилдик метафораны туюндурат. Маселен, кыргыз тилинде *Тал-Чоку* аттуу оронимдин колдонулганын кезиктиребиз. Тал-Чокунун тарыхый мүнөздөмөсү жөнүндө Хусейин Карасаевдин эмгегинде төмөндөгүдөй берилет: «Түндүк Тияншандагы Талгар тоосунда Тал-Чоку деген аталыш бар. Бул маалымат князь Масальский түзгөн «Туркестанский край» аттуу чоң китепте айтылган. Ал китеп 1913-жылы чыккан. Бул тоо Кыргызстан менен Казакстандын чегинде. Алмамбет менен Сыргак Бээжинге чалгын салганда, ошол Тал-Чокудан дүрбү салып, кытай жерин караган. *Тал-Чокуга таянса, Чокусунда кары бар, этек жагы өтөктүү, Бийик чыккан талы бар, Көз жетпеген чеп экен, Тегереги бек экен* («Манас») [118, 60-б.]. Бул мисалда *тоо* сөзү *чеп* сөзүнө символдоштурулган. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө чеп сөзүнүн маанисине карата төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет: Чеп 1. – душманды өткөзбөө жана андан коргонуу макса-

тында жасалган сепил, тосмо. *Бийигин зоодой кылдырып, жасап койгон чеби ошол* («Манас»). 2. Калканч. *Тоо жердеген бурутка, Тоодой Манас чеп экен* («Манас») [161, 1322-б.]. Ал эми мындан кийинки символдоштурууда тоо, анын чокусу – бир нерсенин, окуянын, кыймылдын ж.б. жеткен чегин билдирген тилдик метафора. Маселен, чоку – максатка жетүүнүн чеги, алдыга умтулууну билдирген тилдик метафора: *Ашар замат жаңы гана чокуну, андан бийик максаттарга камданам. Кыл чокуга суктанамын сен жеткен, Кыргыз демек күчкө толгон эр жеткен* (Т.Кожомбердиев). Аталган мисалдарда *чоку, кыл чоку – максатка жетүү* сөз айкашынын маанисине символдоштурулган. Аталган «тоонун чокусу», «бийиктик» деген тилдик каражаттар – максатка жетүү деген сөз айкашын мазмундаштырды жана алар адамдын жүрүм-турумун жөнгө салууда колдонулду. Демек, *чоку – бул ийгиликтин жеткен чеги* маанисин туюндурган тилдик символ. Мында алдыга умтулууну, ийгиликке жетишүүнү мазмундаштырды. Тоо, чоку адамдык сапаттарды баалоону туюндурган тилдик метафоралардын объектиси болуп эсептелет. Ошентип, геомейкиндиктеги бийиктик жана тереңдик, тоо жана ой кыргыздын кулк-мүнөзүнүн, жүрүм-турумунун калыптанышына, ой-тыянагынын маалыматталышына өзгөчө таасир тийгизген.

Кыргыздын дүйнө таанымы боюнча түздүктөгү жол – бул айдың, кең талаага эмес, тоого карай же төмөнгө карай кеткен чексиз жол маанилерин элестетет. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө жолго байланыштуу вертикалдуу мүнөзгө ээ төмөндөгүдөй фразеологизм, туруктуу сөз айкаштары жана тоого тиешелүү кадыресе же көркөм тексте образдуу, ассоциациялуу маанилерге ээ тилдик каражаттар колдонулган. Мисалы, *«Бир аягы төрдө, бир аягы көрдө», «Жакшы жигит элин өргө сүйрөйт, жаман жигит элин көргө сүйрөйт», «Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк»* (макалдар)*, «Төрүнөн көрү жакын», Ойду, тоону сүйлөө* (фразеологизмдер)*, Ой-тоосу тегерете тегиз бүтөп, // Ошентип өчөрүмдө түтөп-түтөп, // Каргадай Акылайым кирип келсе, // Кайрадан жүрөгүмө акыл бүтөт* (Т.Кожомбердиев). *Ойдо, тоодо, тээ адыр, жайыктарда ар түлүк мал жылдыздай чачылып жайылууда, аларды көзөмөлдөгөн уйчу-койчулары көрүнсө, көрүнөт* (Т.Сыдыкбеков). Бул мисалдардагы макалдар жана фразеологизмдердин жаралышын кыргыздардын илимге чейинки баёо көз караштарындагы дүйнөнү кабылдоо өзгөчөлүктөрү менен байланыштырууга болот.

Тоо, анын кыры, ашуусу – кыргыздардын дүйнө таанымында адамдын жашын, курагын, мезгилди, убакытты, белгилөөнү да символдоштурат. Мисалы, *алтымыштын кырына жетүү, алтымыштын кырын ашуу, алтымыштын ашуусун ашуу, кырктын кырына жетүү* (оозеки кеп) маданий стереотип катары адамдын жашын, курагын белгилөө маанисин туюндурат.

*Көрүнгөн тоонун ыраагы жок* (макал)*, Кечээ гана тиги кырда жок эле, Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш* (А.Осмонов). *Ашуудан берген отчетум* (Б. Сарногоев) ж.б. деген туюнтмаларда тоо – бир эле учурда адамдын жашын белгилеген жана рухий жактан багыт берүүчүлүк милдетти аткарган тилдик символ. Демек, кыргыз үчүн объективдүү чындыктагы көзгө урунган негизги баалуулуктарынын бири – тоо. Ошондуктан, тоо жана анын бөлүктөрү тилдик туруктуу бирдиктерде, ошондой эле көркөм тексттерде тилдик символ жана тилдик метафора катары кеңири колдонулат. Эгерде батыш элдеринин менталитетинде адам өзү менен өзү болуп, ал эми жаратылыш адам жашоосунун шарты гана болуп эсептелсе, ал эми көчмөн кыргыздарда жаратылыш, анын ичинде тоо – кыргыздардын жашоосунун бөлүнгүс, маанилүү жана өтө жооптуу бир бөлүгү.

Кыргыз тилинде *тоо* сөзү географиялык кеңири түшүнүк катары көчмөн маданиятыбызды чагылдырат. Тоо адамдын көчмөн маданиятты кабыл алып жашоосуна жол ачат. Ал кыргыз дүйнө таанымында, менталдык чөйрөсүндө орчундуу орунду ээлейт. Тоо сөзү катышкан сөз айкаштары өтө ар түрдүү. Алар лексикалык бирдиктер катары тоонун түз жана өтмө маанилерин билдирет, фразеологиялык туюнтмалар түрүндө кездешет, паремиялар катары кеңири колдонулат.

*Тоо* сөзү кыргыз, казак, уйгур ж.б. түрк тилдүү элдерде – *тоо, тау, тов, таг, даг туу* деген аталыштарга ээ. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө тоонун төмөндөгүдөй мааниси белгиленген: Тоо. 1. Айланадагы жерден же дөңсөөлөрдөн алда канча жогору көтөрүлүп турган бийиктик. *Аркар, кулжа жайлаган, Тоосу сонун биздин эл* (О.Бөлөбалаев) [161, 514-б.]. «Тоо» термини тыбыш жана форма жагынан айырмаланып, Борбордук Азия, Башкырстан, Дагестан, Алтай, Түштүк Сибирь жана башка жерлерде, б.а. Балкандан Таймырга чейин кеңири таралган. Бирок тил жагынан маалыматы бар адамдар үчүн баары тең эле бир мааниге ээ сөз экендиги, болгондо да фонетикалык жагынан закон ченемдүү өнүгүшкө ээ болгон тилдердеги бирдей түшүнүктү билдирген сөз экендиги

эч кандай талаш туудурбайт [104, 32-б.]. Булардын ичинен тов варианты кыргыз адабий тилинин Талас диалектилик говорунда колдонулат. Ал эми *таг* формасы Талас жана Ысык-Көл диалектилеринде колдонулуп, туруктуу мүнөзгө өтүп, топонимдер, алардын ичинен оронимдер катары калыптанып калган.

*Тоо* сөзү концепт катары бир эле учурда улуттук маанини өзүндө тутуучу да, ошол эле учурда улуттук маанини туюндуруучу да таанымдык-тилдик маалыматтарды иштеп чыгууда иррационалдуу жана рационалдуу аң-сезимдеги жалпы билимдерди өз кучагына камтый алат. Аң-сезим канчалык байыркы болсо, тил да ошондой байыркы. Тил социалдуулук жана адамдардын коллективи менен кошо стихиялуу түрдө жаралат. Тарыхый реалдуулук катары тил элдин ой-жүгүртүүсүн чагылдырат.

Белгилүү болгондой, ойломдун мифтик (диндик) жана рационалдык деп аталган негизги эки түрү бар. Тоо тууралуу мифтик (диндик) тилдик-таанымдык көрүнүштөр коомдун калыптанышында алгачкы, баштапкы негиз катары өзгөчө орунду ээлейт. Тоону концепт катары таанып билүүдө ал тууралуу билимдерди, таанымдарды өздөштүрүү үчүн тарыхый булактарга, мифтик (диндик) маалыматтарга таянуу абзел. Аларды билмейинче, белгилүү бир элдин турмушун, өмүрүн, тоо менен байланышкан алардын материалдык жана руханий баалуулуктарынын сырын терең тааную мүмкүн эмес. Андыктан биз алгач «тоо» концептинин мифтик ойломдогу ордун жана маңызын тилдик-таанымдык көрүнүштөр аркылуу иликтеп өтүүбүз зарыл.

Дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүнө кайрылсак, байыркы мифтер боюнча көрүнүктүү адис, кытай окумуштуусу Юань Кэнин иликтөөлөрү ачык күбөлөгөндөй, дээрлик бардык мифтерде асман тиреген, тышкы көрүнүшкө гана эмес, жыты аңкыган жагымдуу чөйрөгө адамды суктандырган тоого кенен орун берилген [317]. «Эч бир миф баяндалган формасында чындык эмес, бирок көптөгөн мифтер чындыкты камтыйт» [285, 21-б.] деп англис философу ДЖ.Томпсон айткандай, калган бардык мифтердей эле тоого байланыштуу айтылган мифтерде да элдик түшүнүктөр аркылуу туюндурулган чындыктын издери бар. Буларды изилдөөдөдө биздин иш-аракетибиздин негизги максаты – тоо тууралуу мифтик (диндик) маалыматтарда тил менен маданиятты, тил менен мифтик көрүнүштөрдү байланыштырып турган мифологемаларга (лексемаларга, туруктуу сөз айкаштарына, көркөм тексттерге) анализ жүргүзүү, ошол аркылуу улуттук тилдик дүйнө таанымды аныктоо.

Тоо – жер планетасынын бөлүнгүс, жандуу бир бөлүгү. Алар жердин түпкүрүнөн космоско карай чоң энергиянын атылып чыгышынын негизинде жаралган. Мифтик аң-сезим боюнча жандуу нерсе катары жер, андан орун алган тоолор да ой жүргүзүшөт деген түшүнүк бар. Байыркы адамдар табиятты жандуу жана алар да адам сыяктуу касиеттерге ээ деп түшүнүшкөн. Алар тоолордон асманды көздөй жарык көтөрүлгөнүнө күбө болушкан. Ошентип, байыркы адамдар тоолор өзүлөрүнүн чокулары менен асманга багыт алышат жана планета менен акыл-эстин байланышын камсыздап турат деген ой бүтүмгө ээ болушкан. Ошондон улам жарык энергия чачып турган тоолордун тилдик репрезентантынын «ыйык тоолор» («священная гора» – гора или холм имеющие религиозное или культовое значение в некоторых религиях и верованиях. С древнейших времён горы воспринимались человеком как место на земле, ближайшее к небу как местопребыванию богов, и потому наделялись сакральным значением) [210, 38-б.] деп аталышы мифтик маалыматтарга барып такалат да, «мифологема» деп аталат. Мифологема – бул (грек. μῦος — жомок, ылакап жана башка грек. λόγος — ой, себеп) мифологиялык жана дүйнө элдеринин маданиятында кеңири жайылтылган, универсалдуу жана глобалдуу мүнөзгө ээ болгон сюжеттерди, образдарды түшүндүрүүдө колдонулган термин. Ошондой эле бул терминге синоним катары «мифологиялык архетип» термини да колдонулат. Мындай мифтик көз караштар, дүйнө таанымдар – түрк элдерине, алардын тилдик сүрөтүнө да мүнөздүү көрүнүш. Мифологемалар, мифологиялык архетиптер түрк тилдүү элдерге да кеңири жайылган. Маселен, *Кудай, Теңир* мифологемасы менен адамдарды байланыштырып турган мифологема *«ыйык тоо же ыйык жай»* деп аталат. Кудай менен адамдарды байланыштырып турган күчкө ээ деген түшүнүк тоолорго карата сыйынууну жараткан. Сыйынуу учурунда адамдардын каалоосу, тилеги көрүнбөгөн жука энергияга айланып, асманга жол тартат. Ал эми ыйык тоолордогу адамдардын сыйынуулары тоолордун чокусунан асманга кетүүчү жарык энергияга кошулуп кетет деген түшүнүк болгон. Ошондуктан тоого карата сыйынуунун күчү арткан. Тоонун мындай табигый, сырдуу көрүнүштөрү тууралуу ой бүтүмдөр алгач мифтик маалыматтарда кеңири кездешет. Ошентип, байыртадан эле тоо бардык элдердин дүйнө таанымында культтук мүнөзгө ээ болгон. Тарыхый маалыматтарга таянсак, бул процесс түрк тилдүү элдерде, кыргыз элинде да өзгөчө мааниге ээ. Ушуга байланыштуу түрк тилдеринде, алардын оозеки чыгармаларында *«ыйык таг»,* анын ичинен кыр-

гыз элинин оозеки чыгармаларында, жомокторунда, уламыштарында *«ыйык тоолор»* деген туруктуу атоо кеңири жолугат. Маселен, *Улуу тоонун, ыйык тоонун эркин мергендери дейт, силерди!* («Кожожаш»). Ошондой эле жомок, уламыштарда, көркөм тексттерде тоолорго карата төмөндөгүдөй тилдик атоолор кездешет: *От тау, Муз тау же таг, Улуг таг, Кар тау, Саз тау, Ала тау, Алтын тау, Күмүш тау, Теңир тоо, Кара тоо, Алтын тоо, Күмүштак, Муздак* ж.б. Маселен, *Байыркы Барс аке Алтын Тоого карап айкырганда алтыны эрип чубурчу, Кара Тоого карап айкырганда темири эрип төгүлчү, Күмүш тоого карап айкырганда күмүшү эрип төгүлчү* (Т.Сыдыкбеков). Бул атоолорду лингвистикалык аспектиден караганда, туруктуу аталып калуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуп, тоолор географиялык энчилүү аттар катары оронимдерге айланып кеткен. Маселен, *Ала-Тоо, Теңир-Тоо, Хан-Теңир, Тянь-Шань, Кара-Тоо, Улуг-Таг* ж.б. – бардыгы тең эле семантикалык жактан чокусунан кар кетпеген бийик тоолорду билдирет. Бири-бирине синоним катарында зор тоо маанисин туюндурат. Тоолуу жерде жашаган калктар мына ошол түбөлүк мөңгү, кар баскан залкар, зоолуу бийик тоолорду гана *«улуу тоолор»* деп аташкан [104, 29-б.]. *– Түү-түү.. Тээ Улуу Тоодо, ак ала зоодо көк жалкаяк таш кычыгына кысылган эчки-текени оңбогон илбирс сүрөдү. Зоого камап, кайберенди кырат дейсиң. ...Зоо боздоор, таш ыйлаар. Ар эки жылда, ар алты жылд, ар үч жылда жуттун муз туягы ушул Улуу Тоолорду тээп турду* (Т.Сыдыкбеков). *Улуу тоого чыккан барбы? Улардын үнүн укkан барбы?* ж.б.

Улуу тоо аталышына Ала-Тоону маанилик жактан синоним катары кароого негиз бар экендигин көрсөткөн фактылар кездешет. Мисалы, *Ала-Тоо* – азыркы таралган көз караштар боюнча жайы-кышы чокуларын ак кар, көк муз каптаган, алыстан ала-була болуп көрүнгөн бийик тоолорду чагылдырган географилык түшүнүк, термин, энчилүү ат. Байыркы кыргыз тилинде ола, ула-улуу, зор, бийик деген маанини билдирет. «Ала» деген түшүнүк байыркы ола, ула деген сөздөрдөн чыгышы ыктымал. Түрк тилдериндеги аладаг (түрк, азарбайжан, түркмөн), алатаг (уйгурча) ала-тау (казакча) алатуу (алтайча) ола-таг (өзбекче) ж. б. формалардын этимологиясы – кыргызча «ала-тоо» деген сөздүн интерпретациясы. Кыргыз эли эзелтен бери мекендеген тоолордун жалпы атын Теңир-Тоо, Ала-Тоо, айрым жерлерин Ак-Тоо, Кардуу-Тоо, Муз-Тоо деп атап келген. Буга Махмуд Кашкари (XI к.) ж.б. тарыхый жазма адабияттарындагы маалыматтар далил болот [155, 71-72-б.].

Байыркы кыргыз жазмаларында *теңир* сөзүнүн мифологема катары эки түрдүү мааниде колдонулганын көрөбүз. Казак окумуштуусу Т.Коңыратбаевдин ою боюнча алгач теңир бийиктин, тоонун туу чокусуна байланыштуу айтылган. Кийин ислам дининин таасири менен семантикалык өзгөрүүгө учураган. Ошентип, бизге маалым болгондой, «Диний дүйнө таанымда *Кудай, Алла* деген мааниге ээ болгон. Көккө табынуу культун биз Кытай жазмаларынан да көп учуратабыз. Алардагы сөз – шань. Демек, *Тянь-Шань* – тоонун чокусу, *шань жүн* – тоону мекендеген тайпа (жүн) аталышы. Муну биз Сымя Цяндын тарыхый жазмаларынан көрөбүз», – деп ал өзүнүн оюн билдирет [136, 62-б.].

Байыркы түрк династиясы өздөрүнүн түшүнүгүндө эң бийик чокуну «Хан Теңири» деп атаганы кокустук эмес [227, 170-173-б.]. Демек, *теңир* сөзүнүн тоо, чоку сөзү менен түздөн-түз байланышынын чындыгы бар экени анык. Ал тууралуу илимий изилдөөлөрдөн арбын кезиктирүүгө болот. Ошондуктан түрк тилдүү элдердин көпчүлүгүндө, анын ичинде кыргыздарда тоолордун Хан-Теңир, Теңир-Тоо, Күмүш-Так (Талас өрөөнүндө), Муздак (Ысык-Көл өрөөнүндө) деген аталыштары жалпы эле түрк тилдери, тектеш тилдер менен байланыштуу экендигин билдирет. Муздак «муз таг» деген аталыштан улам аталып калгандыгы, «муздуу тоо», «муз жаткан тоо» деген семантикалык түшүнүк билдирери илимий адабияттарда айтылып жүрөт [104, 32-б.].

Кыргыз тилинде тоого байланыштуу «Көйкап» деген архаизмге айланып кеткен ороним сөздү да кезиктирүүгө болот. «Көйкап» деген сөз эки бөлүктөн турат: «көй» - фарсы тилинин «күх» деген сөзүнөн алынган. Ал «тоо» деген маанини билдирет. «Кап» араб тилиндеги «каф» деген тамганын атын билдирген сөз. «Кап тоо» аталышы «Манас» эпосунда да кездешет. Мисалы, *Тизгин булкуп, баш чайкап, Учуучудай баштанган. Кап тоосундай чоң Манас, Аккуланын үстүнөн учуп кете таштаган* («Манас»). Кап тоосу (ар.) тууралуу кыргыз элинде төмөндөгүдөй уламыш да бар: Уламышта Кап тоо бүтүн дүйнөнү чулгап турган тоо маанисин билдирет. «Кап» деген ат арабдын «Кы» тамгасына окшош деп айтышат. Илгерки заманда Жажжуул-Мажжуул (ит жээр-бир жээр аттуу) жандарды Искендер Зулкарнайн (Александр Македонский) оттуу чокмор менен айдап отуруп, эки тоонун ортосуна камап, Кап тоонун ортосуна чоюн куюп салган имиш. Кыргыздар да өз тоосунун арасынан «Көйкап» тоосун жасап алган. Илгери качкан-бозгондор ошол жерди мекендеген деп айтылат [118, 32-б.].

Түрктөрдүн «Огуз наама» чыгармасында Огуз каган аң улоого чыкканда чоң бакта отурган сулуу кызды көрүп, ага үйлөнүп, андан көргөн үч баласына Көк, Тоо, Деңиз деген ысым берет», - деп айтылат [310, 32-б.]. Ушундан улам тоо сөзүнүн аталышына карата тектеш тилдер менен байланыштуу тарыхый мүнөзгө ээ диний, мифологиялык көз караштар арбын кездешерин белгилөөгө болот.

Дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүнүн тилдик көрүнүшүндө тоонун мифтик функциясынын чагылышы көп кырдуу. Тоо мында дүйнө дарагынын кенен жайылган варианты катары түшүндүрүлөт. Ал космикалык түзүлүштүн бардык элементтери жана параметрлери чагылдырылган дүйнөнүн образы, ааламдын модели катары кабыл алынат. Тоо дүйнөнүн огу өткөн борборунан орун алган. Дүйнөнүн огунун жогору карай уланышы Чолпон жылдызды көрсөтсө, анын төмөн жакты карай уланышы тиги дүйнөнү көздөй кеткен жолду туюнткан. Тоонун негизи «жердин киндигине» туш келген. Дүйнөлүк же космикалык *тоонун образы* өтө өнүккөн деңгээлде берилген мифтик салттарда *дүйнө дарагынын образы* четтетилген же жокко чыгарылган [24]. Мындай алгачкы мифологиялык образдар коомдун өсүп-өнүгүшү менен диний түшүнүктөргө ээ болгон. Андан кийин символикалык өзгөчө түшүнүк катары өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Маселен, ар бир элдин дүйнө таанымдык өзгөчөлүктөрүнө ылайык, маданий стереотипке айланган мындай негизги түшүнүктөр улуттун тилдик символу катары көптөгөн маалыматтарда колдонулуп келет. Бүгүнкү күндө ар бир өлкөдө анын табият бирдиктери – ошол улуттун башкы өзгөчөлүгүн баса белгилеген символ. Ал символдордун өзгөчө орду бар. Маселен, Россияда *кайыңды* жогору кадырлашат. Канаданын символу *чоң жалбыракту дарак (клён)* болуп саналат. *Фудзияма тоосу* Япониянын эмблемасы катары колдонулат экен. Азыркы учурга чейин ал «ыйык тоо» аталып, диний салттары өткөрүлүп турат деген маалыматтар бар. Коңшу Казакстандын улуттук өзгөчөлүгүн, материалдык жана руханий баалуулуктарын чагылдырган тилдик символу – *«кең талаа»*, ал эми Астана шаарынын улуттук, тилдик символу болуп *Байтерек* багы эсептелет. Байтерек – талаанын көркөм салттарын, байыркы Казакстан маданиятын жана бактын жемиши, өмүрдүн өзү болуп саналган идеяны туюндурат [252, 118-б.].

Кыргызстандын өзгөчө улуттук символу – *Ала-Тоо*. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө Ала-Тоо символ катары тилдик жана тилдик эмес маалыматтар аркылуу кеңири мазмундаштырылган. Мисалы, Кыргыз

Республикасынын гимнинин текстинде да төмөндөгүдөй тилдик маалыматтар бар: *Ак мөңгүлүү аска-зоолор талаалар, Элибиздин жаны менен барабар, Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп, сактап келген бизди ата-бабалар* (Ж.Садыков, К.Кулиев). Тилдик эмес маалымат катары Кыргыз Республикасынын гербинде да *Ала-Тоо* когнитивдик символ катары подтексттик маалыматка ээ. Демек, тоо – кыргыздын өмүрү, жашоосу деген идеяны туюндурат.

Байыркы адамдардын түшүнүгү боюнча, дүйнө тоосу үчкө бөлүнөт. Тоонун чокусунда кудайлар, тоо алдында маркумдардын падышачылыгына тийиштүү болгон жин-перилер жашашат. Ал эми атоонун ортосунда же жерде адамдар тиричилик кылышат. Тоо – бардык үч дүйнөнү бириктирип турган башат. Ал адамдарга жакшылыктын негизи деп эсептелген туруктуулукту, тең салмактуулукту, гармонияны тартуулайт жана алардын жашоосундагы маанилүү окуяларды, көрүнүштөрдү кенен баяндайт [24, 39-б.].

Тоону кудайлар жайгашкан жер катары эсептөө мифтик мотивдердин эң бир туруктууларынын бири деп айтсак болот. Эгерде кудайдын персонаждары тоонун чокусу менен байланышта болсо, анда буга тескери персонаждар (каардуу жин-перилер, жин-шайтандар, түрүү суук жаныбарлар, жылаандар, ажыдаарлар) тоонун төмөнкү, ички катмары менен байланышта болушкан. Мисалы кыргыз элдик жомокторунда, уламыштарында тилдик көрүнүштөрдө жин-перилер төмөндөгүдөй когнитивдик-семантикалык талаалар аркылуу туюндурулат: *ажыдаар, азезил, азирейил, жин-шайтан, малгун, албарсты, жебирейил, жан алгы, суу тумшук, жез тумшук ж.б.* Мында ажыдаар, аждаар – (ир.) жылан кебетесинде сүрөттөлүүчү жомоктогу жаныбар. *Опсолоң экен Тоо балбан, оруп иер бекен деп, Ажыдаардай оп тартып соруп иер бекен деп* («Семетей»). Азезил – (ар.) азгыруучу жолдон чыгаруучу шайтан, ибилис. *Азезил анык сайган кул, Намысы жок айбан кул* («Манас»). Азирейил – (ар.) жан алгыч, жан алуучу периште маанисин билдирет. *Азапты тарткан Токоңду азирейил алган жок* (Т.Сатылганов). Малгун – (ар.) кудайдын ачуусуна, каргышына калып, куулган шайтан. Манас эпосунда жалгыз көздүү алптын аты. Энчилүү ат. Албарсты – (ал+басты) этн. кыргыз жана башка түрк элдеринин түшүнүгүндө чачы жайылган, эмчектери салаңдаган аял кейпиндеги жан, сөлөкөт. Ал уктап жаткан адамды муунтат имиш. Тажик, түркмөн тилинде – «ал» - албарсты (кыргыздарда «басты» деген сөз эмнегедир «Р» тыбышы кошулуп, барсты болуп калган). *Арчадай чал экен. Менин ал-*

*барстыдай кебетемди көрүп чочуп кетти* (К.Жусубалиев) [117, 28-187-б.] Жебирейил – (ар.) куранда айтылган Аллоху тааласынын кабарчы периштеси. Кыргыз тилинде ал *«жан алгыч»* деп, *«жалаңгыч»* деп да айтылат. Аллооху таала бул периштесине «сен адамдардын жанын аласың» дегенде, ал периште «мен адамга суу тумшук, жез тумшук катары көрүнүп калам го!» дептир. Анда Аллооху таала «Ээ, периштем, сен наалыба. Адамдар түрлүү кырсыктан, оорудан өлөт. Сенден көрбөйт» деп айткан экен. *Жетпеген экен ажалым, Токоңду жебирейил алган жок* (Т. Сатылганов) [118, 21-б.].

Мындай мифтик (диний) аталыштар акырындык менен тилдик өнүгүүнүн, өзгөрүүнүн натыйжасында оозеки кепте, көркөм тексттерде тилдик туруктуу салыштыруулар, фразеологизмдер сыяктуу ж.б. тилдик каражаттар катары колдонулуп келүүдө. Маселен, адамды, нерселерди, көрүнүштөрдү жактырбоо, кемсинтүү, какшык сыяктуу сезимдерди туюндурган терс эмоциялуу, кыргыз адабий тилинде стилистикалык жактан чектелген лексема, синтаксемалар: *албарстыдай болгон кебетеңди сенин, жин-шайтан аралап кеткендей, жин шайтаның кармап атабы, жин кирип кеткенсип, жин кирип кеткендей, шайтан азгырып кеткенсип, кара жини кармап, жалаңкыч, желмогуз, куу тумшук, «оозуна шайтан түкүргөн», «шайтан мойну сынгандай»* фразеологизмдери ж.б. жогоруда сөз болгон мифтик когнитивдик түшүнүктөргө тыгыз байланыштуу.

Тоо этектеп жашаган бардык эле байыркы элдерде тоо чокусу ыйык жана кудайлар жайгашкан жер катары кабыл алынган. Улуу түрколог окумуштуу В.Радлов түрк тилдүү элдерде *кайракан* сөзү (алтайлыктарда, тувалыктарда ж.б.) «жараткан ээнин кастарлуу аты, колдоочу периште» деген маанини билдирет деген оюн айткан [246, 22 б.]. Тоо-таш сыяктуу табигат күчтөрүнүн *ээсинин* аталышы катарында, башкача айтканда, табынган, сыйынган, корккон *теңирлердин* аты катарында *кайракан* (қайраган) сөзү тууралуу ушундай аныктаманы Л.Будагов да айтканы бар. Анын сөздүгүндө *кайракан* сөзүнө төмөндөгүдөй аныктама берилет: «монг. *хайрханъ* – почтительное название божества, духовъ, идоловъ, чтимыхъ какъ божество горъ и т.п.». Бир убакта аңчылык менен алектенген алтайлыктар ар бир тоонун өзүнүн ээси, теңири бар деп түшүнгөн. Ошондуктан алар тоо ээсин чочутуп, таарынтып албоо жагын ойлонгон. Алтайлыктардын түшүнүгү боюнча, тоо теңири ырдаган, жомок айткан, бийлеген аңчыларды сүйгөн, алардын ырларын, аңгемелерин уккан. Мына ошондой учурларды пайдаланып, аңчылар багуусуз, кароосуз калган куш

жана айбандарды атып алышкан. Кээде өлөң-ырга таянып, ыраазылык билдирген тоо ээси аңчыларга деген олжону өз колу менен жеткизип берген [252, 25-б].

Ал эми айрым элдердин мифтик легендаларында, жомокторунда, айтымдарында тоолор маркум болгондордун жашыруун, сырдуу жайына же өткөн баатырлардын, хандардын убактылуу уктоочу, ойгонгондо жердеги өкүм сүргөн акыйкатсыздыктан адамдарды куткаруу үчүн жайгашкан сырдуу жерине айланган өзгөчө мазмундуу түшүнүк, салттык жөрөлгө катары калыптанып калган. Тоо өтүп кеткен баатырлардын *«ыйык жайы»* болуп эсептелген. Маселен, монгол элинин илимге чейинки көз караштары боюнча айтылган уламыштарына караганда, Чыңгыз хан монголдор «ыйык жай» деп санаган Бурхан-Халдун тоосунун чокусунда көмүлгөн. Ал Хэнтий аймагында, Улан-Баатыр шаарынан 160 чакырым аралыкта жайгашкан. Чынгыз хан бала кезинде аталган тоодо душмандардан жашынган жана өлгөндөн кийин кайтып келем деп убада кылган деген баёо билимдер, мифтик көз караштар сакталган экен. Маалыматтарга караганда, Бурхан-Халдун тоосуна, ыйык тоого аял чыкканга болбойт деген тыюу бар дешет. Мурда анын аймагы императордун үйбүлөсүнө байланышы бар делген адамдарга гана чыгууга урусаат берилген деп айтылат [325].

Мындай көрүнүш кыргыз дүйнө таанымында да кездешет. Маселен, баатырлардын сөөгүн тоого, жер баспаган ыйык тоого коюу салты бизде да бар. *Манастын сөөгү Эчкилүүнүн тоосуна жашырылган* деген уламыш кептик маалымат азыр да бар. Кыргыздар да көзү өткөндөрдүн руху кайрадан жашайт же болбосо кийинки муундарда кайра жаралат деген мааниде адамдардын, өзгөчө, баатырлардын сөөгүн тоого жашыруу салтын карманышкан [257, 175-б.]. Демек, кыргыздын дүйнө таанымында тоо ыйыктыктын, тазалыктын, коргонуунун символу болгон. Тоого байланыштуу салттык «сөөк жашыруу» жөрөлгөсү бүгүнкү күндө да өз күчүн жоготпой колдонулууда. Азыркы учурда да алыс-жакындыгына карабай сөөктү, эркек, белгилүү адамдардын сөөгүн туулуп-өскөн жерине, мекенине, тоосуна алып барып жашыруу салты кыргыз элинин менталдык өзгөчөлүгүн көрсөтүп стереотип катары колдонулуп келет.

Ыйык тоолорго зыяратка баруу адамдарды күнүмдүк тиричиликтен убактылуу арылтып, рухий бийиктикке жетелеген жөрөлгөнүн бири болуп саналат. Ушундан улам тоолорго зыяратка баруу, сыйынуу – көп элдерге кенен жайылган көрүнүш болгон. Дүйнө тоолорунан Фудзияма,

Эльбурс, Синай, Хорив, Фавор, Кармил, Гаризм, Кайлас, Олимп сыяктуу ыйык аталган тоолор көп учурда кудайдын кудуретинин символу катары кеңири маалыматташтырылган. Мында Космос дагы тоо кейпинде берилген. Алардын тилдеринде чагылган дүйнө таанымдарында тоолор асманга жакын жайгашып, кудайлардын турагына айланган *«ыйык жай»* катары аталган. Мындай көрүнүш түрк элдерине да тиешелүү экендигин жогоруда белгилеп өттүк.

Кыргыз тилинде кездешкен *«Арапат»* ороними араб тилинен кабыл алынган. *Арафат тоосун* туюндурат. Ал – мекке шаарына жакын жердеги ыйык тоонун аты. Илгери, азыр деле ал тоонун түбүнө тигилген чатырлар болгон. Түрдүү өлкөдөн Меккеге тооп кылып барган ажылар ошол чатырларда жаткан. Арапат тоосуна чыгардын алдында «Икрам» (жука ак кездеме) оронушкан. *Тирүүлөй кепин кийдиңиз, Арапат тоого чыккансың, Ажы ата, азандын үнүн уккансың* (К.Акыев). *Тооп кылып чыркырап, токтобой ыйлап буркурап, Эгемден сурап баланы* («Манас») [117, 263-б.]. Мында тооп – (ар) *«ыйык» жайларга барып, тегеренип жалынуу, сыйынуу* деген маанин билдирет.

Тоого болгон сыйынуу адамдардын экономикалык-саясий жактан өнүгүү ишмердигине да тикеден-тике байланыштуу болгон. Л.Я.Штернберг жер иштетүү менен жашаган элдердин чарбачылыгынын ийгиликтерине түздөн-түз байланыштуу жаандын пайда болушу жөнүндө мындайча белгилейт: «Тоонун чокусу асманга такалат жана жааны алып келген булуттардын топтолгон жайына айланат. Учурунда жаан жер иштетүүгө, түшүмдүүлүккө, адамдардын башка ийгиликтерине өзүнүн оң таасирин тийгизет. Ушуга байланыштуу тоого жана анын ээсине болгон сыйынуу жөрөлгөсү жаралган [308, 384-б.].

Ушул сыяктуу жөрөлгөлөр бизде да бар. Маселен, кыргыз дүйнө таанымында тоого карата сыйынууда баёо (карапайым) көз караштардан, мифтик түшүнүктөрдөн улам байыртадан бери сакталып келаткан жөрөлгө катары *«Жер-Суу таюу»* түшүнүгүн келтирсек болот. Кыргыз тилинде тоого же тоонун рухуна арнап курмандык чалууга байланыштуу «тайы» сөзү колдонулат. Алсак, «тайы» деген сөз «курмандык чалуу» дегенди билдирет. К.К.Юдахин өзүнүн сөздүгүндө *«Опол тоосун тайыпсын»* деген Кашкар кыргыздарынын айтымын мисалга келтирет [104]. *Опол* алгач *омпол* деген аталышта колдонулуп, *м* тыбышы түшүп айтылгандагы формасы катары башкалардан айырмаланган *эң чоң, барандуу* деген маанилерди туюндурат. Эл арасында бул сөз *омполдой болгон, ополдой бол-*

*гон, опол тоодой неме, опол тоодой күч* деген сөз айкаштарында учурайт. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө *«омпол – высокий, вздымающийся», опол тоо, опол тоодой «громадина», громаднейший, огромный»* маанилеринде которулган [104, 35-б.]. Ушундан улам кыргыз тилиндеги топонимдерде *Кызыл-Омпол, Опол-Тоо, Ополдой* деген оронимдик аталыштар кездешет.

Тоону кудай менен байланыштыруу тилдик атоолордо гана эмес, көп элдердин диний ырым-жырымдарында да кенен чагылдырылган. Мисалы, байыркы орустарда жасалма кудайларды бийиктикке чыгаруу адаты тараган. Тоолордо жазгы диний майрамдар өткөрүлүп, костерлор жагылган, курмандыктар чалынган, тоодон төмөн карай от курчалган дөңгөлөктөр кулатылган. Башкача айтканда, орустар тоону, бийиктикти ыйык тутканжана ага деген мамилеси өтө аяр болгон.

Ал эми байыркы Кытайда тоолор космостун кыймылсыздыгын, туруктуулугун шарттаган жана кудайдын бардыгын, анын жакындыгын айгинелеген түшүнүк катары каралган. Даостордун храмы ээлик кылган мейкиндиктин беш чекитинде беш ыйык тоо жайгашкан. Асманга жакын турган алар өлбөстүктүн, түбөлүктүүлүктүн жайы деп аталган. Кытайда тоолордун улуулугун, кеңдигин императорлордун улуулугуна жана кең пейилдүүлүгүнө символдоштурушкан.

Алтайдагы байыркы түрктөр *Бодын-Инли* тоосуна сыйынышкан [48, 270-271-б.]. Ушуга байланыштуу С.И.Вайнштейн мындайча белгилейт: «Тоого болгон сыйынуу – байыркы сыйынуулардын бири. Ал байыркы түрктөрдө өтө белгилүү болгон. Маселен, Кытай булактарында берилгендей, байыркы түрктөрдүн чокусунда бак-дарак, өсүмдүк өспөгөн бийик, ыйык тоосу болгон. Ал *Бодын-Инли* деп аталып, кытай тилинде *«өлкөнү коргоочу дух»* дегенди түшүндүргөн» [60, 235-б.]. Чындыгында, тоону кудайга айландыруу, тактап айтканда, Алтайда аны жердин киндиги, Теңир менен Жер-Сууну байланыштырып турган жай катары кабыл алынышы байыркы түрктөрдүн дүйнө таанымынын негизин түзгөн [227, 12-б.].

Л.П.Потапов мындай деп жазат: «Г.Н.Потанин Байтык-богдо (кыргыз тилинде *«Байтак»* деп аталат. Байтактоо Баткен өрөөнүнүн түштүк тарабында кеңдик багытта 20 кмге созулуп жатат [155] жана Бурул-богдо тоолорунда болгон ишеним жөнүндө өзгөчө белгилейт; булардын бирөө түндүктү карай жайгашкан Алтайдагы Гобиден, экинчиси Тяньшандагы, таманында Үрүмчү шаары жайгашкан Богдо тоосу. Булардын аттары көп учурда бирге айтылат. …Потаниндин Байтык-богдо тууралуу кийинки

билдирүүсүндө бул тоого чыккандар бугуну, суурду жана ак кытанды атынан атабашы керек деген тыюулар колдонулган. Атоого зарылчылык туулса, алардын аттарын тергөө менен, башка аттарга өзгөртүп айтууга туура келген» [240, 145-б.].

Алтай элдеринин мифтик көз карашы боюнча Алтай тоосу «Хан» деп аталат. Ал алтайлыктардын мекенинин образын билдирет. «Хан» тоосу реалдуу географиялык объекти катары каралбай, көп учурда кадырланып, кудайга айландырылат жана ал өзгөчө колдоочу рухтарга жакындаштырылат. Жаратылыштын түрдүү жерлерине «ээлик» кылгандардын эң күчтүүлөрү жана эң кудуреттүүлөрү деп, ириде, тоолордун жана ашуулардын рухтары эсептелген. Буларды кадырлоо, кастарлоо, бөтөнчө монголдордо, буряттарда жана этногенетикалык жактан кыргыздарга жакын болгон алтайлыктарда, тувалыктарда, хакастарда өзгөчө өнүккөн [106, 115-124-б.].

Кыргыз тилиндеги «обоо» сөзү таштардын дөбөсү маанисинде айтылат. Ал эми алтайлыктарда «обого», обоо» сөздөрү тоолордун рухуна курмандыкка багышталган таштардын үймөсүн билдирет. Азыркы күндө дагы тоолуу Памир-Алтайда топтолгон таштар, таштардан тургузулган коргондор, айрым учурда бышырылбаган кирпичтен тургузулуп, купол кейпине ээ болгон чатырлуу жайлар арбын кездешет. Булардан алыс эмес, тоо эчкилеринин мүйүздөрүн, бак-даректарда илинген чүпүрөк-чапыректарды жолуктурууга болот. Булардын бардыгы мифтик дүйнө таанымдын, тоо-ташка болгон сыйынуунун калдыктары деп айтсак болот. Ашуулардын *«ээсине»* багышталган курмандык чалуулар да байма-бай өткөрүлүп турат [106].

Түрк тилдүү элдерде диндик ишенимдин өнүгүшү менен байыркы элдердердин түшүнүгүнө ылайык анимисттик көз караштагы «кудай» мифологемасынан кийинки иерархиялык тепкичте *«жер ээлери»* деген аталыштагы мифологема кездешет (анимизм – лат. animus – жан, рух, бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө ээ деп, алардын үстүнөн башкарып турган жандардын бар экенине карата болгон ишеним [246, 31-б.].

Тоого болгон сыйынуу кыргыздардын да көчмөн жашоосундагы эзелтеден бери келе жаткан көрүнүш болуп саналат. Улуу түрколог окумуштуу В.В.Радлов Ысык-Көлдө жашаган бугу уруусунун тоого болгон сыйынуусун ишенимдүү маалыматтар аркылуу белгилеген [11, 301-б.]. С.М.Абрамзондун жыйнаган талаа материалдарында Барскондон 35 км алыстыкта жайгашкан *«Дүңгүрөмө»* тоосу жөнүндө кенен айтылат. Жер-

гиликтүү эл аталган тоону ыйык тутуп, ага сыйынышкан, курмандык чалышкан. Дүнгүрөмөдөгү ашуу тынчы жок абалда болгон. Мында, адамдын сүйлөп жатканын эске салган суунун табышы, жума күнгө караган түндө чыккан кичинекей баланын ыйы угулуп турган. Аталган ыйык жер коркунучту туудурганы менен, ага болгон кызыгуулар артып, каттагандардын аягы үзүлгөн эмес [11, 301-б.].

Азыркы Тоң районунун Бар-Булак жергесинде жашаган саяк уруусунун ботугур уругунун сыйынган тоосу да *«Дүнгүрөмө»* деп аталган. Ал ортолорунан суу агып өткөн эки аскадан турат. Бул жерде да бейшембиден жумага караган түнү жарык көрүнүп, дүңгүрөгөн, шуулдаган үндөр угулат. Аталган тоого адамдар сыйынууга барышкан. Оорулуулар жана төрөбөгөн аялдар жардам сурап кайрылышкан. Психикалык жактан чапа чеккендерди шамандар менен кошо ошол жерде түнөтүшкөн. Тоо ээсине үнү угулуп өтүнүчү жеткен адамдарга анын жардамы тийген. Бул жердин ээси катары *«Ак тайлак»* деп аталган [44, 40-б.].

Кыргыз уламыштарында, мифтеринде азыркы Ат-Башы районунда жайгашкан *Чеч-Дөбө* тоосу кудайга болгон ишенимдин жыйынтыгы катары каралат. Ушундан улам ал тоо – керемет күчкө ээ болгон географиялык ыйык жерлердин бири, мазар. Ага кыргыздар сыйынышкан жана зыяратка барышкан. *Чеч-Дөбө* тоосунда жалгыз өскөн тал болгон. Ага адамдар сыйынышып бутактарына чүпүрөк байлашкан. Айрым учурда бул тоодон оттун жарыгы көрүнүп, атылган октун үнү угулуп турган. Бул тоонун ээси да *«Ак тайлак»* деп аталган. Кокон хандыгынын мезгилинде бул дөбөгө мечит тургузулуп, айрым ыйык адамдардын мүрзөсүнө айланган [44, 40-41-б.].

Өткөн дооpлордо *Чеч-Дөбөнү* ыйык туткан адамдар өзүлөрүн тазартуу жана керемет күчкө ээ болуу максатында анын чокусуна чыгышкан. Бул жерде башка түрдүү коомдук иш-чаралар, диний ырым-жырымдар (курмандыкка чалуу, үйлөнүү үлпөтү, бүткүл элдик майрамдар) өткөрүлүп турган. Кыргыз ишенимдери боюнча, уламыштарда Чеч-Дөбөгө зыяратка, сыйынууга барган тилеги ак жолоочунун өтүнүчү орундалып, иши оңунан чыгат деп айтылат. Ошондуктан Чеч-Дөбөгө каттаган оорулуу жана соо адамдардын аягы үзүлгөн эмес. Уламыштарга ылайык «Манас» эпосундагы айрым белгилүү окуялар мына ушул *Чеч-Дөбөдө* өткөн. Эпосто хан Кошой бул жерде курултай өткөргөн деп айтылат. Экинчиден, мына ушул жерде Хан Кошой өзүнүн тууганы Манас менен жолугат. Үчүнчүдөн, Манас кыргыз элинин ханы болуп шайлангандан кийин, Чеч-

Дөбөдө Кошой менен экинчи ирет жолугат. Кошой менен Манас баатырдын кийинки жолугушуусунда кыргыз элинин мекени болгон Ала-Тоону душмандардан толук бошотууну макулдашышат жана аны ийгиликтүү ишке ашырышат. Ошондой эле *Чеч-Дөбө* тоосунда Манастын эң бир ишенимдүү жан жөөкөрлөрүнүн бири болгон Алманбеттин сөөгү коюлган деген уламыш да бар. Уламышта Алманбет окко учкандан кийин анын минип жүргөн аты Сарала баатырды өзүнө артып алып ушул жерге чейин узак жол басып келип өлгөн жана өзүнүн ээси Алманбет баатыр менен кошо жерге берилген деп айтылат [47]. Демек, элдик жомоктордо, уламыштарда *Чеч-Дөбө* тоосу кудуреттүү күчкө, мистикалык, рухий жана башка өзгөчөлүктөргө ээ болгон ыйык тоолордун бири деп аталат. Чеч-Дөбөгө зыярат кылып, аны ыйык туткандардын саны азыр да кездешет.

Окумуштуулардын билдирүүсүнө ылайык, адамдар Кочкор өрөөнүндөгү *Кочкор-Ата* тоосуна да катуу сыйынышкан. Ал эми кашкарлык кыргыздар Музтаг-ата жана Маркан-ата тоолоруна табынышкан. Булардын катарына бугу уруусунун түпкү теги катары эсептелген «Мүйүздүү байбиче» жөнүндөгү уламышка байланышкан Аламышык тоосуна сыйынууну кошсок да болот. Ал уламышта айтылган Аламышык легендарлуу аял кишинин атын алып жүргөн ыйык мазар жана сыйынуунун дагы бир объектиси катары кабыл алынган жалгыз өскөн арча бар [11, 301-б.].

Кыргыздардын дүйнө таанымында Кыргызстандын түштүгүндөгү *Сулайман-Тоосу* байыртан эле касиеттүү, «ыйык тоо» деп эсептелип келет. Сулайман-Тоо – батыштан чыгышка карай суналып жаткан беш урчуктуу уютулган чулу таштай болгон касиеттүү тоо. Бул жөнүндө сакталып калган петроглифтер да күбө. Тоонун боорунда музей курулган. XVI кылымга чейин тоо *Бара-Кух*, андан соң дээрлик XX кылымга чейин *Тахты-Сулейман* («Сулаймандын тактысы») деп аталган. Байыркы убактардан бери калыптанып калган баё (карапайым) билимдерге ылайык, бүгүнкү күндө да Сулайман-Тоого руханий жактан жеңилденүү үчүн же оорулуулар, балалуу болгусу келгендер ж.б. зыяратка, сыйынууга барып турушат.

Ошентип, тоонун мифтик (диний) функциясы дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө илимге чейинки баёо (карапайым) ой-бүтүмдөрдү, элестөөлөрдү, көз караштарды туюндуруп, когнитивдик-тилдик мифологемалар аркылуу төмөндөгүдөй фреймдик системаны жаратат:

- Тоо – бул бардык үч дүйнөнү («жогорку дүйнө», «ортоңку дүйнө», «төмөнкү дүйнө») бириктирип, байланыштырып турган “башат”. Жандуу күчкө ээ деген түшүнүктү билдирип, бир нече мифологемалардан турат.

- Тоо чокусу кудайлардын турагы, төмөн жагында адамдар жашашат, ал эми андан төмөнкү жагына маркумдар ээлик кылуучу турак деген архетипке айланган тилдик образ.

- Тоо – бул дүйнө дарагынын кенен жайылган варианты. Тоо – космикалык түзүлүштүн бардык элементтери жана параметрлери чагылдырылган дүйнөнүн образы, ааламдын модели маанисин билдирген менталдык түшүнүк.

- Тоо – бул ааламдын борбору, жердин киндиги. Ал адамдар менен Кудайды, Теңирди байланыштырып турган «ыйык жай» мифологемасы менен аталып, тилдик символ катары калыптанган.

- Тоо – бул элден чыккан баатырлардын сөөгү жашырылуучу жай. Бийиктик, тазалык, туруктуулук, түбөлүктүүлүк, ыйыктык маанилерин туюндурган бул салттык жөрөлгө стереотиптик мааниге ээ.

Дүйнөнүн мифологиялык (диний) сүрөтүнө ылайык, тоо мифологемасы кыргыздардын дүйнө таанымында жандуу субстанция, жандуу организм катары кабыл алынган. Бул мифологиялык образ коомдун өсүп-өнүгүшү менен стереотип катары дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү тилдик маалыматтарда туюндурулат. Жандуу элемент катары тоо жана анын бөлүктөрү адамдын дене бөлүктөрүнүн аналогу болуп, тилдик атоолорго ээ. Мисалы: *тоонун башы – адамдын башы, тоонун бети – адамдын бети, тоонун төшү – адамдын төшү, тоонун боору – адамдын боору, тоонун аркасы – адамдын аркасы, тоонун бели – адамдын бели, тоо коюну – адамдын коюну, тоонун жакасы – адамдын жакасы, тоонун этеги – адамдын кийиминин этеги, тоонун таманы – адамдын таманы* ж.б.

Тоо тууралуу мифтик, диний образдар коомдун алдыга жылышы, өзгөрүшү, өнүгүүсү менен өз маанисин, баалуулугун азайтып, рационалдык көз караштарга ылайык факты-материалдар катары өзүнчө символикалык мааниге ээ түшүнүк катары калыптанган. Тоолор бийиктиги, чокусу менен кыргыз элинин дүйнө таанымына өзгөчө таасир берген. Кыргыздардын ой туюмунда, элесинде кабылданып, түшүнүктөрдү жаратуусунда тоо чокусу, ашуусу, бели, кырлары, аска-зоолору, ойдундары, таштары, этеги, боору ж.б. белгилери кабылдоолоруна, жашоо образына катуу таа-

сир берген. Ал белгилер маалымат жаратууда өзгөчө символ катары тилдик каражаттар аркылуу туруктуу образга айланган.

Улуттук тилдик дүйнө таанымдын тилдик бирдиктеринин ички мазмунунда тоо сөзүнө карата өзгөчө түс, боек берилип келген. Кыргыз этносун, анын маданиятын, маданий баалуулуктар системасын «тоо» концептин эске алып талдамайынча адекваттуу түрдө тыянак чыарууга болбойт. Себеби «тоо» концептинин тиешеси жок эле жаратылыш дүйнөсүндөгү же артефактылар дүйнөсүндөгү нерселерди аныктоо мүмкүн эмес. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө тоо маданий стереотип катары эсептелет. Тоо кыргыздын тарбиялануусунда мекен, жүрүм-турум, эмгек, билим, акыл-эс, этика, эстетика сыяктуу ж.б. маданий баалуулуктарын жаратууга чоң салым кошкон. Ал баалуулуктар көптөгөн маанилик, тилдик символ, туруктуу тилдик каражаттар, паремиялар түрүндө төмөндөгүдөй туюндурулуп келет. Мисалы:

*Тоо – ден соолукту, күчтү, адамды баалоону мазмундаштырган тилдик символ.* Маселен, каалоо-тилектерди, баталарды ж.б. туюндурган маалыматтарда, колдонулган тилдик каражаттарда, фразеологизмдерди колдонууда тоонун бийиктиги, бекемдиги адамга, анын ден соолугуна, жүрүм-турумуна, ээлеген ордуна ж.б. символдоштурулат. Андай когнитивдик-тилдик маалыматтар ар кандай лексемалар, синтаксемалар, паремиялар, фразеологизмдер аркылуу туюндурулат. Мисалы, тоо күч-кубаттын символу катары – *Тоодо өнүп өскөн элге // Ойдогудай иш болсун, Оодарылгыс тоо болсун, Омкорулгус бел болсун!* («Манас»). Тоо – ден соолуктун символу катары – *арча жыттуу Ала-Тоодой бекем ден соолук;* адамдык сапаттын символу катары – *залкар тоодой бийик адамдык сапат;* адамдын чоң мүмкүнчүлүгүнүн символу катары – *тоонун күчүндөй ал-күч, опол тоодой зор күч;* адамды колдогон жакын адамын көрсөткөн символ катары – *тоодой таянычым, тоодой менин тирегим, менин аска-зоом, ата – аскалуу тоо, эне боорундагы булак, бала экөөнө тең шам чырак. Уулум менин аскар тоом* деген түрдө туюндурулат. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө аскар тоо. 1. эң бийик аска тоо, залкар тоо. 2. таяныч, жөлөк, тирек маанилерин ал эми тоодой – *абдан чоң, ири, көлөмү жагынан эбегейсиз зор* маанилерин ж.б. туюндурат [162, 514-б.]. Кыргыз тилинде жогоруда келтирилген мисалдарда сын атоочтук салыштыруу учурунда троптук түзүлүштөрдүн жеке ыкмасынын күчү төмөндөгөн. Н.Д.Арутюнованын пикирине таянганда, мындай салыштырууда структуралык элементтердин биримдиги тилдик өзгөчө структура-

лык түзүлүштүн күчүн көрсөтүп, ачыктан ачык метафораны жарата алган [33, 158-б.].

Кыргыз тилинде тоо сөзүнө байланыштуу сын атоочтук салыштыруулардын тобу компоративдик сөздөр, сөз айкаштарынан турат. Мындай салыштырууга көбүнчө тоонун сырткы белгилери, формасы, көлөмү жана касиеттери негиз болот. Маселен, акыл – тоодой бийик акыл (мында тоонун бийиктиги-символ), жүрөк – тоодой жүрөк (мында тоонун алптыгы, күчү – символ), мүнөз – тоодой мүнөз (мында тоонун туруктуулугу-символ) жана башка белгилери салыштырылып, тоонун бузулбастыгы, кыймылдабастыгы, туруктуулугу, түбөлүктүүлүгү адамга карата тилдик метафора катары кызмат аткарат. Ушул сыяктуу тоого байланыштуу мааанилик айкаштар, когнитивдик-тилдик маалыматтар кыргыз элинин тилдик дүйнө таанымында арбын. Маселен, *Таянган тоосу бийик* – көздөгөн, колдогон, ишенген кишиси бар деген мааниде колдонулган фразеологизм. Мында ар кандай карама-каршылыктарда, кыйын кырдаалдарда, маселе чечерде бел болор, жардам берер, колдоп турар, күчтүү, бийик, жакын адамы тууралуу айтылат. Мисалы, *Анын таянган тоосу бийик – деди ал.* Ушул эле фразеологизмге карама-каршы мааниде колдонулган фразеологизм да бар. Мисалы: *Барар жери, басар тоосу жок*. Анда үмүт кылар, бел байлар эч нерсеси, эч кимиси жок деген маани туюндурулган: *Кагылайын Батыйна, өзүм ансыз деле барар жер, басар тоо жок айлам кетип турат. Мага капа болбо, садага* (Т.Сыдыкбеков).

Ошондой эле ой-сүрөт аркылуу жеке дүйнө таанымдарда ар кандай образдардын негизинде тоонун бийиктиги ар кандай символдуулукка ээ. Мисалы, жакын адамдарына карата баа берүүдө *ата, эне – бийик тоо, бир тууганым – бийик тоом, аска-зоодой бир тууганым* деген ж.б. сыяктуу символ маанилер колдонулат.

Фразеологизмдерден, маданий стереотипке айланган туруктуу тилдик каражаттардан сырткары «тоо» концепти өзгөчө этностук-менталдык белгилерге ээ макалдарда активдүү катышат. Кыргыздын ой туюмунда «тоо» концептине байланыштуу мазмундуу маалыматты камтыган образдуу макалдар көп. Маселен, *«Тооң бийик болсо, ыргыткан ташың алыс түшөт»* деген макалды семантика-функционалдык жактан караганда, кыргыз элинин жашоо-тажрыйбасындагы иш-аракеттерден, адамдар аралык мамилелерден улам келип чыккандыгын баамдоого болот. Эгерде колдогон, ишенген кишиң бар болсо, бийик тоодой караан болуп турса, ага кеңешесиң, өзүңдү эркин сезесиң, ага таянасың. Ал сенин сезимиңе

демиңе дем кошот, ийгиликтерди жаратууда анын элесине таянасың, анын алдында өзүңдү жоопкерчиликтүү тутууга умтуласың деген ж.б. сыяктуу маанилер бул макалдын мазмунунда камтылган. Ошондой эле мындай карым-катыштын жыйынтыгы көп ийгиликтерди, жемиштүү жетишкендиктерди алып келет, коомдо ордуңду жогорулата, мындай шарттарда башкаларга сөзүң да өтүмдүү болуп, кадыр-барк топтойсуң, сыйурматка ээ болосуң деген подтексттик маалыматтар да кыйытылып берилген.

Кыргыз элинин дүйнө таанымында коомдогу орду жогору, сыйурматка ээ, кадыр-баркы бар, элге кызмат кылган, эл ишенимине ээ, эл оозунда болгон, таанымал, иш билги, жүрүм-туруму түз, чынчыл адамдар тоонун бийиктигине салыштырылган. Андай адамдар «тоодой бийик адам» деген атка татыган. Алар элдин арасында таанылып, аты аталып, жакын жашаган элдердин ичинде гана эмес, алыскы элдердин да оозуна алынып, үлгү катары жогорку баага ээ болушкан. Мындай адамдарга баа берүүдө кыргыздар тоонун бийиктигине тең*еп, «Тоо бийиктиги алыстан байкалат»* деген макалды колдонушкан.

*Тоо – ойду туюндуруунун тилдик символу.* Кыргыз элинин тоолуу релъефте жашашы анын маданиятынын калыптанышына өзгөчө таасир берген. Мындай жаратылыш шарттарында тоонун ар кандай түзүлүшүнө баа берип, таанып, өздөштүрүп, аларды атоо менен эл өз маданиятындагы баалуулуктарды тоого салыштырып, айкалыштырып жарата алган. Маселен, тоого, ойго салыштыруу аркылуу туруктуу сөз айкаштарын жаратып, адамды туура, ойлонуп сүйлөөгө, ойду так жеткирүүгө үйрөнүүгө багытташкан. Буга *ойду-тоонуу сүйлөө* фразеологизми мисал боло алат. Мындай туруктуу сөз айкаштарын өздөштүрүү менен кыргыз элинин жашаган жерин, өзгөчө жолду басып өткөн таржымалын да билип, аныктай алабыз. Мисалы, кыргыз тилинде *ойду, тоону сүйлөө* фразеологизминин маанисинде тоонун өйдө, бийик жайгашкандыгы, ал эми ойдун төмөн жакта жайгашкандыгы белгиленет. Бирок анда негизги максат ой, тоо жөнүндө маалымат берүү эмес. Аталган фразеологизмде *ой, тоо* тилдик метафора жана символ катары гана кызмат аткарат. Мында *ой, тоо өйдө-төмөн* деген карама-каршы маанини туюндурган антонимдик катыштагы сөздөргө катар колдонулган. Ошондуктан аталган *ойду, тоону сүйлөө* фразеологизмине *өйдө-төмөн сүйлөө* деген фразеологизм да синонимдик катышты түзүп, бирдей мазмунга ээ экендигин белгилөөгө болот. Адам маалыматты туюндурууда эмнени айтып жаткандыгы белгисиз, маалыма-

ты так эмес, бир туруп бирди айтса, экинчи туруп башканы сүйлөгөндүгү, оюн түз, таамай жеткире албагандыгы, логикалык жактан чаржайыттыкка дуушар болуп, ою менен айткан сөзү дал келбей, карама-каршы болгондугу *ойду, тоону сүйлөө* фразеологизминин мазмунун билдирет. Бул фразеологизмди колдонуу адамды так, түз, кыска, жеткиликтүү, орундуу, логикалуу сүйлөй билүүгө багыттайт.

Ошондой эле кыргыздардын турмуш тажрыйбасында «*Тоодой сөздү бергиче, берметтей ишти бер»* деген макал да колдонулат. Мында «аз сүйлөп, көп иш аткар» деген ой билдирилген. Айрым адамдар көп сүйлөгөнгө, акыл үйрөткөнгө ынтызар болушат. Ал эми ишке келгенде өзүнүн чоркоктугун, жалкоолугун, иштерман эместигин көрсөтүшөт. Турмуш тастыктагандай, кээ бир адамдар сөзү менен тоонун бийиктигиндей бийик, улуу нерселерди жаратарын билдирип же куру убада беришип, элди ынандырганга аракет кылышат. Бирок айткан ишти аткарганга келгенде максаттарына жете албай, убараланышат, айтканын иш жүзүнө ашыра албайт. Ал эми акылдуу *адамдар* улуу, бийик нерселерди жаратуу үчүн жөн гана эмгектенишет. Аз иш кылса да аны таза, так, адал эмгек жумшап аткарышат. Алар сөзү менен эмес, иши менен элге пайда алып келишет. Жогорку макалдын «берметтей ишти бер» деген бөлүгү дал ушундай маанини кыйытып турат.

Адамга жагымсыз сөздүн таасирин чагылдыруу үчүн кыргыз эли *«Жамандын сөзү – таркылдак, тоодон кулап түшкөндөй»* деген макалды жаратышкан. Кыргыздар күнүмдүк турмушунда «тоодон кулап түшүү» көрүнүшүн абдан көп эле кезиктирген жана бул жагдай алардын аңсезиминде образ катары сакталып турат. Эл мындай көрүнүштүн натыйжасында адам баласы абдан оор жаракат ала тургандыгын да жакшы билет. Тоодон кулоонун жыйынтыгында адамдын дене бөлүктөрү катуу жаракат алса, жаман адамдын сөзүнөн кийин да адамдын руханий дүйнөсү ошончолук оор жаракат алат деген маани бул макалдын мазмунунда камтылган. Жогоруда кыргыз эли абстрактуу түшүнүктү конкреттүү кырдаалдар менен туюндурганы байкалат. Мындай көрүнүш кыргыз элинде тигил же бул түшүнүктү элестүү берүү салтынынын калыптангандыгын көрсөтүп турат. Улуттук маданий баалуулукка ээ сөздөрдү колдонуу менен кыргыз эли өсүп келе жаткан жаш муундарга макалдын туюндурган негизги мазмунун жеткиликтүү, түшүнүктүү сунуштоого, акыл-эсте дайыма сакталып турушуна, анын элестүү, образдуу кабыл алынышына олуттуу көңүл бурган. Мындай элестүү, образдуу салыштырууларды

*«Адамзатты сөз бузат, тоону, ташты сел бузат»* макалынан да кездештирүүгө болот. Бул макалда эл арасындагы ушак-айың, туура эмес айтылган сөздөр, натыйжада, адамдар аралык мамиленин бузулушуна, кыйрашына алып келери билдирилген. Бул маани тоо арасында болуучу селдин кыйратуучу, жок кылуучу образына салыштырылып, символдоштурулган. Тоонун бийиктиги, бекемдиги, туруктуулугу сел жүргөн учурга туруштук берип, таптакыр жок болуп кетүү коркунучу болбогон сыяктуу, сабырдуулук, терең билим, адамдык бийик сапаттар мындай жагдайда ийгилик жаратары тууралуу маани подтексттик маалыматтар катары кыйытылган.

*Тоо – убакытты, мезгилди мазмундаштыруунун тилдик символу.* Кыргыз элинин дүйнө таанымында тоо убакыт, мезгил ченемин аныктоодо да символдоштурулуп колдонулат. Маселен, турмуштиричиликтик жашоодо баёо көз караш боюнча кыргыздар уул, кыздары төрөлө электе же төрөлгөндөн кийин деле келечекте үй-бүлө курушсун деген таризде бел куда түшүп коюшкан. Маселен, ушундай шарттарда *«Көрүнгөн тоонун ыраагы жок»* деген макалды колдонушкан. Аталган макал терең мааниге ээ. Анткени анда адам *көздөгөн максатына тез эле жетет, убакыт бат эле өтүп кетет, мезгил баарына тараза* деген сыяктуу туюнтмалар, түшүнүктөр бар. Эгерде макалды түз маанисинде кабылдасак, тоо өтө алыс жайгашса да, бийиктигинен адамдын көзүнө урунуп турат. Бирок ошондой алыс жайгашкан тоого жетем деп максат коюп, жолго чыксаң белгилүү бир мезгилден кийин ага жете барасың деген сыяктуу маанини да бул макалдан жолуктурууга болот.

Кыргыздардын дүйнө таанымында тоо кыргыз элинин жашоо образы менен жуурулушуп турат. Ошондуктан ага өтө терең маани берилет да, көбүнчө оң коннотациялык маанилерди жаратууда тоо символдоштурулуп колдонулат. Демек, жогоруда аталган шарт-жагдайда *«Көрүнгөн тоонун ыраагы жок»* деген макалдын контекстке ылайык колдонулушунда, анын ички терең маанисинде убакыт, мезгил маанилери камтылган.

*Тоонун образы акылды баалоону мазмундаштырган тилдик символ.* Кыргыздардын дүйнө таанымында акыл сөзүн баалоодо *«бийик», «терең», «күчтүү»* деген ж.б. сапаттык белгилерди билдирген сөздөр кеңири колдонулат. Эгерде акылды баалоодо тоонун образын колдоносок, дароо эле ойго тоонун бийиктиги элестелет да, *«*акылы бийик*»* деген тилдик метафора жаралат. Демек, акылдын көптүгүн кыргыз эли тоонун бийик-

тигине салыштырышат. Ушуга байланыштуу *«Тоонун чокусу бийик, адамдын акылы бийик», «Тоо чоңдугу менен бааланат, адам акылы менен бааланат»* деген макалдарды жаратышкан. Кыргыз дүйнө таанымында акылдуулук жана бийик адамдык сапаттарды жогору коюу улуттук менталдык белгини туюндурган. Жакшы адамдар эң алгач акылы жана мыкты адамдык сапаттары аркылуу бийик баага татыктуу болгон. Андан кийин билими менен бааланган. Эл арасында кадыр-баркка, сый-урматка татыктуу болуу, элге карата аяр, этияттык менен мамиле жасоо, озунуп улуу адамдардын алдынан чыкпоо, алардан үлгү алуу сыяктуу ж.б. этика-эстетикалык маанини туюндурган жүрүм-турум эрежелери макалга айланган туруктуу тилдик каражаттар аркылуу калыпка салынып турган. Мисалы: *«Бийик тоону жанынан көр, башына чыкпа, жакшы кишини алыстан ук, жанына барба».* Ошондой эле *«Бийик тоого чыксаң, көзүң ачылат, Жакшы менен сүйлөшсөң, көнүлүң ачылат»* деген макалда адамдын билимине, таалим-тарбиясына, жүрүм-турумуна байланыштуу терең ойлор билдирилген. Макалда бийик тоого чыккан адамга төмөнкү жак даана, так көрүнөөрү айтылат. Ушул маани символ катары билимдүү, түшүнүгү терең адам менен маектешсең көп нерсени кабыл аласың, үйрөнөсүң деген мааниге тыгыз байланыштуу колдонулган. *«Акыл деңизден терең, билим тоодон бийик»* деген макалда *бийик-терең* антонимдик катыштагы лексемалар оң маанини туюндуруп, кыргыздардын билимди баалоону тоо, деңиздин образына салыштырып, келгени белгилүү болот. Анда «тоодон жогору», «деңизден терең» деген тилдик туюнтмалар салыштыруу иретинде колдонулган. Илимге чейинки баёо (карапайым) дүйнө таанымда «билим» нукура турмуштук тажрыйбаларды, жаратылыштык сырларды, адамдардын мамилелерин билдирген менталдык көз караштардын жыйындысы катары түшүнүлгөн жана түшүндүрүлгөн. Билимдерди зиректик менен өздөштүрө алган, акылдуу адамды «*билерман»* деп аташкан. Коомдун алдыга өнүгүшү менен «билим» деген сөздүн мааниси алда канча кеңейип, ал *«табигый таанып-билүү», «жөндөм»* деген маанини да билдирген. Ал эми кийинки мезгилден тартып *«билим»* сөзүнүн мааниси алда канча кеңейди, илим-билимдердин негизин туюндурду. Билим илимий термин катары кенен маанини ичине камтып калды. *Акылдуу тоону томкорсо, акылсыз элди омкорот* макалында акылдуу-акылсыз лексемалары антонимдик катышта туруп, адамдык сапаттын оң жана терс белгилик маанисин каймана түрдө баалоо өңүтүндө туюндура алды. *Тоону томкоруу* – иштин майын чыгара иштөө, колунан кандай га-

на иш болбосун, бүткөрүп салуу [161, 691-б.] деген оң мааниге ээ фразеологизм. *Силердей жаш болсом, тоону томкоруп, иштин жүрөгүн түшүрбөс белем дейт* (А.Токомбаев). *«Элди омкоруу»* сөз айкашы – элге зыян алып келүү, жабыркатуу, элдин эсебинен баар табуу деген ж.б. терс маанилерди туюндурган тилдик метафора.

*Тоо – көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук, күчтүүлүк ж.б. оң мааниге ээ адамдык сапаттарды баалоонун тилдик символу.* «*Башыңа тоо түшсө да, чымындай көр»* деген макалдын маанисинде адам баласынын башына түшкөн оор мүшкүл иши же ар кандай оор кырсыктары тоонун образына салыштырылган. Бул макал адамдын психологиялык жактан кайгы-капа болуу, чөгүү, басынуу сыяктуу ж.б. жагдайларга дуушар болушунун, дегредацияланышынын алдын алуу максатында кыйытылып колдонулган. Мында көтөрүмдүү болуу, күчтүү болуу, кыйынчылыкты жеңе билүү, өзүн-өзү жоготпоо, жеңил ойлуулукка алдырбоо, адашпоо, бийик болуу өңдүү ж.б. подтексттик, коннотациялык маанилер кошо туюндурулганын байкоого болот.

Жүрүм-турумду, адамдар ортосундагы мамилени жөнгө салууда кыргыз элинин баалуу ойлору илгертеден эле туруктуу фразаларга айланып, макал катары колдонулган. Маселен, адамдар ортосундагы мамиле оң да, терс да болушу мүмкүн. Бирок терс жагдайлардан алыс болуш үчүн оң сапаттарды өздөштүрүүдө сабырдуулук, токтоолук, ыймандуулук, чынчылдык, адептүүлүк, жөнөкөйлүк ж.б. оң сапаттарды туюндуруу үчүн оң коннотациялык маанилерди мазмундаштырууда тоо лексемасы тилдик символ, салыштыруу катары колдонулган.

*«Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт»* деген макалда да адамдын табиятына байланыштуу бир нече маанилер камтылган. Маселен, адамдагы терс сапаттар карөзгөйлүк, шашмалык, адепсиздик, текеберчилик, ыймансыздык, жеңил ойлуулук ж.б. сапаттар тажатма, жагымсыз, жийиркеничүү жагдайды жаратары, алар терс коннотациялык маанилерди туюндурары, мамиле түзүүдө мындай терс жагдайларга жол бербөөгө аракет кылуу керектиги подтексттик маани түрүндө кыйыр чагылдырылган.

*«Эки жакшы тоого чыкса, кудалашып түшүшөт, эки жаман тоого чыкса, кубалашып түшүшөт»* деген макалда адамдардагы оң жана терс сапаттар айкын туюндурулган. Бул макалда да оң сапатка ээ болгон адамдардын ойлогон ою, көздөгөн максаттары, жасаган иштери жакшылык менен коштолору, ал эми терс сапатка ээ болгон адамдар коомдо жат көрүнүштөрдү жаратары, жакшы адамга жакшы адам жандашса, көптөгөн

ийгиликтер жаралары, жаман адамдарда ишенимдүү биримдик болбосу, жамандын иш-аракеттеринде ийгиликтин жок болору кыйыр түрдө туюндурулган.

*Тоо – ач көздүк, жеңил ойлуулук, адилетсиздик, калп сыяктуу ж.б. терс мааниге ээ адамдык сапаттарды баалоонун тилдик символу.* Кыргыздардын дүйнө таанымында адамдын жүрүм-турумун жөнгө салуу, аны таалим-тарбияга үндөө маселелери да илгертеден бери эле жөнгө салынып келген. Аталган багытта айтылган баалуу ойлор макал-ылакап түрүндө бүгүнкү күнгө жетти. Мисалы, *«Эки тоонун чөбүн эңсеген эчки ачкадан өлүптүр»* деген макалда терең маани бар. Маселен, анда адамдын каалоосу күчтүү, бирок каалаган нерсеге жетүү да адамдык бийик сапаттар менен байланышта болот деген терең маани, подтексттик туюнтма бар. Кыргыздар мындай учурда «напсини тыюу» деген туюнтманы да колдонушат. Иликтенип жаткан макалда бир нерсеге жете албай жатып, экинчи бир нерсеге умтулуу, бир эле учурда эки чоң нерсени колго алып алуу, бир адамдан жардам сурап жатып, экинчи бир адамдан да сурануу деген сыяктуу ж.б. терс коннотациялык маанилер да каймана билдирилген. *Ачкөздүк, ала көөдөндүк, жеңил ойлуулук, билимсиздик, түркөйлүк* сыяктуу кыйыр маанилер аталган макалдын терең маани-мазмунунда өзөк мааниге ээ. Тоо ушул сыяктуу адамдык сапаттарды баалоодо символ катары колдонулган.

Кыргыздардын дүйнө таанымында *тоо адилетсиздикти, калпты мазмундаштырууда да символ* катары колдонулат. Маселен, *«Тоодой караны, томуктай ак жеңет. Тоодой калпты томуктай чындык жеңиптир»* деген макалдардын маанисинде «кара» лексемасы «тоонун көлөмүндөй, белгилериндей» деген тилдик салыштыруу, метафора аркылуу көлөмдүү, зор адилетсиздикти, акыйкатсыздыкты, жалганды туюндурду. Ал терс мааниде колдонулду. Ал эми «ак» лексемасы «томуктун көлөмүндөй» деген салыштыруу, тилдик метафора аркылуу кичинекей, аз чындыкты, акыйкаттыкты, адилеттикти туюндурууда колдонулду. Макалдын жалпы семантика-функционалдык түзүлүшүндө кандай болбосун чындык, акыйкаттык жеңишке ээ болору тууралуу негизги ой билдирилген. Экинчи макал да биринчи макал менен синонимдик маанини түзүп турат.

*Тоо – элдик биримдиктикти чыңдоону мазмундаштырган тилдик симол. Тоо ташсыз болбойт, эл башсыз болбойт* деген макалда кыргыз дүйнө таанымында элдин башчысы болуш керектиги тууралуу маалы-

матка тоонун таштуу болушу салыштырылып мазмундаштырылган. Тоо таштарга бай, алардын арасында баалуу, асыл таштар кездешээри тууралуу ой-сүрөт элестелет. Таштар тоонун көркүн ачып, маңызын арттырып турат. Ушул сыяктуу элдин арасында биримдикти, ынтымакты, тынчтыкты, бейкут жашоону орнотууга даяр, бийик акыл, терең билим, айкөлдүк, гумандуулук жана намыскөйлүк сапаттарга ээ адамдар гана эл башында турушу керектиги тууралуу элестөөлөр, ой-бүтүм, подтексттик маалымат аталган макалда кыйыр туюндурулган.

*«Бир таш тоо эмес, бир баш эл эмес»* деген макалда бир эмес, көптөгөн таш тоону, тоонун бөлүктөрүн (аска, чоку, борчук, ойдуң, жайык, кырка, ашуу ж.б.) түзөөрү тилдик символ катары колдонулган. Макалдын экинчи бөлүгүндө бир адам эмес, бир нече адам топту, жамаатты, урууну, элди, улутту түзөрү, адам эл менен адам болору, эл ичинде жашап туруп, элден тышкары жашоого болбосу, кубаныч, таалай, кайгы айланадагы адамдар менен байланышта, салыштырмалуу боло тургандыгы подтексттик маалымат катары кыйыр туюндурулган.

*«Тоосуз жер болбойт, доосуз эл болбойт»* макалы да кыргыздын жашоо образын, дүйнө таанымын айкын көрсөтөт. Жашоосу, мекендеген жери тоолуу болгондуктан, бул жагдай кыргыздын ой-туюмунда туруктуу образды жаратып, макалга айланган. Бардык элдер бири-бири менен алака-мамиледе, байланышта болушат. Элдердин байланыш, карым-катышынан келип чыккан муктаждыктан улам аласа-бересе деген түшүнүктөр келип чыгат. Бул «доо»түшүнүгү менен туюндурулду. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «доо» деген сөзгө бирөөнүн мойнундагы бербей төлөнбөй жүргөн карыз, аласа, өндүрүп алууну талап кылган акы деген мааниде, ал эми туунду мааниде «доо» арыздашуу, чыр-чатак, талаш-тартыш маанилерин билдирери маалым [161, 357-б.]. Демек, макалдын экинчи компонентинде аласа-бересесиз, арыздашуусуз, талаш-тартышсыз эл болбойт деген маалымат берилгени анык.

*Тоону бийик дебе, талаптансаң чыгарсың, жоону күчтүү дебе, кайраттансаң жыгарсың* деген макал да адамдын психологиялык жактан ишенимин бекемдөөгө багытталып, адамды күч-кубаттуу, кайраттуу болууга кыйыр түрдө үндөй алат. Муну төмөндөгүдөй мааниде түшүнүүгө болот: биринчиден, каршылашкан душманын кайраттуу, физиологиялык жана руханий жактан ишенимдүү, күчтүү адам гана жеңе алат. Экинчиден, бул макалда адамдар алдыга максат койгондо, аны аткаруу өтө оор, кол жеткис тоонун бийиктигиндей сезилери, коркунуч сезимин пайда кы-

лары, ошого карабай максатка жетүүгө талаптанса, талбай аракеттенсе, эмгектенсе, изденсе, ар кандай кырдаалдарды жеңе билсе, демек, ал адам көздөгөн максатына жетет деген подтексттик маалымат каймана туюндурулган. Адамдын өзүндөгү жалкоолук, коркоктук, өзүнө-өзү ишенбөөчүлүк, алсыздык биринчи кезекте өзүнүн душманы экени, мына ушул сыяктуу сапаттарды кайраттуулук менен жеңе билсе, демек, ал жоону жыккан менен барабар болору сыяктуу маани макалдын ички семантикалык структурасында кылдат билдирилген.

*Тоо – бул эмгекти баалоонун тилдик символу.* Тоо – адамдын жашоо үчүн күрөшүнүн, чарбалык ишмердүүлүгүнүн бир чөйрөсү. Кыргыздар үчүн тоо иш кылуу тажрыйбасында, эмгектенүүсүндө да ойду туюндуруунун тилдик символу катары колдонулган. Бул көрүнүш аталган маселеге карата туруктуу сөз айкаштарынан, макалдарынан байкалат. Мисалы, *«Иш сүйгөн колдон тоо кулайт, иш качкан колдон куурай да сынбайт».* Макалда эмгекчил адам иштермандыгы менен тоодой бийик, тоодой көп, тоодой күчтүү нерселерди да багынта алышы, ал эми жалкоо адамдын колунан эч нерсе келбеши туюндурулган. Мында «эмгекчил» - «жалкоо» сөздөрү антонимдик катышты түзүп, аларга баа берүүдө тоо менен куурай образ катары колдонулду. Тоо оң, ал эми куурай терс коннотациялык маанилерди жаратууга негиз болду.

«Тоо» концепти катышкан макалдарда антонимиялык маанидеги фразалар көп учурайт. Мисалы: «*Тоодон түшкөндө таскак, Тоого чыкканда аксак*». Бул мисалдардын биринчи сүйлөмүндөгү «таскак» экинчи сүйлөмдөгү «аксак» логикалык жактан карама-каршылыкты жаратып турат. Макалдын жалпы маанисинде тоодон ылдый ылдам, жеңил түшкөн менен, ылдам чыгууга болбостугу кыймыл образы аркылуу туюндурулду да, ийгилик тез эле жарала бербери, аны талыкпаган аракет, эмгек менен жаратуу керектиги, бийиктикти багындыруу оңой эместиги тууралуу ой кыйытылган. Ийгиликтин, талбаган эмгектин натыйжасы сергек, бакубат жашоону, жаркын маанайды жаратары тууралуу подтексттик маани каймана билдирилди. Ал эми *«Кыбыраган кыр ашат»* макалы да адамды эмгекке карата үндөө, үгүттөө максатында жаралгандай сезилет. Мында акырындык менен тынымсыз жасалган эмгектин үзүрү акырында ийгиликке жеткирери тууралуу подтексттик маалымат камтылган. Макалда «кыбыраган» деген сөз негизги сөз болуп саналат. Ал «тоо» концептинин фреймдик компоненти болуп эсептелген «кыр» сөзү менен карым-катыш түзүп, жогоркудай мазмунду туюндурду.

*Тоо – кыйынчылыкты, тоскоолдукту баалоонун тилдик символу.* Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү ой-сүрөттө кыйынчылык, тоскоолдук лексемаларынын маанисин «тоо» концептинин курамында тоонун образы катышкан кыргыз макалдарынын мазмуну аркылуу чечмелөөгө болот. Мисалы, *«Кечүүсү болбой, суу болбойт, ашуусу болбой, тоо болбойт»* Мында кыйынчылык, тоскоолдук маанилери тоо, суу сөздөрү менен байланышып, «кечүүсү», «ашуусу» сөздөрүнүн маанилери менен ассоциацияланган. Максатка жетүүнү эңсеген адам бардык кыйынчылыкты, тоскоолдукту жеңери, суудан өтүүдө кечүүдөн, тоодон өтүүдө ашуудан ашуу образы кыйынчылык, тоскоолдук маанилеринде символ катары колдонулган. Макалдагы подтексттик маалымат кыйынчылыкты, тоскоолдукту жеңүүгө боло тургандыгы тууралуу позитивдүү маанини камтып турат деп эсептейбиз.

*Тоо – фаунаны мазмундаштыруунун тилдик символу*. «Тоо» концепти жаратылыш контекстинде жалпылык менен жекеликтин, татаал менен жөнөкөйдүн, сан менен сапаттын, форма менен мазмундун ортосундагы өз ара тыгыз байланыштарды ачып көрсөткөн тилдик кенен түшүнүктөр менен тыгыз байланыштуу. Анда бүтүн менен бөлүктүн, туруктуулук менен өзгөрүүчүлүктөрүнүн өз ара катышы айкын. «Тоо» концептин аталган маанилик катыштарды аныктап, ачып түшүнсөк болот. Кыргыз географиялык ареалдын негизин түзгөн фаунага тиешелүү аталыштар кыргыз тилинде абдан арбын кездешет. Бирок дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө тилдик туруктуу каражаттарда тоодо жашаган жаныбарлардын ичинен айрым жаныбарларга өзгөчө маани чөгөрүлгөнүн байкоого болот. Маселен, төмөндөгү жаныбарлардын аталыштарында тоонун когнитивдик образы өзгөчө орунга ээ болот. Мисалы: *Тоо теке* – тоодо жашаган жапайы эчкинин эркеги. *Тоо эчки* – тоодо жашаган жапайы эчкинин ургаачысы [161, 515-б.]. *Аркар* – тоодо жашаган жапайы кой. *Кулжа* – аркардын эркеги. *Бугу* – чулу мүйүздүү кийиктердин бир асыл түрү, мунун эркеги - *бугу*, ургаачысы – *марал* ж.б. Аталган жаныбарлар (тоо теке, тоо эчки, аркар, бугу, кулжа, марал ж.б.) жалпысынан *кайберен (кайп, кайып, эран)* деген мифологема менен белгиленет. Кайберен мифологияда ушул жаныбарлардын колдоочусу, ээси деп да аталат. Араб тилинин «кайп» – көзгө илешпөөчү, көрүнбөөчү, жашыруун, «яран» - жолдош, дос деген сөздөрүнөн куралган. Байыркы убактардагы жаныбарларды касиеттүү деп санап, алардын да ээси бар деген ишенимден улам аталган тоо жаныбарларын кыргыз дүйнө таанымында ыйык деп эсептөө калыптанып калган

[194]. Ушундан улам дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө тоо теке, эчки, кийик, аркар ж.б. жаныбарларга «кайберен» же көптүк түр маанисинде «кайберендер» деген сөз синоним катары колдонулат. Ушуга байланыштуу кыргыз тилинде мифтик көз караштардан улам архетипке айланып колдонулуп келе жаткан тилдик туюнтмалар, каргыш сөздөр, тыюулар да арбын кездешет. Маселен, *«кайберендерди атууга, этин жегенге болбойт», «кайберенге кол салган өз элине кол салган менен барабар», «кайберендин каргышы урсун»* деген ж.б. сыяктуу туюнтмалар, ишенимдер бар. Мындай түшүнүктөр көркөм чыгармаларда, элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылган. Мисалы: *Кайберендин каргышы ургур! Оозуна илинер чөп таппай, адамдарды байырлап, тоодон ылдыйлаган ыйык жаныбарды атканга кантип колу барды экен, канкор мыкаачынын* (Ж.Осмонов) Т*оо кийикке асылып, Толгоноорумду сомдодуң. Кайберен аттың семиз деп // Кайберендин каргышы, Карагулду аттың эми издеп // Канатым сынып, кайрылып, Карагулдан айрылып. Кайдан табам мен издеп* («Карагул ботом»). Тоо жаныбарларынын ичинен *аркар, кулжа, бугу, марал* жана *карышкыр, түлкү* дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө өзгөчө мазмундаштырылып, туруктуу сөз айкаштарда, макалдарда ж.б. арбын кездешет. Мисалы, *«Будурунда бугу бар», «Адырдан аркар куюлуп»* («Манас»). *«Ашуусу болбой тоо болбойт, Аркары болбой зоо болбойт»* макалында жекелик менен жалпылыктын диалектикалык карым-катышы, жалпылык жекеликти жаратары тууралуу маани кыйытылган. Бирин бири шарттап, толуктап турган философиялык категориялар сыяктуу *тоо-ашуу, зоо-аркар* салыштырмалуу образ катары кыргыздардын тоодогу жашоо образын элестетете алат. Натыйжада эл болгон жерде мекендеген жери, ашуудай болгон адамдары, баатырлары болот деген сыяктуу кыйытма ойлорду бул макалдан кездештире алабыз. Адамдын жүрүм-турумун, кулк-мүнөзүн жөнгө салуу максатында жогоруда аталган жаныбарлар катышкан терең мазмундуу макалдарыбыз тегин чыкпаса керек. Маселен, *«Бу тоодон тиги тоого арзыган кийик ачка өлүптүр». «Эки тоону эңсеген эчки ачкадан өлүптүр», «Заманына карай - күлкү, тоосуна карай – түлкү», «Тоо бөрүсү, токой каракчысы көп», «Мергендин дарты кийикте, бүркүттүн дарты бийикте»* ж.б. Аталган макалдардын мазмунунда адамдын жүрүм-турумун жөнгө салуу ыкмасы кыйыр туюндурулган. Адамдын мүнөзүн образдуу туюнтууга карата кийик, эчки – туруксуздуктун, ач көздүктүн, акылсыздыктын символу. Түлкү – куулуктун, мытайымдыктын символу. Ата-бабаларыбыз кыргыздык көөнө дүйнө

тааным боюнча бугуну, маралды, аркардын мүйүзүн, касиеттүү ыйык деп санашкан. Ошондуктан алар ар кандай кийиз, шырдак, туш кийиз жасаганда бугунун, аркардын символ катары туюндурган оюуларды оюп, саймаларды сайышкан. Буга мисал катары кыргыз элинде *«сыңар мүйүз», «сынык мүйүз», «кырк мүйүз», «аркар мүйүз», «бугу мүйүз», «марал мүйүз»* деген ж.б. иштелип чыккан оюулардын түрлөрүнүн аталыштары далил боло алат. Мүйүздүү жаныбарлар *–«кийик», «аркар», «бугу», «марал», «элик».* Булардын мүйүзү байыркы мифтик аң сезимде маңыздуу социалдык жиктин символу болуп саналган. Мүйүз акылмандын (абыздын, бакшынын, дубачынын) баш кийиминин бир элементи болгон. Кийин мүйүз белги катары бийлик ээлеринин (хандын, аскер башчыларынын) баш кийиминин элементине айланган («Көкчөнүн уулу Эр Кошой»). Ушуга байланыштуу дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *«башка мүйүз чыгуу»* деген фразеологизм бар. Ал белгилүү бир артыкчылыкка ээ болуу, ийгиликтерге жетүү, тилектин орундалышы дегенди маанилерди билдирет. Мүйүз – таажынын эквиваленти, «бийлик кылууга берилген уруксат, эрк» дегенди түшүндүргөн символ [252, 59-б.]. Ушундан улам *«Башыңа мүйүз чыккан жок го? Мүйүз чыктыбы?* деген сыяктуу туруктуу фразалар колдонулуп калган. Мында *Бирөөнөн ашып кеттиңби? Кыйын болуп калдыңбы?* деген какшык иретиндеги маани туюндурулат.

Кыргыздын илимге чейинки баё (карапайым) дүйнө тааным-ынын негизинде аталган жаныбарлардын атынан жомок, уламыштарда тилдик символ катары мифологемалар кездешет. Маселен, бугунун образы кыргыздын тукумун улаган энеге символдоштурулуп, *Бугу-Эне* мифологемасы колдонулган. Мисалы, *Балдарым, мына эми мен силердин энеңермин. Мен силерди ак кардуу алкак Ала-Тоосу бар, күмүштөй Теңир-Тоосу бар, боордо токой чери бар, ортосунда ЫIсык-Көлү бар жерге алпарам* («Бугу-Эне уламышынан»).

Кийиктердин ээси – *Сурэчки*, анын текеси *Алабаш* деген аталыштарга ээ мифологемалар кездешет. Ал тууралуу «Мергенчи Кожожаш» кенже эпосунда да сөз болгон. Аталган мифологемалар кыргыздын дүйнө тааным-ында тоо байлыгы болгон жаныбарларды кадырлоо-барктоо, сыйлоо зарылдыгынан улам жаралган. Рационалдык көз карашка ылайык, адамдын, өзгөчө аялзатынын келбетин образдуу туюндуруу үчүн кыргыз тилиндеги троптун түрү салыштырууларда алардын сулуулугуна, кыймыл-аракетине, кулк-мүнөзүнө марал, аркар, элик образ катары символдоштурулат. Мисалы: *Басканы сонун маралдай, Биздин Ала-Тоонун кыз-*

*дары ай* (А.Сарыбаев), *Сүрдөтпөчү, сүрдөбөйүн, маралдайым, аркардайым* (Ж.Кочкоров). *Кийин ойлосом, «шырп» эткен толкун үнүн жүрөгү аркылуу алып өткөн өтө сезгич, сезимтал акынга керемет музыка менен эликтей түйүлгөн эрке кыздын аруу махабаты кантип таасир этпесин?* (Ж.Исабаева). Жогоруда аталган мифологемалардан сырткары антропонимдер да колдонулат. Мисалы, *Марал, Акмарал, Аркарбек* ж.б. Ошондой эле жогорудагы мифологемалар уруунун аты катары да кездешет. Мисалы, Бугу уруусу, Теке уруусу ж.б. Кыргыздар мекендеген тоолордо кайберендин көптүгүнөн алардын аты менен аталып калган топонимдер, оронимдер да көп учурайт. Мисалы, *Кара-Кулжа, Эчкилүү-Тоо, Эчки-Төр, Текелүү-Төр* ж.б.

Кыргыздын дүйнө таанымында эркектердин, баатырлардын тайманбастыгын, күчтүүлүгүн, эрдигин маалыматташтырууда арстан, бөрү, көк жал, шер, кабылан, жолборс жана башка жырткыч айбандар да көбүнчө символ катары колдонулуп келген. Мисалы, Арстан Манас, Көк жал эр, Шер Манас жана башка. Манастын колдоочулары: *көсөө күйрук көк жал бөрү, кара чаар кабылан капталында чамынып, жолборс менен арстан аны жандап жүрөт.* Төрөй турган аял шердин, жолборстун жүрөгүнө талгак болушу келечекте баатыр болчу баланын туула тургандыгынын символу болгон (Чыйырды Манасты. Арууке Күлчорону төрөрдө ушундай болгон) [194]. Мындай мифологемалар антропонимдер катары да колдонулат. Мисалы, Арстанбек, Жолборс, Шерболот, Шергазы ж.б.

Бөрү – (табу – карышкыр, көк жал) сөздөрүнүн образын колдонуу менен көптөгөн фразеологизмдер, макалдар, туруктуу сөз айкаштары жана жөрөлгөлөр мурда эле колдонулган. Маселен, буга байланыштуу мындай фразеологизмдер бар. Мисалы: *бөрү тоют болуу* – чала тоюу, анча тоё бербөө; *Бөрүгө кой кайтартуу же карышкырга кой кайтартуу* – алдым-жуттумдарга, жегичтерге жол берүү, ичип-жеген пайдакечтерге, алардын кара-ниет максаттарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүп берүү; *бөрү этектен, жоо жакадан алганда* – бардык жагынан кысталыш болуп айла кетип турган мезгилде деген маанилер бул фразеологизмдердин өзөгүн түзөт. Бөрүгө байланыштуу макалдар да көп кызыкчылык жаратат. Мисалы: *Бөрү азыгы менен эр азыгы жолдон. Бөрү арыгын билгизбей, итке жүнүн үрпөйтөт. Бөрү баласы — ит болбойт. Бөрү жарды, кузгун тойду. Бөрү жебесе да, күнөөлүү* ж.б. Макалдарда байкалып тургандай, адамдык сапат табигый көрүнүштөргө, жан-жаныбарларга окшоштурулуп, семантикалык системанын жылышына алып келген деп

эсептейбиз. Ушул эле бөрүгө байланыштуу табу катары колдонулган *көк жал* аталышына байланыштуу туюнтмалар да арбын. Мисалы, *Билсең эгер, жалгыз болот көк жалдар, билбейт аны жамыраган көп жандар* туюнтмасында бөрүнүн жашоо образына адамдын, өзгөчө *күчтүү, коркпос, эркин, жалгыз, тайманбас* эркек адамдардын сапаты каймана түрүндө салыштырылган.

*Тоо – кен байлыкты, сууну мазмундаштырган тилдик символ.* Мисалы, *«Тоонун көркү кенинде, талаанын көркү эгинде»* деген макал бар. Мында тоо символдук концепт катары маанисинде кен байлыктын булагы экендиги туюндурулган. Бизде *Кум-Төр, Кара-Кече ж.б.* Молчулук, барчылык тоодогу кен байлыктарга байланыштуу. Демек, тоонун баалуулугу андагы кен байлыктарында экендиги менен салыштырылып жатышы да тегин эмес. Ошентип бул макалдын артында, өзөгүндө «тоо» концептине мүнөздүү жалпы баалуулук туюндурулган. Ал эми макалдын «талаа эгинсиз көрккө чыкпайт» деген экинчи бөлүгүндө эгин эмгекчил элдин аракетинин, талыкпас мээнетинин, кажыбас кайратынын жыйынтыгы экени маалымдалган. Тоо – тунук булактардын мекени. Мисалы: *Алдастап агып булагы, Сөлөкөтү чыңдалган // Ал дагы тоонун ынагы, Оргуп булак көбүргөн // Баштарын нурга чөмүшкөн. Жазгы тоо сулуу элирген, Асман менен челишкен // Атылып тоодон секирген, Булагың эстеп жүрөмүн* (Ж.Бөкөнбаев). Бул ыр саптарында «булаксыз тоо, тоосуз булак болбойт» деген терең маани көркөм туюндурулду. Мында *тоонун ынагы // атылып тоодон секирген булагы* –бирисиз бирин элестетүүгө мүмкүн болбогон көрүнүш. Кыргыздардын дүйнө таанымында – булак тоодон бөлүнбөгөн түшүнүк. Булак тоонун сулуулугунун символу экендиги ырда образдуу, көркөм сүрөттөлдү.

*Тоо – баш кийимди мазмундаштыруунун тилдик символу.* Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө тоо образ катары кыргыз калпагын символдоштурат. Ыр түрүндөгү параллелизмге негизделген, эки бөлүктүү композициядан турган төмөнкү ыр текстинин биринчи бөлүгүндөгү түз маанини билдирген маалыматка экинчи бөлүгүндөгү маалымат метафора же салыштыруу катары кылдат айкаштырылган [207, 146-148-б.]. Мисалы, *Бийик-бийик тоолордун // Чокусунда кары бар. Тоолор окшоп бир дөңдө // Отурушат карылар* (С.Эралиев). Бул ыр саптарынын биринчи бөлүгүндө *чокусунда кары бар бийик тоолор* тууралуу маалымат берилген. Ал эми экинчи бөлүгүндө *тоолорго окшогон карылар* «тоо» концептине метафоралаштырылды. Экинчи бөлүктө аталган реалий-карылар троптун бир түр-

рү салыштыруунун булагы болуп берди. Бул жагдайда ак карлуу тоонун образы аркылуу ак калпакчан карылар көз алдыбызга тартылат. *Тоонун чокусу – ак кар, карынын баш кийими – ак калпак.* Бул ыр түрүндөгү текстинде *«тоолорго окшоп»* деген чакчыл түрмөк салыштыруунун ички байланышын уюштурду. Башкача айтканда, мындай имплициттик маанилик байланыш аркылуу кыргыздын дүйнө таанымындагы ак калпактын образы кыргыз эркектерине, карыларына тиешелүү менталдык белги катары көз алдыга элестелди. Демек, ырда жөнөкөй чоку эмес, ак карлуу чоку ак калпакка символ болгондугу концептуалдык-подтексттик маалымат аркылуу туюндурулган.

Тоо баш кийимди туюндурган тилдик символ катары колдонулган А.Осмоновдун ыр саптары да бар. Мисалы, *Мөңгү кетпей чокулары жалтырап // Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап* (А.Осмонов) деген ыр саптарынан да дал жогоркудай эле салыштырууну, символдук образды байкоого болот. Кыргыз кыз-келиндери кийген баш кийим – шөкүлө. Ал шоңшойгон (конус) түрүндө тигилери баарына маалым. Бул ырда шөкүлөнүн сырткы көрүнүшү ак муздуу, ак мөңгүлүү тоонун конус түрүндөгү образына салыштырылды. Шөкүлө алгач ак кийизден тигилген. Үстү саймаланып, шуру басылып, чокусуна, капталдарына үкү же тумарчалар тагылган. Ырда тоонун бооруна чейин каптаган ак мөңгүлөрдүн муз болуп тоңгон, күндүн нуруна чагылышып жалтыраган образы шурулары жалтыраган шөкүлөгө символ болгондугу айкын байкалат, көз алдыга элестейт. Ошентип, мөңгү, муз каптап турган улуу тоолорду мекендеп жашаган кыргыздардын маданий баалуулуктарын да тоолорсуз элестетүүгө мүмкүн эмес.

*«Тоо» концептинин денотативдик жана коннотативдик катмарлары.* «Денотат», «коннотат» терминдери жөнүндө сөз кылганда алгач *белги, лексикалык түшүнүк, сөз* деген түшүнүктөргө кайрылабыз. Бул боюнча орус окумуштуусу Н. Т. Комлев өзүнүн эмгегинде сөздүн *белги, лексикалык түшүнүк, денотат, коннотат* деген маанилик компонеттерине ар тараптуу изилдөө жүргүзөт. Аталган кубулуштардын бири-бири менен болгон байланышын жана айырмачылыктарын аныктап көрсөтөт [134]. Аталган эмгектеги илимий изилдөөлөрдөн кийин, төмөндөгүдөй жыйынтыктарды белгилөөгө болот: *түшүнүк* – логикалык кубулуш, ал эми *лексикалык түшүнүк* сөз-белгинин ассоциациялык байланышы актуалдашканда жаралган лингвопсихикалык мүнөздө ойлонулган маани; *лексикалык түшүнүк* тил илиминен сырткары себеп-касиеттик маанилерге ээ

эмес, лингвопсихикалык мүнөздө ченелүү өлчөмдө гана ойлонулган сөз-белгиге байланыштуу маани катары каралат; *сөздүн мааниси* лексикалык түшүнүккө караганда кененирээк; *сөздүн мааниси* семантикалык компоненттин бирдиги катары белгилүү бир жамааттын мүчөлөрү үчүн салыштырмалуу объективдүү, салыштырмалуу ар дайым колдонулуучу, салыштырмалуу бирдей мүнөзгө ээ компоненти катары белгиленет. Демек, сөздүн лексикалык мааниси деп салттуу грамматикалык изилдөөлөрдө белгиленгендей, нерсе-буюм менен байланышкан белгилүү бир тилдин грамматикалык мыйзамдары боюнча түзүлгөн маанисин эсептейбиз. Ал эми денотат сөздүн лексикалык маанисине караганда көбүнчө логикалык түшүнүк менен байланышат. Бирок ал алгачкы түшүнүк катары белгилерге, сөздөргө дал келет. Н.Т.Комлев белгилегендей, «денотат – это звено реальной или созданной фантазией действительности, которая может быть выражена словами. Денотат – это результат чувственного восприятия объективной действительности. Денотат – это любое индивидуальное представление о реальном или воображаемом объекте, которое имеет или может иметь какое-то языковое соответствие в виде слова-понятия» [134, 83-84]. Ал эми С.М. Амиралиев өзүнүн эмгегинде «денотат сөздүн түз маанисин билдирүү менен бирге анын семантика-стилистикалык, эмоционалдык-экспрессивдик белгилерин жана боёктуулугун билгизбейт. Денотат бардык эле номинативдик (атоо) функцияны аткаруучу сөздөрдө кезигет», - деп белгилейт [23, 66-б.]. Биздин көз карашыбызда денотат – адамдын аң-сезимине кабылданган жана ой-бүтүмгө ээ болгон чындык жөнүндөгү алгачкы түшүнүк же белги. Мисалы, биздин көз алдыбызга, ой-туюмубузга кабылданган тоонун алгачкы образы, элестери, тоонун бүтүндүгү, бөлүктөрү, аларды түшүнүүдө жана түшүндүрүүдө колдонулган атоолор «тоо» концептине байланыштуу денотаттар болуп эсептелет. Кыргыз тилинде *тоо* – жер үстүндөгү маанилүү объектини, түздүктөн айырмаланып бийиктикке ээ болгон бүктөмдү түшүндүргөн денотат-сөз. Бул белгиси тилдеги сөздүктөр аркылуу берилет. Ошондой эле тоо андан сырткары белги касиеттерге ээ географиялык кеңири түшүнүк. Бул энциклопедиялык сөздүктөр аркылуу түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда ал – дүйнө таанымда, ойломдо, дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө кеңири орун алган, образдуу, эмоционалдуу, терең маани-мазмунга, коннотацияга ээ концепт.

Концепттин денотативдик бөлүгү заттын аныктамасын, анын катышын же бөтөнчөлүгүн, колдонуу максаттарын, сапатын жана курамын

билдирүү менен дефиниция түрүндө жашайт. «Тоо» концептинин ядролук бөлүгүнөн орун алган денотативдик маанилерге ээ атоолор, алардын синонимдери дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө төмөндөгүдөй түшүндүрүлөт: тоонун эң бийик жери *чоку* деп аталат. Ал дагы *туу жон, кыраңча, зоңгок* деген синонимдик аталыштарга ээ. Бул синонимдик аталыштар тоонун бийиктик деңгээлине жараша когнитивдик белгилерди туюндурат. Бийик-бийик тоолордун эң бийик жерин *чоку* же тоо кырларынын эң бийик жери *туу жон* же *туу чоку, кыл чоку* деп аталат. Ал эми анча бийик эмес жапыз тоо кырларынын бийик жерин *кыраңча* деп аташат. Жалпы эле тоо кыркалары, жондору *сырт* деген сөз менен да аталып, бул сөздүн мааниси күнүрттөнүп кеткен. Л.З.Будагов тарабынан бул сөз *арка (спина)*, *тоо кыркасы (хребет)* маанилеринде которулган. Н.Г.Мелинский Орто Азияда *сырт* дегендин ордуна көбүнчө *бел, кыр, адыр* деген терминде колдонуларын көрсөткөн. Огуздар кичине дөбө өрөөндөрдү да *сырт* дей тургандыгы Махмуд Кашкари тарабынан да белгиленип кеткен. Ошентип, сырт негизинен *хребет, спина* маанисиндеги жалпы түрк сөзү экендиги бардык окумуштуулар, изилдөөчүлөр тарабынан ырасталган [104, 36-б.]. Демек, сөздүн мааниси түшүндүрмө сөздүктөрдө нерсенин, кубулуштун, анын бөлүктөрүнүн, объектинин мааниси катары берилет. Мындай жагдай чындык жөнүндөгү жалпы, менталдык элестөөлөрдү толук бере албайт. Ошондуктан В.А.Звегинцевдин көз карашына ылайык, сөздү изилдөөдө ойломду жана башка механизмдерди тил аркылуу ишке ашырууда адамдын тилге болгон мамилеси, тажрыйбасы, талабы, көз карашы басымдуу түрдө каралышы керек. Окумуштуунун пикиринде сөз же сүйлөм тил илиминин өзүнө гана тиешелүү кубулуш, тилдик, маанилик, белгилик структура же алардын тилдеги кадыресе маанилери эмес, ойлорду алмашуунун каражаты же туура сүйлөө, таанып билүү үчүн колдонуучу курал катары колдонуп пикир алмашышыбыз керек [97]. Демек, сөздүн мааниси – объективдүү, ал коом тарабынан бекемделген түз маани. Ал эми сөздүн маңызы денотатта камтылган сөздү колдонуу процессинде жаралган субъективдүү кубулуш. Ушундан улам, сөз жаңы ойлонууларды, жаңы маанилерди кабыл алат. Маңыз бул кептеги субъектинин ой жүгүртүү ишмердигинен улам жаралат. Демек сөздүн мааниси дайыма смысл (маңыз) менен байланышта болот. Ошондой эле маани менен маңыздын (С.Өмүралиева), (смысл кыргыз тилчи окумуштуулары тарабынан ар түрдүүчө аталат), түпкү маанинин (А.Абдыкеримова), сөздүн төркүнүнүн (Т.Маразыков) айырмасы бар.

Сөздүн лексикалык мааниси контекстте маңызды жаратуучу сигнал, символ катары кызмат аткарат. Маңыз ар дайым өзгөрүлүп туруучу кубулуш. Ал кепте, сөздүн мааниси актуалдашканда гана ачыкка чыгат. Мисалы, *тоо, чоку* түшүнүктөрү символ катары – бир нерсенин, окуянын, кыймылдын ж.б. жеткен чегин билдирген кошумча маанини туюндурат жана тилдик метафорага айланат. *Чоку* сөзү – максатка жетүүнүн чеги, алдыга умтулууну билдирген тилдик метафора: *Ашар замат жаңы гана чокуну, андан бийик максаттарга камданам. Кыл чокуга суктанамын сен жеткен, Кыргыз демек күчкө толгон эр жеткен* (Кожомбердиев). Аталган мисалдарда *чоку, кыл чоку – максатка жетүү* сөз айкашынын маанисине символдоштурулду. Аталган тоонун чокусу, бийиктик тилдик элестөөнүн негизинде максатка жетүү деген сөз айкашын мазмундаштырды. Демек, *чоку – бул ийгиликтин жеткен чеги* маанисин туюндурган тилдик символ. Мында алдыга умтулууну, ийгиликке жетишүүнү кыйытып туюндурду. Демек тоо жана анын бөлүктөрүнүн адам ойломундагы образы ар түрдүү билимдерди баалоону туюндурган тилдик метафоралардын объектиси болуп эсептелет. Демек, сөздүн маңызы бир эле учурда эксплицитүү жана имплицитүү болуп берилет.

Окумуштуулардын көпчүлүгү маңызды «коннотация» түшүнүгү менен байланыштырышат. Биздин пикирибизче, коннотация – нерселик түшүнүктү же денотативдик маанини толуктап туруучу эмоционалдык-баалоочу, образдуу кошумча маани катары каралат. Бул боюнча окумуштуу Т.С.Маразыков өз пикиринде «сөздүн коннотациялык мааниси – сөздүн өзүнүн түз, лексикалык маанисинен сырткары бир нече кошумча маанилерди туюндурушу. Көркөм текстте сөздөрдүн контексттик, коннотациялык маанилери көркөм эстетикалык кызмат аткарып, көркөм маалыматты ар тараптуу, элестүү, образдуу туюндурууга көмөкчү болушат. Сөздөрдүн коннотациялык маанилери адамдын акылына гана эмес, сезимине да таасир этип, чыгарманын көркөмдүүлүгүн, таасирдүүлүгүн арттырат», - деп билдирет [200, 91-б.]. Окумуштуу В. Н. Телиянын пикирине ылайык, тилдик бирдиктин маңыздык, мазмундук компоненти – коннотация. Ал экинчи функцияны аткаруу менен кепте тилдик бирдиктердин объективдүү маанисин колдонуу аркылуу концептти ассоциациялык-образдык элестөөлөр менен, экспрессивдүү, боёктуу маани менен толуктап турган мыйзамдуу кубулуш. Коннотация - бул баалоонун бир ыкмасы. Көрүнүп тургандай, В.Н.Телия «коннотация» жана «маңыз» («смысл») түшүнүктөрүн жакындаштырат. Коннотация сөздүн маанилик

структурасына кепте ишке ашыруучу макрокомпонент катары кирет [279, 15-б.]. Ошентип бирдей көз караштагы, окшош пикирлерден кийин, коннотация – сөздүн маңызы, терең маанисы, кошумча маанисы, экспрессивдүү, элестүү, образдуу, боёктуу маанисы деген жалпылоочу, жыйынтыктоочу аныктамага токтолобуз. Биздин көз карашыбызда концепттеги коннотативдик маани белгилүү бир элдин дүйнө таануу, дүйнө көрүү, дүйнөнү кабылдоо өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу болот. Концепт жөнүндөгү жалпы менталдык билимдерди иштеп чыгууга көмөк көрсөтөт.

«Тоо» концепти коннотациялык маанилеринде улуттук аң-сезимдин чегинде калыптанган өзгөчө образдуу белгилерди чагылдырат. Концепттин дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтүндөгү когнитивдик образын баалоодо реципиенттердин (кыргыздардын) ой-сүрөтүндө калыптанган тоо тууралуу маалыматтар [82, 161-б.] ар кандай түрдө мазмундаштырылат. Тоо дегенде кыргыздын дүйнө таанымында, ой-сүрөтүндө алгач кандай образдар тартылат деген маселеге токтолобуз. Биздин оюбузча, тоонун когнитивдик образы көптөгөн реципиенттердин ой туюмунда ар кандай коннотациялык маанилерде туюндурулат: *мекен, туулган жер, кооздук, көркөмдүүлүк* ж.б. Мисалы, кыргыз реципиентинин ой-сүрөтүндө тоо – бул *аскалар, бийик-бийик зоолор, ак мөңгүлүү Ала-Тоо, ак кар баскан, булуттарды, көк асманды тиреген чокулар, ак мөңгүлөр, жайкалган жашыл чөптүү, арча жыттуу жайлоо, кырка-кырка тоолор, бозоргон адырлар, боз адыр, булактар, суулар, муз, таш, айбанаттар, арча-карагайлар, бадалдар, чычырканактар* деген түз маанидеги лексема, синтаксемалар аркылуу туюндурулат. Ал эми буларды жалпылаштырып турган терең коннотациялык маани – бул жаратылыштын кооздугу, көркөмдүүлүгү.

Айрым реципиенттердин тоо тууралуу аң-сезиминдеги образдары патриоттук мүнөзгө ээ. Көпчүлүктөрүнүн ой туюмунда тоо дегенде “тоо – мекен – Кыргызстан”, “тоо – сүйүктүү мекеним” деген түшүнүктөрдү жаратып, тоо сөзү коннотативдик маанини жаратуучу символ катары өлкө, мамлекет түшүнүктөрүн символдоштуруп турат. Мисалы, *Тоо – бул Кыргыз Республикасы. Оюма Кыргызстан келет. Кыргызстаныбыздын зор тиреги, зор байлыгы. Душмандардан коргоочу чеби, Кыргызстанды Ала-Тоосуз элестетүүгө болбойт* ж.б. Мында «тоо» концептине байланыштуу образдуу, менталдык жана көркөм ой-туюм сүрөттөлдү.

Тоо дегенде айрым реципиенттин ой сүрөтүндө *тоо* сөзү туулуп, өскөн жерди символдоштурат. Айылы, балалык чагын элестетет: Мисалы: *Жапжашыл, жайкалган төрүмдү, жайлоону сагындым. Кыргыз тоолорун, Ала-Тоомду көргүм келет. Тоодо төрөлгөндүгүм менин эсимден кетпейт* (оозеки кеп).

«Тоо» концептине байланыштуу айрым реципиенттердин ой туюмунда кыргыз элинин социалдык-тарыхый сүрөтү элестелет. Мисалы, *тоолук кыргыздар, көчмөн кыргыздар, тоо этектеп жашашкан кыргыздар, тоо койнунда жашашкан кыргыздар ж.б.*

Ошондой эле «тоо» түшүнүгү реципиенттердин ой туюмунда эмоционалдык-экспрессивдик кабылдоолорду да жарата алат. Мисалы, *тоо* концептинин кошумча белгилери коннотациялык маанилерди жаратат. Мисалы, *кебелбестиги, түбөлүктүүлүгү, туруктуулугу, бейпилдиги, сүрдүүлүгү, күчтүүлүгү, жаңырыгы, жандуулугу, шаңдуулугу, жымжырттыгы, бийиктиги, коргоочу касиети, тиректиги, таяныч катары орду* сыяктуу ж.б. маанилерин көпчүлүк кыргыздар эмоционалдуу кабыл алат. Бул белгилери менен кыргыз баласына тоолор көркөм ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн жаратуучу күчкө ээ.

Кыргыз улуттук тилдик дүйнө таанымында тоо мекен сөзү менен көркөм ассоциацияланып, «тоо – мекен» – когнитемасы түзүлөт да, *тоо* сөзүнө кошумча маани чөгөрүлүп, метафораны пайда кылат. Мисалы, *Тоо балдары тоодой чымыр делишет, Ат сыяктуу ташты минип желишет. Абдан бийик мекендери, андыктан Ай, Күн менен ойногусу келишет Тоо башына көз жиберсем түнүндө, Кыргыз каны ырдай түшөт жүлүндө* (Т.Кожомбердиев). Бул ырдын акыркы эки сабындагы метафора реалийдин түз маанисине айкашып, коннотацияланып, маанилик да жана көркөмдүк да таасири күчөтүлгөн. Метафора реалийдин түз маанисине айкашып, маанилик жана көркөмдүк эффект берген.

«Тоо» концептине байланыштуу коннотациялык маани төмөндөгү ыр түрүндөгү көркөм текстте да туюнтурулат: *Кыргыз деген эл жашайт, кыргыз деген, күндүзү күндү эмген, түндөсү жылдыз эмген тоолордун толтосунда! Кыргыз деген эл жашайт, кыргыз деген, киндиги калган бүтүп, тоо менен жылдыз менен!* (Т.Муканов). Т.Мукановдун бул ырында «күндү эмген», «жылдыз эмген» деген оригиналдуу салыштыруу бар. Ал нукура кыргыз тилдик дүйнө сүрөтүн элестете алат. Салыштыруудагы «эмүү» сөзү кыргыздык дүйнө таанымда коннотациялык мааниге ээ. Ошондуктан «эмген» деген лексеманын коннотациялык маанисинде

элдин тоодой болуп күнгө, жылдыздарга кучак жайып жашаган көркөм образы негизги ой-сүрөт катары элес калтырат. «Күндү эмген», «жылдыз эмген» деген туюнтмада акындын өз элинин тоодой бийиктигине, анын таза, аруу жан дүйнөсүнө суктануусу, сыймыктануусу, чексиз кубанычы коннотациялык маани катары кошо туюндурулган. Ушуга байланыштуу «эмген» деген лексема ыр текстинде эмоционалдуу, экспрессивдүү көркөм туюндурулган, кыргыздардын «тоо» концептине байланыштуу тилдик дүйнө сүрөтүнүн бир кырын, бир өңүтүн көркөм чагылдырган коннотативдик мааниге ээ фреймдик компонент болуп саналат.

*Кыргыз үчүн тоо – бул түбөлүктүүлүк маанисин мазмундаштырган тилдик символ:* Тоолор – адам аң-сезимине баш ийбеген зор күч, табияттын бир бөлүгү. Аны адам баласы жеңген эмес жана жеңе албайт. Бул тууралуу акын С.Эралиевдин ыр саптары бар. Мисалы: *Жүз жылдар мындан кийин да, // Бул тоолор минтип турушат. // Анда да бизче адамдар // Карыбас үчүн тырышат // ...Биз жокпуз анда бир гана* (С.Эралиев). Кыргыздын өмүрү тоо менен тыгыз байланыштуу. Тоо – бул түбөлүктүүлүктүн тилдик символу. Ал эми адам өмүрү утурумдуу. Мында лингвокогнитивдик өңүттөн караганда, «тоо» концепти «адам» концепти менен бир эле учурда байланышта, ошол эле учурда ал «адам» концепти менен оппозициялык катышты (антонимдик катышты) түзүп, түбөлүктүүлүктүн символу катары кызмат аткарганын байкайбыз. Тоо адам, өмүр-өлүм сыяктуу ой туюм, ой сүрөт да болуп саналат. С.Эралиевдин жогорку ырында «бизден мурунку адамдар да, азыр биз да, бизден кийинки адамдар да ушул тоолор менен бирге, ушул тоолордун койнунда өмүр сүрүшөт, тоо түбөлүктүү деген подтексттик маани кыйытылып туюндурулган. Демек, кыргыздык дүйнө таанымда тоо түшүнүгү жөнөкөй гана сөз маанисин камтыбайт. Тоо кыргыз элинин кылымдардан берки жашоосун, тарыхый эс-тутумун, социалдык маалыматтарын, согуш жана тынчтык, аны менен байланышкан каада-салт, үрп-адат сыяктуу ж.б. бүтүндөй турмушун чагылдырып турат.

Ийгиликтердин символу болуп эсептелген тоо тууралуу К.Сариева мындай деп белгилейт: «Тоо менен эриш-аркак жашаган элдердин дүйнө таанымында тоо – аруулук, бейпилчилик, тынчтык, туруктуулук, түбөлүктүүлүккө умтулуу прототиптик образы катары сакталган. Демек, дүйнөнү бөлүктөргө ажырымдабай, синкреттүү көргөн дүйнө таанымда тоо дүйнө түзүмдүн түп негизинде жаткан субстанция (жер, суу, аба, от сти-

хияларды), бир бүтүнгө бириктирген символикалуу архетип болуп эсептелет» [257, 48-б.].

Жыйынтыктап айтканда, «тоо» түшүнүгү – жаратылыштын тутумундагы маанилүү объектини түшүндүргөн сөз, же жердин көтөрүңкү бүктөмүн түшүндүргөн географиялык термин гана болуп эсептелбейт. Тоо – кыргыздардын дүйнө таанымында, ойломунда байыртадан бери кеңири орун алган, салт-санаасында, тилдик мурастарында кылымдардан бери сакаталып келе жаткан өзгөчө маани-мазмунга ээ концепт.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *тоо* лексемасы улуттук өзгөчөлүктөргө бай бүтүндөй жашоо түшүнүктөрүн жаратуучу билимдердин жана таанымдардын топтомунан турат. Мындай болушунун объективдүү себеби, кыргыз жери – тоолуу жер. Кыргыз мамлекети – тоолуу өлкө. Кыргыз өлкөсү кырка тоолор менен курчалган. Кыргыз улуту – тоо койнунда төрөлгөн. Кыргыз элин «тоолуктар» деп аташат. Ошондуктан кыргыздарда тоого карата өзгөчө мамилеси дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтү аркылуу ар тараптуу туюндурулат.

## 2.3. «Жер» концепти

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *жер* сөзү – концепт катары талдоого алына турган, кыргыз этномаданиятынын «уюткусун» түзгөн негизги сөздөрдүн бири. Сөз маанилик жактан улам кеңейип, көлөмдүү боло берет. Жеке пикирлер, улуттук образ, символ жана жалпы адамзаттык түшүнүктөр сөздүн мазмундук формаларын түзөт. Өзгөчө сөздөрдүн өтмө маанилери символдук мазмундар менен толукталып жүрүп отурат. Маселен, *турмуштун ысыгына күйүп, суугуна тоңуп* деген туруктуу тилдик туюнтмада же метафорада *турмуштун ысыгы, суугу* – өзгөчө кыргыз тилине мүнөздүү маданий тилдик символ катары *турмуштагы кыйынчылыктар, татаалдыктар, ийгиликтер* деген өтмө маанини туюндурат. Фразеологизмдин экинчи бөлүгүндөгү *күйүп, тоңуп* деген этиштер *чыдамкай, көтөрүмдүү, сабырдуу болуп* деген коннотативдик маанилерди билдирет. Ошентип, бул фразеологизмдин түпкү маанисинде *турмуштагы оор, кыйынчылыктарды, татаалдыктарды, ийгиликтерди көтөрө билүү, сабырдуу, чыдамкай болуу зарыл* деген каймана маалымат туюндурулду. Демек, лексемалардын номинативдик маанисине караганда коннотативдик маанисин изилдөө өзгөчө натыйжалуу экендигин аныктаган белгилүү окумуштуу Ф.де Соссюр

өзүнүн көз карашында мааниден маанилүүлүк бийик турарын белгилеген. Маселен, «биз мурдатан берилген түшүнүктөрдүн ордуна тилдик системанын өзүнөн агылып чыккан маанилүүлүктү табышыбыз керек», - дейт ал [266, 117-б.]. Натыйжада, мазмундук маалыматтарга бай, менталдык өзгөчө белгилери менен башка маданияттын тилдик өзгөчөлүктөрүнөн айырмаланып турган негизги сөздөрдү белгилүү бир маданияттын уюткусун түзгөн концепттер деп айтууга болот. Андай концепттердин катарын «жер» концепти толуктап турат. Жер – мазмундук мааниге бай, улуттук жалпы билимдерди да өз ичине камтып турган маданий концепттердин негизгилеринин бири.

Дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө тил тарыхый жактан узак мезгилдерди камтыган маалыматтарды топтоп, сактап, улам кийинки муундарга жеткирүүчү бай казына болуп эсептелет. Ар бир тил – белгилүү бир маданияттын материалдык жана руханий баалуулуктарын туюндурган маалыматтарды ошол элге жеткирүүдө чоң жүктү алып жүрөт. Андыктан кыргыз тилиндеги каражаттар аркылуу кыргыздардын жашоосунда жер кандай кызмат аткарып келген? Кыргыздардын концептуалдуу дүйнө сүрөтүндө жер кандай мааниге ээ? Жер түшүнүгүнүн маанимаңызын иштеп чыгууда кыргыз тилинде кандай тилдик каражаттар колдонулган? Жер тууралуу улуттук тилдик дүйнө сүрөтүндө бүгүнкү күнгө чейин кандай маалыматтар сакталып келген? Кыргыздардын дүйнө таанымында жер улуттук тилдик дүйнө сүрөтүнүн чегиндеги өзгөчө белгилери менен жалпы тилдик дүйнө сүрөтүнө кандай өзгөчө түс, боёк берет? – деген ж.б. сыяктуу суроолор келип чыгат. Натыйжада, саналып кеткен суроолорго жооп берүүдө кыргыздардын улуттук дүйнө таанымында жана дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө “жер” концепти жөнүндөгү улуттук өзгөчөлүктү туюндурган бардык билимдерди иликтөөгө туура келет.

«Жер» концептин изилдөөдө баарынан мурда «маданий тексттерге» (макал-ылакаптарга, учкул сөздөргө, туруктуу сөз айкаштарына, илимий негизде талдоого иллюстративдик материал болуучу маданияттын белгилүү чыгармаларына) таянуу абзел. Кыргыз маданиятын чагылдырган «жер» концептин семантика-функционалдык жактан талдоодо В.И.Карасиктин пикирине ылайык, аны түшүнүктүк, образдык жана баалуулук компоненттерине карата анализдөөгө болот [121, 5-б]. Концептти түзүп турган түшүнүктү, образдуулукту жана баалуулуктарды аныктоодо табигый илимдердин изилдөөлөрүндө бекемделген, та-

рыхый мүнөзгө ээ байыркы жана учурдагы философиялык системалардагы маалыматтарга, ошондой эле маданий символикаларга таянууга туура келет. Образдуу таанып билүү өзүнүн жыйынтыгында образга, тикеден-тике сезимдик элестөөлөргө (наглядное представление) ээ. Мындай образ прототип деп аталат [81, 144-б.]. Концепттин образдык элементтерине тилде бекемделген, калыптанган илимге чейинки баардык «баёо» билимдер, аталган концептти түшүндүргөн сөздөрдүн ички формалары кирет. Бул түшүнүктөр илимге чейинки баёо көз караштарда, дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүндө каралат.

Реалисттик көз караштарга ылайык, аң-сезимдин жогорку баскычында байыркы жана орто кылымдардагы мифологиялык, диний көз караштагы маалыматтар коомдук өнүгүштүн фундаменталдык башаты катары кабыл алынганы менен, көбүнүн актуалдуулугу чектелип, материалдык булактар, тарыхый маалыматтар катары колдонулат. Натыйжада, концепттер бардык билимдерди жана таанымдарды, алардын ичинен тарыхый жактан калыптанган маалыматтардын баарын өз кучагына алган тилдик дүйнө таанымдын изилдөө объектиси болгондуктан, ал көз караштарды эсепке албай туруп изилдөөгө мүмкүн эмес. Анткени бүгүнкү күндө да ар кандай ырым-жырым, ишенимдер, легендалар, диний ишенимдер, жомоктор жана мифтердеги тилдик маалыматтар күнүмдүк турмушубузга таасир этери маалым.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «жер» концепти тууралуу мифологиялык, диний жана философиялык түшүнүктөрдү, элестөөлөрдү чагылдырып турган тилдик маалыматтарга токтолгонубузда, алгач дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүнө кайрылууга мажбур болобуз. Мындай шартта «жер» концептине байланыштуу дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүндөгү мифологемаларга, мифологиялык архетиптерге токтолобуз. Азыркы көз караштагы кандай гана адамдан өз элинин маданиятын, объективдүү дүйнө жөнүндө түшүнүктөрүн, элестөөлөрүн сураганда буга чейин улуттук аң-сезимде, дүйнө таанымда сакталган мифологиялык дүйнө таанымдагы элдик билимдерге кайрылбай койбойт. Ал архетиптер тууралуу маалыматтарды туюндурууга аракет кылат. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө “архетип” термини мифологиялык түшүнүктөрдүн, көркөм маалыматтардын, элестөөлөрдүн негизин маалыматташтырууда колдонулат. «Архетип» – мифологиялык түшүнүктөрдү туюндурган, тилдик бирдиктерди талдоону ишке ашырган термин. Аталган термин швейцариялык психолог-окумуштуу К.Г.Юнг тарабы-

нан колдонулган. Анын көз карашы боюнча, архетип адам аңсезиминде архетиптештирилген образдар катары жашайт. Бул термин жашоо, дүйнө тууралуу алынган билимдердин деңгээлине көз карандысыз эң алгачкы түшүнүктөр, образдар деген маанини билдирет. Жашоо тажрыйбасы аны өзгөртө албайт, жөн гана жаңы мазмундар менен толуктап жүрүп отурат. Кандай гана маданият болбосун, ал материалдык дүйнөнү жамаатык өздөштүрүүнүн негизинде жаралат, өнүгөт, калыптанат. Ошондуктан бардык эле адамзаттык маданиятта ошол эле өмүр жана өлүм, жер жана көк, иреттүүлүк жана башаламандык түшүнүктөрүн билдирген символдор кездешет. [318, 112-б.]. Архетип (грек. баштапкы образ) (проформа, прототип) - салыштырма-тарыхый тил илиминдеги кийинки түзүлүштөр үчүн баштапкы болуп саналган тилдик форма. Архетип тектеш тилдердеги мыйзам ченемдүү шайкештиктердин негизинде реконструкцияланат. Архетипти белгилөө үчүн атайын символ кабыл алынган. Маселен, Э.В. Севортяндын этимологиялык сөздүктөрүндөгү реконструкциялар архетипке толук мисал болот [158, 256-б.].

«Жер» концепти тууралуу архетиптерге кайрылганыбызда кыргыз элинин тилдик элестөөлөрү боюнча мейкиндик категориясы «жогорку дүйнө», «ортоңку дүйнө», «төмөнкү дүйнө» деп үч катмарга бөлүнүп, эмпирикалык мейкиндик жана убакыт түшүнүктөрүн туюнтууга карата аталгандыгына ынанабыз. Мында мейкиндиктин борбору болуп жер («ортоңку дүйнө») эсептелет. Ал эми мейкиндиктин тамыры («төмөнкү дүйнө») жана келечеги («жогорку дүйнө») деп символдоштурулат. Бул көз карашка ылайык, адамдын жашоо тиричилиги мейкиндиктин борбору болуп саналган жерде, «ортоңку дүйнөдө» өтөт. Аалам дарагына байланыштуу тил аркылуу берилген мындай сүрөт байыркы кыргыздардын дүйнөгө болгон мамилесин, дүйнө түшүнүгүн, дүйнө кабылдоосун билгизет. Белгилүү болгондой, ар бир дин географиялык чөйрө, башка элдер менен кошуна жашоо, социалдык жана техникалык өнүгүү деңгээли сыяктуу сырткы факторлор менен катар улуттук маданиятка жана тилге белгилүү бир деңгээлде таасирин тийгизип турары анык.

Кыргыздардын алгачкы коомдук дүйнө таанымына ылайык, мифологиялык дүйнө сүрөтүндө «жер» концептине байланыштуу *Көк Өгүз* архетиптик мифологемасы кездешет. Бул – көчмөн элдин байыркы жашоо тажрыйбаларынан жаралган образдуу түшүнүктүн негизинде мазмундук маалыматка ээ болгон тилдик атоо. Аталган лексема жер тити-

рөөнүн себептерин аңдап билүүдө менталдык элестөөлөрдөн улам кыргыздардын баёо көз караштарында жети катар катуу жерди өзүнүн алтын мүйүзү менен *Көк өгүз (Көк бука деп да аталган)* көтөрүп турат деген примитивдик түшүнүктөрүн туюндурат. Качан өгүздүн бир мүйүзү талыганда жерди экинчи мүйүзүнө которот. Ошол учурда жер титирейт. Жер титирөөнүн күчү өгүздүн күчүнө байланыштуу, эгерде өгүз өтө катуу күч менен которсо, анда жер титирөө да катуу болот деп түшүнүшкөн. Деңиздердин ташкындаганы, сел каптоо, бууланууу, туман ж.б. жерди көтөрүп турган өгүзгө байланыштуу деген баёо сезимдерге ылайык мифологиялык билимдер легенда катары калыптанган [42, 87-б.]. *Көк асман турат мелтиреп, Көк бука турат жер тиреп // Сактай көр кудай, сактай көр, Сайгактап кетсе өлтүрөт* деген мифтик көз караштагы элдик көркөм текст ушул түшүнүккө байланыштуу жаралган. Демек, мифологиялык тилдик маалыматтарда «жер» түшүнүгүнө байланыштуу *Көк өгүз* прототиптик архетиби күчтүн, кудуреттүүлүктүн, тирүүлүктүн, жашоонун символу катары кызмат аткарат. Байыркы убакта эле кыргыздар жер титирөө, же жердеги ар кандай кырсыктар (сел, ташкын ж.б.) боло тургандыгын жаныбарлардын кыймылынан улам алдын ала сезе билишкен. Бул түшүнүктөр тилдик маалыматтар аркылуу туюндурулат. Маселен, «Эр Төштүк» эпосундагы архетиптештирилген образдар бар. Алар – *Жез кемпир, адамча сүйлөгөн Чалкуйрук тулпар*. *Жез кемпир* – адамдардын күчсүздүгүнөн, коркуу сезиминен жаралган образ. Ал – терс маанige ээ архетип. Чалкуйрук – адамга өтө жакын, аны колдоочу жаныбар. Ошондуктан ар кандай кырсыктардан, терс күчтөрдөн сактоонун, жардам көрсөтүүнүн символу. Ал оң маанige ээ болгон архетип. Эпосто жер титирөөгө байланыштуу Чалкуйрук адамча сүйлөп, ээсине мындайча кайрылат: *Мен билгенди билдиңби Төштүк, Мен туйганды туйдуңбу Төштүк. Мен укканды уктуңбу Төштүк, Мен көргөндү көрдүңбү Төштүк* [301]. Аталган көркөм маалыматтын подтекстинде жер титирөөнүн белгисин билдирүү, андан сактануу маалыматы туюндурулган.

Кыргыздардын жер титирөө тууралуу илимге чейинки баёо (карапайым) билимдери акырындык менен өз маанисин өзгөртүп тилдик символдук түшүнүктөргө өткөн. Маселен, коомдук өнүгүүнүн кийинки этаптарында жер титирөө себебинен улам келип чыккан *«Кимди ким көрдү? Айтор, Быржыбайды там басты»* образы ылакап болуп, тилдик туруктуу фраза катары кеңири тараган. Тилдик маалыматтардын

семантикалык жактан баюу, өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык, кийинки убактарда белгилүү кырдаал-шарттарга карата адамдар топтолгон жердеги *баш-аламандык, кымкуутгук, ар кимдин өз каалаганын кылган учурун* баяндоодо туруктуу туюнтма, даяр материал, символ катары колдонулуп калган.

Кыргыздар үчүн илимге чейинки баёо көз караштарда жер планета же космикалык тело түшүнүктөрүнүн баарынан мурда адамдар жайгашкан, жашаган «жарык дүйнө» түшүнүгүндөгү үй катары элестетилген. Адамдар жашоону ушул үйдө (жарык дүйнөдө) өткөрүүлөрү керек деген түшүнүк болгон. Ушундан улам дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү атоолордо *төрөлүү жарык дүйнөгө келүү* түшүнүгү менен ассоциацияланып синоним катары колдонулат. Кыргыздардын дүйнө таанымы боюнча, «жер» түшүнүгү айланасын суулар курчаган, тегерек формасындагы кургактык катары элестетилген. Жер – ааламдын борбору. Ал эми Күн, Ай жерди айланып жүрөт деп эсептешкен. Боз үйдүн формасы да алгачкы элестөөлөрдүн, салыштыруулардын негизинде жасалгандыгын белгилөөгө болот. Мындай сезимдик, таанымдык элестөөлөр илимге чейинки баёо көз караштарды туюндурат. Бул түшүнүктөрдүн бардыгы «кудай» мифологемасы менен байланышта каралган. Бардык нерсени кудай жараткан деген түшүнүк сакталган. Ушундан улам, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *кудай берген жер, кудайым тартуулаган жер, ааламды кудай жараткан, бардыгы кудайдын буйругунан, бардыгы кудайдын колунан, кудай сактаган, кудай колдогон* деген примитивдик көз караштардан улам жаралган жана калыптанган туруктуу тилдик туюнтмалар бүгүнкү күндө да тилдик символ катары шарттуу түрдө кеңири колдонулуп келет.

Байыркы кыргыздардын «мейкиндиктин тамыры» деп аталган «төмөнкү дүйнө» тууралуу элестөөлөрү жердин астын туюндуруп, прототип катары «жети» сөзү менен тикеден тике байланыштуу каралган. *«Жер жети катардан турат»* деген түшүнүк кыргыздардын байыркы дүйнө таанымын билдирет. Аталган түшүнүк кыргыз салтында өлгөн адамдын жетилигин берип, жети нан бышырып эскерүү керек деген сыяктуу салттык түшүнүктөрдүн жаралышына негиз болгон. Бул билимдерден улам *«Жер кулагы жети кат»* деген туруктуу тилдик маалымат, макал колдонулат. *Жети катмарлуу жер* түшүнүгүнүн, прототибинин негизинде *жердин жети түбү, жер түбү* фразеологизмдери кездешет. Ал абдан алыс, өтө алыс деген маанини туюндурат. Мисалы:

*Жердин жети түбүнөн Баяке экөөбүз байманабыз ташыганынан келди дейсиздерби?* (Ш.Бейшеналиев). *Кичинекей медерим, жер түбүнө жетерим* (табышмак). *Карышкырларды жердин түбүнө түшүп кеткиче кууп жөнөгүсү келди* (Ч.Айтматов). Ушуга байланыштуу *Жети катар жер* туруктуу сөз айкашы да колдонулат. Мисалы: *Жети катар жердин түбүнөн издесем да табам* (оозеки кеп). Бул жердеги *жети катар жердин түбүнөн издөө* – тилдик туюнтмасы өтмө, образдуу-эспрессивдүү маанини жаратууда символ катары колдонулуп, *кайдан болсо да, табам, баары бир табам* деген подтексттик маалыматты билдирет.

Дүйнөлүк мифологиялык элестөөлөр, примитивдик көз караштарга ылайык кудай жараткан деген түшүнүк боюнча алгач аалам жана анын бөлүктөрү (көк, жер, жердин асты деген бөлүштүрүүлөр) жаралган деген түшүнүк түрк тилдүү элдерге, алардын ичинен кыргыздарга да тиешелүү. *Асман (көк), жердин үстү жана жердин асты* деген үч баскычтык түшүнүк – мында негизги. Жердин үстү жердин асты деген мифтик элестөөлөрдөн улам антонимдик, синонимдик маанидеги туруктуу тилдик аталыштар калыптанган. Мисалы: *жердин үстү, жердин бети, жер жүзү*, *жердин асты, жердин түбү* ж.б. Маселен, кыргыздардын жердин үстүн асман каптап турат, жердин астын Көк Өгүз көтөрүп турат деген түшүнүктөрү буга мисал боло алат. *Жердин асты* прототиптик түшүнүгүнө байланыштуу тилдик каражаттар басымдуу түрдө терс маанидеги мазмундук маалыматтарды жаратууда, өзгөчө «өлүм» концептине тиешелүү түшүнүктөргө ылайык кеңири колдонулган. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө түрк тилдери сыяктуу мындай түшүнүккө байланыштуу атоолор көп колдонулат. Маселен, *тиги дүйнө, аркы дүйнө, акырет, тозок*, *тозок оту, арбактар, көр, жети тозок, жети кат жер, жети дүйнө* ж.б. Тиги дүйнөгө баргандар (өлгөндөр) күнөөсү көп болсо, жердин жети катарынан өтүп тозокко түшөт деген образдык-прототиптик түшүнүк болгон. Тозок жердин астындагы жети катар жерде деп элестетилгендиктен, «жети тозок» деп аталат. Ошондон улам дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «тозок» деген тилдик атоо колдонулат. «Тозок» архетиптик мифологемасы терс мааниге ээ болгон мазмундук маалыматтарды туюндурат. Бул дүйнөдө адамдын жүрүм-турум эрежелерин жөнгө салууда аталган түшүнүк кеңири колдонулат. Терс, ыплас нерселерди жасоонун алдын алуу үчүн аталган түшүнүк символ аркылуу тилдик тыюуларда жаралган. Маселен, *эгерде*

*жаман иш кылсаң тиги дүйнөгө барганда тозокко кабыласың, тозоктун отуна кабыласың, тозоктун отуна күйөсүң, тозокко түшөсүң. Тозоктун алдында жооп бересиң* ж.б. Аталган тилдик архетиптик мифологемалардан улам каргыш маанисиндеги туруктуу тилдик туюнтмалар калыптанган. Мисалы: *арбагы урсун, арбагы жеткирсин, арбак эсебиңди тапсын, арбактын кусуру урсун, арбагынан айлангыр, көрүндө өкүргүр, тозокко түшкүр, тозокко кабылгыр, тозок отуна кабылгыр* ж.б. Тилдик баюунун натыйжасында аталган мифологемалар метафора, метонимияланып, тилдик символдор катары ар кандай маанилерде колдонулат. Маселен, адамдын арыктыгынын символу: *Арбактай болуп кебетеси жаман. Арбак келатат* деген туюнтма өтө кыйынчылыкты тартуунун символу. *Бул иштин бүтүшү тозок болду го. Баласынын азап-тозогунун баарын өзү тартты. Көр турмуш, көр оокат, жол азабы – көр азабы* ж.б. Бул туюнтмалар да жогоркудай мааниге ээ. Жогоруда аталып кеткен терс мааниге ээ архетиптик мифологемалар менен катар жердин астына байланыштуу жети катар жердин эң түбүндө адамча сүйлөгөн бир көздүү дөөлөр жана башка жандыктар, ажыдаарлар, жин-перилер жашайт деген фреймдик архетип-образдар тилдик атоолор катары кыргыз элинин оозеки чыгармаларында кеңири кездешет. Россиялык окумуштуу, профессор А.В. Квакин архетиптештирилген образ тууралуу төмөнкүдөй белгилейт: «Образ – это своеобразная копия, «в нем мы узнаем оригинал как индивидуальное явление, а не прочитываем некоторое сообщение», образ обладает универсальной природой, поскольку может быть истолкован любым человеком. Образ создается сенсорно-перцептивным отражением внешних объектов, при этом архетип не является отражением внешнего мира, он представляет «часть образа, свободную от предметного содержания и функции отражения», архетип – это первообраз, проявляющийся через образы и символы, которые представляют собой «архаические образы, независимые от внешнего восприятия» [323].

Байыркы жалпы дүйнө таанымдык баёо көз караштар боюнча, асман эркек кудай, ал эми жер ургаачы кудай катары эсептелген. Б.А.Рыбаковдун пикири боюнча, чыгыш элдеринин түшүнүктөрүндө жер менен асмандын ортомчусу жылаан болгон. Ал көктөгү суунун ээси жана сактоочусу деп да түшүндүрүлгөн. Алгачкы коомдук түзүлүштүн шартында адамдар асман менен жердин никелешүүсү тууралуу түшүнүккө ээ болушкан. Алардын түшүнүгү боюнча, бул ыйык ника-

лешүү мезгил-мезгили менен кайталанып турган дагы, ал жагдай жамгыр, бороон, чагылган сыяктуу жаратылыш кубулуштарынан билинген. Байыркы дыйкандар *асман* өзүнүн жары *жерге* жаңы өсүмдүктөрдү жана жандыктарды уруктандыруу үчүн жазында жаан болуп келет деген ишенимде болушкан. Асман – ата, ал эми жер – эне деп эсептелген [251, 24-47-б.]. Ал эми байыркы грециялык Гесиод «Теогения» аттуу китебинде бардык нерселердин башталышы катары жерди эсептейт. Асманды дагы үстүнөн жамынып туруш үчүн жер жараткан дейт. Ал жаратылыштын бардык элементтери: суу, аба, шамал, булут да жерден жаралган деп өз пикирин бекемдеген [275, 67-б]. Мындай бардык элдерге тиешелүү болгон байыркы жалпы түшүнүктөр кыргыздарга да өз таасирин тийгизген деген гипотезаны белгилөөгө болот. Кыргыздардын мифтик түшүнүгү боюнча, жер, жердин үстүнкү бөлүгү дүйнө түзүлүштүн эң негизги компоненти, башаты катары бардык нерселерди, адамдарды жаратуучу жандуу күч деп эсептелип, эне катары кабыл алынган. Элдик дүйнө тааным, түшүнүктөр боюнча, Теңир (көк, асман) – ата, жер – эне деген аталыштар да кездешет. Белгилүү кинорежиссер Б.Шамшиев «Манас» тууралуу изилдеп жатып, байыркы кыргыздардын кудайга сыйынуусунда жерге *Улуу Умай эне - Жер, Эл Энеси* деген атоо берилгендигин белгилеп кетет [306]. Коомдук өнүгүштүн кийинки этаптарындагы көркөм тексттерде жер *Жер-Эне* тилдик атоосу менен коргоочу, колдоочу, жашоо берүүчү символ, адам жашоосуна, тагдырына, өмүрүнө колдоо көрсөтүп, жардам берип турган жандуу күч катары түшүндүрүлөт. Мисалы: *Амансыңбы, куттуу талаам? – Аманчылык. Келдиңби, Толгонай? Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк. – Өмүр өтүп бара жатпайбы, Жер Энем, арадан дагы бир жыл өттү, бүгүн менин сыйынуу күнүм* (Ч.Айтматов). Кыргыз ишенимдеринде адамга жашоо берген бул – жер: *Жер Энем,биринчи жолу сага ошондо кайрылдым: Жер, жан жараткан жер, сен бизге таалай бербесең эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин!* (Ч.Айтматов). Ошондой эле «Жер жана анын балдары» (Т.Молдо) көркөм текстинде «жер»– эненин символу, жамгыр, суу, от, шамал – баланы туюндурган символдор катары архетиптик образдарга айланган. Мифологиялык, салттык билимдерде архетиптештирилген образ Жер-Эне атоосунан улам аталган жаратылыштык кубулуштар символ-образ катары *балдары* автордук лексикон

аркылуу интерпретацияланат. Демек, жер лексемасынын семантикалык талаасында *Жер Эне* тилдик атоосу колдонулуп, кыргыздардын улуттук дүйнө таанымын, менталдык өзгөчөлүгүн билдирген мазмундук маалыматка ээ архетип, тилдик стереотип экендигин белгилөөгө болот.

Дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүндөгү жердин образы акырындык менен диний ой бүтүмдөргө, андан кийин ал прототиптер өзүлөрүнүн диний маанилүүлүгүн азайтып убакыттын өтүшү менен искусствodo символикалык өзүнчө түшүнүк катары жаңы мазмундук боёкторго ээ болот. Мифологиялык баёо билимдер менен коштолгон диний көз караштарда *жердин асты* жана *жердин үстү* деген чектөөлөр өзгөчө калыптанган. Жердин маани-маңызы тууралуу мифологиялык көз караштар акырындык менен диний элестөөлөрдү жараткан. Диний көз караштагы билимдер жердин үстү *«бул дүйнө», «жердин асты», «тиги дүйнө»* деген концепттик сегменттер менен байланыштуу. Көптөгөн изилдөөчүлөр карама-каршы коюлган *тоолуу дүйнө, дүйнөнүн бөлүгү, бул дүйнө, тиги дүйнө* деген көз караштар дүйнөнүн түрк тилдүү дүйнө сүрөтүнө, ошондой эле кыргыз тилдик дүйнө таанымына да мүнөздүү деп белгилешет [71]. Ошондой эле кыргыздын дүйнө таанымында тиги дүйнө *бейиш жана тозок* деген эки түшүнүктөн турат. Бейишке чыккандардын жаны көккө учуп кетет, ал эми тозокко түшкөндөр жердин алдында жети тозокко кабылат деген түшүнүктөр болгон. Ал эми жердин үстү менен байланышкан түшүнүктөн улам жаралган фразеологизмдер, паремиялар мазмуну жагынан жерди толуктап турган, ага туура келген жерге байланыштуу сегменттер аркылуу семантикалык топторго ылайык ажыратылып, өзүнчө кеңири талдоону талап кылат.

Демек, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «жер» концепти өзүнчө фрейм катары каралат да, өз ичине төмөндөгүдөй сегменттерди, концепттерди камтыйт: 1) «Бул дүйнө» жана «Тиги дүйнө» диний аңсезимдеги концепттери; 2) «Жашоо» концепти; 3) «Адамзат» концепти»; «Өмүр» концепти; 4) «Ички дүйнө» психологиялык концепти; 5) «Айлана чөйрө», “Жаратылыш” ж.б. концепттери. Ошондой эле «Жер» негизги концепти «төрөлүү», «өлүм», «материалдуу байлык», «саясат», «көп түрдүүлүк», «жаратылыш», «социалдык мамилелер», «бийлик», «эмгек», «убакыт», «майрам», «тескери эмоция» жана «мүнөздүн сапаты» сыяктуу чындыктын көрүнүштөрүнүн ар түрдүү фрагменттерин тилде объективдештирүүдө кеңири катышат [70].

«Жер» негизги концептинде материалдуу дүйнөнүн түрдүү көрүнүштөрү чагылдырылат. Мында бири-бирине жуурулушуп, эң ири түшүнүктөрдү түзгөн адам, жашоо негизги орунду ээлейт. «Жер» негизги концептиндеги тил аркылуу объективдештирилген концептосфералар өзүлөрүнүн ичине баалуулукту камтыган онтологиялык негизди туюндурат. Булардын тегерегинде кыргыз этносунун дүйнө сүрөтү бекемделген.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «жер» негизги концептин түзгөн концепттердин бири болуп диний аң-сезимге негизделген «бул дүйнө» жана «тиги дүйнө» концепттик сегменттер эсептелет. «Бул дүйнө» жана «тиги дүйнө» сегменттери кыргыздардын практикалык иш-аракетинде, үрп-адат, каада-салт жана түрдүү көз караштардын контекстинде калыптанган.

Кыргыз элинин байыркы көз карашында адам мейкиндиктин борбору болуп эсептелген Жерде, кудай жараткан материалдуу дүйнөдө («ортоңку дүйнөдө», синонимдик аталыштагы «бул дүйнөдө») төрөлөт деген түшүнүк калыптанган жана ал диний билимдерге да өткөн. Ошондуктан бул прототиптик түшүнүктөр тилдик символдук маани катары калыптанган. Маселен, *“жердин үстү”* сөз айкашына синонимдик маанидеги *“дүйнө”* сөзү катышкан тилдик туруктуу каражаттар аркылуу *төрөлүү* жана *өлүм* концепттик сегменттерин туюндурган лексемалар көп. Мисалы: *жарык дүйнөгө келүү, бул дүйнөдө жаралуу (төрөлүү), бул дүйнөдөн өтүү, дүйнө салуу, тиги дүйнөгө кетүү (өлүм), дүйнө жүзү (жер жүзүнүн баары, жаратылыш мааанилерин билдирет), дүйнө картасы, дүйнө жаңылыктары, дүйнө жаныбарлары, дүйнө-жүзүн кыдыруу, дүйнө кезип кетүү* (жер кыдыруу маанисине синоним катары колдонулат) ж.б.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө жер үстүндөгү адам баласынын жашоосу «бул дүйнө» тилдик туюнтмасы менен түшүндүрүлөт да, бул дүйнөдөгү адамдын өмүрү чексиз эмес, убактылуу. Адам кийин анын жаны «бейиш» менен «тозокту» өзүнө камтыган «тиги дүйнөгө» өтөт деген түшүнүк калыптанган.

Жалпысынан алганда, кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн аң-сезиминде «бул дүйнө» оң жактуу коннотациялык өңүткө ээ. Муну туруктуу сөз айкашына айланган «жарык дүйнө» концепти толук тастыктайт. Ал кыргыз элинин аң-сезиминде жарык жашоо мааниси менен ассоциацияланат деген бүтүм чыгарууга болот. Бул жагдайды көркөм

стилдеги тексттерден ачык көрөбүз: *Билип туруп чын сүйлө, бейиш мына бул дүйнө. Жер астына барганда, ушул турган жыргалдын жетпейт сага саркыты»* (Жеңижок). *«Келээриңде, дүнүйө, асмандагы күндөйсүң. Кетериңде, дүнүйө, кайгылуу көңүл кирдейсиң»* (Токтогул). «Бул дүйнө» концептинин көркөм тексттеги жана карапайым аңсезимдеги чөйрөсүн «дүйнөлүк», «жарык дүйнө», «кең дүйнө», «чексиз дүйнө» сыяктуу лексемалар жана синтаксемалар түзөт. «Дүйнө» лексемасы турмуш тиричиликте сүйлөшүү стилинде, көркөм стилде арбын жолуккан жана жалпыга белгилүү тилдик концептти билдирген негизги мазмундуу түшүнүк болуп саналат.

«Бул дүйнө» концептинин өзөгү өзүнүн эки жактуулугу менен мүнөздөлөт. Бул, бир жагынан, бардык адамдар жашаган жерди түшүндүрсө, экинчи жагынан, ошол жерде жашаган адамдардын белгилүү бир убактагы жашоосун туюндурат. Ушундан улам, «жер» концептин мейкиндик-мезгилдик проекциядан карооо туура келет. «Бул дүйнө» концепти «тар дүйнө», «кең дүйнө» өңдүү мейкиндик эпитеттерин да өз ичине камтыйт жана «ички дүйнө», «жашоо», «адамзат» сыяктуу концепттер менен тыгыз байланышты жаратат.

«Бул дүйнө» кыргыздар үчүн түздүктү, жерди түшүндүрөт. Ал – кандайдыр бир жай, үч өлчөмдүү мейкиндик. Кыргыз эли айрым учурда дүйнөнү бир чоң үйгө салыштырат. Анда бардык жандыктар күн көрүшөт. Бул көз карашка ылайык дүйнөнү антропологиялаштыруу тууралуу сөз кылууга болот. Ал эми экинчи жагынан, дүйнө өз ичинде жашоосун улантып жаткан кандайдыр бир үйдү же имаратты элестетет.

Кыргыз тилинде сүйлөөчүлөрдүн аң-сезиминде бул дүйнөдөгү жашоо кандайдыр бир өткөөл убакытка байланыштырылганы байкалат. Мисалы, «*Бул дүйнөдөн өтөрбүз да, кетербиз, өлгөндөн кийин бекербиз»*. Көптөгөн макал-ылакаптарда дүйнө адамдардын кезек күтүүсү менен теңдештирилет же укумдан-тукумга өтүп келген көрүнүш катары каралат. Ошондой эле, аларда жашоонун фаталдуулугу тууралуу да ойлор берилет.

Кыргыз тилинде «келүү» жана «кетүү» антонимдик маанидеги сөздөр түрдүү багыттагы кыймыл аракеттерди туюндурат. Маселен, аталган антоним сөздөр «төрөлүү», «өлүм» оппозициялык катыштагы негизги онтологиялык түшүнүктөргө синонимдик мааниде колдонулат да, төмөндөгүдөй туруктуу тилдик компоненттер менен объективдештирилет. Мисалы, *«бул дүйнөгө келүү», «жарык дүйнөгө келүү »*ж.б; «бул

дүйнөдөн өтүп кетүү», «аркы дүйнөгө кетүү», «тиги дүйнөгө кетүү», «бул дүйнө менен кош айтышуу». Ошого карабастан бул туюнтмалар «дүйнө» деген негизги концептинин контекстинде бирдиктүүлүктү айгинелейт. Бул жагдай адамдын же жаныбардын бул дүйнөгө келиши жан менен коштолушу, ал эми алардын бул дүйнөдөн кетиши дене менен байланышта болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Эгерде адамдын төрөлүшү - келүү, ал эми өлүмү - кетүү маанисине байланыштуу болсо, анда бул дүйнөдөгү жашоо – чектелүү көрүнүш. Мындай учурда «дүйнөдөн кетүү» компоненти «бул дүйнө» концептинин тилдик катмарын түзөт да, синонимдик бир нече катышты жаратат. Мисалы: *бул дүйнөдөн узады, бул дүйнө менен кош айтышты, тиги дүйнөгө кетти, дүйнө салды* ж.б. Кыргыз тилинин диний дүйнө сүрөтүндө өлүм бир дүйнөдөн экинчи дүйнөгө өтүүнү түшүндүрөт. Адам экинчи дүйнөгө өткөндө, өзү менен эч нерсени кошо ала кетпейт деген түшүнүк төмөндөгү туруктуу тилдик туюнтмаларды жараткан. Мисалы: «*Адам бул дүйнөнүн коногу», «Адам бул дүйнөгө жылаңач келип, жылаңач кетет».*

Адамдын төрөлүшү, жашашы жана өлүмү көркөм тексттерде ар кандай өңүттө сүрөттөлөрү айкын. Дүйнө түзүлүш көз карашы боюнча бардык нерселер пайда болот, өзгөрөт жана талкаланып жок болот. Мына ушундан улам адамдын төрөлүшү, анын өсүшү, өзгөрүшү, картайышы жана өлүмү табигый-тарыхый мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кабыл алынат. Адам башка жаныбарлардан айырмаланып, мына ушул дүйнө айлампасын түшүнөт. Анткени адам акыл-эстүү жандык катары өзүн-өзү, өзүнүн басып өткөн жолун жана өлүм менен байланышкан келечегин айкын түшүнөт. Ал өзүнүн эч нерсеге жараксыз жана алсыз экендигин билет. Башкаларды дос, душман жана жат катары кабыл алат. Айтылган жагдайды диний аң-сезимдин негизинде жаралган көркөм тексттеги маалыматтар өтө кылдат тастыктай алат. Мисалы: *Кайран өмүр өткөн соң, кайрылып келбей коёрсуң»* (Токтогул). *«Жан болгон жерде өлүм бар, бардыгы болот өмүрдө»* (Жеңижок).

Өмүр менен өлүмдүн объективдүүлүгүн, алардын карама-каршылыгы менен бирдиктүүлүгүн *«Тирүү бар жерде өлүм бар»* деген макал ачык көрсөтүп турат. Карама-каршылыктын күрөшүнүн жана биримдигинин мыйзам ченемдүүлүгүнө негизделген бул фраза, бир жагынан, табият кубулуштарынын объективдүүлүгүн күбөлөсө, экинчи

жагынан, дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн диалектикалык мүнөзүн айкындап турат.

Ошентип, кыргыз тилинде «жер» негизги концептин түзгөн концепттердин бири болуп диний аң-сезимге негизделген «бул дүйнө» жана «тиги дүйнө» концепттери эсептелет. Эки концепт тең – дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү диний таанымды туюндурган негизги концепттик сегменттер. Булар кыргыз элинин тарыхый жашоо шартына ылайык калыптанган менталдуулугун, дүйнө таанымын чагылдырганы менен өзгөчөлөнүп турат. Бул түшүнүктөр тилдик маалыматтар аркылуу кеңири таралган. Азыркы кыргыз тилинде калыптанган тилдик каражаттар шарттуу тилдик символдор катары кеңири колдонулат.

Байыркы философ окумуштуулардын геометрияларына, маселен, Пифагор Самосскийдин (биздин эр чей. 580-500-ж) башка асман телолору сыяктуу эле жер дагы шар формасында деген оюна ж.б. ушул сыяктуу (Гиппарх, Клавдий Птолемей) көз караштарга Орто кылымдарда жана Кайра жаралуу доорунан тартып (Коперник) кайрадан ойбүтүмдөр чыгарылып, бизди курчап турган чөйрө, аалам азыркы астрономия илими тастыктаган жаңыча түргө, илимий көз караштарга ээ болгон [275, 67-б.]. Кийинки жалпы дүйнө таанымдагы илимий ачылыштарга мифологиялык, философиялык жана диний түшүнүктөр фундаменталдык материал катары пайдаланылды. Күн системасындагы көптөгөн космикалык телолордун, планеталардын ичинен Жер үчүнчү планета катары турарын илимий изилдөөлөр тастыктады [275]. «Жер» түшүнүгүнө карата илимий дүйнө таанымда тилдик маалыматтар аркылуу энциклопедиялык, лингвистикалык сөздүктөрдө түшүндүрмөлөр берилди. Маселен, «жер» концептине Кыргыз Совет Энциклопедиясында төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет: Жер – Күн системасындагы планета. Күндөн алыстыгы боюнча 3-орунда, өлчөмү жана массасы боюнча чоң планеталардын ичинен 5-орунда, ал эми жер группасындагы планеталардан (Меркурий, Чолпон, Марс) эң чоңу. Күндүн тартуу күчүнүн таасиринен башка телолор сыяктуу эле Күндү айланат [152, 469-б.]. Ал эми Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: Жер 1. Күндү тегерете жана өзүнүн огунда айлануучу күндөн кийинки үчүнчү планета. М.: *Жер күндү тегеренет* [164, 547-б.], – деп түшүндүрмө берилет.

Кыргыз тилиндеги жер сөзүнүн дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтү аркылуу чагылдырылышы ар кыл. Тил илиминин лексикология бөлү-

мүндө тигил же бул түшүнүктү атоочу бирдик – сөз. Маселен, *жер* сөзүнүн алгачкы түшүндүрмөсү тилдик атоонун номинативдик мааниси деп аталат. Коомдук көз караштын, коомдук жашоонун өнүгүшү, таалданышы менен бирге адамдын аң-сезими, коомго болгон мамилеси менен бирге тили да байып отурат. Тилдик атоо лексикалык бирдик же семантикалык система аркылуу ишке ашат. Коомдун өнүгүшү, өзгөрүшү ошол тилде сүйлөөчүлөрдүн көз карашына, кругозорунун кеңейишине, дүйнө таанымынын өзгөрүшүнө байланыштуу болот. Ушул өзгөчөлүктөрдөн улам номинативдик мааниге ээ болгон сөздөрдүн жаңы маанилери жаралат. Ошентип, номинативдик мааниден туунду, коннотативдик маани жаралат. Алардын ортосунда кандайдыр бир жалпылык ассоциативдик, аналогиялык жана функционалдык окшоштуктар бар экени белгилүү. Демек, жер сөзүнүн номинативдик маанисинен улам төмөндөгүдөй туунду маанилер жаралган:

1. Жер – планета (номинативдик мааниси).

2. Жер – сууга, дарыяга, көлгө, деңизге карама-каршы, б.а. кургактык. Мисалы: *Көлдөн чыгып, ичиркенип балдар жерге жата калышты* (“Кыргызстан маданияты”) *Моряктар горизонтто жерди көрүштү.*

3. Жер – биздин планетанын үстүнкү бети, үстүңкү катмары, кыртыш, топурак. М., *Суу мол болуп, жаан жааса, жайык төш, семиз жер дүрбөйт* (Токтомбаев). *Борпоң жер, кара топуракту жер.*

4. Жер – айдоо, жайыт, чабык катарында пайдаланыла турган аянт, белгилүү бир участок. Мисалы: *Айдоо жерлер кеңиди. Ак буудай арбын себилди* (Үмөталиев). Жайыт жер, кайрак жер. *Чабынды жерлерибиздин көпчүлүгүнө машина жүрө албайт. Там салайын деп жер сатып алдым.*

5. Жер – өлкө, мамлекет, мекен. М.: *Ошентип, Мыскал жаш өмүрдүн кымбат доорун Украина жеринде өткөрүп келди* (Т.Сыдыкбеков).

6. Жер – орун, белгилүү бир жай. М.: *Тандап алган жери – береги көлгө кирип барган булуңча* (Т.Сыдыкбеков). // Кандайдыр бир өлчөмдүү аралык. *Алтын Чолпонду кыйла жерге чейин узатып барды* (Н.Байтемиров). // Жер – көбүнчө келген тарап же келин болуп келүүчү кыздын кайын-журту, кыздын төркүндөрү. *Келин жаман эмес, келген жери жаман* (макал). *Арзыган жерден кыз алса, Адамга ушул жыргал да* («Олжобай менен Кишимжан»).

7. Жер – дененин же кандайдыр бир нерселердин айрым бөлүгү. М.: *Бир жериңиз ооруган жокпу?*(Н.Байтемиров).

8. Жер – кандайдыр бир нерселердин, иштин жөнүн, шартын, алабалын билдирүүдө колдонулат. М.: *Андрейдин аты мүдүрүлүп кетип, аз жерден калды. Бурулча иштин ток этер жерине өттү* (Н.Байтемиров).

9. Жер – аралык. *Көрүнгөн тоого чейин он күндүк жер.* [164, 547-б, 13, 112-б.]. Булардын семантикалык жалпылоочу касиети (семантикалык талаасы) – кургактык, горизанталдык абал болуп саналат. Ошентип, номинативдик мааниден жаралган туунду маанилер семантикалык негиз катары улам жаңы маанилердин жаралышына өбөлгө түзөт. Мында ал бир нече маанилердин ортосундагы семантикалык талаанын бардык семалары үчүн негиз болот [13, 112-б.]. Азыркы тил илиминде жалпы тематиканын негизинде биригишкен жана жалпы семантикалык белгилер же кандайдыр бир ой-бүтүмдөр менен байланышкан тилдик бирдиктердин катмары семантикалык талаа теориясында изилденет [142, 158-б.]. Семантикалык талаа – ар кайсы сөз түркүмдөгү сөздөрдү камтыган кеңири лексикалык биригүүлөр [27, 251-252-б.]. Маселен, жогорудагы кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө берилген жер сөзүнүн номинативдик жана туунду маанилери бир өңчөй заттардын атын билдирип зат атооч сөз түркүмү катары каралса, антонимдик маанини түзгөн төмөндөгү жер лексикасына байланыштуу сөздөр сын атооч сөз түркүмүнө кирет. Мисалы: *Жергелүү – жергесиз.* Өз жери, өз мекени бар, урук туугандары бар, түптүү. // Өз жери, өз мекени жок, урук-туугандуу эмес, эли-журту жок. *Жергелүү калың элинен азган Током келген бейм?* (Токтогул). *Жергесиз жетим дебесең, Жетилсем сени багамын* («Кедейкан»). *Жергиликтүү – келгин.* Мурдатан ошол жерде жашап келген, ошол жерде туулуп-өсүп чоңойгон, башка жактан келген эмес // Баштатан ошол жерде жашабаган, башка жактан келген, жергиликтүү эмес. *Кербен сарайга конгон кишилердин кимиси жергиликтүү, кимиси келгин экенин билбейсиң* (Т.Абдукаимов). *Жердүү – жерсиз.* Өз мекенине, өз карамагына тиешелүү жери бар. Жетилбеген кембагал, Жердүү болуп каласың (Барпы). // Өз ээлигине тиешелүү жери жок. Жерсиз элем, жер бердиңер, Малай элем, эрк бердиңер (А.Токомбаев) [156, 93-94-б.].

Ал эми *жер* сөзүнө байланыштуу кыймыл аракетти билдирген төмөндөгүдөй сөздөр бар. Мисалы: *Жерде* этиш. Белгилүү бир жерде жашоо, туруу, мекендөө маанисин билдирет. Жердөө – жерде этишинин кыймыл атоочу. *Жерси* этиш. Жерин сагынуу, өз элин эңсөө маа-

нисин билдирип [163, 205-206-б.], этиш сөз түркүмүнө кирет. Жер лексемасы ар кайсы сөз түркүмдөгү сөздөрдү камтыган кеңири лексикалык биригүүлөргө өтө бай. Бирок биздин изилдөөдө *өмүр жана өлүм, өйдө жана төмөн, жакшы жана жаман, өз жана бөтөн, жер жана суу* ж.б. менен биригишкен сөздөрдүн өтмө мааниге ээ тематикалык жагы кызыктырат. Ошондуктан жерге байланыштуу сөздөрдүн тигил же бул сөз түркүмүнө тиешелүү топтомдорун талдап чыгуу анча принципиалдуу мааниге ээ эмес. Ар түрдүү сөз түркүмүндөгү жер түшүнүгүнө байланыштуу сөздөр биригишип, өтмө маанини жаратышат жана алар фразеологизмдердин жана макал-ылакаптардын мазмунун түзүүдө колдонулат.

Лексика-семантикалык талааны түзгөн тилдик бирдиктер алардын тутумун жаңы маанилер менен толуктап турган бирдиктердин натыйжасында метафоралашкан процессте болот. Натыйжада, кыргыз тилиндеги *жер* сөзүнүн тегерегинде топтошкон лексикалык материалдарды классификациялоодо семантикалык талаа лексикалык биригүүнүн номинативдик жана метафоралык талаа деген эки түрүн өзүнө камтыйт. Лексикологияга байланыштуу илимий изилдөөлөрдө лексика-семантикалык система жана анын өз ара карым-катышында аталган эки фрагмент тең катышат. Бирок лексиканы изилдөөнүн когнитивдик ыкмасында метафоралык талаа үстөмдүк кылып, негизги ролду ойнойт. Биз изилдөөбүздө лексиканын метафоралык талаасына көбүрөөк басым жасоону туура көрөбүз.

Метафорага болгон кызыгууну жараткан изилдөөлөрдүн башатын Аристотелдин аты менен байланыштырууга болот. Өзүнүн «Поэтика» деген эмгегинде ал биринчи жолу метафораны окшоштуруунун негизинде сөздүн маанисин башкача түшүнүү ыкмасы деп баяндайт. Аристотелдин изилдөөсү боюнча, метафора поэтиканын жана риторикanын маселеси, сүйлөө фигурасы катары каралат да, тилдик метафора тууралуу сөз кылынбайт [31, 120-б.]. Мына ушул антикалык илимдин өсүп-өнүгүшү менен 20 кылымда метафораны коммуникативдик, номинативдик жана таанымдык максатта тилге түздөн-түз таандык деген көз караштар калыптанган. Ошондон тартып метафорага карата тилдик каражат жана поэтикалык фигура деген эки жактуу маселе жаралды. Тилдик метафора лексиканын даяр элементи катары түшүндүрүлөт. Аны кайрадан түзө берүүгө болбойт. Аны даяр түрүндө алып, сүйлөгөндө колдонушат. Ошондуктан биздин сүйлөөбүз метафораланган тилдик

каражаттарга адатта жык толгон болот. Тилдеги метафора адамдын баалуу багыт алуусун классификациялоо үчүн тилдеги концептти аныктоодо маалыматтарда кеңири катышат. Тилдеги метафораларды изилдөө менен көптөгөн психологиялык жана коомдук кубулуштар тууралуу маанилүү жыйынтыктарды жасоого болот. Метафора адамдын психофизикалык өзгөчөлүгү менен, дүйнөнү, анын табигый жана психологиялык объектилерин символдоштуруу талабы, таланты менен байланыштуу. Тигил же бул метафоралык маанилердин өнүгүшү байыркы символизмдин калдыктары же байыркы дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүнөн башталат. Бул тууралуу Е.М.Мелетинский мындай деп жазат: адамдардын мейкиндик жана сезимдик жөнөкөй багыт алуулары дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүндөгү эң алгачкы төмөндөгүдөй мамилелерине дал келет: кургак-суу, жылуу-муздак, чоң-кичине ж.б. Андан кийин «космикалык мейкиндик-мезгилдик жөнөкөй катыштар менен: асман-жер, жер-суу; социумдагы: өз-бөлөк, жогору-төмөн; табият жана маданияттагы: суу – от; фундаменталдык карама-каршылыктарга чейин: өмүр-өлүм, бактылуу–бактысыз ж.б. менен толукталып турат жана объективдештирилет» [205].

Биз карап жаткан *жер* архилексемасы дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүндөгү фундаменталдык элементтердин бири болуп эсептелет. Жер өзүнө карата оппозициялык мамилелерди жаратып, адам жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө катышат. Мисалы: нравалык чөйрөдө (жердүү, жерсиз), мейкиндик-мезгилдик чөйрөдө (жер-асман, үстү-асты, өйдө-төмөн); жаратылыштык жана маданий чөйрөдө: аба-жер ж.б. Биз бул изилдөөбүздө жер архилексемасына байланыштуу метафораларды тилдик, когнитивдик, маданий феномен катары когнитивдик мамиленин, багыттын чегинде карайбыз. Мындай мамиле, когнитивдик багыт Дж. Лакофф менен М.Джонсондун «Метафоры которыми мы живем» деген китебинде берилген. Китепте авторлордун «метафора тилге, тактап айтканда сөзгө гана таандык эмес, адамдын ой жүгүртүү процесстери көп учурда метафоралуу болот. Качан биз сүйлөп жатканда адамдын концептуалдык системасы метафоранын жардамы менен түзүлөт. Метафораны кадыресе тилдик түшүнүк катары кароонун себеби адамдын концептуалдык системасынын метафораларында болушу мүмкүн» деген баалуу ойлору айтылат [173, 27-б.]. Ошентип, концепттин метафоралуу экендигине ынанууга болот. Лексиканын номинативдик талаасынын катышы менен түзүлгөн метафоралык талаанын неги-

зинде тилде өтмө мааниге ээ болуп, фразеологизмдердин жана макалылакаптардын тутумуна кирген когнитивдик зоналар жаралат.

*Жер архилексемасына байланыштуу концептуалдык бүтүндүктү түзгөн фразеологизмдер.* Мейкиндик-мезгилдик категорияларына ылайык образдуу элестөөлөрдөн улам жаралган жердин үстү түшүнүгүнө байланыштуу фразеологизмдер бар. Мисалы: эчактан бери, көптөн бери алда качан эле деген убакыт-мезгилдик мааниде: *жер каймактагандан бери, жер замандан бери* деген ж.б. фразеологизмдер түрүндө да туюндурулат.

Жер-суу оппозициялык (антонимдик) катышына байланыштуу жерге-сууга табынуу, сыйынуу, курмандык чалуу маанисинде – *жер-суу таюу;* аябай мактоо, көтөрө чалуу, ашыра мактоо маанисинде – *жерге-сууга тийгизбө*өө; сүйүнүү, кубануу, толкунданууу маанисинде – *жерге-сууга батпоо;* абдан катуу бакыруу, бакырып үн чыгаруу, кыйкыруу маанисинде – *жер-сууну бузуу, жер-сууну жаруу* деген фразеологизмдер бар.

Нравалык, этика-эстетикалык жүрүм-турумдарга байланыштуу эч нерсени көзгө илбөө, дөөгүрсүп калуу; текеберленүү, боюн көтөрүү маанисинде *жер баспай калуу*; кыйып кетпөө, эстен чыгарбоо, унутуп койбоо маанисинде – *жерге калтырбоо, жерге таштабоо;* абдан аяп, бөпөлөп, бапестеп багуу, эркелетип кадырлап өстүрүү маанисинде – *жер бастырбоо;* бирөөгө тике, түз карай албай, башын салып, төмөн караган абалда болуу, абдан уялуу маанисинде – *жерден башын албоо;* шагын сындырбоо, уят кылбоо, уятка калтырбоо маанисинде – *жер каратпоо;* өтө уккулуктуу, мукам үн чыгарып сайроо, ырдоо, чечен сүйлөө маанисинде – *жер чечегин безөө;* өтүмү жок, мылжың, жалтак, таарынчаак терс сапаттарды туюнтуу, баалоо маанилеринде – *жер карама;* көбүнчө бир нерсени жактырбагандай, жек көргөндөй таңыркоо, таң калуу маанисинде – *жерге түкүрүү* деген ж.б. фразеологизмдер колдонулат.

Кубаныч-кайгы оппозициялык катышына байланыштуу өтө кубануу, сүйүнүү, толкунданууу, жайдары абалда болуу маанисинде – *жерге тийбөө, жерге батпоо*; абдан катуу ыйлоо, ызалануу, аябай муңкануу, өксүү, капалануу маанисинде – *жерден боорун албоо,* буркан-шаркан түшүп абдан капалануу, каарын төгүү, ачууланууу маанисинде – *жер сабоо* деген фразеологизмдер кездешет.

Асты-үстү оппозициялык түшүнүктөрүнө байланыштуу *жердин асты* образы менен байланышкан фразеологизмдер арбын. Мисалы: абдан катуу уят болуу, аябай уялуу, сынып калуу маанисинде – *жети өмүрү жерге кирүү, жерге кирип кетүү, жерге кирип кете жаздоо;* өтө кыйын, абдан оор абалга дуушар болуу, эмне кыларын билбей, көзү караңгылап, сендиректей түшүү маанисинде – *жер астын-үстүн болуу, жер көчүү*; кандайдыр бир нерсенин таптакыр, ың-жыңсыз, дайынсыз жоголгондой, жер алдына батып кеткендей абалын туюндурган маанисиндеги фразеологизмдерде: *жер жутуп кетүү, жер жуткандай, жер менен жексен болуу, жерден чыга калгандай* деген маанилер бар.

Ушул эле маанидеги фразеологизмдер каргыш сөздөр катары да, тилдөө, жактырбоо, жемелөө маанисинде да туюндурулат. Мисалы: *өлүп кал, жакшылык көрбөй кал* деген каргоо маанисинде *жер тамандап кал, түбү түктүү жер урсун, жер жуткур, жер соргур, жерге киргир, жер менен жексен болгур, жер астында калгыр, тозокко кабылгыр, тозокко түшкүр* ж.б. Ушул эле жер лексемасына «кара» сөзү кошулуп айтылуу менен өң-түстүк маанисин жоготуп, каргыш маанисин билдирип калат. Мисалы: *кара жерге кир, кара жерде калгыр, кара жер жуткур* ж.б. Абдан катуу тилдөө, абийирине шек келтирүү, абдан катуу уялтуу (өлтүрүп кайра тирилтүү) маанисинде – *жерден алып көргө, көрдөн алып жерге уруу*, ата-жотосунан бери козгоп капкайдагы кемчилигин чукуп, катуу жекирүү, жемелөө маанисинде – *жер-жеберине жетүү* деген ж.б. фразеологизмдер колдонулуп жүрөт.

«Өлүм» концептине байланыштуу жер лексемасы аркылуу метафораланган фразеологизмдер да арбын. Мисалы: өлтүрүү, көзүн тазалоо, жок кылуу маанисинде – *жер кучактатуу,* өлүү, ажырап калуу маанисинде – *жерге берүү, жер жаздануу,* өлүктү мүрзөгө алып барып коюу, көмүү маанисинде *–жерге жашыруу* деген тергөө маанисиндеги фразеологизмдер бар.

Кыргыздын каада-салттык, менталдык өзгөчөлүгүнө байланыштуу каза болгон адамдын кийимин чечинтип, көмгөнгө чейин кое турган ордуна жайгаштыруу (боз үйгө же башка жайга) мааниси *жерге алып коюу* фразеологизми менен түшүндүрүлөт. Каза болгон адамдын терс көрүнүшүн, кыял-жоругун айтууда *жер жамандап барбасын* фразеологизми колдонулат. Аны колдонуунун алдында *өлгөн адамды жамандоочу эмес эле, өлгөн адамды жамандабайт дейт, жер кулагы жети кат* деген тыюу маанисиндеги тилдик туюнтмалар колдонулат.

Аз-көп оппозициялык түшүнүктөрүнө байланыштуу: кандайдыр бир нерсенин өтө көп, өтө оор экендигине, адамга, жан-жаныбарларга карата сан жеткис, жер жайнаган, жер дүңгүрөткөн деген маанилерде – *жер көтөргүс, жер майышкан, жер солкулдаткан, жер союлган* деген ж.б. фразеологизмдер колдонулат. Аз түшүнүгүнө байланыштуу *бир чымчым топуракка тоюу* деген фразеологизми бар. Кыргыз тилинде адамзатын баалоого карата *Адамдын көзү өлгөндө бир чымчым топуракка тоёт деген* туруктуу тилдик туюнтма колдонулат.

Ар кандай карама-каршылыктарда жеңилүү-жеңүүгө байланыштуу баш көтөрө албоо, талкалануу, эч нерсесин калтырбай тыптыйпыл кылуу маанилеринде *жер сүзүү, жер сыйпалатуу* деген фразеологизмдер бар. Аталган *жер сүзүү* фразеологизми уйку келүү, чарчоо маанисинде да колдонулушу мүмкүн.

Жаш өзгөчөлүктү туюндурууга байланыштуу: чоңоюу, эрезеге жетүү, жетилүү маанисинде – *жерден боорун көтөрүү* фразеологизми колдонулат [163]. Жогоруда иликтөөгө алынган фразеологизмдерде улуттук менталитеттин өзгөчөлүгү айкын чагылдырылган.

*Жер архилексемасына байланыштуу концептуалдык бүтүндүктү түзгөн паремиялар жана салттык түшүнүктөр.* Кыргыз тилиндеги макал-ылакаптарды лингвокогнитивдик багытта изилдөө *жер* концепти тууралуу тилдик маалыматтардын бир баскычы катары түшүндүрүлөт. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө андай маалыматтардын өзгөчөлүктөрүн терең талдоо мүмкүнчүлүктөрү жаралат. Лексикографтар топтогон кыргыз макал-ылакаптарынын канча бир бөлүгү гана адабий чөйрөгө жана гуманитардык билими бар өкүлдөргө *белгилүү* болбосо, кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн көпчүлүк бөлүгү аларды *активдүү* түрдө колдонушпайт. Бирок элдик жалпы билимдердин бөлүгү катары паремиялар кыргыз улуттук психологиясы, философиясы, маданияты, менталитети тууралуу маалыматтардын негизги булагы катары кылымдардан бери колдонулуп келет. Кыргыз паремияларын тилдик маалымат катары кеңири жайылтуу, колдонуу, аларды жүрүм-турум эрежелерин жөнгө салууга, коомдук жашоонун мыйзамдарын жолго коюуга салым кошуучу тилдик байлык катары сактап, кийинки муундарга өткөрүп берүү – негизги маселелердин бири.

Кыргыз тилинде жер концепти тууралуу айтылган макал-ылакаптар элдин диний, нравалык, социалдык, этика-эстетикалык, философиялык түшүнүктөрүн чагылдырып турганы менен баалуу.

Жер концептине байланыштуу элди, жерди баалоо маанисиндеги макалдар арбын. Ар бир нерсенин касиети, белгиси образга айланып, салыштыруу аркылуу мазмундун түзүлүшүнө символ болот. Маселен, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү тарыхый мүнөзгө ээ *«Алтын чыккан жер кадырлуу, калыс жүргөн эл кадырлуу»* макалынын концептуалдуу маанисинде эл ичи кенч экендиги, элден чыккан акылдуу, кадырлуу, калыс, барктуу адамдар элдин катмарын түзөөрү жердеги алтынга салыштыруу аркылуу мазмундаштырылган. Акылмандар элден чыгат, эрди да, акылманды да эл жаратат. Адамдардын коомдук ордун аныктоодо элдин элдүүлүгүн, эл ичиндеги адамдардын аброюн өзү жашаган жери, эли аныктай тургандыгын билдирген философиялык маани бул макалды уюштурган «жер» концептине байланыштуу тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган. Акылман адамдар элди бийликтегилер, байлар, жарды адамдар деп бөлбөстөн, бардыгына бирдей мамиле жасагандыгы менен башкаларга үлгү болот. Алардын сүйлөгөн сөзү, жүрүм-туруму, адамдарга болгон мамилеси бардык эл үчүн тарбия катары кабылданышы керек. Демек, акылман адамдарды эл дайыма кадырлап-барктайт. «Алтын чыккан жер кадырлуу» деген макалдын биринчи бөлүгүн көп мааниде түшүнүүгө болот. Алтын чыккан жер баалуу деген туюнтманын биринчи номинативдик мааниси алтын казып алууга мүмкүн болгон, элге материалдык байлык алып бере турган байлыгы мол жер. Албетте, бул туюнтма өтмө, метафораланган мааниде да колдонулат. Маселен, жерде өндүрүлгөн бардык өсүмдүктөр, маданий бак-дарак, жер-жемиштерге бай жерлер да алтын чыккан сыяктуу баалуу деп саналат. Андай жердин *топурагы алтын, жери семиз, жер соорусу жемиши алтын, даамдуу, баалуу* деп айтылат. Демек, мындай жер байлыктары сапаттуулугуна жараша алтын деп бааланат. Дагы бир өңүттөн караганда, алтын чыккан жер калыс жүргөн кадырлуу элге да символдоштурулган. Ушул эле концептуалдык маалыматка жакын же ага синоним катары калыптанган төмөндөгүдөй макалдар да бар. Мисалы: *«Алтын жерден чыгат, баатыр элден чыгат», «Алтын жерден, баатыр элден», «Жакшы эли менен, жер кени менен», «Алтынды чыккан жеринен каз, акылдууну элинен тааны»* деген макалдар жогорудагы ойлорубузду айкындап турат.

Алтынды тапкан же чайкаган, кымбаттыгын баалаган да адам. Адам жок жерде алтын баасыз, керексиз. Ар бир нерсени баалоо адам

аң-сезими аркылуу гана ишке ашат. Ошондуктан адамдын кадыр-баркы кымбат баалуу алтынга символ катары салыштырылган учурлар арбын.

Тигил же бул нерсе тууралуу салттуу түшүнүктүн негизинде жаралган салыштыруулар алдыга жылууну аныктайт деп эсептөөгө болот. Бул ар бир учур талабында адамдын өзү жашап турган чөйрөгө жараша ой-чабытынын, көз карашынын жыйынтыгы болуп эсептелет. Маселен, кыргыз тилиндеги макал-ылакаптар элдин жашоо өзгөчөлүгү менен тикеден-тике байланыштуу. Элдин тоого, түздүккө, ойго байланыштуу жашоосуна, географиялык шарттарына байланыштуу өзгөчөлүктөрү ал макалдарда ар тараптан чагылдырылган.

Когнитивдик багытта макал-ылакаптарды, учкул сөздөрдү изилдөө улуттук маданияттын стереотип, символдук белгилерин камтыган ыкмаларды колдонууга мүмкүндүк берет. Паремиялардын семантикалык-функционалдык жактан уюшулушунда, алардын образдуу, туюмдуу, жугумдуу болушунда улуттук маданий өзгөчөлүк ачыктан-ачык байкалат. Аларды изилдөөдөгү айрым бир өзгөчөлүктөр тигил же бул элдин түшүнүгүнө жакын башка образдардын колдонулгандыгын да байкоого болот.

Ар бир тилдин улуттук маданий өзгөчөлүгү, биринчи кезекте, этномаданий лексикада чагылдырылат. Этномаданий лексика дүйнөнүн улуттук тилдик сүрөтүнүн фрагментин жаратып, элдин материалдык маданиятын чагылдырат. Тилдин коомдук жашоонун социалдык-маданий жагы менен болгон байланышы адамдын жашоосундагы реалдуу шарттарды гана эмес, элдин өздүк аң-сезимин, менталитетин, улуттук мүнөзүн, жашоо образын, каада-салттарын кошо тизмелеп, сактап, маалыматташтыруу жөндөмдүүлүгүнө ээ.

*Жер – мекенди, туулган жерди баалоонун тилдик символу.* Өзбөлөк, жердүү-жерсиз оппозициялык түшүнүктөрүнүн негизинде *өз жер, бөтөн жер* лексемалары аркылуу кыргыздын жашоо образынын улуттук мүнөзүн чагылдырган тилдик туюнтмалар бар. Мисалы: белгилүү бир жерде туруктуу жашап калган, ошол жерде туулуп-өсүп чоңойгон, ал жер өзүмдүк болуп калган адамдарга, урууларга, топторго, улуттарга карата *өз жери, өз мекени, туулган жери, өз журту, өз конушу* деген тилдик каражаттар колдонулат. Бул метафораланган мааниде *киндик кан тамган жери* деген туруктуу лексема түрүндө, мындай мааниге синоним катары *жердүү, жергиликтүү* лексемалар түрүндө да колдонулуп жүрөт. *Өз* сөзүнө антонимдик катыштагы *бөлөк* сөзү *бө-*

*төн, башка, өзгө* лексемалары менен синонимдешип, *бөтөн жер, башка жер, бөлөк жер* деген атоолор, жерден жер которуп, бир жерге токтобой, ар кайсы жерде утурумдук жашаган, өзүмдүк жери жок адамдарга карата *жерсиз* лексикону колдонулат. Кыргыздардын менталдык өзгөчөлүгү боюнча, эл, калк жашаган жер *ата-бабалардын конушу, ыйык жери, ата-бабалардан калган мурас* деген түшүнүктөр менен бааланып, жерге *мурас, ыйык* сөздөрү символ катары колдонулат. Маселен, ата конушун *ыйык туулган жер, ыйык Ата Мекен, ыйык жерим* деген туруктуу тилдик каражаттар менен баалоо мурдатан эле калыптанган. Ыйык жерди көздүн карегиндей сактоо, элден, жерден бөлүнбөө, эл менен биримдикте болуу принциби элдин ынтымактуулугун айгинелеп келген. «*Туулган жердин топурагы алтын»* макалында алтын сөзү символ катары салыштырылган.

Эне сөзү да жерди баалоодо символ катары колдонулат. Мисалы: «*Өскөн жер – өз эне, өзгө жер – өгөй эне».* Ошондой эле *«Жеринен ажыраган жети жыл ыйлайт», «Жеринен оогонго жети жыл конуш жок», «Жеримде жээрде сакал бий элем, эми жети саткан кул болдум», «Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырдайсың», «Жайын билбей, жер тандаган кызык», «Алын билбей эр тандаган кызык»* деген макалдар элден бөлүнүп бөтөн жерди жердеген адамдарга карата колдонулат. Ошондон улам кыргыздын менталдык белгиси катары *жерди таштабайт, жерди сатпайт, жерди чанбайт, жерди таарынтпаш керек, жерге аяр мамиле талап кылынат* деген тилдик тыюулар колдонулуп, салттык түшүнүктөр сакталган. «*Ата конушу – мурас»* деп айтылып, аны улап жашоо салт катары улуу муундан кичүү муунга, атадан балага өтүп турган. Ата конушуп таштап же сатып кетүү, атанын атын өчүрүү менен же элин сатып кетүү менен барабар деп саналган. Мисалы: «*Жерин саткан эл оңолбойт, элин саткан эр оңолбойт», «Жерин сүйбөс эл болбойт, элин сүйбөс эр болбойт»* деген макалдар ушул түшүнүктөн улам туруктуу тилдик туюнтма катары колдонулуп келет. «*Жер чатагы жети атага кетет», «Жер-талаш, эл-талаш»* деген макалдар аркылуу аталган жагдайда чыр-чатак, талаш-тартыш жаралат, андай адамдардын келечегинде жолу болбойт, ар кандай кырсыктардын, жоготуулардын болушу күтүлөт деп эсептелген. Салт боюнча жашаган үйүн кичүү балага калтыруу жөрөлгөсү сакталып, ал *«түтүнүн булатуу»* тилдик туюнтмасы менен түшүндүрүлгөн.

Ошондой эле өлүм концептине байланыштуу каза болгон адамдын сөөгүн кастарлоо, баалап барктоо да өз жери, өз мекени менен тыгыз байланыштуу каралган. Бул салттын кыргыз элинин этнографиясынан орун алгандыгын белгилүү изилдөөчү С.М.Абрамзон илимий негизде жазган: «Маркумдун сөөгүн жеткизүү такыр мүмкүн болбогон жагдайда денеенин кээ бир мүчө сөөгү алынып келинип, сөөк коюу шарты орундалган» – деп, С.М.Абрамзон жерге берүү салтынын негизи каза болгон адамдын сөөгүн кастарлоо менен байланыштуу экендигин белгилейт. Бул салт жерди сыйлоодон жаралган [11, 42-43 б.].

Эл, жерди кыдыруу, башка элдер менен болгон карым-катыш, достук, туугандык мамиле сакталышы керек деген түшүнүк кыргыздын өзгөчө менталдык түшүнүгү катары бааланган. Бууга байланыштуу «*Атаң барда эл тааны, Атың барда жер тааны», «Жер тамырынан эл тамыры көп»* деген ж.б. макалдарыбыз бар. Кандай болгон учурда да, өз жерине, элине болгон тартылуу, аны баалоо, барктоо кыргыз элинде өзгөчө күчтүү. Мисалы: «*Ат тойгон жерине качат, эр туулган жерине шашат», «Жерин сүйбөс эл болбойт, Элин сүйбөс эр болбойт* ж.б. деген мекенин, туулган жерин сыйлап жашаган элдин жашоо образын туюндурат.

*Жер – эмгекти баалоонун тилдик символу.* Жерди кыргыздар өзүлөрүнүн жашоо тажрыйбаларында, иш жасаганда, эмгек кылганда ааанилештирүүнүн символу катары колдонушкандыгы туруктуу сөз айкаштарынан, макалдарынан көрүнөт. Мисалы: «*Дыйкан өгүздөй күчүн берсе, жер инектей сүтүн берет», «Эл эмгегин жер жебейт», «Жер кишинин акысын жебейт», «Жер чапкандыкы, мал баккандыкы», «Жерге өзүң ийилбесең, жер сенден кийиндейт», «Жердей март да жок, жердей зыкым да жок», «Жер жемишин берет, эл эмгегин берет», «Жердин көркү – эгин, эрдин көркү – билим»* ж.б.

*Жер – кен байлыкты, сууну мазмундаштырган тилдик символ.* Мисалы, «*Жер байлыгы – эл байлыгы», «Жер – казына, суу – алтын», «Жамгыр жаасa, жер ырысы, баатыр туулса, эл ырысы»*. Бул жерде кен байлыктан баштап, жаратылыштагы бардык баалуулуктар жерге тиешелүү байлык экендиги кыргыз эл байлыгынын символу катары мазмундаштырылган. Жерди казынага салыштыруу кен байлыктарга байланыштуу деп кабылдоого болот. Молчулук, барчылык, токчулук – бардыгы сууга, жамгырга байланыштуу экендикти туюндурууда сууну баалоонун тилдик символу катары алтын сөзү колдонулган. Демек, бул

макалдарда кыргыз дүйнө таанымына байланыштуу «жер» концептине мүнөздүү өтө жалпы баалуулуктар туюндурулган.

*Жер – орунду, мезгилди туюндуруунун тилдик символу.* Мисалы, «*Сөздү уккан жерге айт, сууну сиңген жерге куй», «Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы»* деген макалдарда «жер» концептине байланыштуу орундук да, мезгилдик да маанилер туюндурулган. «Суу сиңген жерге куй» дегенде мезгилдик жана орундуулук маани үстөмдүк кылып турганы байкалат. Ал эми «сөздү уккан жерге айт» дегенде да ушул маанилер камтылган. Мисалга алынган экинчи макалдан бардык нерсе бир калыпта болбой, өнүгөрүн, өсөрүн, өзгөрөрүн, мезгил өткөн сайын коом да өнүгүүгө, өзгөрүүгө дуушар болорун, эл да жаңыча көз карашка, жаңыча жашоо образына ээ болуп, эл менен бирге жердеги баалуулуктар да өзгөрөрүн, жаңыча иштетилерин подтексттик маалымат катары туюнууга болот.

*Жер – өлүмдү мазмундаштыруунун тилдик символу.* Жер лексемасы «кара» сөзү менен айкашып, *кара жер* сөз айкашы уюшулат. Ал негативдик маанидеги туруктуу тилдик туюнтмалар менен түшүндүрүлөт да, басымдуу түрдө өлүм концептине карата колдонулуп, төмөндөгүдөй маанилик өзгөчөлүктөргө ээ. Мисалы: *Кара жерди жамандаба, кайтып бир күн барарсың, калың элди жамандаба, каргышына каларсың, Ажал жетип күн бүтсө, кимди сорбойт кара жер* ж.б.

Өлүм концептине байланыштуу бата-тилек маанисиндеги туруктуу тилдик маалыматтар кыргыз диний дүйнө таанымында каза болгон адамды сыйлоо, узатуу жөрөлгөлөрү менен байланышта жаралганы байкалат. Мисалы: *жаткан жери жайлуу болсун, топурагы торко болсун, бейиштин төрүнөн орун берсин* деген ж.б. туруктуу тилдик каражаттар дал ушул өңүттө айтылган маанилерди билдирип турат.

Жыйынытыктап айтканда, жогоруда семантика-функционалдык, тилдик дүйнө таанымдык жана тилдик маданият таануучулук багыттарда иликтөөгө алынган тилдик маалыматтар концептуалдык жактан бир бүтүндүктү түзөт. Алар жер тууралуу семантикалык талаага дал келет да, лингвокогнитивдик, лингвокультурологиялык багыттарда жер жөнүндөгү улуттук аң-сезимдин чегиндеги билимдерди жана таанымдарды изилдөөдө белгилүү орду бар деп эсептелет.

*Жер* – концепти мифологиялык (диний) дүйнө таанымга ылайык, *бул дүйнө, тиги дүйнө* түшүнүктөрү менен ассоциацияланат, мазмундаштырылат. Аталган багытта мааниге ээ болгон этнолексика, фразео-

логизмдер, макал-ылакаптар улуттук тарыхый маалыматтарды, элдин менталдык өзгөчөлүгүн, жашоо образын чагылдырган туруктуу тилдик каражаттар катары каралышы кажет. Мындай дүйнө таанымдык мүнөзгө ээ тилдик каражаттар бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой колдонулуп келүүдө.

Кыргыз тилин өз тили катары сүйлөгөндөрдүн аң сезиминде *жер* концепти *төрөлүү, өмүр, өлүм* түшүнүктөрү менен репрезентацияланып, тилдик философияны чагылдырган концептуалдык бүтүндүктү түзөт.

Жер – кубанычты, кайгыны, бакытты, сүйүүнү, бийликти, баш аламандыкты ж.б. мазмундаштырган тилдик метафоралардын (жерге батпоо, жер кучактатуу, жер баспай калуу деген ж.б.) символу.

Жер – кандайдыр бир нерсеге кыйынчылык менен жетүүнү түшүндүргөн тилдик символ (жерден чукуса да табуу ж.б.).

Жер – кандайдыр бир күтүлбөгөн окуялар менен ассоциацияланып тилдик символ катары ар кандай өңүттөрдө колдонулат (жерден чыга калгандай, жер жутуп кеткенсип ж.б.).

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө жер концепти каада-салттык кандайдыр бир ишмердикти, окуяны, нерсени баалоо үчүн сөз айкаштарында, туруктуу тилдик каражаттарда да символ катары ар кыл маанилерде колдонулат (жерге жашыруу, сөөктү жерге коюу, топурак түйүп берүү ж.б.).

# 3-БАП. МАДАНИЙ НЕГИЗГИ КОНЦЕПТТЕРДИН КОГНИТИВДИК-ТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## 3.1. «Боз үй» концепти

Дүйнөнүн тилдик сүрөтү кыргыз маданиятынын улуттук дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрүн таанып билүүгө өбөлгө түзүп, маданий мурастарды терең өздөштүрүүгө, сактоого, улантууга таяныч болуучу илимий-теориялык база болуп эсептелет. Кайсы гана элдин улуттук тилдик дүйнө сүрөтүнө кайрылбайлы, ошол тилге тиешелүү негизги сөздөрдүн жыйындысы (Шмелевдун пикири боюнча) түйүндүү концепттерди репрезентациялоо үчүн негиз, ачкыч (ключ) катары колдонулат [94, 17-б.]. Маселен, *өмүр, жашоо, мекен, суу, жер, тоо, үй* ж.б. атоолору (түшүнүктөрү) бардык элдердин тилдик маданий коомчулугуна таандык. Бул негизги сөздөр баардык тилдерге тиешелүү универсалдуу мүнөздө болгону менен, алар ар бир тилде улуттук маданиятты камтыган өзгөчө боекторго ээ мазмундуу маалыматтарга сугарылган. Дал ошондой негизги сөздөрдүн бирине *үй* лексемасы кирет.

Жалпы дүйнө таанымдык мааниге ээ *«үй»* лексемасын дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *«боз үй»* концепти менен түшүндүрүүгө болот. Орус тилинде боз үйгө «Юрта (также устар. кибитка) переносное каркасное жилище с войлочным покрытием у тюркских и монгольских кочевников» деп түшүндүрмө берилет. Юрта сөзүн түрк тилиндеги *«jurt»* сөзүнүн эквиваленти катары кароого болот. Жалпы түрк тилинде *«jurt»* эл, туулган жер мааанилерин билдирери, кыргыз, казак тилдеринде *Ата Журт* мекен мааанилерин туюндурары, ал эми монгол тилинде *гэр* үй сөзүнө синонимдеш мааниде экендиги Орус энциклопедиялык сөздүгүндө белгиленген. *Юрта* – кыргыз тилинде *боз үй*, казак тилинде *кийиз үй* деп аталары да айтылган [329]. Сырткы жабдуулары кийизден жасалып боз өндүү болгондуктан, кыргыз тилинде *боз үй* лексемасы туруктуу атоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп калганы белгилүү.

*Боз үй* – кыргыз элинин тарыхый мүнөзгө ээ, негизги турак-жайы. *Боз үй* лексемасына синонимдеш мааниде *ак үй, ак өргө* лексемалары да колдонулат. Мындай атоолор улуттук аң-сезимде тарыхый өзгөчөлүккө ээ болгон таптык мүнөздөгү маалыматтарды өзүндө камтып турганы боюнча ой-пикирлер бар. Маселен, ушул көрүнүштү белгилүү этнограф С.М.Абрамзон мындайча белгилейт: «В прошлом бедняки жили в маленьких прокопченных юртах, покрытых рваными серыми, темны-

ми войлоками. Юрты богачей и манапов отличались не только большими размерами, но и качеством войлочных покрышек: это были белые плотные и тонкие войлоки, украшенные большим количеством узорных шерстяных (тканых) и войлочных полос. По-особенному отделывались и деревянные части юрты» [11, 117-б.].

*Боз үй* лексемасынын терең маанисинде өзгөчө орун ээлеген архетиптик образдарга бай, байыркы мезгилдерден бери баалуу өзгөчөлүктөргө ээ улуттук дүйнө таанымдын чегинде өтө көп мазмундуу маалыматтар камтылган. Боз үйдүн сырткы түзүлүшү менен катар ички мейкиндиги кыргыздардын жашоо образын, материалдык жана руханий маданиятын дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтү аркылуу чагылдырып турат. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «боз үй» концепти көптөгөн туруктуу тилдик каражаттар, фразеологизмдер, макал-ылакаптар, учкул сөздөр, көркөм тексттер менен түшүндүрүлөт. Демек, «*боз үй»* концептине карата тилдик өңүттөн мамиле жасоо, ага лексика-семантикалык, функционалдык жана концептуалдык аспектиде анализ жүргүзүү абдан актуалдуу маселе болуп саналат. *«Боз үй»* лексемасы элдик оозеки чыгармаларда, макал-ылакаптарда, фразеологизмдерде, көркөм тексттерде, учкул сөздөрдө өзөк маани катары катышып, кыргыздардын ар тараптуу жашоосун чагылдырган терең мазмунга ээ концепт катары анализге алынышы зарыл.

Кыргыздардын жашоо ритмине ылайык боз үй көп кылымдар бою өзүнүн практикалык жактан максималдуу пайдалуу, жыйынтыктуу, жеңил, ылайыктуу жана ыңгайлуу касиет-белгилерине жараша тандалып алынып, көчүп конууга ары жеңил, ары ылайыктуу болуп келген. Ушундан улам көчмөн кыргыз эли дегенде боз үйдү, боз үй дегенде кыргыз элин түшүнөбүз. Боз үй материалдык жана рухий баалуулуктарды жуурулуштуруп турган улуттук тилдик дүйнө таанымдын жана тилдик маданият таануунун – символу. Боз үйдүн элементтери да боз үй концептин мазмундаштырган тилдик символдор катары кабыл алынат. Боз үйдүн ар бир эмерегинен жана буюмдарынан мейкиндик жана коомдук мүнөзгө ээ мазмундуу маанилерди өздөштүрүүгө болот.

Мейкиндик модели ар бир доорго, ар бир элдин дүйнө кабылдоо өзгөчөлүгүнө ылайык ар тараптуу өнүгөт жана өзү менен кошо жайгашкан жердин образын, семантикалык түзүмдөрдөгү көп түрдүү маанилерди жарата алат. Мындай моделдерден өзгөчө түр, сапат катары табияттын көчүрмөсү, экинчилиги келип чыгат да, улам алдыга өнү-

гүүгө, байланышты бекемдөөгө мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Алсак, кыргыздардын иррационалдуу аң-сезимдеги мифологиялык дүйнө сүрөтүндө баёо көз караштарга таянсак, *боз үй* ааламды символдоштурган белги болуп эсептелет. Анткени жер баарынан мурда адамдар жашаган «жарык дүйнө» түшүнүгүндөгү үй катары элестетилген.

Кыргыздардын мифтик дүйнө таанымы боюнча, жер – айланасын суулар курчаган, тегерек формасындагы кургактык, ааламдын борбору. Ал эми асман жерди үстүнөн жаап турган бөлүк катары түшүндүрүлөт [42]. Боз үйдүн формасы да дал ошол алгачкы элестөөлөрдүн, салыштыруулардын негизинде образдуулукка ээ болуп, ааламдын кичирейтилген көчүрмөсүн, бейнесин туюндурат.

Ал эми жалпы эле түрк тилдүү элдерде боз үй көчмөндөрдүн кийиз үйү деп аталып, жалпы дүйнөнүн киндиги, тик (вертикаль) формадагы же ар тарапка таралган жантык (горизонталь) багыттардын башы. Ал эми көчмөндөр түшүнүгү боюнча, жер мейкиндигинин борбордук чекити, башкача айтканда, талаа мейкиндигиндеги борбор – өз түндүгү, өз айылы, өзүнүн үй бүлөсү. Боз үй дал ушундай дүйнө тааным катарында түшүндүрүлгөн [254, 116-121-б.]. Белгиленгендей, боз үй – турак-жай деген түшүнүктү гана билдирбестен, мейкиндикти чагылдырган лингвофилософиялык, лингвокогнитивдик мааниге ээ тилдик символ. Лингвомаданий өңүттөн караганда, боз үй – коомдук-социалдык мүнөздө кичинекей мамлекетти туюндурган тилдик символ, үй-бүлөнү мазмундаштырган тилдик символ. ж.б.

Боз үй тууралуу алгачкы маалыматтарды кыргыз эли байыркы мезгилде жердеген Енисей аймагынан табылган эстеликтерден кезиктирүүгө болот. Мында таштарга боз үйдүн да сүрөтү түшүрүлгөн. Маалыматтарга ылайык, бизге боз үйдүн эки түрү: түз жерде жашагандарга ылайыкталган сүйрөмө түрү жана тоолуу жерде жашагандарга ылайыкталган жүктөмө түрү белгилүү. Көчмөн кыргыздарда алардын жашоо шартына ылайык келген боз үйдүн жүктөмө түрү өннүккөн. Илимий маалыматтарга таянганда, боз үйдүн жүктөмө түрүн *буума алачык, сайма алачык, жаппа алачык* жана *жолум үй* деп аталган көчүрүп жүрүүчү турак жайлардын өнүктүрүлгөн формасы деп атоого болот [305, 34-39-б.].

*Боз үй* – жогоруда белгиленген көчүрүп жүрүүчү турак жайлардын өнүктүрүлгөн формасы. Ал тоолуу жерде жашаган көчмөн элдердин бат чечип, жеңил жүктөп, тез тигүүгө ыңгайлуу турак-жайга болгон

муктаждыгынан келип чыккан. Көчмөн кыргыз элинин жашаган жеринин географиялык жагдайына ылайык көчүп конгонго ыңгайлуу боз үй алардын мифологиялык дүйнө таанымында кичинекей космос, дүйнөнүн кичинекей көчүрмөсү катары кабыл алынган. Маселен, түндүгү күндүн көчүрмөсү же символу, күмбөзү – асман көчүрмөсү же символу, капталдарындагы тегерек форма (үч канаты) жердин тегерек формасы деген түшүнүктөрдү камтыйт. Боз үйдүн турпаты (каркасы) негизги төрт бөлүктөн турат: *түндүк, уук, кереге жана босого.* Кыргыздардын улуттук тилдик дүйнө сүрөтүндө *түндүк* жана *босого* – үйдү, өз дүйнөнү сырткы дүйнөдөн бөлүп турган белги. Түндүк – боз үйдүн төбөсүндө жайгашкан эң жогорку бөлүгү. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө түндүк маданий артефакты катары күндү символдоштурат. Түндүк – комостогу Күндүн кичирейтилген жердеги сүрөтү. Анын тегерек формасынын өзү – чексиздикти таанытткан символ. Түндүккө айланта тизиле кадалган ууктар – күндөн чачыраган шооланы көз алдыга элестетет. Мындай көз караштарды казак тилдик дүйнө таанмынан да кезиктирүүгө болот [252, 62-б.].

*Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө боз үй жана анын эмеректери – үй-бүлө, укум-тукумдун уланышынын символу.* Түндүк – үй, үй-бүлө, үй-бүлөлүк биримдиктин, ынтымактын, үй-бүлөлүк бекемдиктин тилдик символу. Кыргыз дүйнө таанымында түндүк ыйык, касиеттүү деп бааланат. *Түндүктү аттабайт, түндүктү тебелебейт, түндүктү сындырып, бүлдүрбөйт* деген тилдик тыюулар стереотип катары колдонулат. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө ушуга ылайык, бата, каалоо-тилек, алкыш маанисиндеги төмөнкүдөй туруктуу тилдик каражаттар колдонулуп келген: *Түндүгүңө түмөндөгөн эл батсын, Түркө эл (түрк эли) бир казандан даам татсын! Түндүгүң бийик, чамгарагың бекем болсун! Түндүгүң бийик, керегең бек болсун! Чамгарагын бузулбасын, чамгарагың чайкалбасын, түндүгүң түшпөсүн. Түндүгүңдөн түтүн үзүлбөсүн, чамгарагың көтөрүлсүн* ж.б. (К.Ашымбаев) Аталган тилдик туюнтмаларда түндүк үй-бүлөнүн символу катары колдонулуп, үй-бүлөлүк бекемдик, түбөлүктүүлүк, береке, ырыскы, биримдик, ынтымак ж.б. болсун деген кыйытма маанилерди туюндурат. Боз үйдүн түндүгү ыйык, касиеттүү деп бааланат. Ошондуктан аны көтөрүү да атайын кадыр-барктуу эркек адамдар тарабынан ишке ашырылат. *Аял киши түндүк көтөрбөйт* деген тилдик тыюу да колдонулат. Үйлүү болуунун, үй-бүлөлүк жашоону улантуунун символу катары каалоо-тилек

маанисиндеги *Түндүгүң көтөрүлсүн* деген өтмө, метафораланган тилдик туюнтма үй куруп, үй тигип жатканда же баш кошуп жаткан жубайларга карата колдонулат. Ал эми *түндүгү түшүү, түндүгү кулоо, чамгарагы чачылуу, чамгарагы түшүү* деген өтмө маанидеги метафораланган тилдик туюнтмаларда, фразеологизмдерде үй-бүлөнүн кырсыкка кабылышы, жок болушу, оор жоготуу, тукумдун үзүлүшү деген терс маанилер камтылган. Аталган туюнтмалар каргыш маанисинде да колдонулат. Маселен, *түндүгүң түшкүр, түндүгүң кулагыр, чамгарагы сынсын, чамгарагы түшсүн* ж.б. терс каргыш маанисиндеги туюнтмаларда үй-бүлөнүн ынтмагы, биримдиги, ырыскысы ж.б. бузулуу, бүлгүнгө учуроо, кыйроо, талкалануу көрүнүшүн каалоо маанилери кыйытылып туюндурулган.

Мифологиялык дүйнө таанымга ылайык, кыргыздарда түндүк үрп-адаттарга байланыштуу түшүнүктөр менен да тыгыз байланыштуу. Маселен, боз үйдүн түндүгү үй ээлерин шайтандардан коргоочу архетип катары кабыл алынган. Анын түзүлүшү, бөлүктөрү, материалдары, сапаты түздөн-түз үй-бүлөнүн коргоочусу деп элестетилген. Түндүк «кут» түшүнүгү менен өзгөчө тыгыз байланышта болгон. *«Кут түшүү»* – байыркы замандан бери келе жаткан кыргыздын элдик ишеними. Кыргыз дүйнө таанымында куттун түшүшүн мындай деп түшүндүрүшөт: *кут* түн ичинде түндүктөн же үзүктүн тешигинен коргошун сыяктуу балкып үйдүн ичине кирет. Жылып жүрүп отуруп, коломтого түшүп жок болот. Ошол кезде үйдүн ээси- *«Кудай, тилегимди бер! Менин тилегим бул...»* деп жалынса, ошол тилеги кабыл болот деп айтылат. Жеке кыргыз эмес, түрк элдеринде да бул ишеним бар. Ошондуктан дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *«Түндүгүнөн кут түшүптүр»* деп айтылат. Ал «үйүнө бакыт, ырыскы, береке орноптур» деген маанини кыйытып туюндурат. Ал эми түндүктүн чамгарагы түбөлүк кыймылдын, жарык берүүнүн символу болуп эсептелген. Күндү символдоштурган түндүк – адамдарга тирүүлүк, жашоо тартуулоочу символ. Ал эми жашоонун түрдүү жолдор менен уланышын туюндурган кайчылаш кесилиштер чырым (крест) түрүндө жасалып, *чамгарак* деп аталат. Уктар менен түндүктөн жаралган купол маданий чек менен сиңишип, асман менен жердин айкалышын символдоштурат.

Түндүк менен функционалдуу жактан тыгыз байланышкан эмерек – бул бакан. Бакан – жоондугу билектей, узундугу 3-4 метрдей, баш жак учу ачакей таяк. Анын жардамы менен түндүк көтөрүлгөн. Мын-

дан сырткары бакан төрөткө байланыштуу салттарда да кеңири пайдаланылган. Ушундан улам *бакан* сөзү өмүр жана өлүм, укум-тукумдун уланышын туюндурган тилдик символдук маанилерге ээ. *Бакан* – туруктуулуктун, үй-бүлөлүк бекемдиктин, күчтүн жана үй-бүлөнүн ийгиликтеринин символу. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө бакан тилдик символ катары туруктуу тилдик туюнтмаларда кеңири колдонулат. Маселен, бакан өзгөчө эркектерди мүнөздөөдө тилдик символ катары маанилерди туюндурат. Мисалы, *Үй баш сайын жырык атан, Жалгыз буттуу, жандан күчтүү*; *Ай-айлаган жоо келсе, Айры сакал атам токтотот* (табышмак) деген баканды символдоштурган табышмактар да бар. [266, 124-125-б.]. Ушул түшүнүктөргө байланыштуу *бакандай бала, бакандай жигит, бакандай азамат* деген салыштыруулар да арбын колдонулат. Мисалы, *Бакандай бала төрөлдү. Бакандай балалуу болушту* ж.б. *Алты бакан селкинчек* деген атоо да бар. Ак өргө, көлөмдүү боз үйлөрдүн түндүгү оң жагынан да, сол жагынан да бакан менен тиретилет же көтөрүлөт. Ал эми селкинчекти бекем орнотууга колдонулган жоон таяктар бакандын образын элестеткендиктен бакан деп аталып калса керек деп ойлойбуз.

*Бакан* деген сөздүн экинчи бир мааниси «найза ордуна колдонулуучу *узун шыргай, жыгач»* дегенди билдирет. Кыргыз тилинде *келе бакан куу союл* фразеологизми *бакан* деген сөздүн экинчи маанисин билдирет. *Келе бакан куу союл* – чыр чатакты жакшы көргөн, уруш десе тура жөнөгөн, уу десе чуу деген, чуулгандуу адамдарды туюндурган фразеологизм. Мисалы, *Кандай келе бакан куу союл жигиттердин жыйырмасын тандады* (Т.Үмөталиев), *Ээ балам, сенсиз деле кыргызда келе бакан куу союл аз эмес деди Бурма* (А.Токомбаев) [169, 391-б.].

Боз үйдүн кийинки эмереги бул *уук* болуп эсептелет. Ал кереге менен түндүктү бириктирүүчү функцияга ээ, «…мындайча айтканда, «чатырчанын кабыргасы» катары кызмат кылат» [249, 64-б.]. Айрым окумуштуулар туура баамдашкандай, түндүк аркылуу түшкөн Күндүн нурунун ууктарга чагылдырылышынан келип чыккан бурчтуктан убакытты билүүгө болот [244, 175-б.]. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө убакыт өлчөмүн, саатты билдирген тилдик туюнтмалар төмөндөгүдөй: *Шашке – күн аркан бою көтөрүлгөн кез. (же саат 10.30 болгон учур); Улуу шашке – саат 11.30га туура келет; Жалган түш – саат 12 – 12.30га туура келет; Чак түш – күн так төбөгө келген кез (саат 13-13.30) Түш оогон – күн оң капталга жылган кез. (14 – 14.30)*. Окумуш-

туу А.А.Галиев ушуга байланыштуу мындай деп жазат: «Будучи моделью мира, юрта привязывалась к сторонам света, что позволяло использовать ее в роли своеобразных часов. Пастухи определяли время по чертёжу юрты, точнее по тени палочки, расположенной в центре такого чертежа» [69, 79-б.]. Илимпоздун бул айткандарында чындыктын үлүшү бар экени талашсыз.

*Уук* символдук мааниде окту туюндурат. Чындыгында, *уук окту, найзаны* элестетет. *Кыркырак абышкага кырк ок тийди, Кыркырак абышкага кырк найза тийди* (табышмак) деген образдуу тилдик туюнтмада *уук – окту, найзаны* символдоштуруп турат. *Ууктардын* саны боз үйдүн көлөмүнө жараша кырк, алтымыш, сексен, айрым учурда жүзгө да жеткен.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *уук* орто жашка чейинки эркек адамдардын образын да символдоштурат. Мисалы, *Бирөөдө кырк уул бар, Кыркынын кырк аягы бар*. *Кыркырак абышка өлөмүн дейт, Кырк уулу кырк жагынан жөлөймүн дейт. Анда санда иштен түшүп калат, ага деле болбой кайра орношуп алат. Жетимиш жигит жөлөп, Сексен жигит таяйт* деген ж.б [276, 122-б.] табышмактарында *уук – уул, жигит* сөзүн символдоштурат. *Уугум сага айта, уулум сен ук…* макалынын терең маанисинде уук – үй-бүлөдөгү эркек баланы тарбиялоонун, сөздөрдү кыйытып туюндуруунун символу.

Боз үйдүн өзгөчөлүгүн билгизген эмеректердин бири болуп *кереге* эсептелет. Ал үйдүн дубалын түзөт. Ага уук бекитилип, ууктун экинчи жагы түндүккө сайылып, боз үйдүн негизги турпаты (конструкциясы) курулат. Кереге – оңой бүктөлүп, тез жыйналган эмерек. Ал эми боз үй тигүү мезгилинде кереге керилип орнотулат. Ушуга байланыштуу Б.А.Куфтин өз оюн мындайча билдирет: «…слово *«кереге»* этимологически происходит от корня «кер» - растягивание» [149, 34-б.]. Керегенин боз үйдүн башка эмеректеринен айырмачылыгы анын керилүү сапатында. Боз үй көрктүү тигилиши үчүн керегени тууралап, кынаптап, түз жерге отургузушкан. Бул тилдик маалыматтарда көркөм жана образдуу туюндурулат: *Керегесин кынадың, Керүүдөн туруп сынадың»* (Жеңижок). Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *кереге* сөзү катышкан тилдик туюнтмалар, макал-лакап, табышмактар, фразеологизмдер кыргыздардын рухий маданиятынан кабар берип турат. Маселен, кереге жана ага карата боз үйдүн чечилген учурундагы керегенин үч төрт тарапка бөлүнүшү, туш тарапта коюлушу сыяктуу динамикалык-

сценарийлик кыймыл өтмө образдуу, күчөтүү маани жаратып, фразеологизм катары да колдонулат: *кызыл кереге кылуу* – кыргын салуу, кыйратуу, басып алган жеринин эч нерсесин койбой чаап, талап алуу, олжолоп кетүү. *Айылын кызыл кереге кылып талап кетишти* («Ала-Тоо»). Аталган фразеологизмде *кызыл* сөзү өндү гана билдирбестен, күчөтүү, көбүртүү маанисин да билдирүү үчүн колдонулган. Кызыл түс – согушту, кан төгүлүүнү маалымдаган символ [30, 105-б.]. Керегенин чечилип ар кайсы жерде жатышы элестүү образдуулукту, күчөтүү маанисин жараткан. Ошондой эле, *керегени баса көктөө* фразеологизми бирөөгө кысым көрсөтүү, күч көрсөтүү, катуу кысымга алып, оор абалга келтирүү маанисин туюндурат. *Керегени баса көктөгөндөй кылбагыла* [30, 106-б.]. Керегени көктөө динамикалык кыймылы салыштыруу, элестүү образ жаратуу менен фразеологизмдин жаралышына негиз болгон. Керегени көктөөдө *көктү* (жиптин ордуна төөнүн, уйдун, топоздун териси иштелгенден кийин, ичке тилинип жасалган кайыш) ичке көзөнөктөн өткөрүп, күч менен басып тартып, өзүнүн жекече ыгы менен көктөлөт. Көктүн учтуу жагы керегенин тешигинен өткөрүлүп, чирене тартылып, кайрадан тешилип түйүн чыгат [19]. Бул кыймылдуу процесске жумшалган көптөгөн даярдык, атайын чеберчилик, физикалык күч образдуу маанини жаратууда белги-символ катары колдонулган. *Керегесин жайдактоо* фразеологизми аркылуу кыргыздардын ырым-жырымын түшүнүүгө болот. Мында боз үйдүн үзүктуурдуктарын сыйрып салып, аза күтүү мааниси билдирилет. *Үйлөрдүн керегиси жайдакталып, аза күтүштү* [169, 396-б.].

Кереге сөзүнө байланыштуу кыйыта, каймана мааниде сүйлөө, сөздүн төркүнүн аңдай билүү өзгөчө кыргыз дүйнө таанымынын рухий маданиятына тыгыз байланыштуу. Каймана маанилерди туюндуруунун символу катары *кереге* сөзү образдуу колдонулган. Маселен, *Керегеде кулак бар, кеп айтар болсоң, ыраак бар* макалында кеп айтуудан мурда шарт-кырдаалды, жанындагы адамдарды эске алуу, ойлонуп сүйлөө, сырды сактай билүү, сөз айтуунун ордун билүү сыяктуу кыйыр, подтексттик маалыматтар бар. *«Келини жакшы үйдүн керегеси алтын»* макалында үй-бүлөдөгү сый-урмат, үйдөгү тазалык, тамак-аш даярдоо ж.б. жагымдуу жагдайды (уют) түзүү жакшы келинге байланыштуу экендиги жөнүндө каймана маанини туюндурууда *алтын кереге* сөз айкашы образдуу символдоштурулган. *Жетимиш кемпир жер тиштейт, токсон кемпир тон тиштейт* табышмагында кереге – образдуу, өтмө

маанини туюндурган *кемпир* сөзүнүн тилдик символу. *Кереге* сөзү батага байланыштуу тилдик каражат катары да колдонулат: *Уулуң уучтуу болсун, керегең кептүү босун, Келиниң септүү болсун!* Үй-бүлөдө бардыгы берекелүү, ырыскылуу, телегейи тегиз болсун деген маанилерде *кереге* символ катары катышкан. *Керегеси май болуу* – фразеологизми аркылуу үй-бүлөлүк жашоонун жакшырышы, байлык орношу маанилери туюндурулат.

Боз үйдүн керегесинин сыртынан атайын согулган чий тегерете каланат. Чий – тоо этектеринде, шор топурактуу талааларда өсүүчү өсүмдүк. Согууга арналаган чий кеч күздө, сөңгөгү катып, толук жетилген маалда алынат. Бул учурда аны *тартылган чий* деп аташкан. Тартылган чий абдан кургатылып, сырткы кабыгы тегиз тазаланат. Ал *акталган чий* деп аталат. Андан кийин чийге жаратылыштын (тоо, талаа ж.б.), жаныбарлардын (жылкы, бугу, элик ж.б.), кыргыз маданиятын туюндурган ар кандай нерселердин көчүрмөсү, боелгон жүн менен чийге чырмалып, кооздолуп, элестери түшүрүлөт да, чий керегенин сыртынан жабыла тургандай калыпта согулат. Бул көп жылдык өнүгүүгө ээ болгон кыргыз элинин эстетикалык сезиминен, дүйнөнү эстетикалуу кабыл алуусунан ачык кабар берет. Натыйжада, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө чий төмөндөгүдөй көркөм, образдуу тилдик туюнтмалар аркылуу берилет: *Көчкөндө бөөз, өрүүдө кооз; Ары тоо, бери тоо, Орто жери сары тоо. Адырдагы алты ыргай, Алты ыргайды мен кыйбай, Тешигин бүтөп үйүмдүн, Тегереттим жылуулай. Жерден чыккан жек элем Желпилдеген бек элем. Кырга чыгып кырылдым, Кырк тузакка илиндим* (табышмак) [276, 122-126-б.] .

Тилдик дүйнө таанымда чий семантикалык-функционалдык жактан салт-санааны, үй-бүлөлүк тартипти чагылдыруунун симолу катары тилдик туюнтмаларда колдонулат. Мисалы, *чийге алып коюу* фразеологизми – маркум болгон адамдын кийим-кечесин чечиндирип, көмгөнгө чейин тура турган ордуна жайгаштыруу, алдына чий төшөп жаткыруу (боз үйгө же башка жайга) деген салттык түшүнүктү билдирет. Мисалы, *Сөөктү чийге алып коюптур* [167, 28-302-б.]. *Чыккан кыз чийден тышкары* макалында кыздын башка үй-бүлөнүн бүлөсү болуп кеткендиги жөнүндө кыйыр маалымат бар. Кыргыздардын менталдык өзгөчөлүгү боюнча үй-бүлөдө кыз кишини сыйлоо өзгөчө мүнөзгө ээ болгон. *Кыз үйдүн коногу, башка үйдүн бүлөсү* деп өзгөчө энеси тарабынан терең тарбия берилген. Барган үй-бүлөнүн тартибине көнүп, ылайыкта-

шып жашоо, ата-эненин үйүнө конок болуп келүү, сый болуу, үй-бүлөнүн ички тартибине кийлигишпөө деген каймана (подтекстик) маалыматтарды туюндурууда чий үй-бүлө маанисин туюндурган символ катары терең мазмунга ээ маалматты билдирүүдө кыйыр түрдө катышкан. *Чийдин түбүн тешкен жигит* деген образдуу тилдик туюнтмадан терс мааниге ээ шылуундукту, адепсиздикти, эки жүздүүлүктү кабылдоого болот.

Боз үйдүн мейкиндик түзүлүшүн аныктаган семантикалык мааниге ээ объектилердин бири – *босого.* Кыргыздардын мифологиялык дүйнө таанымында *босого* ыйык жер катары кабыл алынган. *Босого* жин-перилердин үй ичине кирүүсүнө тоскоолдук кылат. Адамдарды жамандыктан, өлүм-житимден, оору-сыркоодон сактайт, босого орун алган жерге байлык менен бийлик келет деген ишеним менен ага өзгөчө баа берилген. Ушундан улам дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө босогого жогорку деңгээлдеги семиотикалык маани берилип, төмөндөгүдөй стереотип катары калыптанган тыюу маанисиндеги тилдик туюнтмалар колдонулат: *босогону кулачтабайт, босогого турбайт, босогого уктабайт, босогону тебелебейт*.

*Босого түндүк менен бирге* боз үйдүн бийик деңгээлдеги семиотикалык, белгилик жана сакралдык бөлүктөрү болуп саналат. Ал көптөгөн диндик, мифтик жөрөлгөлөр, ырым-жырым символдору менен коштолуп келет. Түндүк менен босого уюшулган түрдүү түзүмдөрдүн чектерин өз ичине камтуу аркылуу эң бир аярлуу жерге айланышкан. Алар сырткы дүйнө менен ички дүйнөнү бөлүп турат. Ушундан улам түндүк менен босогону түнкүсүн жаап турушкан. Мындан сырткары ар кандай жамандыктан сактайт дешип, босогого кар жиликти илип коюшкан. Үйдөгүлөрдү түндөсү жылаандан сактоо максатында боз үйдүн кире беришине сүт куюлган жалпак идишти калтырышкан.

*Эшик (босого)* боз үйдү аны курчап турган мейкиндиктен бөлүп турат. Эшик – эки дүйнөнү (ички жана сырткы) бөлүп турган чек. Бул чек аркылуу тигил жакка же бул жакка өтүү көптөгөн маданий эрежелер менен коштолгон. Боз үйдүн эшигине байланыштуу кыргыз элинин этномадний жөрөлгөлөрү да арбын. Аны ар бир адам билүүсү шарт. Маселен, атчан конок боз үйгө кырк кадам калганда аттан түшүп, үй ээсинин келишин күткөн. Учурунда аттын туягынын добушун же иттин үргөнүн эшиткен үй ээси конокту тосуп алган. Коноктун боз үйдүн маңдайынан келүүсү жана астынан бастырып өтүүсү үй ээсин сыйлаба-

гандыктын белгиси болуп эсептелген. Тескерисинче, коноктун боз үйдүн артынан же каптал жагынан келиши кубатталган. Кыргыз тилинде боз үйдүн эшиги – жолго чыгууну, олжону, бакытты издөөнү, ошондой эле тышкы дүйнөнүн сырларын өздөштүрүүнү символдоштурган белги. Мисалы, *эшиктен чыгып баратканда оң буту менен аттоо* ырымы бар. *Эшиги майлуу, сүттүү* деген өтмө маанидеги туюнтма *берешен, колу ачык, бай үй-бүлө* деген маанини билдирет. *Эшик* өтмө мааниде колдонулат: *билимдин эшигин ачуу, илимдин эшигин ачуу* ж.б. *Эшик* – меймандостук, мээримдүү жана мээримсиз кабыл алуу менен да тыгыз байланышкан тилдик символ. *Эшигин көрүп, төрүнө өт* (макал) тилдик туюнтмасында, биринчиден, эшиктин алдынын тазалыгы, иреттүүлүгү жөнүндө маалымат берилсе, экинчиден, келген конокту үй ээлеринин мемандостук, мээримдүүлүк менен күтүп алуусу жөнүндө кыйыр (подтекстик) маалымат туюнтурулат. *Эшиги менен кирип, күлү менен чыгуу* (Оту менен кирип күлү менен чыгуу) фразеологизми – бирөөнүн ookатын баш көтөрбөй, эртеден кечке тыным албай, кыңк этпей жасоо маанисин билдирет. *Эшиги (оту) менен кирип, күлү менен чыгып жүрүп кебетем ушул болуп калбадыбы* (Т.Сыдыкбеков) [167, 322-б.]. Ошол эле учурда окумуштуу И.Р.Замалетдинов туура белгилегендей, эшик тескери коннотацияны да түюндурат [95, 215-б.]. Маселен, адамдын тескери нравалык сапаттарын туюндурган макалдар: *«Эшиктен куусаң, түндүктөн түшөт»* шылуундук, эки жүздүүлүк, калпычылык маанилерин туюндурат.

Боз үйдүн мейкиндикке ажыратылышында курчап турган дүйнө символдоштурулат. Алар бири-бирине окшош. Мындай көрүнүш – көптөгөн элдердин турак-жайларына тийиштүү көрүнүш. Н.Л.Жуковскаянын көз карашына ылайык, түрдүү дооpлордо жашашкан, түрдүү элдердин турак жайларындагы түзүмдүк-семантикалык окшоштуктарды, көп сандаган илимий изилдөөлөр белгилегендей, магиядан же биздин ата-бабаларыбыздын купуя сырларынан издебестен, аны алгачкы баш аламандыктын (хаос) арасынан, ааламды ыраатуулукка салуу үчүн жүргүзгөн адамдын эзелки изденүүсүнөн жана ой чабытынан издеп, кабыл алышыбыз керек [93, 15-б.].

Боз үйдүн сырткы жана ички мейкиндиги бир нече белги-символдорго ээ. Белги-символдор «өзүмдүкү – башканыкы», «ички – сырткы», «оң-терс» деген ж.б. түшүнүктөрдүн чегинде жайгашкан. Турак-жайдын маданий чеги (горизонту) тегерекчеде жайгашкан төрт

бурчтукту, төрт тараптуу ааламды элестетет. Иррационалдык аң-сезимде мифтик дүйнө тааным боюнча, бул белгилер жана символдор сактоочу, коргоочу катары кабыл алынып, салттык жөрөлгөлөргө чейин чагылдырылган.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө боз үйдүн ички мейкиндиги *«менин дүйнөм»* маанисин туюндурат да, бийик деңгээлдеги уюшулгандыктын, гармониянын жана тартиптин, иреттүүлүктүн дүйнөсүн мазмундаштырат. Ички мекиндикте үй-бүлө мүчөлөрүнүн бөлүнүшү, жыныстык, жыштык жана социалдык өзгөчөлүктөрдүн эске алынышы, ошондой эле эмеректердин жайгашышы туруктаткан салттар менен байланыштуу болгон. Боз үйдүн ички мейкиндигиндеги жашоо үй ичиндеги адамдардын өз ара мамилелерин жана ырым-жырымдардын сакталышын жөнгө салып турган [60, 78-б.].

Боз үйдүн ички мейкиндиги төрткө бөлүнөт: 1) *Төр* – босогого каршы келген, очоктон кийинки сыйлуу жер. Төрдө коноктор, үй ээси, эрекектердин улуулары орун алган. 2) *Эр жак* – боз үйдүн сол тарабы. Бул жерде орто, жаш куракгы эркектер жана жаңы үйлөнгөндөр жайгашкан. 3) *Эпчи жак* – үйдүн кире беришинин оң жагы. Аялдар оокат кылуучу жай. Анда *ала бакан* орнотулуп, ашкана каланып, тамак-аш, идиш-аяк сакталып, аяк кап, чыны кап илинген. 4) *Улага* – боз үйдүн кире бериши. Улага босого, эшик менен синонимдик мааниге ээ. Боз үйдүн ички бөлүнүшү *төр, эпчи жак, эр жак*, *улага* жана башка аталыштар хакастар менен тувалардын тилдик дүйнө сүрөтүндө кыргыз тилдик дүйнө сүрөтүнө окшош аталып, жалпы мааниге ээ. Боз үй жана анын эмеректеринин аталышы консервативдүү мааниге ээ болуу менен, тарыхый дооpлордун өнүгүүсүнө карата өзгөрүлбөй сакталып келет.

Боз үйдүн ичинде үй-бүлөнүн, коноктордун *төргө, эр жакка, эпчи жакка* отуруусу атайын белгиленген тартипте ишке ашкан. Маселен, улуулата орун алуу, бирин-бири сыйлоонун белгиси болуп эсептелип, стереотип катары сакталып калган. Эң улуусу төргө, андан кийинки коноктор ирети менен *эр жакка* отурушкан. Ал эми аял кишинин орду *эпчи жакта* болгон. Ордун туура таап отурбаган адамдар катуу сынга алынган. Улуттук аң-сезимде калыптанып калган бул концептуалдык маалыматтар тилдик дүйнө сүрөтүндө туруктуу тилдик каражаттар, көркөм тексттер аркылуу туюндурулат. Маселен, *«Эшиктен кирип, төр мениki дейт»* макалынын терең маанисинде *үй-бүлөнүн тартибине көнбөгөн, нысапсыз, ыймансыз, тарбиясы жок* деген маанини билди-

рип турат. *Төрдөн орун тийген болсо нааданга, улагада калганыңа арданба, А акылман улагада калса эгер, анда ал жер ардактуу деп биле бер, акылына жараша да сый, урмат, Ага төр да, улага да жарашат* (Ж.Баласагын) көркөм текстинде төрдөн орун алуу дайыма сыйлуу, кадыр-барктуу, улуу адамдарга тиешелүү экендиги жөнүндө маалымат кыйыр туюндурулган. Төр бийиктикти билгизүү менен үйдүн ички мейкиндигинин башаты болуп саналат. Төргө байланыштуу көптөгөн ырым-жырымдар (ритуалдар), салттар бар. Төр – бул, ириде, конок күтүүчү жай, үй ээсинин орду, үй-бүлөгө, урууга байланыштуу түрдүү маселелерди кеңешип чечүүчү маанилүү жер. Босого төмөнкүлүктү, жердикти, ал эми төр болсо жогоркулукту, асмандыкты жана сыйымдуулукту билгизген [212, 148-б.].

Боз үй ичиндеги оң жана сол тараптын *«эркек тарап»* жана *«аял тарап»* деп бөлүнүшү сөөктү коюу жөрөлгөсү менен да байланыштуу. Адам каза болгондон кийин, адатта, боз үйгө атайын жайга коюу жөрөлгөсү калыптанып калган. Эгерде аял адам каза болсо, *эпчи жакка,* эркек каза болсо, *эр жакка* коюлушу стереотип катары сакталган.

Боз үйдүн ортосунда мейкиндик жана убакыт семантикасына ээ болгон, түбөлүктүүлүктү, өмүрдү, жашоону символдоштурган *очок* жайгашкан. *Очок, коломто* – от жагылуучу орун. Алгачкы мезгилдерде очок казан асууга ылайыкталып, жерден оюлуп, таш тизилип жасалган. Очок – үй-бүлөлүк жашоонун атрибуту катар өзгөчө белгиге ээ. Мифологиялык дүйнө таанымда очок ыйыктыктын, сыйынуунун белгиси катары кабылданган. Ошондуктан көчмөн турмушту башынан кечирген кыргыз эли үчүн очок боз үйдүн борбору болуп эсептелген. *Очок* – бул кенен мейкиндик мааниге ээ болгон комплекс, дүйнөнүн, үй-бүлөнүн жана уруунун борборунун, бүтүндүгүнүн аналогу. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *«Коломтоңдон от өчпөсүн», «Очогуң оруктуктуу болсун», «Түндүгүңдөн түтүн үзүлбөсүн»* деген каалоо-тилек маанисиндеги туруктуу тилдик туюнтмалар колдонулат. Бардык үйлөнүү үлпөттөрүндө, магиялык дарылоо ырым-жырымдарында (ритуалдарында) боз үйдүн ортосунан орун алган очокко бүтүндүктү сактоочу катары кайрылышкан, сыйынышкан. Очок – бул аялзатынын негизги жайы, анын сактоочусу жана коргоочусу катары тилдик символду туюндурат. Мисалы, *Очок ээси* деген атоо – аялы, зайыбы дегенди түшүндүрөт. *Очок ээси менен коштошуп, сыртка чыгышты. Эшикте эки өспүрүм*

*эки келишкен атты сагактап, күтүп турушкан экен* (Т.Касымбеков) [169, 606-б. ].

Кыргыз тилдик дүйнө таанымында ыйык деп саналган отко жана очокко байланыштуу көптөгөн тыюу маанисиндеги тилдик туюнтмалар көп. Маселен, *күлдү теппейт, күлдү тебелебейт, күлдү чачпайт, күлдү сапырбайт, от менен ойнобойт, отко чачты жана тырмакты өрттөбөйт, очокту теппейт, очокко, отко түкүрбөйт, очокко шыпырындыны ыргытпайт, очоктогу күйүп турган отту өчүрүүгө болбойт, отко суу сээп өчүрбөйт* ж.б. Очоктогу оттун өчүшү, казандын көңтөрүлүп жана күлдүн сапырылып калышы үй-бүлөнүн бузулушуна, ынтымактын ыдырашына, тукумдун кыскарышына алып келет деген ишеним сетеротиптик түшүнүк катары калыптанып калган. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *күлү көккө сапырылуу* – таш талканын чыгаруу, кыйратуу, эч нерсесин калтырбай жок кылуу маанисин туюндурат. *Күлүндү асманга сапырайынбы! Жогол экооң тең!* (К.Осмоналиев). *Оту өчүү* – бүлгүнгө учуроо, жашоо-тиричилиги токтоо, казаны кайнабай калуу. *Жангечтиден баштап, жакын туугандарына чейин эч нерсе калтырбай айдатып кетет. Жаңгечтинин оту өчөт* (К.Осмоналиев). *Оту өчкөндүн үйүндө, Ооз ачкан үн болбойт* (Барпы). *Оту күйүшпөө* – ыркы кетүү, ынтымактуу жашай албоо. *Батийна жыгыла жаздап озун арац токтотту. Болгон экен. Отум күйүшпөс... силерге бүлө болуп да бербесмин* (Т.Сыдыкбеков) [169, 604-б.] деген терс маанини туюнткан фразеологизмдер да колдонулат.

*«Боз үй» концепти – улуттук адеп-ахлактын жана руханий дөөлөттөрдүн уланышын туюндурган символ. Боз үй* концептине байланыштуу «ички-сырткы» деп аталган оппозициялык түшүнүктөр тилдик символ катары кыргыздардын менталдык өзгөчөлүгүн туюндурган руханий баалуулуктарды мазмундаштырууда кеңири колдонулат. Маселен, сырткы мейкиндик басымдуу түрдө эркектерге мүнөздүү болсо, ички мейкиндик аялдарга мүнөздүү деп эсептелген. Эркектерге тиешелүү мазмундуу маалыматтар «сырт» түшүнүгү менен байланыштуу болгон. Албетте, эркектин дүйнөсү, мейкиндиги сырттан башталган. Бирок бул көрүнүш абсолюттук мааниге ээ болгон эмес. Үй-бүлөнү коргоо, сырткы мейкиндиктеги иштер менен алек болуу, үй-бүлөнү камсыз кылуу үйдүн башчысына, эркекке тиешелүү экендиги стереотип катары сакталган. Үйдөн чыкпай, сырт дүйнөгө аралашпай, эл жеринин тагдырын чечкен өтө маанилүү окуяларга катышпай, өз кызыкчылыгы

менен гана чектелген эрекектер сынга алынган, уятка калтырылган. Ушундан улам дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө эркектердин ордун белгилөө маанисиндеги макал-ылакаптар, фразеологизмдер арбын кездешет: *«Жакшы жигит – сыртта мырза, үйдө – кул», «Үйдө өлгөн жаман ат, жоодо өлгөн салтанат», «Жаман эрдин белгиси үйдө баатыр, жоодо жок», «Жигит үйдө туулат, жоодо өлөт», «Өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп үйдө жок», «Үйдө чечен, доого жок».* ж.б. Аталган макалдарда эркектерди намыскөйлүккө, баатырлыкка, күчтүүлүккө, эрктүүлүккө, эр жүрөктүүлүккө тарбиялоо, адеп-ахлакка, руханий жактан байытууга багыт берүү, оң сапаттарга үндөө максатында туюндурулган каймана (подтексттик) маалыматтар бар экенин кабылдоого болот. *Үй бетин көрбөө* – үйгө жолобоо, үйүндө болбоо, көбүнчө үйдөн сырткары жакта болуу. *Күн-түн үй бетин көрбөй ат үстүндө чапкылап жүрөт* (А.Укаев). *Басмачылардын артынан сая түшкөн атасы үй бетин чанда көрчү* (С.Өмүрбаев). *Өзгөчө эгин-жыйын келгенде аптасы менен үй бетин көрбөйт* (Ч.Айтматов). *Үй күчүк* – үйдөн чыкпаган, эки жакка чыгып элге аралашпаган, үйдөн алыс кетпеген, дайыма үйдө жүргөн. *Атайдын үй күчүк болушун көпчүлүгү жактырышпады* (К.Каимов) *Үйгө батпоо* – жакшы аралаша албай четтөө, өзүн ашыкча, коомай сезүү, батына албагандай ыңгайсыз абалда болуу. *Ошондо Сарбакеңди көрүп ал. Баатыр акең же бир үйгө батсачы да, бир көчөгө батсачы!* (К.Жусупов) [169, 719-б.] фразеологизмдеринен эркектерге тиешелүү салттык мүнөздү кабылдоого болот.

Үйдүн ички мейкиндигине, ички тартипке байланыштуу негизги маселелердин чечилишинде аял кишинин пикири басымдуулук кылган. Анткени үй ичи аялдын мейкиндиги, аялдын ааламы болуп саналган. Ошондой эле боз үйдө уул-кыз төрөп, аларды тарбиялап, эрезеге жеткирип, үй оокатын өз колуна алган, жолдошуна жагымдуу жар болгон аялдын салттуу кыргыз коомундагы ролу өтө бийик бааланган. Бул улуттук аң-сезимдеги менталдык түшүнүк дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө макалдар, фразеологизмдер аркылуу туюндурулат: *«Үйдүн туткасы – эркек, турмушу – аял», «Үй кылган да аял, күл кылган да аял», «Үйдү кырк эркек толтурбайт, бир аял толтурат», «Үйдүн көркү аялда», «Үйдө отурган аялдын ашы менен иши бар, кушу менен неси бар», «Аял – үйдүн куту», «Зайыбы жаман өз үйүндө кор, зайыбы жакшы эл көзүнө зор», «Эки уй баккандын үйү айран, эки аял баккандын үйү ойрон», «Катын соргогу үй курутат»* ж.б. Үй ичиндеги тар-

типтин сакталышы, уул-кыздын тарбиялуу болуусу өзгөчө аял кишинин милдети катары эсептелген.

Үй ичиндеги кыймылды туюндуруучу фразеологизмдерге төмөндөгүлөр кирет: *Үйдүн ичин үч көтөрүү* – опур-топур болуп, кайра-кайра, үстү-үстүнө келе берүү, үйгө толо кирип-чыга берүү же ызы-чуу, баш аламан, иретсиз абалда болуу. *«Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр» дегендей үйдүн ичин үч көтөрүүдө* (К.Жантөшев). *Эл Эсен менен Эшенкулдун үйүн үч көтөрүүдө* (Ш.Бейшеналиев). *Үйдү башына көтөрүү* – үй ичинде катуу ызы-чуу түшкөн абал болуу, үнүн дабышын өтө бийик, катуу чыгаруу. *Ушул отурушту балыкчылар балык бөлүшүп жаткандай, үйдү баштарына көтөрө бакылдашып, жарыша сүйлөп, дуулдашып жатты* (К.Укаев) [169, 606-610-б.].

Кыргыз улуттук аң-сезимдеги менталдык өзгөчөлүк боюнча, боз үйдүн ички мейкиндигинде тартип катуу сакталган. Үйдөгү тартиптин бузулушу жана тазалыктын сакталбашы, кыргыздардын мифтик көз карашы боюнча, «үй ээси жиберген жамандыкка алып келет» деген ишеним менен байланыштуу болгон. Анткени мифтик аң-сезим боюнча, менталдык түшүнүктө боз үй «кудайдын үйү» катары кабыл алынган. Ушуга байланыштуу дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө ырым-жырымдарды туюндурган төмөндөгүдөй туруктуу тилдик туюнтмалар калыптанган: *баш аттабайт, бирөөгө артын салып отурбайт, ышкырбайт, жер тепкилебейт, секирбейт, бут менен бир нерсени көрсөтпөйт, бутун талтайтпайт, бутка кийүүчү кийимди жазданбайт, бут менен эшикти теппейт, шыпыргы менен чаппайт, чөмүч менен тамак ичпейт, дасторконду тебелебейт, түнкүсүн үйдү шыпырбайт, бешикти бут менен терметпейт, күн чыгарда жана батарда уктабайт, түндүктөн жылдыз санабайт, эшикти, түндүктү ачып уктабайт, кийимди аңтарасынан кийбейт, дасторконго кол аарчыбайт, күн шашкеге чейин уктабайт, нанды көмкөрөсүнөн койбойт, үйдү айланып жүгүрбөйт, босогону тебелебейт, босогого уктабайт* ж.б.

*Боз үй* – үй-бүлөдөгү бакубат жашоону түзгөн *«ынтымак»* концептин маалыматташтыруунун негизги символу. Ал дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө төмөндөгүдөй оң жана терс маанилерди туюндурган макал-ылакаптар аркылуу туюндурулат: *«Ынтымак бар үйгө ырыс түнөйт», «Чырдуу үйдө чырак да үлүңдөп жарык күйбөйт», «Эрдикатын бир үйдүн айы менен күнү», «Үйүндө ыракаты жоктун талаада жайбаракаты жок», «Үйүнө келгенде таарынычыңды айтпа», «Үйдө-*

*гү кеп тышка жарабайт», «Үй-бүлөнү бузган чоң шаарды бузганга барабар», «Жашаган үйүңдү жарты шаар деп сезсең, жактырган жарыңды жарты ай деп түшүн», «Ыркы жок үйдүн баркы жок», «Тартышкан үйдөн тарбия качат»,* ж.б.

*Кыргыз дүйнө таанымында боз үй – кичи мекендин символу*. Кыргыз тилинде боз үй лексемасы журт лексемасы менен синонимдеш колдонулат. Ал экөө тең турак-жай, адамдын жашаган жери менен ассоциациялангандыктан, алардын арасында жалпылыктар көп. Ошол эле учурда журт лексемасы үй лексемасына караганда кенен түшүнүк. Ал үйдүн ички мейкиндиги менен катар, сырттагы чарба жүргүзүүгө байланыштуу жаралган мейкиндикти, боз үй жайгашкан аймакты өз ичине камтыйт. Журт – боз үй тигилген орун, жер, аймак, мейкиндик. Маселен, *журт которуп кетүү, журтун ташпап кетүү* деген тилдик туюнтмалар колдонулат. Журт сөзү менен байланышкан төмөндөгүдөй фразеологизмдер колдонулат: *Журтта калган иттей улуу* – какшап, боздоп жалгыз калуу деген маанини билдирет. *Эч кимиси ала кетпей, журтта калган иттей улуп, жолдун боюнда отурсам, зарым кимге жетет* (Кыдырмышев). *Журтун кетмендөө* – эч нерсесин калтырбай жок кылуу, талкалоо, тыптыйпыл кылуу деген мааниде. *Айтып коёюн, журтуңду кетмендеп салам! Уктуңбу?* (К.Осмоноалиев). *Журтка таштоо* – карабай, бакпай коюу, жалгыз калтыруу деген мааниде. *Карган апаңды журтка таштайсыңбы, айылга келип иште деп туугандар мени ортого алышты* (оозеки кеп) [169, 265-266-б.]. Демек, журт лексемасы кенен маанисинде *эл, мекен, туулган жер* маанилерин символдоштурат. Маселен, *эл-журт, Ата-Журт* кош, татаал сөздөрдүн тутумунда кездешет да мекен, туулган жер, өз үйү деген маанилерди да билдирет.

Ошентип, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө боз үй символу көчмөн жашоонун дүйнө таанымдык тажрыйбасын аныктайт. Боз үй – терең ойлонулуп жасалган жана көчмөндөрдүн жашоосунун талабына толук жооп берген турак-жай. Ал эми боз үйдүн түзүлүш принциби кыргыз элинин дүйнөгө болгон тилдик сүрөтүн камтыйт. Боз үйдүн конструкциясында байыркы космостук система чагылдырылган. Боз үй – ааламдын кичирейтилген модели. Ал – үй көтөрүүнүн көп кылымдык тажрыйбасынын жыйынтыгы. Боз үйдүн жасалгалары позитивдүү терең ойлорду өзүнө сиңирген фразеологиялык бирдиктерди, паремиологиялык бирдиктерди уюштурууда символ катары активдүү катышат.

Биз жогоруда күбө болгондой, үйгө байланыштуу келип чыккан оң маанидеги түшүнүктөр байыркы кыргыздардын рухий жана маданий жактан өнүгүүсүндө өзгөчө мааниге ээ болгон. Алар элибиздин өзүн-өзү таануусун жана өнүгүшүн шарттаган. Боз үйгө байланыштуу жаралган позитивдүү ойлор байыркы адамдардын күндөлүк практикалык муктаждыктарын камсыздандыруу процессинде жаралып, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө жол ачкан негизги факторлордун бири десек жаңылбайбыз.

### 3.2. «Тамак-аш» концепти

Дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө белгилүү бир улуттук маданиятты башка улуттук маданияттардан айырмалап турган өзгөчө күчкө ээ болгон негизги курал – бул тил. Ошондуктан азыркы тил илиминде тилдик каражаттарды улуттун маданий коду катары кароо колго алынып, тил ушул өңүттөн активдүү түрдө иликтенип жаткандыгы баса белгиленүүдө [235, 82].

Кыргыз тили кыргыз маданиятындагы материалдык баалуулуктардын бири «тамак аш» концептин концептуалдаштырып, маалыматташтыруунун негизги куралы болуп эсептелет. Ошону менен катар кыргыз тили кыйыр түрдө кыргыз элинин жашоосунун жана психологиясынын улуттук формасын кошо чагылдырып берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Учурдагы концепцияларга таянганда, «тамак-аш» лексемасын өзгөчө маданий мазмунду алып жүргөн тексттер же белгилер системасынын өзөгү катары кароого болот. Биздин байкоолорубузга караганда, *тамак-аш* улуттук материалдык баалуулуктардын негизгилерине кирет да, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү түйүндүү концепттердин катарын толуктап турат. Когнитивдик жана лингвомаданият таануу багытында жүргүзүлгөн көптөгөн иликтөөлөргө таянсак, маданияттын коду катары *тамак-аш* негизги, базалык же түйүндүү (орус. ключевые, базовые концепты) концепттердин бири деп аталат [278, 32-б.]. Анкени тамак-аш – экологиялык негизге ылайык тамактануунун моделин калыптандырган, көчмөн кыргыздардын маданиятынын өзгөчөлүгүн көрсөткөн негизги белги [92, 64-б.]. Дүйнө таанымдык жана маданият таануучулук багытта караганда, белги – бул нерсеге карата аң-сезим аркылуу кабыл алынган объект. Белги тилдик жана тилдик эмес (этикет эрежелери, сигналдар системасы, символдор)

формада баалуулук маанисин бөлүп көрсөтүү кызматын да аткарат. Мына ошондуктан символдук белгилер – лингвомаданият таануу жана когнитивдик лингвистиканын изилдөө объектилеринин бири. Окумуштуу О.В.Вишнякованын пикирине ылайык, белгилүү бир тамактардын аталышы коомдогу маданий аң-сезимдин элементи жана тилдик белгилер, символдор катары каралат [65, 57-б.].

«Тамак-аш» концепти кыргыз маданиятындагы башка материалдык баалуулуктар сыяктуу өзгөчөлөнгөн тарыхый мүнөзгө ээ. Тарыхый булактарга таянсак, кыргыздардын улуттук дасторкону аны түзүүчү тамак-аштарынын түрлөрү боюнча кыйла бай болгондугу изилдөөлөрдө атайы белгиленип жүрөт. [11, 152-б.]. Тамак-аш кыргыздардын тарыхына байланыштуу байыркы жана орто кылымдардан берки этникалык, маданий генезистик процесстер менен шартташкан бир нече дооpлордогу элдин билимин, дүйнө таанымын кошо туюндурат.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «тамак-аш» концептинин маани-маңызын интерпретациялоодо «тамак-аш» түшүнүгүн туюндурган номинативдик жана коннотативдик мааниге ээ болгон тилдик каражаттар улуттук, маданий салт-санааны, жөрөлгөлөрдү, ырым-жырымдарды, этика-эстетикалык баалуулуктарды чагылдырган негизги ойлорго бай. Анткени тамак-аш биологиялык муктаждыктан улам адамдагы ачкалыкты кандыруу, азыктандыруу процессинин милдетин гана аткарган каражат катары түшүндүрүлбөстөн, ал белгилүү бир маданияттын феномени деген баага татыктуу. Тамак-ашты колдонуу – адам жүрүм-турумунун (салт-санаа, үрп-адат, майрамдык аземдер ж.б.) коомдук-маданий формалары менен байланышкан көрүнүш (процедура). Адам жашоосундагы ар кандай кубанычтуу окуялар, майрамдык (үйлөнүү той, жентек той, сүннөт той ж.б.) аземдер, ошондой эле кайгы-капалуу, трагедиялуу (сөөк узатуу, аш берүү, кырк аш ж.б.) окуялар тамак-аш менен коштолуп, улуттук дүйнө таанымдын өзгөчө белгилерин көрсөтө алат. Ал эми биргелешип тамак ичүү бул курсакты тойгузуу, азыкка болгон муктаждыкты канааттандыруу гана эмес, адамдардын бири-бири менен баарлашуусу, достук, карым-катыш, кызматташтык ж.б. мамилелерди чыңдоо жөрөлгөсү да болуп саналат. Ал эми мындай шартта тамак-аштын өзү символ болуп эсептелет [112, 34-б.].

Көчмөн турмушка шартташып, ылайыкташып жашаган кыргыздардын биримдиги, бөлүнбөстүгү, уруучулук, тууганчылык мамиле-

лери биргелешип тамактануу менен бекемделип турган. Бул турмуштук тажрыйбалар, улуттук дүйнө тааным, салттык билимдер алардын тилдик сүрөтүндө, тилдик бейнесинде сакталып, муундан-муунга тилдик маалыматтар аркылуу өтүп келет. Демек, «тамак-аш» концептинин семантикасын уюштуруп турган тилдик каражаттарда, паремияларда, көркөм тексттерде улуттун кулк-мүнөзү, адеп-ахлагы, сыйурматы, кең пейилдиги, оң жана терс жагдайлары ж.б.у.с. руханий баалуулуктары кыйытылып кыйыр камтылган.

Кыргыз тилинде *тамак-аш* лексемасы, эң алды, адамдар азыктануучу жалпы тамактардын атын атоо маанисин туюндурат. «Тамак-аш» лексемасынын синоними катары *даам, оокат* деген лексемалар да колдонулат. Тарыхый өзгөчөлүктөргө караганда, алгач *«аш»* сөзү жалпы эле түрк тилдеринде *адамдар азыктануучу нерселер* деген түшүнүктү билдирген болсо, кыргыз тилинде тамак термини менен биригип, «тамак-аш» термини туруктуу колдонууга ээ болгондугу атайын изилдөөлөрдө белгиленип келет [86, 16-б.]. *Тамак жана аш,* аларга синоним катары колдонулган *даам, оокат* сөздөрү тыкыр иликтөөгө алынып, алардын лексика-грамматикалык, диалектилик өзгөчөлүктөрү буга чейин кыргыз тил илиминде атайын изилденгенин белгилөөгө болот [86].

«Тамак-аш» лексикасынан кеңири мааниге ээ болгон «тамак-аш» концептин менталдык бирдик катары улуттук дүйнө таанымдын чегинде иликтөөгө басым жасоо биздин бул эмгегибиздин максатына ылайык келет. «Кыргыз тамак-ашы» же «кыргыз даамы» дегенде биздин аң-сезимибизге, дүйнө таанымыбызга кайсы тамактар элестелет, көз алдыбызга кайсы тамактар тартылат? Албетте, анда дароо эле кыргыз маданиятында символдук мааниге ээ «дан азыктары», «эт азыктары», «сүт азыктары» көз алдыбызга тартылат. Жогоруда аталган суроого жооп издегенде биздин аң-сезимибизге, дүйнө таанымыбызга ушул үч негизги түшүнүк [19, 71-б.] элестелет. Тамак-аштын башка түрлөрүнө токтолбосок да, ушул үч негизги түшүнүктөн, алардын катышынан турган тамак-аштын түрлөрүнө басым жасоо менен, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө менталдык өзгөчөлүктү туюндурган лексемалар, фразеологизмдер, көркөм тексттер жана каада-салт, үрп-адат, жөрөлгөлөрдү билдирген негизги түшүнүктөргө концептуалдык талдоо жүргүзүүгө аракет жасоо максатка ылайык деп эсептейбиз.

1. Кыргыз тамак-аштарынын дан азыктарынан жасалган эң байыркы түрү – нан (буудай, арпа, таруу, конок, жүгөрү ж.б. сыяктуу дан азыктарынан жасалат). Кыргыз тилиндеги «нан» деген сөз иран тилинен өздөштүрүлгөн [128, 552-б.]. Жалпы эле Орто Азия түрк тилдеринде азыркы учурда «нан» термини кеңири колдонулат [86, 30-б.]. «Нан» сөзүнө синоним катары кодонулган «токоч» сөзү да бар [138, 246-б.]. Түрк тилдеринде нандын тандырда же меште бышырылган түрү токоч/тукоч деп аталат. Ал – ортосу манжалар менен басырылып коюлган тегерек нан. Нандын бул түрү түрк элдеринде байыртадан эле колдонулгандыгы маалым [86]. Нандын, токточтун бир нече түрлөрү жасалыш, даярдалыш өзгөчөлүктөрүнө карай тилдик атоолордо төмөндөгүдөй номинативдик маанилерге ээ. Маселен, казанга жабылып, оттун табына бышырылган нандардын баары *«казан нандар»* деп аталып, *шыбама нан, казан нан, загыра нан, калама* деген аталыштарга ээ болгон. Ал эми ар кандай ундун ачыган камырынан көмөчтанга («көмөч казан» деп да аталат) жасалып, чокко көмүү менен бышырылган нандар *«көмөч нандар»* деп аталып, алардын *көмөч, загыра көмөч, пияз көмөч, май көмөч, каттама көмөч* деген аталыштары бар экендиги, ошондой эле тандырга жабылган нандардын бардык түрү жалпы жонунан «тандыр нандар» деп аталып, *тандыр нан, патир нан, бурама патир, чаңгели, күлчө, шырман нан, сейдене нан, сүмөлөк нан* деген аталыштарга ээ. Мындан сырткары «боорсок» («май токоч», «көөкөр», «чарчы боорсок»), «куймак», «каттама» деген аталыштар да бар экендиги маалым. [86, 173-178-б.] Бул түшүнүктөрдүн когнитивдик багытта атайы изилдөөгө алынышы кыргыздардын дүйнө таанымын, этникалык мүнөзүн, тарыхый жашоо образын, улуттук өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Ал эми алардын кыргыз тилинде лексика-грамматикалык, этимологиялык, салыштырма-типологиялык ж.б. өнүттөрдөн атайын изилдениши [86, 30-34-б.], ал аталыштардын (терминдердин) семантикасы дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү тилдик дүйнө таанымдык, менталдык, маданий өзгөчөлүктөрдү иликтөөдө негиз боло алат. Мына ушул «нан» сөзүнө байланыштуу номинативдик маанилерден улам кыргыздын дүйнө таанымынын, менталдык өзгөчөлүгүнүн негизинде метафораланган, коннотативдик маанилерге ээ болгон көптөгөн билимдер жаралгандыгын баамдай алабыз. Аларды талдоодо кыргыз аңсезиминде калыптанган улуттук мүнөз, этика, эстетика, жүрүм-турум,

каада-салт жөрөлгөрүн кошо өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү бар экенине ынанабыз.

Кыргыздардын көз карашы боюнча, нан же токоч – жашоонун булагы, тирүүлүктүн белгиси, токчулуктун, меймандостуктун, кубанычтын, ошондой эле кайгынын да символу. Бул маанилер тилдик жана тилдик эмес маалыматтар аркылуу кеңири мазмундаштырылган. Маселен, тилдик маалыматтар боюнча «нан» сөзү катышкан макалылакаптарда кыргыз дүйнө таанымындагы нандын өзгөчө белгилери туюндурулат.

*Нан – жашоонун, тирүүлүктүн, токчулуктун символу.* Маселен, *«Нан бар жерде жашоо бар», «Нан болбосо, жашоо жок»* деген макалдарда «нан» сөзү тирүүлүктүн, жашоонун символу катары фондук билимди туюндуруп турат. *«Даны жоктун наны жок, Наны жоктун жаны жок»* макалынынын биринчи компонентинде адамдын чарбалык ишмердигин, күчүн, эмгегин «дан» сөзү символдоштуруп турат. Мында эмгектенбеген, жалкоо, алсыз адамдын даны болбойт, курсагы тойбойт деген маани дандын образы аркылуу кыйыр туюндурулган. *«Наны жоктун жаны жок»* компоненти аркылуу «нан» сөзү маанилик жактан тирүүлүктүн белгиси болуп, эгер *нан жок болсо, адам жашай албайт* деген маани – «өлүм» концептин кыйыр туюндурган тилдик символ. Жалкоо, өзүн-өзү бага албаган адамдын келечеги оору-сыркоо, өлүм менен аяктары нандын образы аркылуу кыйыр туюндурулган.

*«Карды ачкан – нанга карайт», «Ооруга табып, ачкага токоч* макалдардарында «нан» сөзү ачкачылыктан куткарууну, азыктандырууну ишке ашыруучу тамак маанисин туюндурду. Мисал катары келтирилген макалдардын маанисинен илгертеден бери эле нан кыргыз тамак-ашынын эң баалуусу, токчулуктун белгиси экендиги, ал түшүнүктөр туруктуу тилдик каражаттар катары сакталып келгени ачык байкалат. Ошол эле учурда аталган макалдардын мазмунунда нан адамды эмгекке, күч-кубатка ээ болууга, жашоо менен күрөшүүгө тарбиялайт, эрктүү болууга мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат деген жыйынтык ой да камтылган десек болот.

Кыргыздардын диний (мифологиялык) дүйнө сүрөтүндө нан «ыйык» деп бааланып, баарынан да баалуу деп эсептелген. [20, 72-б.]. Дүйнөнүн мифологиялык (диний) сүрөтүндө нандын баалуулугунун мааниси жөнүндөгү мындай терең ойлор көркөм тексттер аркылуу

туюндурулары арбын кездешет. Маселен, «Баарынан нан улук» деп аталган жомоктун кыскача мазмуну төмөндөгүдөй: «Илгери өткөн заманда тоо аралап уучулук кылып жүргөн мергенчинин алдынан азрейил (жан алгыч) чыгат. Мергенчи жанын алмай болгон азрейилден качып отуруп, таң агарганда үйүнө келет. Азрейилдин түн киргенде кайтып келерин сезген мергенчи андан кантип кутулуштун айла-амалын издеп, акылман карыяга кайрылат экен. Ошондо ал: «Чон казанга көлөмдүү кылып каламаны бышыртып, анын жолун нан менен тос», - деп кеңеш берет. Түн бир оокум болгондо дүбүрт чыкканын, жан алгычтын келатканын сезген мергенчи даярдатып койгон чоң калама нанды алып, боз үйдүн босогосунда анын жолунан тосуп күтүп турат. Ошондо азрейил: «Төх, көпүрөнүн бийиктиги, ай, нандын улуктугу болбогондо, жанынды алып кетмек элем, - деп аргасы түгөнүп, артка кайтып кете берген экен. Ошентип, мергенчи улук нандын аркасы менен өз өмүрүн сактап калыптыр» - деп айтылат (Элдик жомоктон).

Демек, илимге чейинки баёо көз караштар боюнча, дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүндө нанга карата өзгөчө баа берүүнүн негизинде ага байланыштуу көркөм тексттер, тилдик тыюулар, ар кандай ишенимдерди туюндурган тексттер жаралган. Элдик билимдердин негизинде келип чыккан андай тыюулар стереотиптер жана тилдик туруктуу туюнтмалар катары сакталып, бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келет. Маселен, *Дасторкондогу нан көмкөрөсүнөн турбашы керек. Нанды бир колдоп сындырбайт. Нанды дасторконго ыргытып койбойт. Нандын күкүмүн ыргытууга болбойт* деген тилдик тыюулар азыр деле кеңири колдонулат. *Жесең, күкүм кылба, жеп бүтсөң, сураба* макалы да бар. Бул стереотип катары калыптанып калган тилдик тыюулардын, макалдын терең маанисинен дасторконго тамак-аш коюунун эстетикалык белгилери, тамактануунун этикети, жүрүм-турум эрежелеринин баалуу формалары кыйыр туюндурулгандыгын баамдоого болот. Кичинекей балдарга нандын күкүмүн жедирүү адатка айланып, мындай жагдайда *«келечекте бай болосуңар, акылдуу болосуңар»* деген тилдик туюнтмалар колдонулган. Нандын күкүмүн итке берип коюу да соопчулук болот деп эсептешкен. Бул тилдик туюнтмалардын терең маанисинен ысырапкорчулукка жол бербөө, ар бир баалуулукту баалай билүү, үнөмдөө, туура пайдалануу сыяктуу кыйытма ойлорду да кабылдайбыз.

Ошондой эле, кыргыздардын ишеними боюнча, дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүндө *жети токоч жасоо* же *жети нан жасоо* ырымы кездешет. Кыргыз дүйнө таанымында бул ырымды аткарууда *жети май токоч* жасоо көбүрөөк жайылтылган. *Жети май токточ* түшкө чейинки убакта жасалып, тиги дүйнөгө өтүп кеткен жакын адамдарга (ата-бабаларга) арналып, куран окулат. Элдик ишеним боюнча, окулган курандын негизинде бул тамак-аш аларга жетет. Алардын да колдоосу, батасы тиет деген түшүнүк болгон. Андан кийин ал жети нанды жети үйгө таратуу жөрөлгөсү да бар. Бул сценарийлик кырдаалдын негизги мазмуну кандайдыр бир кырсык болсо же үй-бүлөдөгү адам ооруга чалдыгып калса, ошол оорунун же кырсыктын аягы жакшылык, ийгилик менен бүтсүн, аяктасын деген максатта аткарылган тилдик эмес концептуалдык маалыматты туюндурат. Ошондой эле маркум болгон адамга жетилигин өткөрүп куран окутууда “жети токоч баабедин” же “тогуз токоч баабедин” деген тилдик туюнтмалар колдонулган. Анын негизги мааниси ар бир жума күндөрү майга боорсок же жети көөкөр жасап, куран окутуп, өтүп кеткен маркумду эстеп туруу деген салттык түшүнүктү туюндурат. Ушул сценарийлик кырдаалда “нан” – тилдик символ катары кызмат аткарат. Кыргыздар жүрүм-турумунда мындай салттык жөрөлгөлөрдү ойлоп табуу жана аткаруу менен, ата-бабалардын басып өткөн жолдорун улантууга, күч-түүлүккө, эркиндикке, тажрыйба топтоого, дүйнөгө көз карашын өнүктүрүүгө багыт алышкан.

Кыргыз тилдик дүйнө тааным боюнча, дүйнөнүн мифологиялык (диний) сүрөтүндө кичинекей бала же ымыркай коркуп, чочуп калган учурга байланыштуу «жүрөк түшүү», «жүрөк көтөрүү» түшүнүгү кездешет. Ушул фреймдик түзүлүштө нан «жети үзүм нан» деген аталышта «суксуктоо» деген сценарийлик кырдаалда символ катары катышат. Бул жөрөлгө баёо билимдердин негизинде келип чыккан. «Жүрөк көтөрүү» улуттук менталдык өзгөчөлүктү билдирет. Маселен, «жүрөк көтөрүү» фрейми, негизинен, кичинекей балдарга карата «коркуп калуу», «ооруп калуу» түшүнүктөрүнө тыгыз байланыштуу. Ушул түшүнүккө байланыштуу жети үзүм нан оору-сыркоону, коркунуч сезимин өзүнө сиңирип алып, баланы айыктырат деген мааниде өзгөчө белги катары баланын башынан, денесинен ылдый бутуна чейин сүртүлүп, андан кийин итке берилет. Мындай ырым-жырымдар кыргыздардын илимге чейинки карапайым дүйнө таанымдарын туюн-

дурат. Азыркы учурда да аталган ырым-жырымдар белгилүү деңгээлде колдонулуп жүрөт. Демек, илимге чейинки ишенимдер боюнча, нан – ден соолукту чыңдоонун символу болгон.

Маданий аң-сезим, менталдык өзгөчөлүк боюнча, кыргыз тилдик дүйнө таанымында үйгө келген адамды кабыл алуунун эң алгачкы белги-символуна *«нан ооз тийгизүү»* түшүнүгү кирет. Ал түшүнүк нечен кылымдардан бери стереотип катары сакталып кале жатат. *«Нан ооз тийгизүү»* түшүнүгү улуттук аң-сезимге сиңип, салттык мүнөзгө ээ болгон. Бул туруктуу сөз айкашынын ички формасында адам жүрүм-турумун жөнгө салуучу «меймандостук», «сыйкорлук», «берешендик» сыяктуу ж.б. сапаттар кыйытылган. Стереотип терминине орус тил илиминин когнитолог-концептолог окумуштуусу М.Н.Пименова төмөндөгүдөй аныктама берет: «Стереотип – как готовая схема восприятия – относительно устойчивый и упращенный образ социального объекта (группы, человека, события, явления и.п.т.), складывающийся в условиях дефицита информации как результат обобщения личного опыта индивида и нередко предвзятых представлений, принятых в обществе» [236, 114-б.]. Аныктамада туура белгиленгендей, улуттук аң-сезимде даяр схема катары калыптанган сый көрсөтүүнүн өзгөчө белгиси «нан ооз тийгизүү» дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө туруктуу образга айланып, стереотиптик, символдук маанини туюндуруп турат. Кыргыз дүйнө таанымы боюнча дасторкондо башка тамак-аш болсо да, сөзсүз нан болушу керектиги салттык мүнөзгө ээ. Ошондуктан кыргыз дасторконун нансыз элестетүүгө мүмкүн эмес. Бул жөрөлгө байыркыдан бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Азыркы учурда Кыргызстандын түштүгүндө өлкөбүздүн башка аймактарына салыштырмалуу дасторконго нандын көптөгөн түрлөрүн үйүп коюу салты бар. Ошентип, нандын өзгөчөлүгү жөнүндөгү кыргыз аң-сезиминде калыптанып калган стереотиптер дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө көптөгөн туруктуу тексттер, макалдар түрүндө туюндурулуп келет. Маселен, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *«Токоч – токчулуктун белгиси», «Адам баарынан танат, нандан танбайт», «Нан болсо, ыр да болот»* деген туруктуу тилдик туюнтмаларда [20, 73-б.] нан – азыктануунун белгиси деген маанилик маалыматты гана туюндурбастан, адамдын сезимине байланыштуу эмоционалдык мааниге ээ эркиндик, кубаныч, эргүү сыяктуу ж.б. жагдайларды да символдоштурган когнитивдик-маанилик бирдик.

Кыргыз тилдик дүйнө таанымында тилдик эмес маалыматтарды туюндурууда нан – бул кыргыз маданиятында *даам татуунун, даам ооз тийүүнүн* өзгөчө символдорунун (маселен, кымыз, жармага караганда) негизгиси катары фреймдик түзүлүшкө ээ. *Даам ооз тийүү* фрейминин негизин «нан», «сары май» деген түшүнүктөр түзөт. Ар бир үйгө келген конокко учурашуудан кийин алгач *даам ооз тийгизүүнүн* символу *нан, аны менен катар сары май коюу* стереотип болуп калыптанган. Бул жөрөлгө көп кылымдан бери улуттук аң-сезимде калыптанып калган. *Нан менен катар сары май коюу* кыймылдуу концептуалдык образы конокту өзгөчө сыйлоонун белгиси болуп эсептелет. *Даам ооз тийиңиз* деген тилдик фразанын терең маанисинде улуттук мүнөздү туюндурган, жүрүм-турум эрежелерин жөнгө салган *«сыйкорлук», «берешендик», «кең пейилдик» «салтты, наркты сактоо»* сыяктуу руханий баалуулуктар да бар экендигин баамдоого болот. Даам ооз тийүүнүн сценарийи динамикалык түшүнүктөрдөн турат. Мында *«конокту тозуп алуу, конокко даам таттыруу, коноктун бата берүүсү»* сыяктуу кыймылдуу эпизоддор катышат. Нанга сары майды кошуп ооз тийердин алдында же андан кийин конок каалоотилектерин айтып, ыраазычылыгын билдирет жана бата берет. Бата берүүдө кырдаалга жараша даяр үлгү катарында калыптанган төмөнкүдөй тилдик каражаттар, туруктуу айкаштар колдонулат: *ыракмат, үйүңүздөн кут кетпесин, токчулук болсун, үйүңүздөн нан үзүлбөсүн, тынччылык болсун, аман-эсенчилик болсун, ден соолук болсун, кырсыктан сырткары болуңуздар* ж.б. Фреймге катышкан символдор менен сценарийлик кырдаал биригип *«даам ооз тийгизүү»* салтын туюндурат. Бул улуттук салт бүгүнкү күндө өз баасын жоготпой, кыргыздарда мамлекеттик, мамлекеттер аралык, улуттар аралык достук, кызматташтык жолугушууларда да кеңири колдонулуп, улуттук аңсезимде кең пейилдик, меймандостук, токчулук символу катары маалыматташтырган маданий код болуп эсептелет.

*Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө нан – кырсыкты, кайгыны билдирүүнүн симолу*.

Ар кандай физиономиялык, физиологиялык кыймыл, процесстерди туюндурууда да дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө нандын образы коннотациялык маанини жаратуучу символ болуп, ал метафоралган туруктуу тилдик каражаттар, фразеологизмдер түрүндө колдонулат. Маселен, «*нан болуу», «токоч болуу»* фразеологизмдери жалпаюу,

былчыюу, талкалануу, кыйроо маанисин туюндурат. Мисалы: *Бүткөн бойдун баарысы, Кадимкидей нан болуп* («Манас») [167, 224-б.]. *Ала салып кеткен машина нан болуп калыптыр, токоч болуп калыптыр* (оозеки кеп). Бул паремияда нан – кайгынын, кырсыктын образы жана символу.

Нандын түрлөрү көп жана алар ачытылбаган жана ачыган эки түрдүү камырдан жасалары белгилүү. Камыр жеке эле нан жасоодо эмес, ысык тамактын көпчүлүк түрүн жасоодо да колдонулат. Камыр деген сөз түрк тилдеринде XI кылымдарда *унуг* түрүндө колдонулгандыгы тууралуу илимий маалыматтар бар. Кийин бул сөз араб тилинен өздөштүрүлгөн *камыр/хомир* («квасить, наджимать на дрожжах») деген атоо түрүндө колдонулуп калганы да белгилүү [86, 30-б.]. Атайын ачытылган камырдан жасалган нандар камыр көбүрүп, көтөрүлүп, барпайып ачымайынча жасалбайт. Жакшы ачыбаган камырдан сапатсыз нан жасалары да белгилүү. Мындай фреймдик кырдаал образдуу өтмө маанини жаратып, семантикалык жактан бир нече фразеологизмдин жаралышына негиз болгон. Маселен, адамдын мүнөзүн, адам аралык мамилелерди баалоодо оң жана терс сапаттарды туюндурууда *«ачыбаган камырдай», «камыр-жумур болуу», «камырдан кыл суургандай»* деген образдуу, элестүү метафораланган фразеологизмдер колдонулат. *«Ачыбаган камырдай»* фразеологизми – «ачылып сүйлөбөгөн», «тымпыгый», «өзүн көрсөтө албаган», «түнт» деген мааниде адамдын мүнөзүн туюндурат. Мисалы: *Ачыбаган камырдай болуп отура бергени, анын ого бетер жинин келтирди* (оозеки кеп).

*Камыр-жумур болуу* - 1. Бири-бири менен эң эле жакын, ынак болуп аралашып, алынышып кетүү. Мисалы: *Балам, ушул курагыңда Таласты нечен жолу аралап, эл менен камыр-жумур болууң керек* (К.Каимов). 2. Өз жайында болуу, ойлогондой-самагандай болуу. *Бардык иш камыр-жумур болду.*

*Камырдан кыл суургандай* – өтө кылдаттык, эптүүлүк менен, жигин билгизбей деген маанини билдирген фразеологизм. Мисалы: *Садыр ал ишти камырдан кыл суургандай бүтүрдү* («Ала-Тоо») [167, 139-б.]

*Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө нан – эмгекти баалоонун симолу*. Маселен, *Жумушу ачуу, бирок наны таттуу*. *Ак эмгектин наны таттуу. Бел оорубай жеген нан карынга жукпайт* (макал). Аталган алгачкы эки макалдын мазмунунда оор болсо да, талбаган, адал эмгек-

тин натыйжасында табылган ар бир нерсе жугумдуу, баалуу болору «таттуу нан» лексемасы аркылуу кыйыр туюндурулган. Ал эми үчүнчү макалда эмгектенбей туруп, ар кандай жолдор менен табылган оокат аш болбойт деген кыйытма маанини нандын образы аркылуу туюнууга болот.

Турмуш-тиричиликте оозеки сүйлөшүү стилинде *Иштеген ишиң – жеген наның. Жеп жаткан токочуңду актап же* деген сыяктуу туюнтмалар колдонулат. Бул туюнтмадагы «актоо» деген сөздүн маанисинде берилген ишти так аткаруу, ар бир ишке жоопкерчиликтүү мамиле жасоо, талбай эмгектенүү, кайдыгерликке жол бербөө, жалкоолукка алдырбоо деген сыяктуу маанилер кыйыр туюндурулган.

Ошондой эле *Жеген токочунан айрылды, токочунан айрылды* деген өтмө мааниге ээ метафоралашкан туруктуу туюнтма, фразеологизм да кеңири колдонулуп жүрөт. Бул фразеологизм иштеп жаткан ишинен, кызматынан айрылды деген маанини билдирсе, экинчи бир өтмө маанисинде таап жаткан мүлкүнөн, байлыгынан айрылды деген сыяктуу кыйытма маанилерди да туюндурат.

Улуттук өзгөчөлүктү көрсөтүүдө негизги символдук мааниге ээ нандын түрлөрүнүн бири – боорсок. Боорсок ар кандай аш-тойлордо, майрамдарда, белгилүү күндөрдө жасалат жана дасторконго коюлат да, улуттук тамак-аштын негизги символу болуп эсептелет. Салттык мүнөз боюнча, боорсоксуз дасторконду элестетүүгө мүмкүн эмес. Боорсок түрк жана монгол тилдеринде төмөндөгүдөй фонетикалык өзгөчөлүктөрдө колдонулат: монг. борцок, алтай. борсок. кыргыз. боорсок, казак, кара калпак. баурсак, уйгур борсок/босак, өзбек. бугирсок [86, 34-б.]. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө балага мүнөздүү сапаттар улуттук аң-сезимдин чегинде боорсокко байланыштуу баалanат. Анда «боорсок» сөзү балага карата образдаштырылган тилдик каражат катары колдонулат. Мисалы, *май болпоч* сөз айкашы майга бышкан нан (боорсок) маанисин билдирип, «боорсок» сөзү метафоралык, экинчи, кошумча мааниде колдонулуп, семантикалык жактан эркелетүү, жакшы көрүү маанисин кыйытып турат. *Кичинекей боорсогум, менин, Боорсоктой болгон ананайыным* деген туюнтмалар баланын сырткы келбетин сыпаттоо үчүн колдонулат.

Ошондой эле боорсокко байланыштуу өтмө, коннотациялык мааниге ээ төмөндөгүдөй ылакап да кездешет: *Асмандан боорсок жаагan күнү.* Бул ылакап жакшылыктын жарчысы катары береке, ырыскы,

токчулук алып келген күн маанисин туюндурат. Ошентип, нан жана анын түрлөрү улуттук материалдык жана руханий баалуулуктардын тилдик символу катары өзгөчө мүнөздөлөт.

2. Кыргыз тамак-аштарынын негизгилеринин бири – кыргыздардын күндөлүк турмушунда эң кеңири колдонулган эт азыктарынан жасалган тамак-аштар. Кыргыздардын жашоо образы, турмуш-тиричилиги байыртадан эле мал чарбачылыгы менен тыгыз байланышта болгондуктан, эт азыктары менен даярдалган тамак-аштар абдан арбын кездешип, салттуу мүнөздү чагылдырып турат. «Эт» деген сөз дээрлик бардык түрк тилдеринде бирдей мааниде колдонулат. Ал эт//ит варианттарында кездешет. «Эт» сөзүнүн синоними катары «гөш» сөзү иран тилинен өздөштүрүлүп, түштүк диалектиде, анын айрым говорлорунда колдонулат. Кыргыздар байыртадан эле жылкы, уй, кой, топоз этинен жасалган тамактарды басымдуу түрдө колдонушкан жана аларды чүйгүн (жогорку калориялуу) деп эсептешкен. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө мындай тамактар *чүйгүн тамак* деп аталат. Ушуга байлныштуу каалоо-тилек маанисинде *Согум чүйгүн болсун!* деген тилдик туюнтма колдонулат. Чүйгүн эттен жасалган тамактар көп желип, ашказанга сиңбей калган учур *күптүү, күптүү болуу* деген тилдик туюнтма менен түшүндүрүлөт. Ушул жагдайдын алдын алуу үчүн этти жегендин ченемин билүү, тамак ичүүнүн этикетин өздөштүрүү, адамдык оң сапаттарга ээ болуу маанисин туюндурган макалдар жаралган. *Ач болсоң да, ашык эт жебе. // Жебей туруп, сиңиреriңди ойлон. // Эт көрбөгөн чоң сугунат, ун көрбөгөн бор сугунат. // Бай тойгонунан ынтыгат, кедей ачкасынан ыктытат. // Жегенде тойбогон, жалаганда тоймок беле* ж.б.

Кыргыз дүйнө таанымында организм алсыздана баштаган убак эт тамактарын узакка чейин жебей калган учур менен байланыштырылган. Бул учур – *сууктоо, сууктап кетүү* деген атоолор менен түшүндүрүлгөн. *Ысык тамак* же *сорпо-шилең* деген атоолор *сууктоо, сууктап кетүү* атоолоруна антонимдик мааниде колдонулуп, кыргыздын салттык мүнөзү боюнча сөзсүз түрдө согум союлган жана анын этинен ысык тамак (сорпо, кесме) ичилген. Жай мезгилинде бат-бат ысык тамак иче берүүнүн ордуна бышырылып, муздатылган тамакты ичүүгө өтүшкөн [138, 229-б.]. Мындай тамактар – *ысылык* деп аталат [86, 36-б., 54, 10-б.].

Эт азыктары маданияттын башка материалдык баалуулуктары сыяктуу азыркы мезгилге чейинки байыркы, орто кылымдык тарыхый мезгилдерди өз ичине камтыйт. Байыркы замандарда эле, дүйнөнүн мифологиялык сүрөтүндө эттен жасалган тамак-ашка байланыштуу мал жандыктарын союу салтка айланган. «Курмандык чалуу», «Кан чыгаруу», «Жетилик», «Кырк аш», «Жылдык аш», «Курман айт», «Орозо айт» деген ж.б. түшүнүк, тилдик атоолор байыртадан келаткан диний салтка кирет. Улуттук өзгөчөлүк боюнча, бул тилдик туруктуу атоолордон өтүп кеткен маркумдарга, ата-бабалардын арбактарына, ошондой эле Көк Теңирге, кудайга арналып мал, өзгөчө, жылкы, кой союлуп, алардын этинен бышырылган тамак-ашка куран окулуп, элге берилет деген стереотиптик маанини туюнууга болот. Бул сценарийлик түзүлүштүн негизги маанисинде өтүп кеткен маркумдарды же кудайды сыйлоо, урматтоо, алардан, кудайдан тилек тиленип, сурануу кыйытылып туюндурулат. *Курман, курмандык* араб тилинде *жакындоо* деген маанини билдирет. *Курмандыктын* диний мааниси – Алланын ыраазачылыгына жакындоо, кудай-арбакка багыштоо ниети менен Курман Айт күндөрү союлган атайын мал. Ал – *«курмандык чалуу»* деген тилдик туюнтма менен түшүндүрүлөт. Айт күнү курман чалып, Алла Тааланын мээримине жакындаган кулдары бири-бирине жакшы тилектерди айтышып, даам татышат [252, 226-б.].

Ошондой эле «Нооруз», «Бешик той», «Сүннөт», «Баш кошуу» ж.б. сыяктуу кубанычты, каалоо-тилекти, сүйүнүчтү бөлүшүүгө (тойлорго) байланыштуу тилдик атоолор салттык мүнөзгө ээ болгон концептуалдык маалыматты туюндурат. Аш-тойлорду өткөрүүдө багыштап атайын мал союу кыргыздарда салт катары калыптанган. Маселен, бул жөрөлгө мал союу, *Кан чыгарып, элдин батасын алуу* деген метафораланган тилдик туюнтма менен түшүндүрүлүп, стереотиптик мааниге ээ. Бул стереотип дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *«союш/согум»* деген атоо менен туюндурулат. *«Союш/согум»* – аш-тойлорго, конокторго же тамак-аш камдоого атайын арналып жылкы, уй, кой, эчки ж.б. союлушу. Кыргыз улуттук аң-сезимине таасир берген ушул процесс өзгөчөлөнгөн элдик билимдердин жаралышына негиз болгон. Малды союу менен катар анын дене мүчөлөрүн толук өздөштүрүү аркылуу мал этине терең маани берилип, улуттук аң сезимдин, дүйнө таанымдын чегинде аларга өзгөчө түс, боек берилген. Маселен, союлган малдын мүчөсүнүн ар бирине тамак-аш катары колдо-

нуудан сырткары адамдар аралык сый, урмат, кадыр, барк ж.б. мамилелерди жөнгө салуунун, ойду туюндуруунун өзгөчө символдук терең маанилери чөгөрүлгөн.

Конокко арналып согум союлганда алгач казандагы таза сууга эт жиликтелип салынат. Ушул жагдайда да калыптанган жөрөлгөлөр бар. Маселен, койдун этин казанга салууда эң биринчи кар жиликти салуу ой-сүрөт катары кыргыз аң-сезиминде образ болуп сакталып калган. Анткени элдик ишеним боюнча, *«кар жилик – элди ууру-бөрүдөн сактоочу, коргоочу улуу жилик»* деп мүнөздөлөт. Айрым бир жерлерде козу туулганда алдыңкы буту (кол жилик-кар жилиги) менен түшөт. Казанга да биринчи ошол буту (кол жилик-кар жилиги) менен салынышы керек деген ишеним айтылат. Кар жилик монгол тилинде «гар» кыргызча «кол» (рука) деген маанини билдирет. Кыргыздарда кар жилик «кол жилик» деген мааниде колдонулат [128]. Кар жилик – койдун алдыңкы чыканакка чейинки «кол» деп аталган буту.

Казанга салынган эт кайнап чыккандан кийин 1 жарым же 2 саат убакыттын ичинде бышары элдик тажрыйбанын негизинде аныкталган. Ушул процесс же эттин бышыш мезгили кыргыз улутуна мүнөздүү убакыт өлчөмүн билдирген туруктуу тилдик бирдиктерди туюндуруп калган. Маселен, *эт бышым убак, эт бышым маал, бир эт бышымда* – 1,5-2 саат деген чамалоо маанисиндеги сан атоочту туюндурат. *Эси эңгиреп Табылды, Эт бышымдай жатты эми* («Эр Табылды»). *Бир кайнамы ичинде калуу* - тилдик туюнтмасы – толук быша элек, чала бышкан деген маанини билдирет. *Эттин бир кайнамы ичинде калыптыр* (ооз. кеп).

Ошондой эле, казандагы этти катуу кайнатпай, бир калыпта жай кайнатып бышырууда, сорпону тез-тезден сапырып турууда эт жумшак жана жегиликтүү, сиңимдүү, сорпо даамдуу жана тунук болору, эттин пайдалуу, жагымдуу, экстрактивдүү заттары сорпого өтөрү тажрыйбанын негизиндеги элдик билимдерди туюндурат. Эт, сорпо адамдын ден соолугунун чың болушуна, дене-боюнун күчтүү болушуна жана иммунитеттин жогорулашына, өзгөчө, ооруп жаткан адамдын тез сакайып кетишине таасир берери илимге чейинки тажрыйбалардын негизинде белгилүү болгон. Элдик ушундай тажрыйбалардан улам дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө туруктуу тилдик туюнтмалар жаралган: *«Эт этке, сорпо бетке», «Ат адамдын канаты, аш адамдын кубаты», «Аш барган жерге дарт барбайт»* (макалдар) ж.б.

Конокторго бышкан этти бөлүштүрүүдө «устукан» деген түшүнүк – кыргыз улуттук каада-салтты өзгөчө көрсөткөн менталдык бирдик. Устукан – сөөктүү жиликтин аты. К.Карасаев бул сөз иран тилинен кабыл алынганын белгилеп, ал «эттүү сөөк» маанисин билдирет деп белгилеген [119, 197-б.]. Устукан жылкы, уй жана майда жандыктардын жиликтеринен болот. Устукан тартууну улуу кичүүгө, сый конокторго карап бөлүштүрүү салттык мүнөзгө ээ. Байыркы дүйнө тааным боюнча, бул салт бузулса, адамдардын мамилелерине терс таасирин тийген. Кыргыздын менталдык белгиси боюнча, устукан тартуу салттуу мыйзам катары калыптанган. Устукан тартуу таптык жиктелүү менен да байланыштуу болгон. Булар кыргыз тилдик дүйнө сүрөтү аркылуу чагылдырылат. Ушуга байланыштуу макалдар да бар. Маселен, – *этүү, майлуу, сыйлуу устукандар – кулжебес* деп аталат. *Бай жегени уча менен куймулчак, кедейдики өпкө менен кекиртек, шыйрак менен шыймылчак. // Кожонун курсагы ток, кулу менен иши жок* (макал). Аталган макалдардын маанисинде бай-кедей деген таптык дилема ачык байкалат. Азыркы учурда жылкынын учасы бардык устукандардан улук деп бааланат да, эң сыйлуу конокко же куда-сөөккө тартылат. Уйдун эки жамбашы баарынан улук деп өтө сыйлуу адамдарга тартылат [86, 43]. Жылкынын учасынан башка жиликтери чабылып, (тең бөлүнүп) бышырылат. Уйдун да бардык мүчөсү сындырылып (бөлүнүп) бышырылат да, устукан кылып тартылат [54, 78-б.].

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «устукан» сөзү – концепттик бирдик катары когнитивдик, сценарийлик кырдаалды уюштурган фреймдик түзүлүш. Сценарий «устукан» жөнүндөгү бир нече эпизоддордун ырааттуулугун көрсөтөт. «Устукан» фрейминде конок, куда-сөөк, дос, уул-кыз, улуу-кичүү, той, бата ж.б. түшүнүктөр статикалык мүнөзгө ээ. Динамикалык процесс – устукан тартуу. Ушул динамикалык процессти интерпретациялоо объект жөнүндө тилдик жалпы билимдер аркылуу ишке ашат. Ар бир устукандын аталышы жана алардын конокторго тартылыш процедурасы улуттук өзгөчөлүктү, салттык жөрөлгөлөрдү, стереотиптерди өзүндө камтып турат. Устукан – адамдар ортосундагы мамилелерде сый көрсөтүүнүн, кадырлоонун гана белгиси болбостон, уруу, эл аралык, куда-сөөктүк, достук мамилелерде жүрүм-турум эрежелерин жөнгө салууну кыйыр түрдө маалыматташтырган тилдик символ. Кыргыздарда устукан тартуу ойду туюндуруунун өзгөчө бир ыкмасы, белгиси болуп кызмат аткарат. Ма-

селен, кадырлуу конокко же кадырлуу куда-сөөккө далы тартылбайт. Эгерде далы тартылса, атайын тартылды деп белгиленип, «далысын салып коюу» деген подтексттик маанини туюндурат. *Далысын салып коюу* – нааразычылыгын, таарынычын билдирүү деген метафоралашкан маанини билдирет. Демек, кыргыздар бирин-бири сыйлоо, тарбиялоо, сезимталдык, кечиримдүүлүк, акылдуулук, сыяктуу сапаттарга өтө бай болгон. Мындай улуттук мүнөздү улуу муундардын көптөгөн кылымдар бою топтогон тажрыйбаларынын, дүйнө таанымынын жана билимдеринин натыйжасы деп эсептөөгө болот.

Конокторго кой союлганда устукандоонун белгиси өзгөчө болот. Койдун башы эң сыйлуу конокко тартылат. Койдун башы – коноктун статусун башка коноктордун ичинен бөлүп көрсөтүү, кадырлоо, сыйлоо деген подтексттик маанини туюндурат. Баш тартуу согум союлгандын негизги белгиси болуп эсептелет. Ошондон улам *«Баш тартпасаң, союш сойгонуң кайсы?»* (лакап), *Устукан тартып, баш тартмак, Кадимки кыргыз салты экен»* (элдик ырдан) деген туруктуу тилдик туюнтмалар колдонулуп калган.

Баштын кулагын кесип кичинекей балага берүү жөрөлгөсү – *улуулардын айтканын угуу* маанисин кыйытып, символдоштурат. Баштын көзүн каалаган кишисине берүүдө – *«көздөшүп жүрүү»* деген метафоралганган тилдик туюнма колдонулат да, *тез-тезден көрүшүп, аман-дашып, сыйлашып туруу, жакындашуу, мамилени бекемдөө маанисин* символдоштурат. Таңдай жана анын кесимдерин кыздарга берүү стереотиби – *саймачы, ишмер болуу* маанисин символдоштурат. Баштын төмөнкү жаагы устукан катары тартылбай, майда тууралып конокторго берилет. Баштын төмөнкү жаагында жайгашкан тилин, өзгөчө тилдин учун наристеге берүү – *«тили чыгууну»*, сүйлөп кетүүнү символдоштурат. Мындай учурда *наристенин тили тез чыксын* деп айтылат. «Сүйлөө» сөзүнүн метафоралашкан экинчи мааниси *тили чыгуу* лексемасы менен түшүндүрүлөт. Экинчи бир контексттик маанисинде «тили чыгуу», «тилдүү», «тили ачуу» метафоралганган сөз айкаштары контекстке ылайык терс мааниге ээ болуп, басымдуу түрдө көп сүйлөгөн аялдарга, келиндерге карата колдонулат да, «көп сүйлөгөн», «оюн айтуудан тайманбаган», «ийменбес», «уялбас», «текебер», «тоготпос» деген терс коннотациялык маанилерди туюндурат. Ошондуктан *«Тилдин учун келиндер жебейт»* деген стереотип катары калыптанган тилдик тыюу да бар. Аталган туюнтма келиндер *«тилдүү болбосун»* деген

маанини камтып турат. Бул тыюу өз кезегинде *Көп сүйлөөнү чектөө, аз сүйлөө, ыймандуулук, адептүүлүк, акылдуулук* маанилерин симолдоштурат. Сөз болуп жаткан тыюу стереотип катары буга чейин калыптанган тилдик эмес бир нече маалыматтардын коштоосунда туюндурулат. Анда кыргыз дүйнө таанымына мүнөздүү этикалык-моралдык жүрүм-турум эрежелери, сүйлөө маданияты сыяктуу маселелер кыйытылып туюндурулган.

Ошондой эле, устукан кылып тартылган башты үйдөн чыгарып кетүү (алып кетүү) салтка каршы келген жөрөлгө катары эсептелет. Буга байланыштуу *Башты баш тарткан үйдөн алып кетпейт* деген туруктуу тилдик тыюу бар. Анын терең маанисинде үйдөн *баш кемибесин, ырыскы качпасын, кырсык болбосун* деген каймана (подтекстик) маанилер кыйыр түрдө туюндурулган.

Илгертеден бери баш тартуу салтынан кийин устукандоону кабыргадан башташкан. Отургандарга андан кийин жилик тартылган [86, 43-б.]. Баш тартууда кабырга кошуп берүү же баштан кийин кабырга берүү да элдик билимди туюндурат. Койдун кабыргасы, адамдын дене мүчөсүнүн, кабыргасынын (самотизм) аналогу болуп эсептелет. Кыргыздык дүйнө таанымда кабырга үй-бүлөдө аял кишинин ордун символдоштурган метафоралык маанини билдирет. Маселен, *кабыргам менен кеңешейин – аялым менен кеңешейин* деген маанини туюндурат. Улуттук аң-сезим боюнча, үй-бүлөнүн башчысы – ата, андан кийинки орунда кеңешчи катары эне турат деген түшүнүк – аң-сезимде калыптанган стереотип. Баштан кийинки орунга кабырганы коюу кыргыздык мифологиялык түшүнүк кырдаалдарына байланыштуу болсо керек деп ойлойбуз.

Баштан кийинки сыйлуу устукан куймулчак болуп саналат. Бул эзелки салт азыр да кээ бир райондордо Ош тарапта (Баткен, Лейлек, Алай, Фрунзе), Өзбекстан менен Тажикстандын кыргыз райондорунда сакталган [54, 78-79-б.]. Бул устукан улгайган сыйлуу аялдарга же байбичелерге тартылат.

Куймулчактан кийин сан жиликтер, башкача айтканда, эки жамбашты эң урматтуу деп эсептелген сыйлуу конокко тартышат. Ал аял же эркек болушу мүмкүн. Андан кийинки устукан эки кашка жилик да сыйлуу эркек, аялдарга тартылган. Бул жиликтин төмөнкү уч жагында томук деп аталган сөөк болот. Эттен тазалап, аны кургатып *«Кана томугум?», «Томук жашырмай»* деп аталган улуттук оюн ойноодо

колдонушкан. *Эки чүкөлүү* (*ашыктуу же жото*) *жилик* да кийинки сыйлуу адамдарга тартылган [139, 18-б.]. Жиликтин башындагы чүкө этинен тазаланып, кургатылып, улуттук оюндарды ойноодо жана төлгө салуунун символу катары да кеңири колдонулган. *Чүкөнү итке бергенге же ыргытып жибергенге болбойт* деген туруктуу тыюу маанисиндеги тилдик туюнтма да кеңири колдонулат. Кыргыз дүйнө таанымы боюнча, чүкө – эркек балалуу болуунун символу. Чүкөлүү устукан тартылган адамдан аны атайын ырым катары сурап же уурдап алышат.

Кийинки кол жиликтер, б.а., *эки кар жилик* сан жиликтерден кийинки баскычта тартылат. Элдик билим боюнча, кар жиликтин сөөгү өтө бекем деп эсептелип, чагылып, чучугу алынчу эмес. Тазаланган кар жиликти душмандардан, ою бузук адамдардан, ар кандай кырсыктардан сактоочу символ катары боз үйдүн керегесине илип коюу салты болгон.

Кийинки сыйлуу деп эсептелген жилик – *эки далы* да эркек, аялдарга тартыла берет. Далы алдыдагы жылга даяр болуунун, аба ырайын алдын ала аныктоонун, жылдын түшүмдүү болушун билүүнүн символу катары төлгө тартууда колдонулат. Ошондой эле *Далынын сөөгүн бүтүн калтырганга болбойт* деген тилдик тыюу ырымы да бар. Жолубуз ачык, жашообуз оор болбосун деген ишеним менен далынын аяк жагын бычак менен тилип коюу ырымы болгон [139, 19-б]. Экинчи бир байыркы ишенимге ылайык, таза мүлжүнгөн далыны айга салып караса, анын этин жеген кишинин тагдыры көрүнөт. Баскан жолумду билип алышпасын деген ойдо далыны тешкилеп, сындырып салат деп айтылат.

*Эки күң жилик* сый конокторго эмес, кызмат кылган келиндерге тартылат. Ошондуктан кыргыздарда аялдарга байланыштуу күң (кызмат кылуучу аял) маанисинен улам «күндөргө тартылуучу устукан» деген эскиче аталышы калыптанып калган. Жиликтерден кийин *карчыганын омурткаларын, кабыргаларды* да устукан катары жаш конокторго тартса болот. *Төш* – устукан катары кыздарга, жээн кыздарга арналат. Ата-энелер турмушка чыккан кызына төштү устукан катары беришкен [139, 21-б., 86, 44-б.]. Ошондон улам турмушка чыккан кызга байланыштуу каалоо-тилек маанисинде «*Сөз ташыбай, төш ташы!*» деген тилдик туруктуу туюнтма колдонулат.

Арка, моюн конокторго тартылбайт, аны үйдөгү бала-чака гана жейт [54, 78-б.]. Элдик ишеним боюнча, моюн сөөктү да этинен тазалап, бүтүн бойдон керегеге илип коюу ырымы болгон. Ал жаңы төрөлгөн баланын моюну тезирээк бекемделип, башын көтөрө алган абалга жетишине, тез торолушуна моюн сөөктүн жардамы тиет деген калыптанган ишенимге тыгыз байланыштуу.

*Сый көрсөтүүнүн, кадырлоонун өзгөчө символу – жылкынын ич этинен жасалган тамак-аштар.* Кыргыз дүйнө таанымындагы менталдык өзгөчөлүктү көрсөткөн эт азыктарынан жасалган ысылыктардын өзгөчө баага татыктуулары жылкынын ич этинен жасалат. Бул ысылыктар, биринчиден, биологиялык муктаждыкты, ачкачылыкты кандыруу процессин аткарат. Экинчиден, адам ооруп, алсызданганда организмди күчтөндүрүүгө, иммунитетти көтөрүүгө чоң пайдасы бар. Азыркы учурда медицинада кыргыз медадистеринин жылкы ысылыктарын (чучук, казы, карта) жеген өтө пайдалуу деген сунуштары айтылып, колдонулууда. Үчүнчүдөн, улуттук мүнөзгө ээ салттык өзгөчөлүк боюнча, жылкы этинен жасалган ысылыктар адамдар аралык мамиледе кадырлоонун, өзгөчө сый-урмат көрсөтүүнүн символу болуп эсептелет. Демек, менталдык өзгөчөлүк боюнча жылкы ысылыктары улуттук тамак-аштарынан жогорку баага татыктуу деп мүнөздөлөт. Мисалы, аларга *казы, сары казы, кыйма жал, керткен жал, чучук, карта* кирет. Жылкынын казысынан жасалуучу ысылык «сары казы» деп аталат [86, 37-б.]. Сары казы – түрк элдерине да тиешелүү. Махмуд Кашкари бул сөздү эки мааниде колдонот: а) жылкынын майы жана андан жасалган тамактын аты (брюшной конский жир и кушанье из него); б) адамдын курсак майы (жировые складки на животе человека) [87, 439-б.]. Сары казы – ысылыктын эски түрү. Ал көбүнчө сүрсүгөн казыдан болот. Ал үчүн бышкан муздак казы менен кара кесек этти кыя кесип, үстүнө чык куюп, тууралган көк пиязды себелеп, дасторконго коет [54, 8-б.].

Казынын аталган маанилери бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Кыргыз тилинин сөздүгүндө казыга карата төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет: 1. Семиз жылкынын курсак жагынан кабыргаларына чейинки чучук жасоо үчүн колдонула турган майы. *Казы менен картага тойгонуңду ырдадың* (Токтогул). 2. Семирген курсагы чыккан кишинин курсак майы. *Казыларын салаңдатып далай эле кишилер олтурушат* (А.Токомбаев).

Ал эми жылкы этинен жасалган ысылыктын дагы бир түрү – чучук. Чучук – кыргыздардын ысылык тамактардан эң жогорку баага татыктуу, чүйгүн деп аталган өзгөчө тамагы. Ал жылкынын ичегисине казы майды жана башка кошумчаларды кошуп жасалат. Той-аштарда дасторконго чучук коюлары адат катары калыптанган. Чучуксуз чоң той-аштардагы дасторконду элестетүүгө болбойт. Аны даярдоодо жылкынын казысы, кабыргасы, ичегиси, туз, калемпир-мурч, сарымсак, зире, лавр жалбырагы колдонулат. Т.Бөрүбаевдин пикирине таянганда, чучуктун беш түрүн белгилейбиз: *кабырга чучук, иймек чучук, түндүк чучук, сүр чучук, тоңдурма чучук.* Аталган чучуктардын ичинен эң сый, кадырлуу конокторго бериле турганы *кабырга чучук.* Элдик билимдер боюнча анын «укурук чучук» деген да синонимдик аталышы бар [54, 87-б.]. Аталган тамак орус тилинде «конская колбаса», «колбаса из мяса жеребенка» деп которулат [128, 877-б.].

Союлган жылкынын жалы да кыргыз дүйнө таанымында сый көрсөтүүнүн, кадырлоонун символу катары калыптанган. Ал ысылыктын бир түрү катары *кыйма жал* же *керткен жал* деп аталат. Муздаган бышык жалдын шилисин алып салып, кыймалап тилген соң, ага окшоштуруп кара кесек этти да жука кесип, экөөнү кошуп чык куюп, аралаштырып, үстүнө тууралган пияз менен ашкөк-татымалдарды кооздоп сээп, дасторконго коет. Бул ысылык *кыйма жал* деп аталат. Ал эми даярдалганы окшош болгону менен, муздаган бышык жалды сулуулап керте туураганда чакмак кант сыяктуу көрүнүшкө ээ болуп калат. Бул ысылык – *керткен жал* деп аталат [54, 10-б.].

Жылкынын жоон ичегиси да ысылык тамак-аштын түрүнө кирип, сый көрсөтүүнүн символу болуп эсептелет. Ал – карта деп аталып, кыргыз тилинин сөздүгүндө төмөндөгүчө берилет: Карта – жылкынын майлуу, жоон ичегиси. *Кырк кулактуу казанга // Казы, карта салды эми* («Семетей»). *Семиз тай союлуп, казанга казы менен карта салынган* (К.Жантөшев). *Казы, карта, жал берип, Байлыгы ашып толгон – дейт* (Калмырза).

Ошентип, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү эттен жасалган тамак-аштарды туюндурган тилдик маалыматтарда улуттун менталдык өзгөчөлүгүн көрсөткөн жүрүм-турум эрежелерин, адамдык сапаттарды, этика-эстетикалык ж.б. руханий баалуулуктарды чагылдырган терең маанилер камтылган.

3. Кыргыз улуттук тамак-ашынын негизги деп аталган дагы бир түрү – сүт азыктары. Кыргыздардын жашоо-тиричилиги байыртадан эле мал чарбачылыгы менен тыгыз байланышта болгондуктан, малдын сүтүн негизги тамак катары колдонушкандыгы – илгертеден бери алардын жашоосунун негизги белгиси. Кыргыздар сүттүн аш болумдуулугун, касиетин, белгилерин өз тажрыйбалары аркылуу терең өздөштүрүшкөн. Мал чарбачылыгы өнүккөн эл катары бүгүнкү күндө да жылкынын, уйдун, топоздун, койдун, эчкинин сүтүн кыргыздар кеңири пайдаланышып, сүттөн ар түрдүү тамак-аштарды жасашат.

*Сүт* сөзү жалпы эле түрк тилдеринде айрым бир фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө карабастан бирдей мааниде колдонулары атайын изилдөөдө белгиленип жүрөт. Маселен, эски кыпчак *сүт*, караим, кара калпак, казак, кыргыз, уйгур *сүт,* азерб. *суд,* татар *сет*, якут *үүт*, өзбек *сут*, түркмөн *суйт* [86, 58-б.].

Байыркы түрк тилдеринин сөздүгүндө төмөнкү сүт азыктары орун алган: агуз, айран, йогурт, йогрум, каймак, кымыз, согут, сузме, түрмөк, уйутма. Көрүнүп тургандай, бул сөздөрдүн дээрлик бардыгы азыркы кыргыз тилинде фонетикалык жактан үндөшүү мыйзамына ылайык, тыбыштык жактан өзгөрүүгө гана учураганы болбосо, бүгүнкү күндө өз маанисинде колдонулат.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө сүт өзүнүн түрүнө, белги-касиетине, колдонулуш өзгөчөлүгүнө, белгилерине жараша сөз айкаштарынан турган бир нече атоолорго ээ: *ууз сүт, көк сүт, бээнин сүтү, уйдун сүтү, топоздун сүтү, төөнүн сүтү, койдун сүтү, эчкинин сүтү.*

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «сүт» жана «ак» лексемалары синоним катары колдонулуп, бирдей маанини туюндурат. Бул «ак» деген атоо сүттүн өңүнөн алынгандыгы ачык байкалат. *Ак ичүү, ак чачуу* деген сөз айкаштары улуттук аң-сезимде калыптанган өзгөчө мазмундук түшүнүктү билдирет.

*«Ак ичүү»* жалпы эле сүт азыктарына байланыштуу тамак-аштарды ичүү дегенди түшүндүрөт. Көчмөн кыргыздын жашоо шартына ылайык, турмуштук тажрыйбалардан улам тамактануу режими мезгилдик өзгөчөлүккө байланыштуу болгон [11, 152-б.]. Күн жылыган (жаз, жай), жердин бетине чөп, ар кандай өсүмдүктөр чыккан мезгил *«көк чыккан мезгил»*, ал эми малды азыктандырууда *«мал көккө тойгон мезгил»* деп аталат. Ушул мезгилде сүт азыктарынан жасалган тамак-аштарга көбүрөөк басым жасалган. Маселен, *«сүт», «кымыз»,*

*«айран» «чалап»* ж.б. Ошол эле учурда күн сууктаган (күз, кыш) мезгилге сүттөн атайын азыктар (бышtак, май, сүзмө, курут) даярдалган. Булар кышында өз алдынча тамак катары да, ундан, буудайдан жасалган тамактарга да кошулуп жасалган.

Сүт азыктары кыргыздардын негизги тамак-ашы болгондуктан, ага тилдик сүрөтү аркылуу терең маани берилип, кеңири чагылдырылат. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө сүт улуттук мүнөздө баамдалып, образдуу, элестүү сүрөттөлөт да, каалоо-тилек, сыйынуу маанисинде сүткө байланыштуу туруктуу тилдик каражаттар колдонулат. Маселен, *Үйүңдөн ак үзүлбөсүн! // Ак мол болсун!* – токчулук, барчылык болсун деген мааниде. *Ак жалгасын!* этн. Кокусунан кийимге же жерге айран, сүт, кымыз төгүлүп кеткен учурда жакшылык болсун, кесир болбосун деген сыйынуу маанисинде колдонулат [167, 27-б.].

Кыргыз тилдик дүйнө таанымында сүткө байланыштуу элдик тыюу, ишеним архетиптери да арбын. Алар төмөндөгүдөй: меймандостук, кеңпейилдик, ак ниеттүүлүктүн символу катары *акты аябайт, акты сатканга болбойт* деген тилдик тыюу, туюнтмалар, *Айранын ичкен кутулат, челегин жалаган тутулат* макалы колдонулат. Элдин ишеними боюнча, күн баткандан кийин, өзгөчө айлуу түндө үйдөн сыртка сүт алып чыгууга болбойт. Эгер бул тыюуну аргасыздан бузууга туура келсе, анда сүт куюлган идиштин бетине Айдын шооласы түшпөгөндөй кылып, бир нерсе менен жакшылап жабуу керек. Ал эми бул шарт аткарылбай, сүткө Ай шооласы түшсө, малдын (уй, бээ, ж.б.) желини ооруйт деген ишеним болгон. Мындай балээ-жалаага калбас үчүн кээде сүткө чала күйгөн чырпыкты салып, үйдөн чыккан. Мында оттун кудуретине ишенүү, ошол балээден от алыстатат деген ишеним болсо керек [252, 53-б.].

*«Ак чачуу»* сөз айкашы – архетип катары аң-сезимде сакталган менталдык түшүнүктү туюндурат. *Ак чачуу* сөз айкашынын концептуалдык маанисинде жыланды үйдөн сүт, айран чачып чыгаруу деген маалымат бар. Кыргыз дүйнө таанымында жаратылышка, жан-жаныбарларга карата аяр мамиле жасоо өзгөчө сакталган. Маселен, боз үйгө кирген жыланды касиеттүү деп эсептешкен жана жакшылыктын белгиси катары кабыл алып, атынан атоого тыюу салынган. Бул – жыланга болгон байыркы мифтик түшүнүктөргө байланыштуу урматсый көрсөтүүнүн белгиси. Жылан сөзүнө синонимдик мааниде «азиз» лексемасы табу катары колдонулат. Жылан адамга тийбейт, эгер адам

ага кыянатчылык кылса, кекчил болот, уусун чачып жиберет деп өлтүрүшкөн эмес. Ошондуктан жыландын башына ак чачып үйдөн чыгарышкан.

*Ак* сөзү менталдык мүнөзгө ээ жалпы атоодон сырткары өң-түстү билдирген номинативдик маанисинде *сүт* сөзү менен айкашып келет да, образдуулукту, элестүүлүктү жаратат. Эмоционалдуулукту, экспрессивддүүлүктү туюндуруу менен, күчөтүү, салыштыруу маанисинде *сүттөн ак, сүттөй ак* фразеологизмдери колдонулат:

*Сүттөн ак, сүттөй ак* – таза, эч күнөөсүз деген маанини билдирип, адамдын жүрүм-турумуна карата колдонулат. *Өзүң эле сүттөн ак киши болуп кала бермексиңби?* («Ала-Тоо»). *Мезгилсиз кеткен уулумдун ниети сүттөй ак эле, сага жамандык ойлочу эмес эле* (Абдукаримов).

*Сүткө тойгон күчүктөй* – монтойгон, сүймөнчүктүү, борсойгон деген маанилерди билдирип, кичинекей балдарга карата эркелетүү, жакшы көрүү, ичи эзилүү ж.б. оң маанилерде айтылат. *Кызым жоош, курсагы тойсо болду, сүткө тойгон күчүктөй болуп жата берет* (оозеки кеп).

Бул атоолордон сырткары, улуттук аң-сезимде менталдык өзгөчө белгиге ээ маалыматтарды камтыган лексема – *ак сүт.* Менталдык өзгөчөлүк боюнча, *ак сүт* деген туруктуу атоо эненинин сүтүнө карата колдонулат. *Эненин сүтү* «ак» концепти менен байланышып, бир нече образдуу, өтмө, метафораланган тилдик маалыматтарды, фразеологизмдерди туюндурат. Мисалы: *Ак сүтүн актоо* – энесин ыраазы кылгыдай кызмат өтөө. *Апаке, ак сүтүндү бир кездерде актар мезгил да келер* (Бектенов). *Ак сүтүңдөн айланайын, апакем* (Ч.Айтматов). *Ак сүтүн кечүү* – баласына энелик ыраазылыгын билдирүү, энелик акымды кечтим деп айтуу, энелик акыман кутулдуң деп эсептөө. *Алтын апа, кор кызыңдан, Ак сүтүңдү кече көр* (А.Токомбаев). *Арманыңды чеч, эне, Ак сүтүңдү кеч эне* (Токтогул). *Ак сүтүнө коюу* – балалыктан кечем, балам деп эсептебейм деген мааниде баласына нааразылыгын билдирүү. *Жаркын байбиче уулуна каарын салып, ак сүтүнө коюп туруп айтты* (Т.Сыдыкбеков).

*Эне сүтү оозунан кете элек* – эч нерсени биле эле, акыл-эси толук жетиле элек, өтө жаш деген маанини билдирет. *Эне сүтү оозунан кете электе менден баланы алып коюшту* (Оозеки кеп).

Энениң сүтүнө байланыштуу өтмө мааниге ээ *«сүт акы»* түшүнүгү бар. *«Сүт акы»* – тилдик аң-сезимде салттык жөрөлгө катары стереотип болуп сакталган мазмундук түшүнүк. Жаңы келген келиндин энесине кайын- журту тарабынан ыраазычылык билдирүү, ырақмат айтуу масатында мал-мүлк же акча берүү. *Энесинин сүт акысы деп кудалар бир уй беришиптир* (оозеки кеп) [167, 259-260-б.].

Сүткө байланыштуу атоолордун семантикасы жана лингвомаданий сыпаттамалары төмөндөгүдөй: 1. Ууз. Мал туугандан кийин саалган алгачкы сүтү *ууз* деп аталат. Кыргыздарда уузду бышырып, аны кесип жейт. Бул тамак дээрлик бардык түрк-монгол ареалына тарап, аны билдирген сөз да бул тилдерде параллел колдонулат. Байыркы түрк тилдеринде бул сөз агуз/огуз түрүндө кездешип, «первое молоко, молозиво» дегенди билдирет [86, 58-б.]. Кыргыздарда ууз – токчулуктун, молчулуктун символу. Ууз атоосуна байланыштуу салттык түшүнүк фреймдик түзүлүшкө ээ. Маселен, өзгөчө уй тууганда уузга байланыштуу улуттук жөрөлгө аткарылат. Уузду бышырып, аны кесип даярдап, уузга суу кошуп, сүт кесме жасап кошуна-колоңдорго ооз тийгизүү салты бар. Ушул жагдайдагы батада сүткө байланыштуу тилдик каражаттар колдонулат: *уй сүттүү болсун, токчулук болсун, ак көбөйсүн, сүт берекелүү болсун!* ж.б. *Күч бербеген тулпардан сүтүн берген уй жакшы // Аштык ичкен арыбайт, ак ичкен карыбайт // Ак бар үйдө береке бар* (макалдар).

*Айран* – кыргыз элинин байыртадан колдонулуп келген сүт азыгы. Айран бул сүттү нак түрүнөн өзгөртүп жасаган биринчи оокаты. Түрк тилдеринде айран сөзү байыркы мезгилдерден бери колдонулуп, эч өзгөрүүсүз жеткен. Бирок жасалыш, даярдалыш өзгөчөлүгүнөн улам, маанилик жактан айырмачылык бар экенин тилчи-окумуштуу А.Жапанов бир нече факты-материалдар менен далилдеп көрсөтөт. Маслен, башка түрк тилдеринде *«суу аралаштырылган кычкыл сүт»* маанилерин билдирсе, кыргыздарда суу кошулбай, накта сүттүн өзүнөн уютулган азык айран деп аталат [86, 60-б.].

Айран сөзүнө синонимдеш мааниде «жуурат» сөзү да колдонулат. Бул – койдун, эчкинин, топоздун сүтүнөн жасалган, эң күчтүү, кубаттуу деп аталган айран. *«Жуурат»* – байыркы түрк тилиндеги *йогурт* сөзүнүн фонетикалык жактан үндөшүү мыйзамына ылайык азыркы абалда колдонулушу. Кыргыз тилинде айран, жууратардын *нак айран* (нак-таза, эч нерсе кошулбаган деген мааниде), *кам айран* (нак сүттү

чийки бойдон жылуу кезинде азыраак уютку куюп 4-5 саат уютат) деген түрлөрү кездешет. Жууратты өтө коюу, майлуу болушунун өзгөчө образы *Жуурат төгүлсө, жугу калат* макалы аркылуу туюндурулат. Сүт кайнап, бышкандан кийин, өтө муздабаган (ыкчам, жылуу) абалында ага уютку куюлуп, идиш тез муздап калбаш үчүн үстү жылуулап жабылат да, бир орунга коюлат. Элдик билим боюнча, ушул абалында айранды жылдырууга болбойт. Жакшы уюбай калат деп айтылат да, образдуу тилдик туюнтма колдонулат: *Айран чочуп калат, Чочуп калбасын!* Айран уюгандан кийин муздак түрүндө ичилет. Ушул динамикалык процесс экспрессивдүү, образдуу маанини жаратып, төмөндөгүдөй туруктуу тилдик туюнтма колдонулат: *Сүткө оозун күйгүзгөн, айранды үйлөп ичет* (макал). Аталган макалдын биринчи компонентинде *көнүлү калуу, чочуп калуу, коркуп калуу, жалкып калуу* маанилери кыйытылса, экинчи компоненти аркылуу *абайлоо, этияттык кылуу, шектенүү, өкүнүү, жаңылууга жол бербөө* ж.б. сыяктуу подтексттик маанилерди кабылдоого болот. *Бир казан сүттү иритиш үчүн, бир тамчы айран жетиштүү* макалында да *таза, бүткөн ишти бузуп коюш бат эле* деген кыйытма ой бар. Айрандын образы аркылуу өтмө, образдуу, метафоралашкан фразеологизм колдонулат. Мисалы, *абийири айрандай төгүлүү* – беделі сынуу, катуу уят болуу, айыбы ачылуу, маскара болуу маанилерин билдирет. *Менин көзүмдүн тирүүсүндө анын абийири айрандай төгүлөт – деди Куйручук («Куйручук»)* [167, 21-б.].

*Айран, жууратган сүзмө, сүзмөдөн курут* жасалат. Ал эми *бышмак, иримчик, эжигей, май, каймак, чөбөгө* да сүт азыктарынан жасалган улуттук тамак-аштар. *Иримчик* (орус тилинде творог) нак сүттөн же тартылган сүттөн жасалат. Сүттү атайын жылуу жерге коюп иритет да, сары суусу бөлүнүп калганда коюусун сүзүп алып, мөмө-жемиштерди аралаштырып, каймакка кошуп жесе да болот.

Ал эми эжигей койдун, эчкинин топоздун сүтүнөн жасалат. Эжигейдин негизи – уютку. Аны койдун кара уузун саап алып, жылуу кезинде курчуган айрандан уютку салып, козунун таза жууган жумурусуна куюп оозун бек бууп, 2-3-күнгө көлөкө жерге илип коет. Кара ууз уюп, сары суусунан бөлүнүп калат. Аны кургатып алса, жыл бою уютку болот. Койдун сүтүн казанга куюп, от жагып, жылымык болуп калганда, эзилген уюткуну кошот. Сүт заматта калдайып уюп чыгат. Уюусу жеткенде отту күчөтүп, сары суусу такыр соолгонго чейин ара-

лаштырбай кайната берет. Бышканда өңү саргыч ак тартып, сай-сай болуп калат. Эжигей, иримчик, жалпы жонунан, быштактын тобуна кирет [54, 165-б.]. Эжигей сөзү антропоморфтук белги катары сары адамга карата салыштыруу иретинде айтылат. *Эжигейдей эзилген сары киши.* Кыргыз элинин менталдык түшүшүнүгүнө байланыштуу *уютку* сөзү да кандайдыр бир нерсенин негизи, маңызы, түптөөчүсү, пайдубалы деген өтмө, образдуу маанилерди жаратып, метафоралашат. Мисалы, *маданияттын уюткусу, билимдин уюткусу* ж.б.

Каймак – кыргыздардын эң байыркы аруу тамактарынын бири. Каймак – бышкандан кийин сүттүн үстүнө капталып калган майлуу катмары. Каймак даяр болгон процесс, колдонулуш өзгөчөлүгү менталдык аң-сезимде элестүү образ катары кабылданып, буга байланыштуу өтмө маанилерде төмөндөгүдөй бир нече фразеологизмдер, макалылакаптар жаралган. Маслен, *каймагы бузулбоо* – эч нерсе болбоо, чачылбоо, кебелбөө, козголбоо, бүлгүнгө учурабай тынч кала берүү. *Мына эми калың кара журт чачылып, көрбөгөнү көр болуп кайтканда, мал-жаның эсен, каймагың бузулбай калдың, байым* (Т.Сыдыкбеков). *Каймакка куймак куйгандай* – абдан мыкты, бири-бирине төп келишкендей деген мааниде колдонулат. *Эгер андай болсо, каймакка куймак куйгандай болот эле да* («Ала-Тоо»). *Кара суудан каймак алуу* – өтө эпчилдик, айлакерлик кылуу, ар нерсенин ыгын билип, амал менен иштөө деген маанини билдирет. *Каймактан күйгөн колуң, сүттөн да күйөт* макалынын маанисинен ар бир нерсенин оң жана терс жактары бардыгы, бардык нерсе бири-бири менен карым-катышта, байланышта болору, бардык учурда этияттык, сабырдуулук, акылдуулук керектиги жөнүндө ой кыйытылган. *Кадала караса, каймактан да кара так чыгат* макалында жакшылап караса, ар бир таза иштин да кемчилиги болот деген маанини туюнууга болот. Мактанчаактык, жеңил ойлуулук, ала көөдөндүк сапаттардан алыс болууга үндөө мааниси макалдын терең маанисинде камтылган.

Май – бардык элдерге тараган, күндөлүк тамак-ашта пайдаланылуучу сүт азыгы. Сүттөн жасалган майлар, малдын ич майы, өсүмдүк майы кыргыздарда байыртадан бери негизги азык катары колдонулуп келген. Сүттөн жасалган майлардын түрлөрү төмөндөгүдөй: *айран май, каймак май, сары май, кошкон май* деген аталыштарга ээ. Өзгөчө, ар кандай сүттөн алынган сары май күндөлүк оокат жасоодо жана тамак катары кеңири колдонулган. Байыркы мезгилдерден бери эле кыр-

гыздар койдун карынын үйлөп, кургатып, ага сары майды куюп койсо, эч бузулбай, жайдан кышка, кыштан жайга чейин сакталган. Ушул процесстен улам дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *сары майдай сактоо*, *сары майдай саргаруу* туруктуу тилдик туюнтмалары салыштыруу катары колдонулат. Мисалы, *Энем чогулткан тыйынын сары майдай сактап, баласына деп арнап койгон* (Ооз. кеп*). Сары майдай саргаруу* күтүүнүн, сагынычтын символу катары колдонулат. Мисалы, *Баласын сары майдай саргарып күтүп жүрүп чарчады* (ооз. кеп.).

Айран май алуу үчүн айранды уютуп, майы түшкөнчө бышат. Түшкөн майды мыжыгып, тоголоктоп алат да, аны көбөйтүп сары май кылып алышкан. Бышкан же чийки сүттүн үстүнөн алынган каймакты чогултушкан. Суусунан бөлүп, тоголоктоп сары май кылышкан. Каймакты сызгырганда сары май алынат. Сары майды куюп алгандан кийин түбүндө калганы *чөбөгө* деп аталат. Сары майды эритип, ага бал кошуп аралаштыруу *кошкон май* деп атаалат.

Сары май – ырым-жырым, жөрөлгөлөрдө символ катары катышат. Маселен, даам татуунун символу. *Нан менен бирге сары май коюлат.* Сары май – барчылыктын, телегейи тегиз болуунун символу. Мисалы, *кашыгы да май, чөмүчү да май* фразеологизми телегейи тегиз, абдан жетишкен, карк болгон деген маанини билдирет. *Кашыгы да, чөмүчү да май болуп, бапырап калган учуру* [167, 151-б.].

Бээнин сүтүнөн жасалган улуттук суусундук *кымыз* деп аталат. Уйдун жана төөнүн сүтүнөн дагы кымыз жасалат. Кымыз – жалпы эле түрк элдерине кеңири таралган суусундук. Аны сабага, арча челектерге, карапага ачытат. Бүгүнкү күндө бул сөз дээрлик түрк тилдеринде «кымыз – кумыс» түрүндө колдонулат. Кымыз сөзүнүн этимологиясы жөнүндө маалыматтар азыркыга чейин илимий адабияттарда кездешпейт [86, 65-б.]. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө кымыздын төмөндөгүдөй аталыштары кездешет: *Ууз кымыз* – эрте жаздан майдын толугуна чейинки даярдалган кымыз, Элдик тажрыйбада ар кандай ооруга дабаа катары бааланат. Ошондуктан *Кымыз кишинин каны, Эт кишинин жаны* деген макал колдонулат. Анткени чөп жашаң болуп, бээ уузунан арыла элек кезде жасалат. *Гүл кымыз* – жайдын толугунан кеч күзгө чейинки кымыз. Чөп муун алып, гүлү төгүлүп, күчүнө келип турган убакта жасалып күчтүү болот. Сөөк кымыз – чөп бышкан күздөн кышка чейинки кымыз. Сөөк кымыз коюу, күчтүү жана ток болот [54, 167-б.]

Кымыздын даярдалыш өзгөчөлүгүнө ылайык түрлөргө бөлүнүшү жана алардын аталышы төмөндөгүдөй: 1) *Тунма кымыз* – эртең менен бышпай туруп, үстүндөгү тундурмасын бөлүп алат. Ал эң күчтүү, балга чайкап, мейиз кошуп, 3-5 күн ачытса мас кыла турган ичимдик болуп калат. 2) *Саамал кымыз* – ачыган кымызга жаңы саалган сүт кошуп бышып, 1-2 саат тыныктырып, куюлган кымыз. 3) *Чайкаган кымыз* – жакшы ачыган кымызга бал кошуп чайкап, саамал кошуп бышып, 2-3 күн ачытып коёт. Ал ичимдик катары пайдаланылат. 4) Кымыран кымыз – теңи саамал, теңи уйдун сүтүнөн жасалган кымыз. 5) Төө кымыз төөнүн сүтүнө муздак суу чабыштырып, бээнин кымызынан көрөңгө куйса, төө кымыз болот. Уй кымыз уйдун сүтүнө үчтүн биринде суу куюп, кымыран кылып, нак кымыздан көрөңгөлөсө уй кымыз болот [54, 168-б.]. Демек, сүт азыктары жана алардан жасалган тамактар дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө өзгөчө менталдык белги катары терең маанига ээ.

Жыйынтыктап айтканда, дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «тамак-аш» концепти кыргыздардын дүйнө таанымын жана билимдерин туруктуу тилдик каражаттар, фразеологизмдер, макал-ылакаптар жана көркөм тексттер аркылуу туюндурат. «Тамак-аш» концептин туюндурууга катышкан туруктуу тилдик каражаттадын терең маансинде улуттук аң-сезимде калыптанган жүрүм-турум эрежелери, руханий баалуулуктар, сый-урмат, адеп-ахлактын ар түрдүү формалары камтылган. «Тамак-аш» концептиндеги тилдик атоолор, фразеологизмдер, стерепотип катары сакталган туруктуу тилдик каражаттар, макал-ылакаптар кыргыздардын тарыхый, маданий өзгөчөлүктөрүн аныктап, топтоп гана тим болбостон, элдин улуттук аң-сезимин, дүйнө таанымын да калыптандырууга салым кошушат. Ушундан улам, «тамак-аш» концепти тилдик маданий код катары дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүн көрсөтүп, улуттук дүйнө таанымдын, аң-сезимдин өзгөчөлүктөрүн билдирген менталдык белги болуп эсептелет. Аталган «тамак-аш» концептине байланыштуу тилдик каражаттарды терең талдоо аркылуу кыргыз маданиятындагы материалдык жана руханий баалуулуктарды жайылтуу, өнүктүрүү, аларды кеңири колдонуу учурдун жана келечектин милдети деп эсептейбиз.

### 3.3. «Кийим» концепти

Акыркы жылдардагы лингвистикага мүнөздүү болгон антропоборбордук мамилеге ылайык, тилди изилдөө улуттук дүйнө таанымды, анын ичинен дүйнө таанымдын тилдик сүрөтүн аныктоонун зарылдыгын шарттап тургандыгы буга чейинки изилдөөлөрдө фактыматериалдардын негизинде бир нече жолу белгиленип кетти. Ж.А.Манкееванын пикирине ылайык тил – бул курчап турган чөйрөнү эл тарабынан түшүнүү процессинин материалдашкан формасы. Этнос, тил – маданияттын өз ара таасирленишүүсүнөн дүйнөнү улуттук маданият аркылуу кабыл алган жана өзгөчөлөнгөн дүйнө сүрөтүн жараткан лингвомаданий жалпы түшүнүктөр [195, 5-б.]. Ушундай мамилелерден улам дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн теориялык-методологиялык база катары орду ар бир концептти изилдөөдө жетекчиликке алынарын дагы бир жолу белгилөө зарыл деп эсептейбиз.

«Кийим» концепти да дүйнөнүн тилдик сүрөтүндөгү улуттук концептосферанын катарын толуктап турган, маанилүү, маданий жана когнитивдик-тилдик бирдик катары илимий изилдөөгө карата өзгөчө кызыгууну жаратат. «Кийим» концепти жөнүндө Т.А.Ларина өз макаласында: «Одежда, как феномен и составляющая часть концепта «внешность», отражает становление и развитие национального сознания; ее описание видится важным для реконструкции языковой картины мира народа», – деп өз пикирин билдирген [174, 34-39-б]. Биздин пикирибизче, «кийим» концепти – кыргыз улуттук аң-сезиминин калыптанышын жана өнүгүшүн чагылдырган менталдык бирдик. Кийимди маалыматташтырууда дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтү аркылуу улуттун менталдык өзгөчөлүктөрүн, билимин, таанымын туюндурган маалыматтарды иликтеп чыгуу да өтө маанилүү деп эсептөөгө болот. Өзгөчө улуттук концептосферанын негизгилеринин бири катары «кийим» концептин изилдөөнүн негизинде улуттук тилдин логикасын, тилдик каражаттар аркылуу дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнүн өзгөчөлүгүн изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Андыктан кыргыз тилинде дүйнөнүн когнитивдик, концептуалдык, жана тилдик сүрөтүн «кийим» концепти аркылуу изилдөө актуалдуу деп эсептейбиз.

Улуттук кийим – тарыхый мүнөзгө ээ. Анын тарыхы этностун калыптаныш тарыхы менен түздөн-түз байланышкан жана убакыттын өтүшү менен элдин маданиятынын тарыхына айланган. Демек, кыргыздардын салттуу кийими элдин тарыхый, этномаданий элементтерин, диний өзгөчөлүктөрүн жана этника аралык байланыштарын ча-

гылдырып, элдин материалдык жана руханий баалуулуктарын бири-бирине айкалыштыра алат.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «Кийим» концепти дүйнө кабылдоонун өзгөчө моделин, географиялык, климаттык, тарыхый, диний шарттарга байланыштуу жүрүм-турум мамилелерин чагылдырган тилдик маалыматтардын концептуалдуу мазмунунан турат. Улуттук кийим байыртадан бери эле курчап турган чөйрөнү (мезгилдик, орундук өң-түс, климат ж.б.) чагылдыруу менен, элдин дүйнөнү түшүнүүсүнүн бир каражаты болуп келген. Көчмөн турмушка ылайыкташып жашаган кыргыздардын мекендеген жери тоо, суу, жаныбарларга, өсүмдүктөргө бай болгондуктан, ушундай шарттагы өзгөчөлүктөргө жараша кийими тигилген. Өзгөчө кесипчилик жагынан мал чарбачылык жана аң улоо менен алектенген элдин кийимдеринин басымдуу көпчүлүгү малдын, жаныбарлардын терисинен, жүнүнөн жасалган [223, 279-283-б.]. Материалдык булактары тери, жүн жана соода-сатыктын негизинде сатылып алынган кездемелерден кийим тигилип, аларды муктаждыкка жараша жасалгалай билүү жана кийинүү аң-сезимге, дүйнө кабылдоо, дүйнө тааным өзгөчөлүгүнө байланыштуу өнүккөн. Маселен, тоонун образынын баш кийимге символдоштурулушу, оймо-чиймелердин баш кийимге, жалпы эле сырт кийимдерге түшүрүлүшү элдин дүйнөнү кабылдоо өзгөчөлүктөрүнө, жаратылышты эстетикалык жактан кабылдоо билимдерине ылайык жасалган. Белгиленген ишмердиктер кыргыздардын жаратылыш, жан-жаныбарлар, экология менен бөлүнбөс, тыгыз байланышын, ашыкча жасалмалуулуктан сырткары экендигин айгинелеп турат.

Дүйнөнү образдуу кабыл алуу жана түшүнүү аң-сезимде менталдуулук менен байланышып, дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүн түзсө, ал эми аң-сезимдеги концептуалдык билимдерди репрезентациялоо дүйнөнүн тилдик сүрөтү менен тыгыз байланыштуу. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «кийим» концептин репрезентациялаган тилдик бирдиктер улуттук менталитетке мүнөздүү колдонулуп, улуттун маданий, жүрүм-турум стереотиптерин чагылдырып турат [265, 83-б.]. Кыргыз тилиндеги кийимге, аны менен катар адамдык мамилелерди баалоого байланыштуу ар түрдүү менталдык мүнөздөгү түшүнүктөр паремиялар, фразеологизмдер жана башка туруктуу тилдик туюнтмалар аркылуу мазмундаштырылат.

Кийим дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү концепттердин бири катары менталдык, маданий, тилдик маанилүү константты (туруктуулукту) билдирет. Кийим маанилүү сөз болуп эсептелет жана ал маанилүү сөздөрдү өз тегерегине топтойт, коммуникативдик багытты, көрсөтмөлөрдү, адамдардын жүрүм-турумуна байланыштуу эрежелерди жана нормаларды жөнгө салат.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «Кийим» концептинин структурасын түзгөн *кийим* сөзүнө карата түшүндүрмөлөр кыргыз тилиндеги сөздүктөрдө төмөндөгүдөй берилет: Кийим – адамдын тулку боюн же айрым мүчөлөрүн тышкы чөйрөнүн ар кандай жагымсыз таасирлеринен коргоочу буюмдардын жалпы аты [153, 250-251-б., 115, 153-б.]. *Кийим* – адам кийүү үчүн тигилген тон, чепкен, көйнөк, өтүк ж.б. жалпы аты. Ич кийим, сырт кийим, бут кийим ж.б. *Зубайда сандыгынан кийим алып берди* (Убукеев). *Дүкөнгө барып жылуу кийим алышты* (Н.Байтемиров). *Кийим-кече* – жалпы эле кийимдер, кийимдин ар кандай түрү. *Курма Айдайдын кийим-кечелерин камдай баштады* (К.Каимов) [165, 769-б.].

Кыргыз улуттук кийимдеринен өзгөчө баш кийимдер жана сырт кийимдер кыргыз тилдик дүйнө таанымда аталышына жана концептуалдык маанисине ылайык материалдык жана руханий маданияттын символу катары биздин изилдөөбүздүн бир өңүтүн түзөт.

Кийимдин кыргыз тилинде түшүндүрмө сөздүктөрдөгү маанисинен сырткары аң-сезим, дүйнө тааным, салт-санаа, руханий маданият ж.б. экстралингвистикалык факторлордун коштоосундагы төмөндөгүдөй өзгөчө белгилерин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- *Кийим,* эң алды, адамды материалдык жана руханий жактан камсыз кылат. Ал коргонуу, жылуулук, жагымдуулук, жарашыктуулук үчүн колдонулат. Кийимдин жетишсиздиги, жоктугу же көптүгү – ооруну, оңтойсуздукту, кемсинүүнү, эркиндикти, жогору маанайды, кубаныч, сүйүнүчтү жараткан белги. Маселен, буга байланыштуу дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө кийим концептинин терең маанисин кыйыта чагылдырган төмөндөгүдөй макал-ылакаптар колдонулат: *Сулуулуктан жылуулук; Адам көркү – чүпүрөк, дарак көркү – жалбырак; Жаман кийим жок болсо, жакшы кийим жыртылат; Тон жылуусун ээси билет, муңдуунун муңун муңдуу билет; Көйнөгү экөө болсо, көңүлү төртөө* ж.б.

- *Кийим* улуттук аң-сезимге ылайык адамдардын жыныстык (аялдыкы, эркектики), жаш курактык (наристелердики, балдардыкы, кыздыкы, уулдуку, карылардыкы ж.б.) өзгөчөлүктөрүн туюндурган, адамдын коомдогу статусун көрсөткөн белгилерге ээ атоолордон турат. Мисалы, кыз-келиндерге тиешелүү кийимдердин аталыштары: *элечек, шөкүлө, жоолук, такыя, белдемчи* ж.б; эркектерге тиешелүү кийимдердин аталыштары: *калпак, тебетей, ичик, тон, чепкен, жаргак шым* ж.б.; турмушка чыга элек кыздар кийүүчү баш кийимдердин аталыштары: *такыя, үкү тону, шөкүлө, тебетей;* келиндер, апалар кийүүчү баш кийимердин аталыштары: *элечек, жоолук* ж.б.; коомдогу статусун айырмалаган баш кийимдин аталышы*: кызыл тебетей* (хандын белгиси катары өзгөчө тигилген баш кийим) ж.б.

- *Кийим* кыргыздардын менталдык белгилерин билдирген туруктуу тилдик-стереотиптик маалыматтардан турат: *«ак калпак кыргыз калкым»; «ак элечек энелер», «ак жоолукчан апалар»* ж.б.; *кемер кур, кемсел, өтүк, ак калпагың, кээ бирөө билбей жүрөт анын баркын, элинен белги берип, тааныштырган, кийимиңден кагылайын, кыргыз калкым (Кыргыз калкым)* ж.б.*;*

- *Кийим* каада-салт, үрп-адатты таанытkан, вербалдык эмес, концептуалдык символдук маалыматтардан турат: *– келинге ак жоолук салуу, шөкүлөнү чечип, элечек кийгизүү* – үй-бүлөлүү болуунун, турмушка чыгуунун символу *(Ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн! Ак элечегиң башыңдан түшпөсүн! – алганың менен тең кары, бактылуу бол деген алкоо, каалоо-тилек маанисиндеги тилдик туюнтмалар стереотип катары колдонулат), кара кийүү, кара жоолук салынуу, кара элечек кийүү – жакынын жоготуунун символу (кара жоолук салынып, кара кийим кийинип, аза күтүү* жөрөлгөсү*); кырк көйнөк – жаңы төрөлгөн баланын кыркын чыгарганда (кырк күнгө толгондо) ырым кылып кырк курак кылып кийгизилген көйнөк* ж.б.

*Кийим* сөзү жүрүм-турум эрежелерин, этика-эстетикалык өзгөчөлүктөрдү таанытууда белги, образ, метафора катары фразеологизм, паремияларда катышат: *– бир этегин жаза басуу, бир этегин үзө басуу, сөлп этек* (фразеол.) Кийим адамдардын мүнөздүү белгилерин символдоштурган маданий код болуп саналат.

*Кийим* кыргыз тилдик маданият таанууда адамдын билимин, ааламын, ички дүйнөсүн таанып билүүнүн, баалоонун символу болуп эсептелет. Маселен, сырткы формасы менен ички дүйнөсүнүн төп ке-

лишүү же төп келишпөө мүмкүндүгүн, адамдын чыныгы адамдык касиет, сапаттарын жашырып турган, баарлашкан адамды адаштырган каражат катары кийим макал-ылакаптардын терең мааниси аркылуу кыйыр мааниде туюндурулат. Маселен, *Сырты жалтырак, ичи калтырак; Адамдын кийимине караба, билимине кара; Алыңа карап бышкыр, боюңа карап тон быч; Жолдон келип, тон меники дейт, эшиктен кирип, төр меники дейт* ж.б.

*Кийим* маалымат алмашуунун, сый көрсөтүү, учурашуу жөнүндө маалымат берүүнүн символу катары тилдик эмес концептуалдык маалыматты да билдирет. Маселен, *ак жоолугун салынып, жүгүнүү.* ж.б.

Кыргыз кийимдеринин жаралышы жана аталышы боюнча тарыхый булактарга кайрылсак, байыркы мезгилдерде Тан династиясы дооруна таандык Кытай булактарынан кыргыз улуттук кийимдери тууралуу илимий маалыматтар кездешет. «Тан-Шунун» династиялык жазмалары жана 18 - 19-кылымдардагы тарыхый маалыматтар боюнча таптык мүнөзгө ээ байлар үчүн тигилген *кундуз тебетей,* алтын алкагы бар, шоңшогой төбөлүү жана жээги кайрылган *кийиз калпак,* парча, жибек, баркыт, манат, кымкап ((ир.)-парча, жибек кездеменин бир түрү) [117, 175-б.] жана ноотудан ((ир.)-сукно, жүндөн даярдалган байыркы кездеме) [117, 212-б.] тигилген *сырт кийим,* кызыл жеке *өтүк*, белге курчоочу *жибек жоолук*, ошондой эле кедейлер үчүн *кылчык жүндөн токулган кездемеден, жаргактан, таардан, арзан матадан тигилген кийимдер, курчанууга боз кендир жоолук, кооздолбогон калпак, соору өтүк* (жылкынын жамбаш терисинен тигилген өтүк) колдонулган. Айбанат терилеринен тигилген жылуу кийимдерге *ичик, тон, тебетей, тумак* кирген. Кайберен терилеринен жасалган атайын жортуулга кийилүүчү кийимдер *кандагай, жаргак шым, чалбар* (кой, эчки, теке, аркар, кулжа, жейрен өңдүү жаныбарлардын терисинен тигилген жеңил шым) ж.б. деп аталган. 19-кылымдын 2-жарымында сайма менен кооздолгон кийимдерге *бешмант, кемселдердин өңүрү, кеп такыялардын жаактары, белдемчи* ж.б. кирет. 19-кылымдын 2-жарымынан баштап денеге кыналып тигилген *бешмант, кемсел* (жеңсиз), *чыптама, пальто сымал чапан* улуттук кийимдери көбүрөөк колдонула баштаган. *Үкүлүү топу* жана *тебетей, кош этек көйнөк, кемсел, өкчөлүү өтүк* кыздар үчүн тигилген. *Шөкүлө, элечек, кеп такыя же чач кеп, жибек жана дүрүя жоолук* ж.б. баш кийимдер аялдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана социалдык абалына карата колдо-

нулган. Кыргыз аялдары колдо ултарылган же *булгаары өтүк,* улгайып калгандары *маасы, такалуу тигилген кепич* кийишкен.

20-кылымдын 1-жарымында аялдардын сырткы кийимдери чапан болгон. Ал эркектердин чапанына окшош бычылып тигилген, боору ачык, жакасы кайырмалуу келген. Эркектердин кийимдери, негизинен, *көйнөк (жегде), ычкырлуу шалбар (жайкысын дамбал), чалбар, кандагай шым, чепкен, тон, ичик, чапан, кементай, кулун тон, бешмант, кемсел, тебетей, телпек (түштүк тарапта), ак калпак, малакай, тумак, топу, өтүк, маасы, кепич, чокой, чарык, кур* ж.б. кошумча жасалгалардан турган. 20-кылымдын 20-жылдарынан кийин кийим тигүүнүн жаңы технологиялары өздөштүрүлүп, европалык форма менен улуттук элементтердин айкалышынан кыргыздын улуттук кийимдеринде чоң өзгөрүүлөр болууда [154].

Улуттук кийимдердин жаралышы жана аталышы кыргыздардын дүйнө таануу жана дүйнөнү образдуу кабыл алуу бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу болгон. Жалпы эле кийим сөзү өзүлөрүнүн атоо өзгөчөлүктөрүнө жараша өтмө, образдуу маанини жаратып, фразеологизм, паремияларда активдүү катышат. Мисалы, *Кийимдин жакшысы – кир көтөрүмдүүсү, адамдын жакшысы – сөз көтөрүмдүүсү: Кийимиң менен мактанбай, билимиң менен мактан; Жаман кийим жок болсо, жакшы кийим кор болот; Бирөөнүн аты терчил, бирөөнүн кийими кирчил; Адамды кийиминен тааныбайт, ишинен тааныйт; Эскини эптеп кий, жаңыны сактап кий; Кийимдин жаңысы, достун эскиси жакшы; Тар кийим талашып жыртылат, кең кийим кеңешип жыртылат; Боюңа карап кийим танда, оюна карап дос танда; Кең бычкан кийим жыртылбайт* ж.б. Ар бир макалда кийим руханий баалуулуктарды баалоодо өзгөчө белги катары кызмат аткарат. Мисалы, *Кийимдин жакшысы – кир көтөрүмдүүсү, адамдын жакшысы – сөз көтөрүмдүүсү* макалында биринчи фразадагы кийим жөнүндөгү түз маанидеги маалымат экинчи фразадагы адамдык сапатты баалоого карата салыштыруу, символ катарында колдонулган. *Кир көтөрүмдүүсү* сөз айкашы аркылуу кийимдин өңү жөнүндө түз маалымат берилсе, *сөз көтөрүмдүүсү* сөз айкашы аркылуу *сабырдуулук, токтоолук, терең акыл, ыймандуулук, жөнөкөйлүк* сыяктуу ж.б адамдык бийик сапаттар кыйыр туюндурулган.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө кыргыздардын маданий өзгөчөлүктөрүн, салт-санаасын, адаттарын билдирип турган өзгөчө бел-

гилер баш кийимдери аркылуу туюндурулат. Башка кийилүүчү кийимдин жалпы аталышы – *баш кийим*. Баш кийимдин негизги элементтери жалпы кыргыздар үчүн бирдей болгон. Баш кийим кыргыздардын жынысына, жылдын төрт мезгилине жана аба ырайына ылайыкташып кийилет. Алар малдын, аңдын терилеринен, кийизден жана кездемелерден бычылып тигилет. Баш кийимдердин түрлөрү жана алардын номинативдик белгилери, атоолор кыргыз тилиндеги сөздүк курамдын катарын толуктап, тилдин байышына салым кошуп келет.

Жыныстык өзгөчөлүккө байланыштуу басымдуу түрдө эркектер кийүүчү баш кийимдин бир түрү – *«калпак».* Акыркы учурларда калпактын жаңы түрлөрү кыз-келиндерге да ылайык тигилип калды [18, 11-12-б.].

*Калпак* – жүндүн саксагыраагын майдалап, сабап, уютулган (сабалгандан кийин биригип калган) жүндү басып, кургатып, кайра үбөлүктөп, катуу кийиз кылып даярдагандан кийин, кийизден төрт талаа болуп бычылып, ортолоруна жана аяк жагына кыюу, милте (жээк) кошулуп тигилген баш кийим. Калпак – *«айры калпак», «тилик калпак», «туюк калпак»* деген түрлөргө бөлүнөт.

*«Айры калпак»* – төрт талаасынын кошулган жерлери жана жээги кыюуланып, төрт жеринен кичине шара тиликтер калтырылган калпак.

*«Тилик калпак»* – төрт талаасы кыюуланбайт да, ак жип аркылуу бириктирилип, эки капталынан эле чоңураак тилик калтырылган калпак.

*«Туюк калпак»* - жүн калпак формасында уютулат да, муну улам катуу басып, үбөлүктөп, кайра бышырып, төбөсү тоголок, этеги тегерек формага келтирилип тигилген калпак.

*«Сайма калпак»* – калпактын кийизи уяң жүндөн уютулуп, көркөм оюулар менен саймаланган калпак. Бул калпакка түшүрүлгөн оюулар кыялдануунун, образдуу элестетүүнүн негизинде жаралган. Андагы көркөм оюмдун элестери чөптөрдүн сабактарын, мөмө жемиштердин шагы ийилген бутактарын элестетет [18, 10-б.]. Мындай оюмдар кыргыздардын чыгармачылык изденүүсүн, курчап турган жаратылыштын, жан-жаныбарлардын, канаттуулардын ж.б. ар кандай элементтерин образдуу кабыл алуунун, эстетикалык жактан көркөм элестетүүнүн негизинде жаралган.

Калпактын төрт талаага бөлүнүп бычылышында кыргыздардын сандык касиети эске алынган. Анткени *төрт* деген сан кыргыз мен-

талдык өзгөчөлүк боюнча ыйык деп эсептелген. Аалам *түндүк, түштүк, чыгыш, батыш* деген төрт тараптан, *жер, суу, от, аба* деген төрт башталмадан турат. Кыргыз жергесинде мезгил да *кыш жаз жай, күз* болуп төрткө бөлүнөт. Мал *төө, топоз, жылкы, уй* болуп төрт түлүктү түзөт ж.б.

Баш кийимдин төрт тилкеси биригип, үч бурчтукту түзгөндүктөн, элдин көз карашы боюнча, үч бурчтукта туруктуулуктун, түбөлүктүүлүктүн сыры камтылган. Калпактагы төрт талаанын чогулушу адамдын төбөсүнө туура келгендиктен, анын ой чабыты терең, акылман, түшүнүгү кенен болот деп эсептелген. Ошондуктан *Акылман, ак калпакчан кыргыз калкым* деп бааланат. Калпак жасалгаланышына карата *хан калпак, бакай калпак* деп да аталат. Бул баш кийимдер социалдык статусуна карата бөлүнөт. Маселен, эл башчыларынын символу – *хан калпак*, кадырман карылардын символу – *бакай калпак.*

*Калпак* – улуттук белгини, меналитетти, этикетти аныктаган символ катары макал-ылакаптарда да туюндурулган: *Тилди бузуп жаныңды жебе, калпак кийбей кыргызмын дебе; Калпагыңды жоготсоң, башыңды жоготосуң* ж.б. Улуттук аң-сезимди туюндурган өзгөчө белги катары Кыргызстанда 2011-жылдан тартып 5-март *“Ак калпак күнү”* деп белгиленип келүүдө. Кыргыз элинде калпак улуттук аштойлордо, майрамдык аземдерде, жамандыкта кийилүүчү баш кийим болуп саналат. *“Кыргыздын салты боюнча, баш кийимсиз эркектер аш-тойлорго, сөөк жашырууга барбайт”* деген тыюу маанисиндеги стереотип тилдик маалымат да кеңири тараган.

*Калпак* – адамдык сапаттарды туюндуруунун символу. Калпак – бул кыргыздын улуттук баш кийиминин эң ыйыгы. *“Калкыңды сыйласаң, калпагыңды белек кылба”* [35, 184-б.] деген накыл сөз да көп мезгилден бери айтылып келет.

*Калпак* – адамдын үй-бүлөсүнө карата камкордугун, кадыр-баркын билдирген, коомдогу ордун аныктаган да символ. Маселен, калпактын төбөсүн түшүрүп кийүү – *“Бул баш көтөрөр эр бүлө жок. Кимдин бийлиги күчтүү болсо, ошонун айтканындай болом“* деген концептуалдык маалыматты түшүндүрөт. Калпактын оң кыргагын басып кийсе, ал – аялынан, ата-энеден, зор дөөлөттөрдөн айрылуунун белгиси. Калпактын төбөсүн терең түшүрүп, эки кырын тең терең жапырып кийүү – *“Мен кулак кести кул катары жүрөмүн. Артымдан*

*издеп алар каруу күч калбады”* деген концептуалдык маалыматты туюндурат деген сыяктуу айтылыштар бар. [320].

*Калпак* – кубанычтын, сүйүнүүнүн символу. Мисалы, *калпагын көккө ыргытуу* (фраз.) – “жетине албай сүйүнүү”, “кубануу” деген өтмө, образдуу маанини билдирген фразеологизм [167, 138-б.].

*Калпактын кыюусунун өңү* – жаш өзгөчөлүктү аныктоонун символу. Кыюусу жаздын илебине багынган табиятты сиволдоштурган жашыл өң – жаңыдан жетилип келе жаткан баланын жашы менен салыштырылган белги.

Кыюусу кызыл калпак балакатка жеткен, жар издөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жигиттердин жашын символдоштурулганды билдирет. Кыз издеп жүргөн жигиттер *“кыздын көөнү кызылда”* деп кызыл калпак кийип, башка айылга барганда жеңелер кыз менен кезиктирүүгө шарт түзүп беришкен.

Кыюусу кара калпак үй-бүлөлүү болгон жигитти символдоштурган. Ак-кара түс жашоого шарты бар, үй-жайы бар деген маанини билдирген. Ал эми үйлөнгөндөн кийин калпагынын төрт талаасы кара кийизден жасалып кийилсе, жесир калган эркекти символдоштурган.

Кыюу салынбаган ак калпак кадыр баркы жогорулаган, сыйурматка ээ эр-азаматтарды, кадыр-барктуу адамдарды симолдоштурган.

Ал эми саймаланган, бийиктиги алыстан көрүнүп, төбөсү шуңшуюп турган “Бакай калпак” деп аталган калпак уруу башчыларын, акылман карыларды символдоштурган. Азыркы шартта калпактын бул сыяктуу маанилери эске алынбай, калпак жарашыгына карап кийилип калды.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө калпак этноөзгөчөлүккө ээ. Анткени калпак тууралуу дүйнө таанымдын өзгөчө моделин жана жүрүм-турум эрежелерин чагылдырган туруктуу тилдик маалыматтар калыптанган. Мисалы, *Калпакчанды өлтүрүүгө болбойт. Калпакты жерге койбойт. Калпагыңды жоготсоң, башынды жоготосуң, Калпагыңды сатсаң, акылыңды сатайсың. Калпакчан жүрсөң, оорубайсың. Калпак кышкысын жылытат, жайкысын сергитет. Түнкүсүн калпагың бут жагыңда эмес, баш жагыңда болсун»* деген сыяктуу императив тилдик маалыматтар элибизде стереотип катары колдонулат.

Калпак, улуттук аң-сезимде калыптанган дүйнө тааным боюнча, эркиндиктин, бийиктиктин, кең пейилдиктнн символу катары элестелет. Калпактын сырткы көрүнүшү – жылдын кайсы учуру болбосун, чокусунан аппак кары кетпеген Ала-Тоону, кыргыздардын кулкмүнөзүн, маселен, ак пейилин, эркиндигин туюндурган символ. Мындай салыштыруулар көркөм, образдуу маанини жаратат: *Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде, Аскасы көк асаманга тийген кезде* (Т.Байзаков, "Кыргыз жери"). *Ак кар жатса тоолордо бийиктигин билдирет, Калпак кийген атанын ыйыктыгын билдирет* (Б.Сарногоев) ж.б. Калпактын ичиндеги мейкиндик – эркиндиктин белгиси. Мындай элге эч кандай басым же коркунуч үстөмдүк кыла албайт. Калпак ээси да түрдүү көз караштагы ар кандай чечимди эркин кабыл алууга мүмкүнчүлүгү бар. Мындай кеңири ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү адамдын өз жолун туура табуусунун белгиси болгон [193, 8-б.].

Кыргыз улуттук баалуу баш кийимдердин бири – *тебетей.* Тебетей – кыруусуна *көрпө* же *суусар, сүлөөсүн, түлкү, кундуз* ж.б. терисинен салынып тигилген жылуу, кышкы баш кийим. Ушундан улам ал *кашкар тебетей, кундуз тебетей, түлкү тебетей, суусар тебетей* деген аталыштарга ээ [25, 259-б., 18, 12-б.]. *Эски түлкү тебетейин кырдантып, Оңдоп кийип мандаш урду Акылбай* (А.Токомбаев). *Бир тутам үкү тагынган кундуз тебетей кийген Атабектин кызы Кылымкан* (К.Жантөшев).

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «тебетей» сөзүнүн синоними катары «бөрк» сөзү колдонулат. Бөрк – төбөсү бийик тебетей.

Тебетей, бөрк сөздөрү оң жана терс коннотациялык мааниге ээ фразеологизмдерде, көркөм тексттерде активдүү колдонулат. Мисалы, *Тебетейин көккө ыргытуу* – абдан катуу сүйүнүү, кубануу. *Ушундай ишке шүгүр деп тебетейди көккө ыргытуу керек* (К.Жантөшев). *Тебетейин баса кийүү* – бул "чындык, анык ошондой, эч шектенбе, ишенип кой" деген маанилерде колдонулат [165, 470-471-б]. *Менин айткандарымдын жөнү бар деп тебетейин баса кийип отурду* (ооз. сүйлөөдөн). *«Бөркүңдөй көр»* - "сөзсүз болот", "аткарылат", "ишене бер, камсанаба" деген маанини билдирет. *Андан камсанаба, бөркүңдөй көр* (ооз. сүйлөөдөн). *«Бөрк ал десе, баш алуу»* - "өтө аша чабуу", "ашыкча кетүү" деген мааниде. *Жашырын буйруктарын аткарып, бөрк ал десе, баш алып жүргөн өтө ишенимдүү аскер башчыдан эле* (Т.Касымбеков).

*Тебетей* – адамдын коомдогу статусун чагылдырган символ. Ошондуктан адам өзүнүн тебетейине жараша өзүн алып жүрүүсү, башкача айтканда, өзүнүн статусуна төп келиши керек. Ошондой эле тебетей белгилүү бир деңгээлде ээсинин ким экендигин да күбөлөй турган белги да болгон. Ошого жараша этикет сакталган. Маселен, кызыл өндүү суусар, түлкү, кундуз тебетей эл башкарган, уруунун башында турган башчыларды символдоштуруп келгени маалым. Мисалы, 1. *кызыл тебетей* – хандын даңазалуулугун билдирген белгиге ээ болгон баш кийим. 2. Ушуга байланыштуу *Хан, бек. Кызыл тебетейдин бийлиги, Кызыл тебетейдин алдынан өтүү* деген туюнтмалар бар [167, 208-б.].

Улуттук аң-сезимде кызыл түстүн ээлеген орду чоң болгон. Кыргыз дүйнө таанымында кызыл түс жерге жашоо киргизип келген күндү түшүндүргөн. Кызыл түс адамга жашоо тартуулаган канды, анын жашоосуна негиз түзгөн отту туюндурган. Ошондой эле кызыл түс адамдагы сулуулукту айгинелеп, “бетинде кызылы бар” деп адамдын дени сактыгын белгилөөдө кеңири колдонулган.

Кыргыз тилинде “тебетей”, “бөрк” сөздөрү эркектерге карата бай адамдарды, баатырларды, эл башчыларын, кадыр-барктуу адамдарды таанытkан символ катары макал-ылакаптарда катышат. Маселен, *Көк сүлөөсүн бөрк кийген, Көк жал абаң эр Бакай («Манас»)* [167, 71-б.]. *«Бөрү атар уулду бөркүнөн тааны», «Баш жарылса, бөрк ичинде, кол сынса, жең ичинде», «Баш аман болсо, бөрк табылат», «Жамандын бөркү казанбактай», «Заманың кандай болсо, бөркүңдү ошондой кий; Таз ардanса, бөрк алат; Жакшынын тебетейи сынынан кетпейт* макалдары ушул баш кийимдин метафораланган өтмө, образдуу маанилерди туюндурат.

Тебетейдин бычылган төрт талаасы ар кандай өңдөгү баркыт кездемеден кабатталып, ичине жүн же кебез салынып шырылат да, бычылып, капшыра бириктирилип тигилгенде төбө жагы төрт бурчтуу болуп калат. Төбөсүндөгү так ортосунун ичинен жөрмөлүп, сыртына топ чачыгы чыгарылат. Ал *«чок» же «папик»* деп аталат. Чок, папик эркектердин тебетейлерине тагылат.

*Тебетей* кыргыздардын жашаган аймагына, уруулук өзгөчөлүктөрүнө жараша атоо айырмачылыктарын да көрсөтүп турат. «Кийимдин кээ бир түрлөрү кайсы урууга мүнөздүү болсо, ошол уруунун аты менен аталган. Алардан уруулардын байыркы айырмачылыктарынын,

реликтеринин чагылышканын көрөбүз. Маселен, эркектердин баш кийими тебетейдин төбөсүнүн бийиктигине жараша «кулжыгач тебетейи», «солто тебетейи», чепкендин өзгөчөлүгү боюнча «нойгут чепкен» деп аташкан [26, 33-б.].

*Тебетей* улуттук, менталык белги катары турмушка чыга элек өспүрүм кыздарды да симолдоштурат. Мисалы, *Кундуз бөрк кийген Берметтин, Элечек ороп башына* («Саринжи-Бөкөй»). Тебетей тышындагы кездеменин өңүнө карата жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык тандалып кийилет. Мисалы, жашыл, кызыл, көк өң – орто жана жаш балдар, кыздардын жашын белгилеген символ катары макалдарда белиленет: *Кызга кызыл жарашат, жасанса жашыл жарашат, Кыздын көөнү кызылда* (макалдар).

Кыргыз дүйнө таанымында тебетейге үкү тагуу да белги-симол катары жыныстык жана жаш өзгөчөлүктү туюндурат. Жыныстык жана жаш өзгөчөлүккө байланыштуу кыздарга кызыл, көк, жашыл өң менен тышталган кундуз тебетейдин төбөсүнө үкүнүн үлпүлдөк канаты тагылат. Үкүнүн канаттары ар кандай балекеттен, кырсыктан сактайт деген ишеним болгон. Маселен, үкү топу турмушка чыга элек кыздар кийүүчү баш кийимди символдоштурат.

*Телпек* – анда-санда учуроочу эркектердин баш кийими. Ал ар кандай сандагы бийик үч бурчтук кесиндилерден куралып тигилген. Айрым учурда телпекти каралжын түстөгү материал менен капташкан. Телпек эркек баш кийимдеринин ичинен анча баркталбаган түрү болуп эсептелет.

*Такыя* – кыз балдардын баш кийими. Кызыл, жашыл өндөгү кыжым, тазбаркуттардан жасалат. Бул баш кийимдин төбөсү менен алкагы жапыз жана тегерек тигилет. Анын *«бүйүрмө топу», «кайырма топу», «махабат топу»* деген түрлөрү болгон. Төрт талаа болуп жээктелет. Төбөсү томпок, ортосу учтуураак келип, топуга тегерете көркөм оюулар түшүрүлөт. Ал кооздуктар *«кыял оюм», «ийрек оюм», «бычак учу»* оюмдары деп аталат. Же алардын ордуна акак таш, шуру, бермет өңдүү таштар ийри-буйру болуп тизилип, курчала кооздолот [18, 12-13-б.]. “Такыя” сөзү катышкан төмөндөгүдөй фразеологизм, макалдар кездешет: *Такыясына тар келбөө* – аздык кылбоо, акысы калбоо, ыраазы боло тургандай өлчөмдө болуу. Ушуну эле алса, такыясына тар келбейт деп коюптур («Ала-Тоо») [167, 263-б.]. *Котур колон жугат, таз такыядан жугат* (макал).

*Тону* – турмушка чыга элек кыздар үчүн жасалып, турмушка чыкканга чейин кийилген баш кийим. Бул баш кийим өтө шөкөттөлбөй жасалган. Көпчүлүк учурда топудагы кызыл, көк түстөгү кездемелердин түстөрүндө ар кандай дүйнө таанымдык ойлор камтылган. Маселен, кыргыздар кызыл түстү көбөйүүнүн, туруктуулуктун, эрктүүлүктүн символу катары да пайдаланышкан. Кызыл түс адамзатына жашоо тартуулап, денеде тынбай айланып турган кандын түсүн түшүндүрүп, ушуга байланыштуу тукум уланууда *«кандан бүткөн», «жандан бүткөн»* деп айтып келишкен [208, 43-б.].

*Шөкүлө* – бойго жеткен кыздар кийүү үчүн кооздолуп жасалган, төбөсү шуңшугуй бийик баш кийим. *Шөкүлөсү көк тиреп, Саймалуу көйнөк, кош этек, Саамайы желге желбиреп. Каз элечек келиндер, кундуз кийген, шөкүлө кийген кыздар жаш талдай болуп чыга келишти* («САЖИ») [165, 720-б.]. Шөкүлө – Ала-Тоонун чокусунан ылдый боорун каптап турган ак мөңгүлөрдү элестет. Ушуга байланыштуу *«Мөңгүлөрү шөкүлөдөй жаркырап»* деген образдуу, метафоралганган салыштыруулар да бар. Шөкүлө кийген кыз – Ак кууну элестетет. Буга тиешелүү *Ак куудай созулган, ак маралдай керилген…* деп кыздарга карата өтмө, образдуу салыштыруулар да колдонулат.

*Шөкүлө* – кыз мезгилден келин болууга өтүүдө атайын салттык белги катары колдонулган символ. Улуттук салт боюнча, шөкүлө – бойго жеткен кыз турмушка чыкканда кийип баруучу баш кийим. Шөкүлө – турмушка чыгып жаткан кыздын төркүнүнүн ордун, социалдык абалын да билдирген белги. Үйлөнүү үлпөтүндө кийилүүчү шөкүлө баш кийими конус сымал бийик төбөлүү келип, кулак туштары тик бурчтуу, ал эми арт жагы үч бурчтуу канатка ээ болгон. Кездемеден же баркыттан тигишкен бул баш кийимдин ичине жүн салышып, бирдей майда аралыктарды сактоо аркылуу шырып чыгышкан. Бул болсо, ага өзгөчө фактураны берген. Баш кийимдин каркыранын же кытандын канаттары, баалуу металдар жана оюу салынган парчалар менен жасалгаланышы белгилердин татаал курамын түзгөн. Шөкүлөнүн маңдайына күмүш же алтын жалатылган чоң тегерек калкан жасалгасы бекитилчү. Мындай баш кийим турмушка чыгып жатканда гана кийилген. Кыздын барган жери эң алгач анын кийип келген кийимине баа берген. Кийиминин баалуу материалдардан тигилишине, кооздолушуна, көркөмдөлүшүнө жараша төркүнү бай, манап, болуш, уруу башчы, же оокаттуу үй-бүлөдөн экендигин баалап байкашкан. Башка-

ча айтканда, шөкүлө турмушка чыгып жаткан кыздын социалдык абалын ачыктап берген баш кийим болгон [18, 16-б.].

Шөкүлө пайдаланылган ак түстөгү кездеме өзгөчө мааниге ээ болгон. Ак өң улуттук аң-сезимде бактылуулуктун, жаркын жашоонун симолу катары кабыл алынган. Мындан сырткары күлгүн кызыл жана ачык кызыл түстөр жалындаган жаштыктын, күчтүн, тынымсыз кыймылдын симолу катары жогору бааланган. Аталган түстөр жашоого дем берет, үй-бүлөнү бекемдейт деп терең ишенишкен. Аталган маселелер баш кийим боюнча түзүлгөн кыргыздын тилдик дүйнө сүрөтүнүн ар тараптуу экенидигин билдирет.

*Элечек* (илеки) – аял кишилер кие турган улуттук, салттык баш кийим. Ак жука кездемеден кат-кат болуп оролгон бул баш кийимдин *«баш кеп», «сала коймо», «ээк алмай», «астыңкы тартма» жана «үстүңкү тартма», «тумарча», «бадал»* деген атоолордон турган негизги түрлөрү бар. *«Кеп такыя»* же *«чач кеп»* - элечекти кийгенде анын кеби бузулбас үчүн ичинен, астынан кийилген ички баш кийим. Кийип-чечүүнү жеңилдеткен элечектин *«сала коймосу»* (желке жагы) менен *«ээк алмайы»* болот. Аны жыккан да, ага тирек болуучу мунун *«астыңкы тартмасы»* (бөлүгү кыска (25-30 см) келет.), *«Үстүңкү тартмасы»* (же жыгымы) элечектин бардык оромун тыкан кармап турат [19, 306-б.].

Элечектин түрлөрүнө тишелүү төмөндөгүдөй атоолор бар: *Такыя элечек же шуру тартма элечек* – жаш келиндер кийүүчү элечек; *Казанбак элечек* – байбичелердин элечеги, чоң элечек; *Каз элечек* – сыйлуу, жибек элечек; *Сурп элечек же суп элечек* – пахтадан токулган ак кездеменин бир түрү. *Торко элечек* – бул да жибекетей баалуу кездемеден тигилет (кыл торко жибектин түрү). Торко – (кырг. монг. торго) жибек кездеменин бир түрү [117, 263-б.]. Улгайгандардын элечеги жөнөкөй оролуп, көлөмдүү көрүнөт. Ошондуктан ал «казанбак элечек» деп аталат. Сыртынан чоң ак жоолук менен жабылган.

Элечек – концептуалдуу маалыматты туюндуруунун символу катары төмөндөгүдөй өтмө маанилерде колдонулат: *Кара элечек кийүү, жоолугу ылдый түшүү* фразеологизмдери аза күтүүнүн символу катары күйөөсү маркум болгон аялдарга карата айтылат. Салт боюнча, аза күткөн (жесир) аялдар өңү каралжын элечек кийишкен. Аза күтүүдө жоолугун ылдый түшүрүп, бетин көрсөтпөй кошок айтышкан. *Кара элечек кылуу* – “душманын тыптыйпыл кылып талкалоо”, “эр бүлө ат-

туудан эч нерсе койбой кыйратуу, кыруу, жок кылуу”, “аялдарын жесир калтыруу” маанисин билдирген фразеологизм. Мисалы, *Каптап журтун кырамын, кара элечек кыламын* («Манас») [167, 150-б.].

Элечек – көчмөн калктын жашоо образында жолдо бала төрөлсө, ороочу материал катары пайдаланылган. «*Оромол тойго жарабаса да, жолго жарайт*» деген макалдын маанисинде ушул маалымат кыйыр туюндурулат. Адам каза болуп калса, ээси өтүп кеткен элечектин оромолу кепиндин кызматын аткарган. Шарты боюнча турмушка чыга элек кыздар аны кийишкен эмес. Элечек негизинен ак түстөгү кездемелерден гана даярдалган. Элечек ар бир аял үчүн оролуп жасалып, белек катарында колдон-колго өткөн эмес. Кыргыз дүйнө таанымында ак түстүү кездемелер эң алгач жакшылыктарга пайдаланылган. Алгач наристе төрөлгөндө ак кездемеге ороп алышкан. Кийин турмушка чыгып же үйлөнүп жаткан учурда майрамдык кийимдерди, негизинен, ак түстөгү кездемлереден даярдашкан [208, 30-б.]. Келинге ак элечекти үйдөгү улгайып калган аял же жеңелеринин улуусу кийгизген. Кыргыздын ырымы боюнча күйөөсү жок аял элечек же жоолук салган эмес.

Элечек оромолунун саны да жаш өзгөчөлүктү аныктоонун символу болгон [26].

*Чапан* – сырт кийимдин бир түрү. Башайы, сатин, нооту, бөз, мата, трайке өңдүү кездемелерден тигилет. Жеңи менен боюбир бычылып, ага жүн, кебез салып, жука кездемелерден ичтелет. Чапандын ичи-сыртын бирдей шырыйт. Каптама чапанга өзгөчө басым жасалган [19, 274-б.]. Эркектер да, аялдар да кие турган кенен тигилген сырт кийим. Аялдардын негизги сырткы кийимдеринин бири – бул ичине пахта салынып тигилген *чапан.* Кыздар менен жаш аялдар ачык түстөгү чапандарды, улгайып калган аялдар кара түстөгү чапандарды кийишкен. Эркектердин күнүмдүк кийилүүчү сырткы кийими – кабып тигилген *чапан.* Ал өзүнүн бычылышына жана топчуланышына жараша үчкө бөлүнгөн. Кара же көк калың кездемеден тигилген *туура чапан* – булардын эң байыркысы. Чапандын кийинки түндүк кыргыздарында кеңири тараган түрү *чепкен* деп аталат. Ал эми чапандын үчүнчү түрү – *тон.*

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө *чапан* сөзүнө байланыштуу төмөндөгүдөй фразеологизм, макал-ылакаптар кездешет: *Чапаныңды сыйрып алмак беле?* – “андан эч нерсе болбойт”, “коркпой эле кой”,

“бара бер же айта бер” деген сыяктуу паремия бирөөнү чечкиндүүлүккө, тартынбоого, кылчактабоого үндөө маанисинде колдонулат [154, 731-б.]. *Көйнөкчөндү чапсаң, чапанчанга доо кетет.* Бул макалда чапан сөзү – аял, эркектин биримдигин сиволдоштуруп турат. *Акырын баскан молдодон сактан, Ала чапан кожодон сактан* макалында диний көз караштагы адам, молдо менен болгон мамиленин чеги жөнүндө маалымат берилип, анда *чапан* сөзү белги катары колдонулган. ж.б.

*Чепкен* – башкы кийит катары баалангган сырт кийим. Улуттук салт боюнча, чепкен сый белек катары берилген. Аталага салтка байланыштуу *«Алдына ат тарткан, үстүнө чепкен жапкан»* - деген туруктуу тилдик маалымат стереотип катары колдонулган. *Суп чепкен* – төөнүн жүнүнөн чарык жиптей ичке ийрилип, эндүү согулуп, тигилген чепкен. Сурп – (ир.) бөз, ак кездеме [117, 247-б.] *Тепме чепкен* – өрмөккө (одуракай) кесек согулган таарды кайнатып, кадимки кийиздей тепкилеп, басып жасалат. *Пиазы чепкен* – анын таары төөнүн уяң жүнүнөн өтө ичке ийрилип согулат.

*Кементай* – сыйлуу сырт киймдердин бири. Ак кийиздерден чепкендей узун болуп тигилет. Жакасы кайрылып тигилип, жакасына жана жеңине көркөм оюм түшүрүлөт. Жаштарга ылайыктуу кементайларга кур курчалат. Кементай сөзү катышкан *Кепин кийгенден түңүл, кементай кийгенден түңүлбө; Кебенек кийген келер, кепин кийген келбес; Кепин кийгенден түңүл, кебенек кийгенден түңүлбө* деген макалдар бар. *Кебенек* – (кырг-монг. хевнэк) кементай [117, 146-б.] дегенди түшүндүрөт.

Кыргыз дүйнө таанымында сырт кийимдерге карата эрежелер жана этикеттер бекем сакталган. Маселен, кийимди жерге таштоого болбойт, Жаштарга сырт кийимди желбегей жамынганга болбойт. Маселен, Жаш тигит чапанын желбегей жамынса, эрте карылыкка дуушар болот дегендин белгиси болгон. Кийинүүдө, чечинүүдө шашкандык тартипсиздиктин белгиси катары кабыл алынган. Чапанын, чепкенин, кементайды балбактатып кийүү жаман кабардын белгиси деп эсептелет. Мурунку мезгилде кыз-келиндердин көйнөксүз шым кийүүсүнө тыюу салынган ж.б.

*Тон* – койдун терисинин жүнү ичине караталып тигилген кышкы сырт кийим. Колдо жасалган булгаары «көн» деп аталат. Андан *тон* тигилет. Тон топчуланбайт. Топ чачыланган боо аркылуу байланат. Жоого аттанганда кийүүчү тондорду *туулга тон, чарайна тон* деп

аташкан. Чарайна, туулга (ир) – баатырлардын сооту темир сырт киймдери. *Найза төшкө так этип, Чарайнага чак этип* («Манас»). *Илепис тон, себил тон* – эркектин ок отпос жоодо кийүүчү сырт кийими [117, 276-б.]. *Супа тон* – ак төөнүн жүнүнөн жасалган баалуу тон. *Жагаалы* – жакасы тик тон.

*Тон* сөзү жүрүм-турум эрежелерин жөнгө салуу маанисинде фразеологизмдерде да колдонулат. Мисалы: *Көлөкөгө тон* бычуу – кимдир бирөө жөнүндө ушундай болот деп, божомолдоп сыртынан ой жорута берүү, болбой турган нерсеге кыялдануу. Мен ушу кызга үйлөнөм деп, ага сүйлөшпөй эле көлөкөгө тон бычып жүргөн («Ала-Тоо») [167, 211-б.]. *Тон* сөзү өзгөчө төмөндөгү макал-ылакаптарда: *Куру сөздөн майнап чыкпайт, Курумшудан тон чыкпайт; Жылуусу жок тон курусун; Тон жылуусун ээси билет; Жамандын тонун кийсең, тойдо доолайт; Куур тондун ичинде куурасын жигит өлбөсүн, Тери тондун ичинде тердесин жигит өлбөсүн; Адал эмгек – астыңа ат, үстүңө тон; Отуну жокко салам айт, Тону жокко өзүм барам; От жаккандыкы, тон тиккендики; Эжелүү кызга эски тон; Өөн бириксе, тон болбойт, ынтымак болбой, эл болбойт; Жээн эл болбойт, желке тон болбойт; Элдин эпчиси, тондун топчусу; Ачтын көзү нанда, токтун көзү тондо; Суудан тонун аябаган, жоодон жанын аябас; Ата – баласы, тон – жакасы; Арамзаадан ат минбе, пейли тардан тон кийбе; Жоокерге тон тиге албаган аял – жоо босогосунда күң; Жакасы жок тон болбойт, тамыры жок чий болбойт, От жаккандыкы, тон кийгендики; Эне көргөн тон бычат, ата көргөн ат жонот; Айт аттуунуку, той тондуунуку; Ий көрбөгөн тери тон болбойт; Ала тонуңду аңтара кийбе; Аттын жоргосу кызык, тондун торкосу кызык* ж.б. активдүү катышат.

*Ичик* – улуттук салттуу сырт кийим. Алар *эркек ичик, аял ичик* болуп экиге бөлүнөт. Тери ичтелип, кездеме сыртталып тигилет. Анын *көрпө ичик, бөрү ичик, түлкү ичик, сүлөөсүн ичик, илбирс ичик, суур ичик* деген түрлөрү болгон. Жаш *козу-улактын, түлкү, сүлөөсүн, суур* терилеринен аял ичиктер тигилген. Аталган ичик улуттук аң-сезимде материалдык байлыкты символдоштурат. Ичик ички териси жана жакасы аркылуу баалангандыгы макал-ылакаптар аркылуу туюндурулат: *Түлкүчүнүн бир байлыгы – ичик (макал). Эл атасыз болбос, ичик жакасыз болбос.* Кыргыз тилинде *«жакалуу ичик», «жакалуу тон»* сөз айкаштары туруктуу тилдик туюнтма катары көп колдонулат.

*Кемсел* – тышы таардан калың, жука кездеме менен ичтелген эркектердин жана аялдардын улуттук кийими. Узундугу тизеге чейин, жеңи кыска же узун болот да, чепкендин ичинен кийилет. Көркөм көчөттөр менен саймаланып, кооздолот. Эркектектер сыртынан кемер кур тагынышкан.

*Бешмант* – кемселдин бир түрү, тизеден бир аз узун бели беш жеринен кыналып, денеге жакын, жеңдүү же жеңсиз тигилген ургаачылардын сырт кийими. Улгайып калган аялдар өтө бийик эмес тик жакалуу, ички чөнтөктүү жеңсиз бешманттарды кара баркыттан же тукабадан тиктирип кийишкен. Ал эми жаш аялдар жеңсиз бешмантты кызыл же ачык түстөгү кездемлерден тиктиришкен. Кыздардын жана кичинекей балдардын кемселдери *седеп* топчулары менен кооздолгон. Мындан сырткары аялдар жеңсиз кийим *келтечени* (күрмө), ал эми кыздар чыптаманы кийишкен.

*Чыптама* – кыз келиндер кош этек көйнөктүн сыртынан кие турган ичтелип же жалаңкат тигилген, кооз саймаланган, жеңсиз кыска кийим. Ал *чермей, өпкө тон, кармооч* деген аталыштарга ээ.

*Шым* – кең багалектүү эркектердин сырт кийими. Кой, эчки, теке, кулжа, кайберен, жейрендердин териинен ашатылып тигилген *жаргак шым (кандагай)*, *тери шым (чалбар) шым* жасалган. Жаргак шым (кандагай) жеңил жана жука болгондуктан улуттук оюндарда кийилген. Тери шым (чалбар шым) ичи түктүү келип суук мезгилдерде кийилген.

*Белдемчи* – эркек, аялдар кийүүчү кийими. Эркектердин белдемчиси көбүнчө жоого аттанганда кийилген. Ал калың кийизден же катkан териден, металлдан даярдалып, бутту, санды коргоо үчүн тигилген.

Ургаачылардын белдемчиси этеги көйнөктөй жазы, жогору жагы белге тыкан кыпчаланып, ага кашат коюлуп, кийим эки учалуу тигилет. Саймалар менен кооздолот. Белдемчи кыргыздардын салттуу кийимдеринин бири болуп эсептелген [25, 243-244-б.; 183, 70-83-б.]. Аны биринчи төрөттөн кийин кийишкен. Бул кийимди төрөттөн кийин, «кызымдын бели бекисин» - деп *жээн кийим* катары ага өз апасы тартуу кылган.

*Кош этек көйнөк* – кыргыздын кыз-келиндери кийишкен этеги коштолуп тигилген элдик кийимдердин бир түрү. Ал ак, сары, көк жи-

бектен тигилет. Төшү туюк болуп, топчусу аркасына кадалат. *Көйнөкчөндү чапсаң, чапанчанга доо кетет;*

*Өтүк* – улуттук сый бут кийим. «Манас», «Семетей» эпосторунда көк *жеке, жекесан, упуке, накери кырмызы* деген бут кийимдердин аттары кездешет. *Көк жеке өтүк* – кыргыздардын баалуу бут кийими. *Көк жеке бутта чойкоюп, Найзасы колдо койкоюп* («Манас»). Аны эл башкаруучулар гана кийген. Ошону менен катар маазы көлөчү менен кийилген. Согоногу чолок келген *чокой, чарык, пайчеки* да бут кийим катары кеңири пайдаланылган. *Чарык* – 1. түктүү териден, көбүнчө баш терден жасалган чокой. *Бутунда чылгый баш териден жасалган чарыгы бар* (Н.Байтемиров) [117, 278-б.]. Аскалуу жана таштактуу жерлерге жүрүү үчүн тайдын туягынан тай туякты жана тырмактуу темирден темир туякты жасашкан. *Чапса болот кетилет, чарыкка салса, жетилет* деген макал ушул шарттан улам колдонулган.

Бут кийимдердин жердиги тери болуп саналган. Мындан сыркары аялдардын бут кийими кийизден жасалган. Аялдардын бут кийимдери дээрлик кол менен жасалган. Ушуга байланыштуу түрколог В.В.Радлов: «Аялдар эчкинин жумшак жүнүнөн эң сонун, аппак кийиз бут кийим жасап коюшат», - деп белгилеген [247, 349-б.]. Аял бут кийимдеринин ичинен кеңири колдонулганы кызыл же жашыл түстөгү *бөдөнө өтүктөрү* болгон. Келиндердин жана колунда бар аялдардын өтүктөрү кооздолуп сайылып, турдүү топчулар, тыйындар жана күмүштөр менен жасалгаланган. Уйлөнүү үлпөтүно кийилүүчү бут кийимге басканда үн чыгарчу жылаажын коңгуроосун тактырышкан. Улгайып калган аялдар жүнү ичине келтирилген *ичиги* жумшак өтүктү жана териден жасалган такалуу кепичти кийишкен.

Кыргыз тилинде өтүк сөзү катышкан төмөндөгүдөй фразеологизм, макалдар колдонулат: *Чарыгы менен суу кечирүү – тилинен бал тамуу; Сынчынын сыңар өтүгү майрык* – өз кемчилин билдеген адамдын тыңсынуусуна карата колдонулат. *Өтүгүн төргө илүү* – каалаганын жасоо, эч ким менен эсептешпей туруп, өз билгениндей иш кылуу. *Эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет, Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет; Өтүгүң тар болгон соң, дүнүйөнүн кеңдиги не? Оозу жаман элди булгайт, өтүгү жаман төрдү булгайт; Өтүгү жаман төргө өтпөйт. Мен чарыкчанды сүйбөйм, өтүкчөн мени карабайт; Суу көрмөйүнчө өтүгүңдү чечпе* (макалдар).

Кыргыз кийимдеринин тигил же бул бөлүктөрү жүрүм-турум эрежелерин жөнгө салууда, улуттун жашоо образын чагылдырууда, руханий маданияттын белгилерин жайылтууда, ар кандай турмуштук жагдайларда, каада-салт, үрп-адаттарды белгилөөдө өзгөчө маанини туюндурган символ катары тилдик туюнтмаларда, фразеологизмдерде, паремияларда, көркөм тексттерде кеңири колдонулат. Мисалы, кийимдин жакасына байланыштуу фразеологизмдер: *жакадан алуу – жоо жакадан, бөрү этектен алганда* – абдан коркунучтуу, абдан кыйын абалда турганда, *бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу* – бири-биринин ыгынан чыкпай, бир ооздуу болуу, ынтымактуу болуу, бөлүнүп-жарылбоо*; жакасы агарбоо* – кийим-кече, ookатка жетип жарытпоо, оңоло албоо, алсыз, начар абалда болуу; *жакасын кармануу* – аябай таң калуу, экинчи маанисинде үрөйү учуу, коркуу, тобо кылуу; *жакадан алуу* – 1. доосун, жеп ичкенин доолап алуу, катуу талап кылып, өндүрүп алуу. 2. Сөзгө келбей беттен алуу, катуу тийүү; *жакасына жармашуу* – бучкактап кое бербөө, асылып алуу [167, 140-б.]. Макал ылакап, накыл сөздөр: *Алганың жакшы болсо, жакаң агарат, алганың жаман болсо, сакалың агарат*. Накыл сөздөр: *Жакаңды кир тутпа, Жаманды пир тутпа; Жаман ат такадан айлансын, жаман жакадан айлансын; Жамандын тили атаңа жетет, колу жакаңа жетет; Кийиктин сакасы, кийимдин жакасы; Аялынын кимдиги эринин жакасынан билинет;*

Кийимдин *жеңи, этеги* өтмө, образдуу маанилерди жаратуу менен, төмөндөгү фразеологизмдерде активдүү катышат: *жең ичинен* – астыртан, тымызын. *Бекназардын жең ичинен жүргүзүп жаткан аракетин чийинден чыккандык деп айыптады* (Т.Касымбеков); *Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу* – бири-биринин ыгынан чыкпай, бир ооздуу болуу, ынтымактуу болуу, бөлүнүп жарылбоо. *Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарбасак, биз жерибизден, бийлигибизден кол жуун кала турган окшойбуз* (Т.Касымбеков) [167, 73-б.]; *этеги элек, жеңи желек болуу* – чын ыкласы, бүт мүмкүнчүлүгү менен тыным албай иштөө. *Этеги элек, жеңи желек болуп иштеп жүрдү* (ооз. сүйлөөдөн); *этек-жеңи жайылуу* – бала-чакалуу болуу, укум-тукуму өсүү. *Бүбүнүн этек-жеңи жайылып, очор-бачар болуп отурат* (К.Жантөшев); *этек-жеңи тайкы* – колунда жок, жакыр, кедей. *Беш түтүнү бирдей, этек-жеңи тайкы; этек-жеңин жыртуу* – эч натыйжасыз аракет кылуу, катуу убараланuу. *Ага мынча эмне этек-жеңиңди*

*жыртып, убараланасың* (ооз. сүйлөөдөн) [167, 790-б.]; *этек-жеңин түрүнүү* – шымааланып иштөө; *этең-жеңи желбирөө* – шашуу, энтеңдөө, кубануу ж.б. маанилеринде да колдонулат [53, 140-б.]. *Этектен кессең, жең болбойт, эзелки душман эл болбойт* макалында да *этек, жең* сөздөрү экинчи фразадагы *«башынан душмандык кылган адамдын душмандыгы эч убакта калбайт»* деген мааниге карата салыштыруу катарында колдонулган.

Кийимдин бир бөлүгү болгон *этек* сөзү өз алдынча туруп, фразеологизмдердин жана макал-ылакаптардын жаралышында белги катары активдүү колдонулат. Мисалы, *этегине намаз окуу* – бирөөгө сыйынуу, айткан-дегенинен кайтпай көзүн кароо, кошомат кылуу, кулдук уруу. *Ушуну кызматтан алган кишинин этегине намаз окуйт элем* [169, 325-б.]; *этектин алдынан* – жашыруун, тымызын иш жасоо, *Этектин алдынан иш бүтүрүп келгениңерге жол болсун* (ооз. сүйлөөдөн); *этегине жамынуу* – бирөөнүн аркасы менен, бироого сүйөнүп иш кылуу, күн көрүү (көбүнчө терс мааниде). *Ал молдо эмес эле Тазабектин этегине жамынып жүргөн кургур тура* (Т.Сыдыкбеков); *этектен алуу* - айласын, шаштысын кетирип, кыйын-кыстоо абалда калтыруу. *Жоо этектен алды го, Кан чеңгелин салды го* (Турусбеков); *этегинен кармоо* – бирөөгө сүйөнүп, аны кара тутуу, ага ишенүү, ошонун жардамын көрүү. *Каленжан, мындан ары ушул турган көпчүлүк сенин этегиңди кармамакчы* (К.Укаев); *этеги тизесине жетпөө* – эч жакшылык көрбөө, жарыбоо, өтө начар абалда болуу. *Өмүрү этегиң тизеңе жетпей, колуң ашка жетпей, кадам сайын бутуңдан каргыш чалып куурап жүрүп өт* (Байтемиров). *Этеги жерге жетпөө, этеги толорсугуна жетпөө, этеги такымына жетпөө* деген фразеологизмдер да ушул мааниде колдонулат. *Этеги жыртылуу* – эч натыйжасыз аракет кылуу, катуу далбас уруп убараланууу. *Бара берип этегим жыртылды* (ооз. сүйлөөдөн). *Этегине жыгылуу* – мүнкүрөп көз каранды болуу, колдон түшүп сурануу, кечирим суроо. *Эркек башың менен эрди-катындын этегине жыгылып элчилик сурадың* (С.Эралиев). *Этегине ырыс толуу* – бактылуу болуу, этек-жеңи жайылып, жадырап-жайнап туруу. *Куу этек да шордуу, балдары болсо, этегине ырыс толуп, бешенесине күн конуп турбайт беле дейт таенеси* (Ч. Айтматов); *этегинен жалгоо* – төрөө, балалуу болуу. *Ага жараша кудай этегинен жалгап койсо Гулбүбүнүн үй-жайдын ээси жеке өзү болоруна шек жок* (Сыдыкбеков); *этек басты болуу* – бир жерге

жайланып, байыр алып, орун алып туруп калуу (көбүнчө аялга карата). *Багы ачылып, этек басты болуп калса болду эле, - деп отургандар кобураша кетти* («Ала-Тоо»).

Этек сөзүнө байланыштуу *Этекте турса, сүйдүрөт, этектен түшсө, күйдүрөт; Эсиң барда этегиңди жап; Эт жебесем таш жейин, этегиңди жапчы, кудагый, Ачкан карын тоюнат, ачылган этек жабылат* деген *абийир, уят, ар-намыс* концепттерин кыйыр туюндурган макалдар да колдонулат.

Кийимдин бир бөлүгү болгон *чөнтөк* сөзү да өтмө, образдуу маанини жаратып, фразеологизмдерди түзүүгө катышат: *чөнтөгү калың, чөнтөгү түпүү* – бардар, акчасы көп, оокаттуу, жетиштүү. *Айыпка жыгылчу чөнтөгү калыңдар бийге мурун жолугуунун ыгын таппай жүрөт* (К.Осмоналиев); *чөнтөгү тайкы* – колу жука, кембагал, жоксуз, начар, колунда жок. *Ээ, досум! Чөнтөгүң тайкы, колуң жука болгон соң, чыдабаска айла канча!* («Чалкан») [167, 162].

Жыйынтыктап айтканда, «кийим» концепти адамдын социалдык абалын, коомдогу статусун белгилеген симол катары туруктуу тилдик каражаттар, паремиялар аркылуу туюндурулат.

«Кийим» концепти – улуттун менталдык өзгөчөлүгүн, маданий материалдык жана руханий баалуулугун аныктаган тилдик символ катары туруктуу тилдик каражаттар, фразеологизмдик, паремиологиялык бирдиктер аркылуу концептуалдуу маалыматты туюндурат.

«Кийим» концепти элдин улуттук, уруулук өзгөчөлүгүн аныктаган символ катары атоолор аркылуу туюндурулат.

«Кийим» концепти атоолор, алардагы концептуалдуу маалыматтар жана фразеологизм, макал-ылакаптар аркылуу адамдын жаш курактык өзгөчөлүгүн туюндурат.

«Кийим» концептиндеги атоолор мазмунунда үй-бүлөдөгү орунду, ынтымакты, биримдикти туюндурган концептуалдуу маалыматтарды билдирет.

«Кийим» концепти улуттук аң-сезимдеги жүрүм-турум эрежелерди, жашоого болгон тажрыйбаны, менталдык өзгөчөлүктү чагылдырган, салт-санаа, үрп-адатты жөнгө салган жана сактап турган тилдик туруктуу каражаттардын, паремиологиялык бирдиктердин топтомунан турат. Иррационалдык аң-сезимде калыптанган ырым-жырымдарды колдонуунун симолу катары «кийим» концепти өзгөчө белгилерге ээ.

«Кийим» концепти түйүндүү концепттердин бири катары менталдык, маданий, тилдик маанилүү константты билдирет. Ал улуттук аңсезимди аныктаган өтмө, образдуу, терең маанилүү сөздөрдү тегерегине топтойт. *Кийим* сөзү катышкан жалпы билимдерди жана таанымдарды тилдик каражаттар, фразеологизмдер, паремиялык бирдиктер аркылуу концептуалдуу системага келтирет. «Кийим» концептин анализдөөгө карата топтолгон тилдик материалдар коммуникативдик корсөтмөлөрдү, адамдардын жүрүм-турумуна байланыштуу эрежелерди колдонуунун тилдик куралы катары кызмат аткарат. Кийим адамдын айлана чөйрө менен, жаратылыш, жан-жаныбарлар менен болгон карым-катышын чагылдыруу аркылуу таанып билүүнүн бирден бир каражаты болуп саналат.

# КОРУТУНДУ

Ар бир муун улуттук мүнөздүн, дүйнө таанымдын, жүрүм-турумдун өзгөчө белгилерин өзүнө камтыган улуттук маданиятты кабыл алат. Тил дүйнөнү чагылдырат жана маданиятты чагылдырып калыптандырат. Ар убакта тил маданияттын күзгүсү да, куралы да боло алат. Бул жагдайлар негизги каражаты тил болуп эсептелген маалымат алмашуу жана коммуникация процесстеринде ишке ашат. Дүйнө чагылдырылуучу негизги объект болгондуктан, ар бир улуттук тил ошол тилде сүйлөгөндөр үчүн өзгөчөлөнгөн, кайталангыс, объективдүү дүйнөдөн кескин айырмаланган дүйнө сүрөтүн түзбөйт. Улуттук тил дүйнө сүрөтүнө болгону улуттук менталитет, маданият, каада-салт сыяктуу ж.б. коомдук көрүнүштөр менен шартталган өзгөчө түс берет. Этникалык жамааттын дүйнө көрүү, дүйнө таанууга карата мүнөздүү өзгөчөлүктөрү улуттук дүйнө сүрөтүнүн чагылышы катары ошол тилде ой жүгүртүп, ошол тилде сүйлөгөндөрдүн аң-сезиминде сакталган билимдерден көрүнөт.

Негизги маданий концепттерге маданий жактан өзгөчө орду бар, семантикалык жана семиотикалык жактан өзгөчөлүккө ээ болгон, адамдын өздүк таанымы аркылуу иштелип чыккан жана белгилүү бир маданиятта дайыма колдонулган нерсе менен байланышкан концепттерди киргизүүгө болот. Элдин тилдик дүйнө сүрөтүндөгү маданий концепттерди аныктоодо ошол элдин тилинин дүйнө сүрөтү жана ошол тилдин концептосферасы көңүл борборунда болууга тийиш.

Кыргыздардын дүйнө таанымында сууга түбөлүктүүлүктүн символу катары терең маани берүү, өздөштүрүү, баалоо, жашоо образдарында максатка ылайык кеңири пайдалануу, руханий баалуулуктарында суунун катышы менен жаралган мазмундуу маалыматтар тил казынасы аркылуу узак тарыхый мезгилди өз ичине камтып, муундан-муунга өтүп колдонулуп келет. Этникалык маданияттагы жашоонун маанисин, активдүүлүгүн аныктоодо суу өмүрдүн, жакшылыктын, сулуулуктун, жүрүм-турумдун, чындыктын, адам тукумунун түбөлүктүүлүгүнүн символу. Суунун кыймылы, касиети, мааниси кыргыз дүйнө таанымына, маданиятына жараша ар кандай маани-мазмунга ээ. Суу – убакыттын, мезгилдин символу катары тилдик туруктуу каражаттарда кеңири колдонулат. Кыргыз дүйнө таанымында сууда болгон кыймылдар өмүрдүн, тирүүлүктүн, адамдын курактык өзгөчөлүгүн, адамдардын активдүүлүгүн, күчүн, жүрүм-турум эрежелерди мүнөздөгөн негизги белгиси жана тилдик символу. Суунун кыймылынын өзгөчөлүгү адамдык сапаттарды баалоонун символу катары туруктуу

тилдик каражаттарда, фразеологизмдерде, паремиологиялык бирдиктерде, көркөм тексттен алынган материалдарда кеңири туюндурулат.

Тоо – жер үстүндөгү маанилүү объектини түшүндүргөн сөз. Тоо – дүйнө таанымда, ойломдо, дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө байыртадан бери кеңири орун алган терең маани-мазмунга ээ концепт. Ошондуктан тоо жана анын бөлүктөрү тилдик туруктуу бирдиктерде, ошондой эле көркөм тексттерде тилдик символ жана тилдик метафора катары кеңири колдонулат. Эгерде батыш элдеринин менталитетинде адам өзү менен өзү болуп, ал эми жаратылыш адам жашоосунун шарты гана болуп эсептелсе, көчмөн кыргыздарда тоо – кыргыздардын жашоосунун бөлүнгүс жана маанилүү бир бөлүгү. Ошондуктан ага өтө терең маани берилет да, көбүнчө оң коннотациялык маанилерди жаратууда тоо тилдик символ катары колдонулат. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө тоо – адамды баалоочу антропоморфтук белги катары ден соолукту, күчтү, ойду туюндуруунун, оң жана терс мааниге ээ адамдык сапаттарды мазмундаштыруунун, эмгекти, кыйынчылыкты, тоскоолдукту баалоонун, фаунаны, кен байлыкты, сууну, баш кийимди мазмундаштыруунун тилдик символу.

«Жер» концептинде материалдуу дүйнөнүн түрдүү көрүнүштөрү чагылдырылат. Жер – кубанычты, кайгыны, бакытты, сүйүүнү, бийликти, ж.б. мазмундаштырган тилдик метафоралардын, кандайдыр бир нерсеге кыйынчылык менен жетүүнү түшүндүргөн, күтүлбөгөн окуялар менен ассоциацияланган тилдик символ. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө жер концепти каада-салттык ишмердикти, окуяны, нерсени баалоо үчүн сөз айкаштарында, туруктуу тилдик каражаттарда да символ катары колдонулат. Жер – мекенди, туулган жерди, эмгекти баалоонун, кен байлыкты, сууну, өлүмдү мазмундаштыруунун жана орунду, мезгилди туюндуруунун тилдик символу.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө боз үй көчмөн жашоонун дүйнө таанымдык тажрыйбасын аныктаган тилдик символ. Ал – терең ойлонулуп жасалган жана көчмөндөрдүн жашоосунун талабына толук жооп берген турак-жай. Боз үйдүн түзүлүш принциби кыргыз элинин дүйнөгө болгон тилдик сүрөтүн камтыйт. Боз үйдүн конструкциясында байыркы космостук система чагылдырылган. Боз үй – ааламдын кичирейтилген модели. Ал – үй көтөрүүнүн көп кылымдык тажрыйбасынын жыйынтыгы. Боз үйдүн жасалгалары позитивдүү терең ойлорду өзүнө сиңирген фразеологиялык бирдиктерди, паремиологиялык бирдиктерди уюштурууда символ катары активдүү катышат. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө боз үйдүн ички мейкиндиги *менин дүйнөм* маанисин туюндурат да, бийик деңгээлдеги уюшулгандыктын, гармониянын жана тартиптин, иреттүүлүктүн дүйнөсүн мазмундаштырат. Ички мейкиндикте үй-бүлө мүчөлөрүнүн бөлүнүшү, жыныстык жана социалдык

өзгөчөлүктөрдүн эске алынышы, ошондой эле эмеректердин жайгашышы турукташкан салттар менен байланыштуу болгон. Боз үйдүн ички мейкиндигиндеги адамдардын өз ара мамилелерин жана ырым-жырымдардын сакталышын жөнгө салып турган.

Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «тамак-аш» концептинин маани-маңызын интерпретациялоодо «тамак-аш» түшүнүгүн туюндурган номинативдик жана коннотативдик мааниге ээ тилдик каражаттар улуттук, маданий салт-санааны, жөрөлгөлөрдү, ырым-жырымдарды, этика-эстетикалык баалуулуктарды чагылдырган негизги ойлорго бай. Анткени тамак-аш азыктандыруу процессинин милдетин гана аткарган каражат катары түшүндүрүлбөстөн, ал белгилүү бир маданияттын феномени деген баага татыктуу. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «тамак-аш» концепти кыргыздардын дүйнө таанымын жана билимдерин туруктуу тилдик каражаттар, фразеологизмдер, макал-ылакаптар жана көркөм тексттер аркылуу туюндурат. «Тамак-аш» концептин туюндурууга катышкан туруктуу тилдик каражаттардын терең маанисинде улуттук аң-сезимде калыптанган жүрүм-турум эрежелери, руханий баалуулуктар, сый-урмат, адеп-ахлактын ар түрдүү формалары камтылган. «Тамак-аш» концепти тилдик маданий код катары дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүн көрсөтүп, улуттук дүйнө таанымдын, аң-сезимдин өзгөчөлүктөрүн билдирген менталдык тилдик белги болуп эсептелет.

«Кийим» концепти дүйнөнүн тилдик сүрөтүндөгү улуттук концептосферанын катарын толуктап турган, маанилүү, маданий жана когнитивдик-тилдик бирдик. Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндө «кийим» концепти дүйнө кабылдоонун өзгөчө моделин, географиялык, климаттык, тарыхый, диний шарттарга байланыштуу жүрүм-турум мамилелерин чагылдырган тилдик маалыматтардын концептуалдуу мазмунунан турат. «Кийим» концепти улуттук аң-сезимдеги жүрүм-турум эрежелерди, жашоого болгон тажрыйбаны, менталдык өзгөчөлүктү чагылдырган, салт-санаа, үрп-адатты жөнгө салган жана сактап турган тилдик туруктуу каражаттардын, паремиологиялык бирдиктердин топтомунан куралат. «Кийим» концепти түйүндүү концепттердин бири катары менталдык, маданий, тилдик маанилүү константты билдирет. Ал улуттук аң-сезимди аныктаган өтмө, образдуу, терең маанилүү сөздөрдү тегерегине топтойт. *Кийим* сөзү катышкан жалпы билимдерди жана таанымдарды тилдик каражаттар, фразеологизмдер, паремиялык бирдиктер аркылуу концептуалдуу системага келтирет. «Кийим» концептин анализдөөгө карата топтолгон тилдик материалдар коммуникативдик көрсөтмөлөрдү, адамдардын жүрүм-турумуна байланыштуу эрежелерди колдонуунун тилдик куралы катары кызмат аткарат.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. **Абдиев, Н.** Калыгул жөнүндө эл арасында айтылып жүргөн сөздөр жана аңыздар [Текст] / Н. Абдиев // Акылман Калыгул: жыйнак. – Бишкек, 2000. – 146–150-б.

2. **Абдразакова, Г. Ш.** Когнитивдик лингвистика: концепт жана негизги түшүнүктөр [Текст]: окуу куралы / Г. Ш. Абдразакова. – Бишкек: Maxprint, 2015. – 96 б.

3. **Абдразакова, Г. Ш.** Дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн теориялык негиздери [Текст] / Г. Ш. Абдразакова. – Бишкек: Maxprint, 2016. – 136 б.

4. **Абдразакова, Г. Ш.** Концепт жана аны окутуунун айрым маселелери [Текст]: окуу-методикалык куралы / Г. Ш. Абдразакова. – Бишкек: Maxprint, 2018. – 96 б.

5. **Абдразакова, Г. Ш.** Дүйнөнүн кыргыз тилдик сүрөтүндөгү «суу», «тоо», «жер» концепттери [Текст] / Г. Ш. Абдразакова. – Бишкек: Maxprint, 2021. – 244 б.

6. **Абдразакова, Г. Ш.** Выражение денотативного и коннотативного значения в концепте «Гора» [Текст] / Г. Ш. Абдразакова // Вестн. Кырг.-Рос. славян. ун-та. – 2022. – Т. 22, № 2. – С. 58–62.

7. **Абдразакова, Г. Ш.** Языковые символы актуализирующие концепта «Юрта» [Текст] / Г. Ш. Абдразакова // Вестн. Кырг.-Рос. славян. ун-та. – 2022. – Т. 22, № 2. – С. 63–68.

8. **Абдразакова, Г. Ш.** «Тамак-аш» концепти кыргыздардын тилдик аң-сезиминде [Текст] / Г. Ш. Абдразакова // Alatoo Academic Studies. – 2022. – Т. 22, № 1. – 173-183-б.

9. **Абдулатов, А. А.** Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары [Текст] / А. А. Абдулатов. – Ош: [б-сыз], 2006. – 149 б.

10. **Абдыкеримова, А. Э.** Лингвистикалык поэтика [Текст] / А. Э. Абдыкеримова. – Каракол: [б-сыз], 2008. – 198 б.

11. **Абрамзон, С. М.** Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С. М. Абрамзон. – Л.: Наука, 1971. – 402 с.

12. **Абыканова, Г.А.** Концепт «вода/суу» в русском и кыргызском языках [Текст]: дис. …канд. филол. наук: 10.02.20 / Г.А.Абыканова. – Бишкек, 2012. – 185 с.

13. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Текст-таануу, Лингвопоэтика [Текст] / редкол.: Б. Ө. Орузбаева, А. Т. Турсунов, Ж. Сыдыков [ж. б.]. – Бишкек: [б-сыз], 2009. – 928 б.

14. **Айтбаев, А. А.** Менталитет кыргызского народа [Текст] / А. А. Айтбаев, Э. Д. Апсаматова. – Бишкек: [б. и.], 2013. – 121 с.

15. **Айтматов, Ч.** Саманчынын жолу [Текст] / Ч. Айтматов // Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек, 2008. – Т. 2. – 118–225 б.

16. **Айтматов, Ч.** Кылым карытар бир күн [Текст] / Ч. Айтматов // Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек, 2008. – Т. 4. – 5–378 б.

17. **Акаев, А.** Вступительное слово [Текст] / А. Акаев // Горы Кыргызстана. – Бишкек, 2001. – С. 5.

18. **Акматалиев, А. С.** Кыргыздардын улуттук кийимдери [Текст] / А. Акматалиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 56 б.

19. **Акматалиев, А. С.** Кыргыздардын кол өнөрчүлүгү [Текст]: колдонмо / А. С. Акматалиев. – Бишкек: Кыргыстан, 1996. – 328 б.

20. **Акматалиев, А. С.** Кыргыздардын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / А. С. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 2000. – 348 б.

21. **Акматов, Т. К.** Жалпы тил илими [Текст]: окуу куралы / Т. А. Акматов. – Фрунзе: КМУ, 1986. – 44 б.

22. **Алишова, М. К.** Англис жана кыргыз тилдеринде дүйнөнүн тилдик сүрөтүн салыштырып изилдөө (көркөм, стилистикалык тилдик каражаттардын негизинде) [Текст]: филол. илим. док. ... дис.: 10.02.20 / М. К. Алишова. – Бишкек, 2021. – 355 б.

23. **Амиралиев, С. М.** Тилдин менталдык семантикасындагы кинологиялык концепттер [Текст]: филол. илим. канд. ... дис.: 10.02.19 / С. М. Амиралиев. – Бишкек, 2014. – 154 б.

24. **Анжиганова, Л. В.** Традиционное мировоззрение хакасов: опыт реконструкции [Текст] / Л. Ж. Анжиганова. – Абакан: РОСА, 1997. – 128 с.

25. **Антипина, К. И.** Особенности материальной культуры и прикладного искусства [Текст] / К. И. Антипина. – Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1962. – 288 с.

26. **Антипина, К. И.** Кыргыздын элдик кийимдери [Текст] / К. И. Антипина, А. С. Кочкунов. – Анкара: [б-сыз], 2004. – 73 б.

27. **Апресян, Ю. Д.** Дейксис в лексике и грамматике и наивная модель мира [Текст] / Ю. Д. Апресян // Апресян Ю. Д. Избранные труды. – М., 1995. – Т. 2: Интегральное описание языка и системная лексикография. – С. 629–648.

28. **Апресян, Ю. Д.** Избранные труды [Текст] / Ю. Д. Апресян. – М.: Яз. рус. шк., 1995. – Т. 2: Интегральное описание языка и системная лексикография. – 712 с.

29. **Апресян, Ю. Д.** Образ человека по данным языка: попытка системного описания [Текст] / Ю. Д.Апресян // Вопр. языкознания. – 1995. – № 1. – С. 37–67.

30. **Арапова, Г.** Кыргыз-түрк тилдериндеги өң-түс концепттери [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / Г. Арапова. – Бишкек, 2016. – 152 б.

31. **Аристотель.** Поэтика [Текст] / Аристотель; пер., введ. и примеч. Н. И. Новосадского. – Л.: Academia, 1927. – 120 с. – (Классики искусства; Вып. 1).

32. **Арсланбекова, Н.Э.** Концепт «радость» в тексте художественного произведения [Текст]: дис. …канд. филол. наук: 10.02.20 / Н.Э. Арсланбекова. – Жалал-Абад, 2022. – 219 с.

33. **Арутюнова, Н. Д.** Языковая метафора (синтаксис и лексика): Лингвистика и поэтика [Текст] / Н. Д. Арутюнова. – М.: Наука, 1979. – 158 с.

34. **Арутюнова, Н. Д**. Язык и мир человека [Текст] / Н. Д. Арутюнова. – М.: Яз. рус. культуры, 1993. – 896 с.

35. **Асаналиев, Ү.** Сөз сөөлөт [Текст]: (накыл сөздөр) / Ү. Асаналиев. – Бишкек: Бийиктик, 1999. – 410 б.

36. **Асанбаев, А. К.** Түшүнүктүн логика-гносеологиялык жана эвристикалык эволюциясы [Текст]: филос. илим. д-ру … дис. автореф. / А. К. Асанбаев. – Бишкек, 2004. – 38 б.

37. **Аскольдов, С. А.** Концепт и слово [Текст] / С. А. Аскольдов // Русская словесность. От теории словесности к структуре текста: антология. – М., 1997. – С. 267–269.

38. Ата-бабалар таберiги: Кыргыздын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы [Текст] / түз. М. Каримов. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 724 б.

39. **Ахматова, М. А.** Концепт «Гора» в карачаево-Балкарском нарстском эпосе [Текст] / М. А. Ахматова // Современные проблемы науки и образования. – 2015. – № 2, ч. 3. – С. 68.

40. **Бабушкин, А. П.** Типология концептов в сфере лексико-фразеологической семантики языка [Текст] / А. П. Бабушкин // Вестн. Воронеж. гос. ун-та. Сер. 1, Гуманитар. науки. – 1996. – № 2. – С. 3–17.

41. **Бабушкин, А. П.** Типы концептов в лексико-фразеологической семантике языка [Текст] / А. П. Бабушкин. – Воронеж: ВоронежГУ, 1996. – 104 с.

42. **Байбосунов, А.** Донаучные представления киргизов о природе и обществе [Текст] / А. Байбосунов. – Бишкек: Акыл, 2009. – 312 с.

43. **Балпыков, Т.** Ак бата [Текст] / Т. Балпыков // Кырчын. – Бишкек, 2012. – № 5. – 1-б.

44. **Баялиева, Т. Д.** Доисламские верования и их пережитки у киргизов [Текст] / Т. Д. Баялиева. – Фрунзе: Илим, 1972. – 168 с.

45. **Безертинов, Р. Н.** Древнетюркское мировоззрение “Тэнгрианство” [Текст] / Р. Н. Безертинов. – Казань: Школа, 2006. – 164 с.

46. **Беляков, Ю.** Легенда о горе Чеч-Дөбө-Ата [Текст] / Ю. Беляков // Слово Киргизстана (В конце недели). – 2019. – № 26 (75). – 5 июля. – С. 13.

47. **Берестнев, Г. И.** О «новой реальности» языкознания [Текст] / Г. И. Берестнев // Науч. докл. высш. шк. Филол. науки. – 1997. – № 4. – С. 47–55.

48. **Бичурин, Н. Я.** Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст]: в 2-х т. / Н. Я. Бичурин. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1950. – Т. 1. – 379 с.

49. **Болдырев, Н. Н.** Когнитивная семантика [Текст]: курс лекций по англ. филологии / Н. Н. Болдырев. – Тамбов: ТГУ, 2000. – 123 с.

50. Большой лингвистический словарь [Текст] / гл. ред. В. Д. Стариченок. – М.: Феникс, 2008. – 816 с.

51. Большой энциклопедический словарь [Текст]: в 2-х т. / гл. ред. А. М. Прохоров. – М.: Сов. энцикл., 1991. – Т. 1. – 862 с.; Т. 2. – 768 с.

52. Большой энциклопедический словарь [Текст] / гл. ред. А. М. Прохоров. – 2-е изд., перераб. и доп. – М.: Норинт, 1997. – 1434, [16] с.

53. **Бообекова, К.** Жүрүш-турушка байланыштуу кыргызча-түркчө фразеологизмдер [Текст] = İnsan Davranışıyla İlgili Türkçe-Kırgızca Deyimler / К. Бообекова. – Бишкек: [б-сыз], 2013. – 297 б.

54. **Бөрүбаев, Т.** Кыргыз даамы [Текст] / Т. Бөрүбаев. – 3-бас. – Бишкек: Кыргызстан, 1992. – 224 б.

55. **Брудный, А. А.** Проблема языка и мышления – это прежде всего проблема понимания [Текст] / А. А. Брудный // Вопр. философии. – 1977. – № 6. – С. 101–103.

56. **Брутян, Г. А.** Язык и картина мира [Текст] / Г. А. Брутян // Науч. докл. высш. шк. Филос. науки. – 1973. – № 1. – С. 45–69.

57. **Брутян, Г. А.** Очерки по анализу философского знания [Текст] / Г. А. Брутян. – Ереван: Изд-во Ереван. ун-та, 1979. – 305 с.

58. Бул ким? Ал эмне? [Текст]: энцикл. / башкы ред. У. Асанов. – Бишкек, 2004. – 365-б.

59. В мире мудрых мыслей: афоризмы, изречения, литературные цитаты [Текст] / сост. С. Воробьев. – Уфа: Башк. кн. изд-во, 1985. – 245 с.

60. **Вайнштейн, С. И.** Мир кочевников центра Азии [Текст] / С. И. Вайнштейн. – М.: Наука, 1991. – 294 с.

61. **Вайсгербер, Л.** Родной язык и формирование духа [Текст] / Л. Вайсгербер. – М.: МГУ, 1993. – 224 с.

62. **Вежбицкая, А.** Понимание культур через посредство ключевых слов [Текст] / А. Вежбицкая; [пер. с англ. А. Д. Шмелёва]. – М.: Яз. славян. культуры, 2001. – 288 с.

63. **Верещагин, Е. М.** Язык и культура. Лингвострановедение в преподавании русского языка как иностранного [Текст] / Е. М. Верещагин, В. Г. Костомаров. – М.: Рус. яз., 1983. – 269 с.

64. **Витгенштейн, Л.** Философские работы [Текст] / Л. Витгенштейн. – М.: Гнозис, 1994. – Ч. 1. – 612 с.

65. **Вишнякова, О. Д.** Языковой знак в референциальном поле культурной памяти социума [Текст] / О. Д. Вишнякова // Вестн. Моск. ун-та. Сер. 19, Лингвистика и межкультур. коммуникация. – 2015. – № 4. – С. 50–66.

66. **Воркачев, С. Г.** Лингвокультурология, языковая личность, концепт: становление антропоцентрической парадигмы в языкознании [Текст] / С. Г. Воркачев // Филол. науки. – 2001. – № 1. – С. 64–72.

67. **Воркачев, С. Г.** Счастье как лингвокультурный концепт [Текст] / С. Г. Воркачев. – М.: Рус. яз., 2004. – 213 с.

68. **Выготский, Л. С.** Мышление и речь [Текст] / Л. С. Выготский. – М.; Л: [б. и.], 1934. – 35 с.

69. **Галиев, А. А.** Традиционное мировоззрение казахов [Текст] / А. А. Галиев. – Алматы: Фонд Евразии, 1997. – 196 с.

70. **Гарипова, Л. Р.** Концепты татарской языковой картины мира: репрезентации в лексеме “дөнья” [Текст]: дис. ... канд. филол. наук: 10.02.02 / Л. Р. Гарипова. – Казань, 2007. – 191 с.

71. **Гачев, Г. Д.** Национальные образы мира [Текст] / Г. Д. Гачев. – М.: Академия, 1988. – 432 с.

72. **Геляева, А. И.** Человек в языковой картине мира [Текст] / А. И. Геляева. – Нальчик: Кабардино-Балкар. ун-т им. Х. М. Бербекова, 2002. – 177 с.

73. **Гумбольдт, В.** Избранные труды по языкознанию [Текст] / В. Гумбольдт. – М.: Прогресс, 1984. – 397 с.

74. **Гумбольдт, В.** Язык и философия культуры [Текст] / В. Гумбольдт. – М.: Прогресс, 1985. – 451 с.

75. **Гумилев, Л. Н.** Конец и вновь начало [Текст] / Л. Н. Гумилёв; сост. Н. В. Гумилева. – М.: Танаис: Ди-Дик, 1994. – 541 с.

76. **Гуревич, А. Я.** Категория средневековой культуры [Текст] / А. Я. Гуревич. – М.: Искусство, 1984. – 350 с.

77. **Давлетов, С.** Азыркы кыргыз тили: Морфология [Текст] / С. Давлетов, С. Кудайбергенов. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 236 б.

78. **Далабаева, Г. М.** Ценностные концепты и способы их экспликации в языковой картине мира [Текст]: дис. … канд. филол. наук: 10.02.19 / Г. М. Далабаева. – Алматы, 2006. – 148 с.

79. **Дарбанов, Б.Е.** Лингвистическая трактовка народных пословиц в концептах «Добра» и «Зла» [Текст] / Б.Е.Дарбанов // Актуальные научные исследования в современном мире. - Переяслав-Хмельницкий. – 2019. - 8 часть. – Вып. 5(49). – С.100-111.

80. **Дарбанов, М.Е.** Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү «Адам» концепти [Текст]: филол. илим. док. …дис.: 10.02.01 / М.Е. Дарбанов. – Бишкек, 2021. – 303 б.

81. **Демьянков, В. З.** Прототипический подход [Текст] / В. З. Демьянков // Краткий словарь когнитивных терминов. – М., 1996. – С. 140–145.

82. **Дербишева, З. К.** Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры [Текст] / З. К. Дербишева. – Бишкек: [б. и.], 2012. – 176 с.

83. **Дербишева, З. К.** Кыргызский этнос в зеркале языка [Текст] / З. К. Дербишева. – Бишкек: [б. и.], 2012. – 336 с.

84. **Дербишева, З. К.** Основы лингвокогнитивного сравнения языков [Текст] / З. К. Дербишева. – М.: ФЛИНТА, 2020. – 404 с.

85. **Джаманкулова, К. Т.** Байыркы кыргыз тили [Текст] / К. Т. Жаманкулова. – Бишкек: Улуу тоолор, 2016. – 652 б.

86. **Джапанов, А. А.** Кыргыз тилинин тамак-аш лексикасы [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / А. А. Джапанов. – Бишкек, 2004. – 138 б.

87. Древнетюркский словарь [Текст] / [ред.: В. М. Наделяев, Д. М. Насилов, Э. Р. Тениешев, А. М. Щербак]. – Л.: Наука, 1969. – XXXVIII, 676 с.

88. **Дунканаев, А.Т.** Кыргыз эл макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү [Текст] / А.Т.Дунканаев. – Каракол: ЫМУ, 2010. – 202 б.

89. **Дыйканбаева, А.** Кыргыз уламыштары [Текст] / А. Дыйканбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2005. – 348 б.

90. **Ержанова, Ф. М.** Концепты «Вера» и «Знание» в тюркской языковой картине мира (на материале литературных памятников эпохи Тюркского Ренессанса) [Текст]: дис. …канд. филол. наук / Ф. М. Ержанова. – Бишкек, 2011. – 147 с.

91. **Жапаров, А. З.** Проблемы современного скотоводства в горных районах Кыргызстана: хозяйственные, социокультурные, экологические аспекты [Текст]: автореф. дис. … д-ра ист. наук / А. З. Жапаров. – Бишкек, 2021. – 46 с.

92. **Жуковская, Н. Л.** Пища кочевников Центральной Азии [Текст] / Л. Н. Жуковская // Сов. этнография. – 1979. – № 5. – С. 64–75.

93. **Жуковская, Л. Н.** Категория и символика традиционной культуры монголов [Текст] / Л. Н. Жуковская. – М.: Наука, 1988. – 194 с.

94. **Зализняк, А. А.** Ключевые идеи русской языковой картины мира [Текст]: сб. ст. / А. А. Зализняк, И. Б. Левонтина, А. Д. Шмелев. – М.: Яз. славян. культуры, 2005. – 544 с.

95. **Замалетдинов, Р. Р.** Национально-языковая картина татарского мира [Текст]: дис. … д-ра филол. наук / Р. Р. Замалетдинов. – Казань, 2004. – 499 с.

96. **Звегинцев, В. А.** Язык и лингвистическая теория [Текст] / В. Я. Звегинцев. – М.: Изд-во МГУ, 1973. – 248 с.

97. **Звегинцев, В. А.** Язык и лингвистическая теория [Текст] / В. А. Звегинцев. – М.: Эдиториал УРСС, 2001. – 248 с.

98. **Земскова, Н. А.** Концепты «истина», «правда», «ложь» как факторы вербализации действительности: когнитивно-прагматический аспект [Текст]: дис. …канд. филол. наук: 10.02.19 / Н. А. Земскова. – Краснодар, 2006. – 200 с.

99. **Зубков, Л. Г.** Язык как форма: Теория и история языкознания [Текст]: учеб. пособие / Л. Г. Зубкова. – М.: РУДН, 1999. – 237 с.

100. **Зулпукаров, К. З.** О билингвальной когнитивно-дискурсивной модели морфемики и словообразования [Текст] / К. З. Зулпукаров // Рус. яз. и лит. в шк. Кыргызстана. – 2005. – № 1. – С. 76–80.

101. **Зусман, В. Г.** Концепт в культурологическом аспекте [Текст] / В. Г. Зусман // Межкультурная коммуникация: учеб. пособие. – Н. Новгород, 2001. – С. 38–53.

102. **Иванова, Е. В.** Мир в английских и русских пословицах [Текст] / Е. В. Иванов. – СПб.: С.-Петерб. ун-т, 2006. – 280 с.

103. **Ильенков, Э. В.** Соображения по вопросу об отношении мышления и языка (речи) [Текст] / Э. В. Ильенков // Вопр. философии. – 1977. – № 6. – С. 92–96.

104. **Исаев, Д.** Жер-суу аттарынын сыры [Текст] / Д. Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1977. – 152 б.

105. Каада-салттар. Ак баталар [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. – Бишкек: Шам, 2003. – 400 б. – (“Эл адабияты” сер.).

106. **Кагаров, Е. Г.** Монгольские «обо» и их этнографические параллели [Текст] / Е. Г. Кагаров // Сборник Музея антропологии и этнографии. – Л., 1927. – Т. 6. – С. 115–124.

107. **Кадырбекова, П.** Лингвокультурологические и лингвокогнитивные аспекты межкультурной коммуникации [Текст] / П. К. Кадырбекова. – Бишкек: [б. и.], 2012. – 419 с.

108. **Какеев, А. Ч.** О философии гор [Текст] / А. Ч. Какеев // Горы Кыргызстана. – Бишкек, 2001. – С. 8–11.

109. **Камардинова, У. Н.** “Суу” концептинин когнитивдик-тилдик мазмуну [Текст]: филол. илим. канд. …дис.: 10.02.01 / У.Н.Камардинова. – Бишкек, 2015. – 182 б.

110. **Камбаралиева, У. Д.** Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира (на материале русского и кыргызского языков) [Текст] / У. Д. Камбаралиева. – Бишкек: [б. и.], 2013. – 490 с.

111. **Камбаралиева, У. Д.** Когнитивдик тил илими [Текст] / У. Д. Камбаралиева. – Бишкек: [б-сыз], 2019. – 324 б.

112. **Капкан, М. В.** Гастрономическая культура: понятие, функции, факторы формирования [Текст] / М. В. Капкан, Л. С. Лихачева // Изв. Урал. гос. ун-та. Сер. 2, Гуманитар. науки. – 2008. – № 55, вып. 15. – С. 34–43.

113. **Карамолдоев, Ж. Ж.** Суунун атын сурасаң [Текст] / Ж. Ж. Карамолдоев // Заман Кыргызстан. – 1994. – № 38. – 3-б.

114. **Карамолдоев, Ж. Ж.** Суу таржымалы [Текст] / Ж. Ж. Карамолдоев // Заман Кыргызстан. – 1994. – № 41. – 2-б.

115. **Каратаев, О.** Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст] / О. Каратаев, С. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 600 б.

116. **Карасаев, Х. К.** Накыл сөздөр [Текст] / Х. К. Карасаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 367 б.

117. **Карасаев, К.** Өздөштүрүлгөн сөздөр [Текст] / башкы ред. Б. Ө. Орузбаева. – Фрунзе: Кыргыз совет энцикл. башкы ред., 1986. – 424 б.

118. **Карасай уулу, Х.** Кабус наамадан жороп [Текст] / Карасай уулу Х. – Бишкек: [б-сыз], 1992. – 77 б.

119. **Карасаев, Х. К.** Камус Наама [Текст] / Х. К. Карасаев. – Бишкек: Салам, 1996. – 855 б.

120. **Карасаев, Х. К.** Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү [Текст] / Х. К. Карасаев. – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энцикл. борбору, 2009. – 640 б.

121. **Карасик, В. И.** Культурные концепты: проблема ценностей [Текст] / В. И. Карасик // Языковая личность: культурные концепты: сб. науч. тр. – Волгоград, 1996. – С. 3–16.

122. **Карасик, В. И.** Языковой круг: личность, концепты, дискурс [Текст] / В. И. Карасик. – М.: Гнозис, 2004. – 333 с.

123. **Караулов, Ю. Н.** Общая и русская идеография [Текст] / Ю. Н. Караулов. – М.: Наука, 1976. – 355 с.

124. **Караулов, Ю. Н.** Русский язык и языковая личность [Текст] / Ю. Н. Караулов. – М.: Наука, 1987. – 263 с.

125. **Касевич, В. Б.** О когнитивной лингвистике [Текст] / В. Б. Касевич // Общее языкознание и теория грамматики. – СПб., 1998. – С. 14–21.

126. **Кассирер, Э.** Опыт о человеке [Текст] / Э. Кассирер. – М.: Мосфам, 2001. – 408 с.

127. **Керимбаева, Д.** Языковая картина мира казахских народных волшебных сказок [Текст]: дис. … канд. филол. наук: 10.02.02 / Д. Керимбаева. – Алматы, 2008. – 135 с.

128. Киргизско-русский словарь / сост. К. К. Юдахин. – М.: Сов. энцикл., 1965. – 973 с.

129. Макал-лакаптар жыйнагы [Текст] / түз. Ж. Койчуманов. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 580 б.

130. **Колесов, В. В.** Концепт культуры: образ-понятие-символ [Текст] / В. В. Колесов // Вестн. С.-Петерб. ун-та. Сер 2, История, языкознание, литературоведение. – 1992. – Вып. 3. – С. 30–40.

131. **Колесов, В. В.** «Жизнь происходит от слова...» [Текст] / В. В. Колесов. – СПб.: Златоуст, 1999. – 364 с.

132. **Колесов, В. В.** Язык и ментальность [Текст] / В. В. Колесов. – СПб.: Петербург. востоковедение, 2004. – 240 с.

133. **Колшанский, Г. В.** Объективная картина мира в познании и языке [Текст] / Г. В. Колшанский. – М.: Наука, 1990. – 108 с.

134. **Комлев, Н. Г.** Компоненты содержательной структуры слова [Текст] / Н. Г. Комлев. – М.: МГУ, 1969. – 192 с.

135. **Кондаков, Н. И.** Логический словарь – справочник / Н. И. Кондаков. – М: Наука, 1975. – 722 с.

136. **Коңыртаев, А.** Казак эпосу жана түркология [Текст] / А. Коңыртаев. – Алматы: Ғылым, 1987. – 368 б.

137. **Корнилов, О. А.** Языковые картины мира как производные национальных менталитетов [Текст] / О. А. Корнилов. – М.: Че Ро, 2003. – 349 с.

138. **Кочкунов, А.** Этнические традиции кыргызского народа (социокультурные аспекты и некоторые вопросы генезиса) [Текст] / А. Кочкунов. – Бишкек: Зээн, 2013. – 320 с.

139. Көчмөн ашкана [Текст] / түз. Ж. Тилекеева. – Бишкек: Mara, 2011. – 49 б. – (Мал багуучуларга жардам катары салттуу билимдердин сер.).

140. **Көчөрова, Г. О.** «Сынган кылыч» романындагы фразеологизмдердин стилистикалык коннотациясы [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / Г. О. Көчөрова. – Бишкек, 2015. – 166 б.

141. Краткий словарь когнитивных терминов [Текст] / под общ. ред. Е. С. Кубряковой. – М.: МГУ, 1996 – 245 с.

142. **Кронгауз, М. А.** Семантика [Текст] / М. А. Кронгауз. – М.: РГГУ, 2001. – 399 с.

143. **Кубрякова, Е. С.** Роль словообразования в формировании языковой картине мира [Текст] / Е. С. Кубрякова // Роль человеческого фактора в языке: Язык и картина мира. – М., 1988. – С. 141–172.

144. **Кубрякова, Е. С.** Об одном фрагменте концептуального анализа слова память [Текст] / Е. С. Кубрякова // Логический анализ языка: Культурные концепты / под ред. Н. Д. Арутюновой. – М., 1991. – С. 85–91.

145. **Кубрякова, Е. С.** Части речи с когнитивной точки зрения [Текст] / Е. С. Кубрякова. – М.: РАН, Ин-т языкознания, 1997 – 327 с.

146. **Кубрякова, Е. С.** О понятиях места, предмета и пространства [Текст] / Е. С. Кубрякова // Логический анализ языка: Языки пространств / отв. ред. Н. Д. Арутюнова. – М., 2000. – С. 84–92.

147. **Кузнецов, А. М.** Объективные знания об окружающем мире и их отражение в лексике и лексикографии [Текст] / А. М. Кузнецов // Слово в грамматике и словаре. – М., 1984. – С. 159–164.

148. Культура, человек и картина мира [Текст]: сб. ст. / отв. ред. А. И. Арнольдов, В. А. Кругликов. – М.: Наука, 1987. – 350 с.

149. **Куфтин, Б. А.** Киргиз-казахи: культура и быт [Текст] / Б. А. Куфтин. – М.: [б. и.], 1926. – 48 с.

150. Кыргыз макал-лакап, учкул сөздөрү [Текст] / жыйнаган М. Ибрагимов. – Кара-Балта: [б-сыз], 2005. – 500 б.

151. Кыргыз совет энциклопедиясы [Текст]: 6 томдук / башкы ред. А. Табалдиев. – Фрунзе: Кыргыз совет энцикл. башкы ред., 1976. – 1-т. – 512 б.

152. Кыргыз совет энциклопедиясы [Текст]: 6 томдук / башкы ред. Б. Ө. Орузбаева. – Фрунзе: Кыргыз совет энцикл. башкы ред., 1977. – 2-т. – 672 б.

153. Кыргыз совет энциклопедиясы [Текст]: 6 томдук / башкы ред. Б. О. Орузбаева. – Фрунзе, 1978. – 3-т. – 672 б.

154. Кыргызстан [Текст]: улуттук энцикл. / башкы ред. Ү. А. Асанов. – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энцикл. борбору, 2012. – 4-т. – 831 б.

155. Кыргызстандын географиясы [Текст]: энцикл. окуу китеби / жооптуу ред. Ө. Бараталиев. – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энцикл. борбору, 2004. – 718 б.

156. Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү [Текст] / түз.: Ш. Жапаров, Д. Исаев, К. Конкобаев, Ж. Осмонова. – Фрунзе: Илим, 1988. – 238 б.

157. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү [Текст] / түз. Ж. Мукамбаев. – Бишкек: [б-сыз], 2009. – 1379 б.

158. Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы [Текст] / башкы ред. С. Ж. Мусаев. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 256 б.

159. Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү [Текст] / түз.: Ж. Осмонова, К. Конкобаев. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 392 б.

160. Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү [Текст] / түз.: Ш. Жапаров, К. Сейдакматов, Т. Сыдыкова. – Бишкек: Бийиктик, 2015. – 350 б.

161. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / ред.: Э. Абдулдаев, Д. Исаев. –Бишкек, 2010. – 1407 б.

162. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / ред. А. Акматалиев. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 800 б.

163. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / ред.: Э. Абдулдаев, Д. Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 775 б.

164. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]: 2 томдук / ред.: Э. Абдуллаев, Д. Исаев. –Фрунзе: Мектеп, 1984. – 1-т. – 622 б.

165. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]: 2-томдук / редкол.: А. А. Акматалиев, С. Ж. Мусаев. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 2- бөлүк. – 800 б.

166. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / редкол.: А. А. Акматалиев, С. Ж. Мусаев. – Бишкек: Полиграфбумресурсы, 2019. – 1- бөлүк. – 800 б.

167. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / [редкол.: Э. Абдулдаев, Д. Исаев, Б. Орузбаева ж. б.]. – Фрунзе: Илим, 1980. – 323 б.

168. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / түз.: Ж. Осмонова К. Конкобаев, Ш. Жапаров. – Бишкек: КТМУ, 2001. – 519 б.

169. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / түз. Ш. Жапаров, К. Конкобаев, Ж. Осмонова. – Бишкек: Импак Офсет, 2015. – 800 б.

170. Кыргызча-орусча сөздүк [Текст] / түз. К. К. Юдахин. – М.: Сов. энцикл., 1965. – 973 б.

171. Кыргызы [Текст] / ред.: А. А. Асанканов, О. И. Брусина, А. З. Жапаров. – М.: Наука, 2016. – 623 с.

172. **Лакофф, Дж.** Лингвистические гештальты [Текст] / Дж. Лакофф // Новое в зарубежной лингвистике. Лингвистическая семантика. – М., 1981. – Вып. 10. – С. 350–368.

173. **Лакофф, Дж.** Метафоры, которыми мы живем [Текст]: пер. с англ. / Дж. Лакофф, М. Джонсон; под ред. и с предисл. А. Н. Баранова. – М.: Едиториал УРСС, 2004. – 256 с.

174. **Ларина, Т. А.** Концепт «Одежда» в образных лексических единицах английского языка [Текст] / Т. А. Ларина // В мире науки и искусства: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии. – 2016. – № 2 (57). – С. 34–39.

175. **Лекторский, В. А.** Человек как проблема научного исследования [Текст] / В. А. Лекторский // Человек в системе наук. – М., 1989. – С. 31–35.

176. **Леонтьев, А. А.** Смысловые восприятия речевого общения [Текст] / А. А. Леонтьев. – М.: Наука, 1976. – 262 с.

177. **Леонтьев, А. А.** Языковое сознание и образ мира [Текст] / А. А. Леонтьев // Язык и сознание: парадоксальная рациональность. – М., 1993. – С. 16–21.

178. **Лешкевич, Т. Г.** Философия. Вводный курс [Текст] / Т. Г. Лешкевич. – М.: Контур, 1998. – 464 с.

179. Лингвистический энциклопедический словарь [Текст] / гл. ред. В. Н. Ярцева. – М.: Сов. энцикл., 1990. – 685 с.

180. **Лисицкая, Е. П.** Аспекты изучения и роль символов в отражении картины мира в языке [Текст] / Е. П. Лисицкая // Naukowa przestrzeń Europy. – 2014. – Vol. 24. – P. 39–44.

181. **Лихачёв, Д. С.** Концептосфера русского языка [Текст] / Д. С. Лихачёв // Русская словестность: От теории словестности к струк-

туре текста: антология / под ред. В. П. Нерознака. – М., 1997. – С. 280–287.

182. **Лихачёв, Д. С.** Русская словестность [Текст] / Д. С. Лихачёв // Русская словестность: От теории словестности к структуре текста: антология / под ред. В. П. Нерознака. – М., 1997. – С. 287–294.

183. **Лобачева, Н. П.** К истории среднеазиатского костюма: киргизские белдемчи [Текст] / Н. П. Лобачева // Этногр. обозрение. – 1997. – № 6. – С. 70–83.

184. Логический анализ языка: Культурные концепты [Текст] / отв. ред. Н. Д. Арутюнова. – М.: Наука, 1991. – 203 с.

185. Логический словарь [Текст] / под ред. А. А. Ивина. – М.: Мысль, 1994. – 265 с.

186. **Лосев, А. Ф.** История античной эстетики. Итоги тысячелетнего развития [Текст] / А. Ф. Лосев. – М.: Искусство, 1992. – Кн. 1. – 656 с.

187. **Лосев, А. Ф.** Миф – число – сущность [Текст] / А. Ф. Лосев. – М.: Мысль, 1994. – 919 с.

188. **Лотман, Ю. М.** Внутри мыслящих миров: Человек – текст – семиосфера – история [Текст] / Ю. М. Лотман. – М.: Яз. словян. культуры, 1996. – 464 с.

189. **Лукин, В. А.** Концепт истины и слово истина в русском языке: (Опыт концептуального анализа рационального и иррационального в языке) [Текст] / В. А. Лукин // Вопр. языкознания. – 1993. – № 4. – С. 63–68.

190. **Лурия, А. Р.** Язык и сознание [Текст] / А. Р. Лурия. – М.: Вектор, 1979. – 297 с.

191. **Ляпин, С. Х.** Концептология: к становлению подхода [Текст] / С. Х. Ляпин // Концепты: науч. тр. – Архангельск, 1997. – Вып.1. – С. 11–35.

192. **Мадмарова, Г.А.** Межкультурные концепты в тексте художественного произведения [Текст] / Г.А.Мадмарова. – Бишкек: Бийиктик, 2017. – 193 с.

193. **Мамасадыкова, А.** Ой эркиндиги [Текст] / А. Мамасадыкова // Ак калпак баяны. – Бишкек, 2019. – 8-9-б.

194. “Манас” энциклопедиясы [Текст]: мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. – Бишкек: Кыргыз энцикл. Башкы ред., 1995. – 1-т. – 440 б.

195. **Манкеева, Ж. А.** Когнитологические основы этнокультурной лексики казахского языка [Текст] / Ж. А. Манкеева. – Алматы: Наука, 2008. – 350 с.

196. **Маразыков, Т. С.** Текст: маалымат алмашуунун негиздери [Текст]: окуу куралы / Т. С. Маразыков. – Бишкек: [б-сыз], 2014. – 92 б.

197. **Маразыков, Т. С.** Текст таануунун теориясы [Текст]: окуу куралы / Т. С. Маразыков. – Бишкек: [б-сыз], 2014. – 112 б.

198. **Маразыков, Т. С.** Тексттин стилдик түзүлүшү [Текст]: окуу куралы / Т. С. Маразыков. – Бишкек: [б-сыз], 2014. – 156 б.

199. **Маразыков, Т. С.** Тексттин уюшулуш маселелери [Текст]: окуу куралы / Т. С. Маразыков. – Бишкек: [б-сыз], 2014. – 160 б.

200. **Маразыков, Т. С.** Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери [Текст]: моногр. / Т. С. Маразыков. – Бишкек: [б-сыз], 2020. – 290 б.

201. **Маслова, В. А.** Духовный код с позиции лингвокультурологии: Единство сакрального и светского [Текст] / В. А. Маслова // Метафизика, 2016. – № 4 (22). – С. 78–97.

202. **Маслова, В.А.** Лингвокультурология [Текст] / В. А. Маслова. – М.: Академия, 2001. – 204 с.

203. **Маслова, В. А.** Когнитивная лингвистика [Текст] / В. А. Маслова. – М.: Флинта, 2004. – 296 с.

204. **Маслова, В. А.** Когнитивная лингвистика [Текст] / В. А. Маслова. – Мн.: Тетра Системс, 2005. – 256 с.

205. **Мелетинский, Е. М.** Поэтика мифа [Текст] / Е. М. Мелетинский. – М.: Наука, 1976. – 406 с.

206. **Мельников, Г. П.** Язык как система и языковые универсалии [Текст] / Г. П. Мельников // Языковые универсалии и лингвистическая типология. – М., 1969. – С. 34–45.

207. Метафора в языке и тексте [Текст] / отв. ред. В. Н. Телия. – М.: Наука, 1988. – 176 с.

208. **Момунбекова, Н. С.** Түштүк кыргыздардын салттуу кийимдери (тарыхый-этнографиялык изилдөө XIX к. аягы – XX к. башы) [Текст]: ист. илим. канд. ... дис. / Н. С. Момунбекова. – Бишкек, 2011. – 212 б.

209. **Монтескье, Ш.** Избранные произведения [Текст] / Ш. Монтескье. – М.: Госполитиздат, 1955. – 803 с.

210. **Морохоева, З. П.** Личность в культурах Востока и Запада [Текст] / З. П. Морохова. – М.: Наука, 1994. – 206 с.

211. **Мукасов, Ы. М.** Ранние формы религии в контексте возникновения философской мысли кыргызского народа [Текст] / Ы. М. Мукасов. – Бишкек: Maxprint, 2019. – 172 б.

212. **Мукасов, Ы. М.** Мир в практической деятельности древних кыргызов [Текст] / Ы. М. Мукасов. – Бишкек: Maxprint, 2020. – 160 с.

213. **Мусаев, С. Ж.** Жалпы тил илими [Текст]: жогорку окуу жайларынын филол. фак. студенттери үчүн окуу китеби / С. Ж. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз], 1998. – 211 б.

214. **Мусаев, С. Ж.** Кыргыз тил илиминин маселелери [Текст] = Вопросы кыргызского языкознания / С. Ж. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз], 2010. – 756 б.

215. **Мусаев, С. Ж.** Тил илими: илимий таанып билүү жана тил илиминин тарыхы [Текст] / С. Ж. Мусаев, А. Э. Абдыкеримова, С. З. Садыкова. – Бишкек: [б-сыз], 2020. – 432 б.

216. **Мусаев, С. Ж.** Улуттук идеология. Мамлекеттик тил. Руханий кайра жаралуу (айрым ойлор) [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз], 2021. – 124 б.

217. **Мусаев, С. Ж.** Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доор мезгилинде [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз], 2021. – 508 б.

218. **Нарынбаева, Б. Б.** Француз жана кыргыз тилдериндеги дүйнөнүн фразеологиялык сүрөтү [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / Б. Б. Нарынбаева. – Бишкек, 2017. – 42 б.

219. **Нерознак, В. Н.** От концепта к слову: к проблеме филологического концептуализма [Текст] / В. Н. Нерознак // Вопросы филологии и методики преподавания иностранных языков: межвуз. сб. науч. тр. – Омск, 1998. – С. 80–85.

220. **Никитина, С. Е.** Тезаурус по теоретической и прикладной лингвистике [Текст] / С. Е. Никитина. – М.: Наука, 1978. – 376 с.

221. **Никитина, С. Е.** О концептуальном анализе в народной культуре [Текст] / С. Е. Никитина // Логический анализ языка. Культурные концепты. – М., 1991. – С. 117–123.

222. Новейший философский словарь [Текст] / сост. и гл. науч. ред. А. А. Грицанов. – 3-е изд., испр. – М.: Книж. дом, 2003. – 1280 с.

223. **Ногоева, А. Б.** Кыргыз маданиятындагы кийим-кечектин орду [Текст] / А. Б. Ногоева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2020. – № 4. – 279-283-б.

224. **Ормонбекова, А.О.** Тилдик кубулуштарды лингвопоэтикалык аспектиде изилдөө [Текст] / А.О.Ормонбекова. - Бишкек: [б-сыз], 2010. -363 б.

225. **Ормонбекова, А.О.** Көркөм чыгарманын тилин изилдөөнүн айрым маселелери [Текст] / А.О.Ормонбекова // Социальные и гуманитарные науки. -2010. -№6. -52-55-б.

226. Орусча-кыргызча сөздүк [Текст] / түз. К. К. Юдахин. – Бишкек: Шам, 2000. – 990 б.

227. **Орынбеков, М. С.** Генезис религиозности в Казакстане [Текст] / М. С. Орынбеков. – Алматы: ИФПР КН МОН РК, 2013. – 204 с.

228. **Өмүралиева, С.** Текст: семантика, структура [Текст] / С. Өмүралиева. – Бишкек: [б-сыз], 2002. – 233 б.

229. **Павилёнис, Р. И.** Проблема смысла: Современный логико-философский анализ языка [Текст] / Р. И. Павилёнис. – М.: Мысль, 1983. – 286 с.

230. **Павиленис, Р. И.** Язык. Смысл. Понимание [Текст] / Р. И. Павиленис // Язык. Наука. Философия: Логико-методологический и семиотический анализ. – Вильнюс, 1986. – С. 240–263.

231. **Панченко, Н. И.** Средства объективации концепта «обман» (на материале английского и русского языков) [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук: 10.02.20 / Н. И. Панченко. – Волгоград, 1999. – 23 с.

232. **Петров-Стромский, В. Ф.** Эстетика нормы, эстетика идеала, эстетика виртуальности [Текст] / В. Ф. Петров-Стромский // Вопр. философии. – 2005. – № 5. – С. 68–71.

233. **Пименова, М. В.** Душа и дух: особенности концептуализации [Текст] / М. В. Пименова. – Кемерово: КемГУ, 2004. – 385 с.

234. **Пименова, М. В.** Концепт сердце: образ, понятие, символ [Текст] / М. В. Пименова. – Кемерово: КемГУ, 2007. – 500 с.

235. **Пименова, М. В.** Коды культуры и проблемы классификации концептов [Текст] / М. В. Пименова // Язык. Текст. Дискурс: науч. альм. / под ред. Г. Н. Манаенко. – Ставрополь, 2007. – Вып. 5. – С. 79–85.

236. **Пименова, М. В.** Смена стереотипов в русской лингвокультуре [Текст] / М. В. Пименова // Колесов В. В., Пименова М. В. Языковые основы русской ментальности: учеб. пособие; отв. ред. М. В. Пименова. –3-е изд., доп. – СПб., 2011. – С. 109–114. – (Сер. «Концептуальные исследования»; Вып. 14).

237. **Попова, З. Д.** Понятие «концепт» в лингвистических исследованиях [Текст] / З. Д. Попова, И. А. Стернин. – Воронеж: Воронеж ГУ, 1999. – 35 с.

238. **Попова, З. Д.** Из истории когнитивного анализа в языке. Методология когнитивных исследований [Текст] / З. Д. Попова, И. А. Стернин. – Воронеж: [б. и.], 2001. – 148 с.

239. **Постовалова, В. И.** Картина мира в жизнедеятельности человека [Текст] / В. И. Постовалова // Роль человеческого фактора в языке: Язык и картина мира. – М., 1988. – С. 8–69.

240. **Потапов, Л. П.** Культ гор на Алтае [Текст] / Л. П. Потапов // Сов. этнография. – 1946. – № 2. – С. 145–160.

241. **Потебня, А. А.** Мысль и язык [Текст] / А. А. Потебня. – М.: Лабиринт, 1999. – 269 с.

242. **Привалова, И. В.** Отражение национально-культурных ценностей в паремиологическом фонде языка [Текст] / И. В. Привалова // Язык, сознание, коммуникация: сб. ст. / отв. ред. В. В. Красных, А. И. Изотов. –М., 2001. – Вып. 18. – С. 10–16.

243. **Проскуряков, М. Р.** Концептуальная структура текста: лексико-фразеологическая и композиционно-стилистическая экспликация [Текст]: автореф. дис. ... д-ра филол. наук: 10.02.01 / М. Р. Проскуряков. – СПб., 2000. – 38 с.

244. **Пюрвеев, Л.** Культурное наследие кочевников в аспекте проблемы стационарного и мобильного в архитектуре [Текст] / Л. Пюрвеев // Проблемы изучения и охраны памятников культуры Казакстана. – Алма-Ата, 1980. – С. 175.

245. **Радбиль, Т. Б.** Основы изучения языкового менталитета [Текст] / Т. Б. Радбиль. – М.: Флинта: Наука, 2010. – 238 с.

246. **Радлов, В. В.** Опыт словаря тюркских наречий [Текст] / В. В. Радлов. СПб.: Изд. вост. лит., 1963. – Т. 3, ч.1. – 1260 стб.; Т. 3, ч. 2. – 1261-2204 стб.

247. **Радлов, В. В.** Из Сибири: Страницы дневника [Текст] / В. В. Радлов. – М.: Наука, 1989. – 749 с.

248. **Рачков, П. Я.** Мышление и язык [Текст] / П. Я. Рачков. – М.: Изд-во МГУ, 1960. – 39 с.

249. **Реми, Дор.** Ооган Памириндеги кыргыздар [Текст] / Дор Реми // Классикалык изилдөөлөр: Этнография / түз. А. Асанканов, Н. Ыйсаева. – Бишкек, 2019. – 32–110-б.

250. Роль человеческого фактора в языке: Язык и картина мира [Текст] / отв. ред. Б. А. Серебренников. – М.: Наука, 1988. – 216 с.

251. **Рыбаков, Б. А.** Космогония и мифология земледельцев энеолита [Текст] / Б. А. Рыбаков // Сов. археология. – 1965. – № 1. – С. 24–47.

252. **Рысбаева, Г. К.** Түрк тилдериндеги культтук фразеологизмдердин этнолингвистикасы (казак, кыргыз тилдеринин материалдары боюнча) [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис.: 10.02.06 / Г. К. Рысбаева. – Бишкек, 1917. – 336 б.

253. **Рябцева, Р. К.** «Вопрос»: Прототипическое значение концепта [Текст] / Р. К. Рябцева // Логический анализ языка: Культурные концепты. – М., 1991. – С. 73–74.

254. **Сагидола, Г.** Казак жана монгол элдеринина аламдык мейкиндиктин «шеңберлей» тилдеги көрүнүшү [Текст] / Г. Сагидола // Тил тааным. – 2003. – № 2. – 116-121-б.

255. **Сагынбаева, Б.** Вербализация концепта “добро” в кыргызской языковой картине мира [Текст] / Б. Сагынбаева // Вестн. Кырг. - Рос. славян. ун-та. – 2018. – Т. 18, № 1. – С. 87–90.

256. **Садыкулова, А.** Макал-лакаптар [Текст] / А. Садыкулова. – Бишкек: [б-сыз], 2010. – 280 б.

257. **Сариева, К.** Тоо философиясы [Текст] / К. Сариева. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2014. – 296 б.

258. **Сейдакматов, К.** Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү [Текст] / К. Сейдакматов. – Фрунзе: Илим, 1988. – 335 б.

259. **Сейдакматов, К.** Сөздөр кантип жаралган? [Текст] / К. Сейдакматов. – Бишкек: Бийиктик, 2004. – 118 б.

260. Сепир, Э. Избранные труды по языкознанию и культурологии [Текст] / Э. Сепир. – М.: Прогресс, 1993. – 656 с.

261. **Серебренников, Б. А.** Язык отражает действительность или выражает её знаковым способом? [Текст] / Б. А. Серебренников // Роль человеческого фактора в языке: Язык и картина мира. – М., 1988. – С. 70–86.

262. **Слышкин, Г. Г.** От текста к символу: лингвокультурные концепты прецедентных текстов в сознании и дискурсе [Текст] / Г. Г. Слышкин. – М.: Академия, 2000. – 128 с.

263. **Снитко, Т. П.** Предельные понятия в западной и восточной лингвокультурах [Текст]: автореф. дис. … д-ра филол. наук: 10.02.19: 10.02.20 / Т. П. Снитко. – Краснодар, 1999. – 32 с.

264. Советский энциклопедический словарь [Текст] / гл. ред. А. М. Прохоров. – 4-е изд. – М.: Сов. энцикл., 1989. – 1632 с.

265. **Сокур, Е. А.** Особенности лингвокультурного концепта «одежда» в русском языке [Текст] / Е. А. Сокур, И. В. Архипова // Вестн. Адыг. гос. ун-та. Сер. 2, Филология и искусствоведение. – 2019. – Вып. 4 (247). – С. 82–85.

266. **Соссюр, Ф. де.** Курс общей лингвистики [Текст] / Ф. де Соссюр. – Екатеринбург: Изд-во Урал. ун-та, 1999. – 432 с.

267. **Спиркин, А.** Мышление и язык [Текст] / А. Спиркин. – М.: Моск. рабочий, 1958. – 79 с.

268. **Степанов, Ю. С.** В трёхмерном пространтсве языка: Семиотические проблемы лингвистики, философии, искусства [Текст] / Ю. С. Степанов. – М.: Наука, 1985. – 335 с.

269. **Степанов, Ю. С.** Константы: Словарь русской культуры. Опыт исследования [Текст] / Ю. С. Степанов. – М.: Яз. рус. культуры, 1997. – 824 с.

270. **Стернин, И. А.** Методика исследования структуры концепта [Текст] / И. А. Стернин // Методологические проблемы когнитивной лингвистики. – Воронеж, 2001. – С. 58–65.

271. **Султаналиев, И. Ш.** Махмуд Кашгаринин «Дивану лугати-т түркүнүн» тили [Текст] / И. Ш.Султаналиев. – Бишкек: Maxprint, 2015. – 232 б.

272. Суунун да сурагы бар [Текст] / түз. А. Самаков. – Бишкек: [б-сыз], 2017. – 46 б.

273. **Сыдыков, А. Н.** Из истории развития этнолингвистической науки в Кыргызстане [Текст] / А.Н.Сыдыков // Вестник БГУ. – 2019. - №4 (50). – С. 10 – 13.

274. **Сыдыков, А.**Н. Теңир жалгасын (ой толгоо): Публицистика [Текст] / А.Н.Сыдыков. – Б.: [б-сыз], 2022. – 144 б.

275. **Сюцин, Чжао.** Небо и земля в русской языковой картине мира [Текст]: дис. ... канд. филол. наук: 10.02.01 / Сюцин Чжао. – М., 2010. – 198 с.

276. Табышмактар [Текст] / баш сөзүн жазган К. Ибраимов; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. – Бишкек: Шам, 2002. – 320 б. – («Эл адабияты»).

277. **Тагаев, М. Дж.** Корневые морфемы русского и киргизского языка в типолого-когнитивном освещении [Текст] / М. Дж. Тагаев // Юнусалиев окуулары – 2015: эл аралык илим.-практ. конф. материалдары. – Бишкек, 2015. – 445–448-б.

278. **Тарасова, Ф. Х.** Паремии с компонентом «пища» в татарском, русском и английском языках: лингвокультурологический и когнитивно-прагматический аспекты [Текст] / Ф. Х. Тарасов. – Казань: РИЦ, 2012. – 304 с.

279. **Телия, В. Н.** Коннотативный аспект семантики номинативных единиц [Текст] / В. Н. Телия, – М.: Наука, 1986. – 143 с.

280. **Телия, В. Н.** Русская фразеология. Семантический, прагматический и лингвокультурологический аспекты [Текст] / В. Н. Телия. – М.: Яз. рус. культуры, 1996. – 288 с.

281. Тил жана улуттук салт. Кыргыздын улуттук каада-салт сөздөрүнүн кыргызча-орусча тематикалык сөздүгү [Текст] / түз. Б. Ж. Касымалиев. – Бишкек: Турат, 2009. – 226 б.

282. **Тильман, Ю. Д.** Культурные концепты в языковой картине мира: Поэзия Ф. И. Тютчева [Текст]: дис. … канд. филол. наук: 10.02.19 / Ю. Д. Тильман. – М., 1999. – 232 с.

283. **Тихонова, П. В.** Концепт в системе современных лингвистических представлений [Текст] / П. Тихонова // Семантика языковых единиц: докл. IV междунар. конф. – М., 1998. – Т. 1. – С. 68.

284. **Токарев, С. А.** О культе гор и его месте в истории религии [Текст] / С. А. Токарев // Сов. этнография. – 1982. – № 3. – С. 107–113.

285. **Томпсон, Дж.** Первые философы [Текст] / Дж. Томпсон. – М.: Изд-во иностр. лит., 1959. – 372 с.

286. **Топоров, В. Н.** Гора [Текст] / В. Н. Топоров // Мифы народов мира: в 2-х т. – М.: Сов. энцикл., 1980. – Т. 1. – С. 311–315.

287. **Төлөкова, Э. Т.** Кыргыз тилиндеги «бала» концепти (Лингвомаданият таануу илиминин аспектиси боюнча) [Текст]: филол.

илим. канд. ... дис.: 10.02.01: 10.02.19 / Э. Т. Төлөкова. – Бишкек, 2012. – 182 б.

288. Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири. Человек Общество [Текст] / [Э. Л. Львова, И. В. Октябрская, А. М. Сагалаев, М. С. Усманова]. – Новосибирск: Наука, 1989. – 243 с.

289. **Уали, Н.** Казак сөз маданиятынын теориялык негиздери [Текст]: филол. илим. д-ру. ... дис. / Н. Уали. – Алматы, 2007. – 330 б.

290. **Уорф, Б.** Отношение норм поведения и мышления к языку [Текст] / Б. Уорф // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1960. – Вып. 1. – С. 167–174.

291. **Усубалиев, Б. Ш.** Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик [Текст] / Б. Ш. Усубалиев. – Бишкек: [б-сыз], 1994. – 200 б.

292. **Уфимцева, А. А.** Роль лексики в познании человеком действительности и в формировании языковой картины мира [Текст] / А. А. Уфимцева // Роль человеческого фактора в языке: Язык и картина мира. – М., 1988. – С. 108–140.

293. **Фархутдинова, Ф. Ф.** Паремиологический вариант концепта «память» [Текст] / Ф. Ф. Фархутдинова // Лингвистика – какая она есть. Лингвистика – какая она будет. – Иваново, 1998. – С. 93–96.

294. Философский энциклопедический словарь [Текст] / [ред.-сост. Е. Ф. Губский, Г. В. Кораблева, В. А. Лутченко]. – М.: ИНФРА, 1997. - 575 с.

295. **Фрейдсон, О. А.** Семантические особенности концепта «деньги» в русских и французских фразеологизмах [Текст] / О. А. Фрейдсон // Балт. гуманитар. журн. – 2021. – Т. 10, № 3 (36). – С. 349–352.

296. **Фрумкина, Р. М.** Концепт, категория, прототип [Текст] / Р. М. Фрумкина // Лингвистическая и экстралингвистическая семантика: сб. обзоров. – М., 1992. – С. 28–43.

297. **Фрумкина, Р. М.** Концепт: попытка эпистомологического анализа [Текст] / Р. М. Фрумкина // Язык и наука конца XX века: сб. ст. – М., 1995. – С. 87–92.

298. **Хагба, Л. Р.** Базовые лингвокультурные концепты в абхазском и абазинском языках (на материале идиоматики) [Текст]: дис. … д-ра филол. наук: 10.02.02: 10.02.19 / Л. Р. Хагба. – Нальчик, 2006. – 250 с.

299. Хайруллина, Р. Х. Картины мира в русской фразеологии (в сопоставлении с башкирскими параллелями) [Текст]: пособие по спецкурсу / Р. Х. Хайруллина. – М.: Прометей, 1996. – 210 с.

300. **Хидирова, Ч. Х.** Кыргыз тилиндеги атоочтуктардын семантика-грамматикалык кызматы жана деривациялык типтери [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. автореф.: 10.02.01 / Ч. Х. Хидирова. – Бишкек, 2006. – 20 б.

301. **Холодная, М. А.** Интегральные структуры понятийного мышления [Текст] / М. А. Холодная. – Томск: ТГУ, 1983. – 147 с.

302. **Черданцева, Т. З.** Метафора и символ во фразеологических единицах [Текст] / Т. З. Черданцева // Метафора в языке и тексте. – М.: Наука, 1988. – 176 с.

303. **Черемисина, М. И.** Языковая «картина мира» в ее отношении к моделям элементарных простых предложений [Текст] / М. И. Черемисина // Гуманитарные исследования: итоги последних лет: сб. тез. науч. конф., посвящ. 35-летию гуманитар. фак. Новосиб. гос. ун-та. – Новосибирск, 1997. – С. 219–222.

304. **Чернейко, Л. О.** Лингвофилософский анализ абстрактного имени [Текст] / Л. О. Чернейко. – М.: [б. и.], 1997. – 320 с.

305. **Чоротегин, Мырзабек.** Кыргыз боз үйүнүн жаралышы, жасалышы, пайдаланылышы жана алардагы тарыхый-маданий баалуулуктар [Текст] / Мырзабек Чоротегин. – Бишкек: Алтын –Принт, 2013. – 192 б.

306. **Шамшиев, Б.** Загадка знака Манаса [Текст]: записки кинорежиссера / Б. Шамшиев // Общественный рейтинг. – 2004. – 26 авг.

307. VI конгресс этнографов и антропологов России [Текст]: тез. докл. – СПб.: Лема, 2005. – 500 с.

308. **Штернберг, Л. Я.** Первобытная религия в свете этнографии [Текст] / Л. Я. Штернберг. – Л.: Ин-т народов севера ЦИК им. П. Г. Смидовича, 1936. – 571 с.

309. **Щерба, Л. В.** Опыт общей теории лексикографии [Текст] / Л. В. Щерба // Языковая система и речевая деятельность. – Л., 1974. – С. 265–304.

310. **Щербак, А. М.** Огуз-наме – Мухаббат-наме: Памятники древнеуйгурской и староузбекской письменности [Текст] / А. М. Щербак. – М.: Изд. вост. лит., 1959. – 171 с.

311. Экологические аспекты охраны гор [Текст]: [сб. ст.] / отв. ред. А. М. Мамытов. – Фрунзе: Илим, 1985. – 86 с.

312. **Элчиев, Ж.Э.** Сүйлөмгө грамматикалык жана мазмундук талдоо жүргүзүү [Текст] / Ж.Э.Элчиев. – Бишкек: [б-сыз], 2002. – 118 б.

313. **Элчиев, Ж.Э.** Сүйлөмдүк келки маанилердин, типтери жана түрлөрү [Текст] / Ж.Э.Элчиев. – Бишкек: [б-сыз], 2012. – 320 б.

314. **Эргешова, С. Б.** Паремиялардагы антонимдик концепттердин менталдык мазмуну [Текст] / С. Б. Эргешова. – Ош: Эркин-Тоо: ААК, 2012. – 152 б.

315. Эр Төштүк: эпос [Текст] / баш. ред. А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 1996. – 448 б.

316. **Эсенова, Н.М.** Кыргыз лингвомаданиятындагы «Жай» концептинин экспоненттери [Текст]: филол. илим. канд. … дис.: 10.02.01 / Н. А. Жумабекова. – Бишкек, 2022. – 189 б.

317. **Юань, Кэ.** Мифы древнего Китая [Текст] / Юань Кэ. – М.: Наука, 1987. – 496 с.

318. **Юнг, Карл Густав.** Психологические типы [Текст] / Карл Густав; пер. с нем. С. Лорие; под общ. ред. В. Зеленского. – Мн.: Попурри, 1998. – 656 с.

* * *

319. **Акматалиев, Амантур Сейтаалы уулу.** Кыргыздын кол өнөрчүлүгү [Электронный ресурс] / Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу. – Бишкек, 1996. – Режим доступа: https://www.google.com/search?q=3. – Загл. с экрана.

320. Бүгүн Ак калпак күнү: Улуттук баш кийим тууралуу кызыктуу фактылар [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://24.kg › kyrgyzcha. – Загл. с экрана.

321. **Jackendoff, R.** Semantic Structures [Text] / R Jackendoff. – Cambridge; London: The MIT Press, 1993. – 322 p.

322. **Идразова, Э. С.** Репрезентация концепта «Дружба» во французской паремиологии [Электронный ресурс] / Э. С. Идразова // Балт. гуманитар. журн. – 2021. – Т. 10, № 3 (36). – Режим доступа: https://bg-mag.ru. – Загл. с экрана.

323. **Квакин, А. В.** Архетип и ментальность в контексте истории [Электронный ресурс] / А. В. Квакин. – Режим доступа: http://www.kvakin.ru. – Загл. с экрана.

324. **Lyons, J.** Language and Linguistics [Text] / J. Lyons. – Cambridge: Cambridge University Press, 1997. – 356 p.

325. Почему могилу Чингисхана невозможно найти… ЭРИН КРЕЙГ BBC [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://postila.ru/post/54346477?ysclid=l1evfuol3d. – Загл. с экрана.

326. **Розенкова, Х. Е.** Лингвокультурный код: определение, проблема классификации, роль в межкультурной коммуникации [Электронный ресурс] / Х. Е. Розенкова, С. В. Шустова // Евраз. гуманитар. журн. – 2017. –№2. Режим доступа: URL: https://cyberleninka.ru/article/n/lingvokulturnyy-kod opredelenie-problema klassifikatsii-rol-v-mezhkulturnoy-kommunikatsii. – Загл. с экрана.

327. Символ стереотипизированное явление культуры [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.textologia.ru › lingvokulturnyj-analiz. – Загл. с экрана.

328. «Тирүү суу» жана «өлүк суу» [Электронный ресурс] / https://www.super.kg/article/show/47599. – Загл. с экрана.

329. Юрта [Электронный ресурс] // Большая российская энциклопедия. – Режим доступа: https://bigenc.ru/ethnology/text/4933142. – Загл. с экрана.

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ .....3**

**1-БАП. ДҮЙНӨНҮН ТИЛДИК СҮРӨТҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ.....6**

1.1. Дүйнөнүн тилдик сүрөтү .....6
1.2. Концепт – дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн негизги бирдиги .....29
1.3. Концепттерди изилдөөнүн ыкмалары жана багыттары .....40

**2-БАП. ТАБИЯТ КОНЦЕПТТЕРИНИН КОГНИТИВДИК-ТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ .....48**

2.1. «Суу» концепти .....48
2.2. «Тоо» концепти .....91
2.3. «Жер» концепти.....132

**3-БАП. МАДАНИЙ НЕГИЗГИ КОНЦЕПТТЕРДИН КОГНИТИВДИК-ТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.....159**

3.1. «Боз үй» концепти.....159
3.2. «Тамак-аш» концепти .....176
3.3. «Кийим» концепти .....203

**КОРУТУНДУ.....227**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ .....230**

Басууга 01.09.2025-жылы берилди.
Офсет кагазы. Кагаздын ченеми 60x84 1/16
Times New Roman ариби. 16 учеттук басма табак.
Нускасы 300 даана,
Заказ № 21.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун “Университет” басмаканасы.
Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101.